# Куран жана сүннөттөгү

# Илимий кереметтер

жазган: **д. Абдулла ибн Абдулазиз аль-Муслих**
которгон: **ф.и.к. Кошмоков Кубатбек Сатимаматович**

# Бисмиллахир Рахманир Рахиим

**Андан гана жардам сурайм, Ага гана тобокел кылам, Ага гана таянам, көмөк жана ийгилик Андан гана болот.**

Алла Таала:
«**Аяттарыбызды бүт ааламга, өздөрүнө да, жакында көрсөтөбүз. Айтор, ал, чындыгында, акыйкат экендиги аларга билинет**»

(Фуссилат: 53).

# Куран жана сүннөттөгү
# Илимий кереметтер

жазган: **д. Абдулла ибн Абдулазиз аль-Муслих**
которгон: **ф.и.к. Кошмоков Кубатбек Сатимаматович**

Алла Таала:

**«Ал эми илим берилгендер Роббиң тарабынан сага түшкөндү** (Куранды) **акыйкат, аль-Хамиид, аль-Азиииздин хидаяты** *туура* **жолу деп санашат».**

(Сабаа: 6)

# Киришүү

Жалгыз Алла Таалага алкыш-мактоолор болсун. Мухаммад пайгамбарыбызга, жакындарына, сахабаларына салам-дубалар айтылсын... андан соң:

Алланын макулуктарына атаган нематтары эбегейсиз, сан жеткис; аларды жоктон бар кылган дал Өзү, аларга кенен жыргалчылык берген дал Өзү, эң жакшы ырыскыларды тартуулап, асман менен жердин катмарына көз чаптырып, ой калчоо үчүн аларга акыл берген дал Өзү. Алардын жаралыш табияттарына ыйман үрөнүн сепкен (Кулдарымды таза, туура багыттуу кылып жараттым), (Ар бир наристе таза фитратта (ыйманда) жарык дүйнөгө келет), мына ошол Жараткандын бардык тартууларына кошумча аларга элчилерди жиберип, пайгамбарларды жөнөтүп турган, «**Эскертүүчү келбеген бир дагы үммөт болгон эмес**» (Фатир:24). Адам баласы жер бетинде пайда болгон күндөн тартып, Алланын пайгамбарларды жөнөтүү далили менен тыгыз байланышта болуп келген.

Пайгамбарлардын чакырыгы чындык экендигин далилдөө, тастыктоо ирээтинде Алла Таала аларга көзгө көрүнгөн, айдан-ачык кереметтер менен колдоо көрсөткөн. Ошондой эле пайгамбарлардан кийин адамдардын арасында Алла Таалага каршы кандайдыр бир далил, кандайдыр бир шылтоо калбастыгын да көздөгөн. Ибрахим пайгамбарга алоолонгон оттон сактоо керемети, Муса пайгамбарга аса таяк керемети, андайды көргөн фараондун сыйкырчылары бүт ааламдардын Кудайына сажда кылышты, аса таяк менен деңизди экиге бөлүп, Муса жана аны

ээрчигендер аман калып, а фараон чөгүп кетти. Иса пайгамбарга өлүктү тирилтүү, ала пес ж.б. ооруларды сакайтуу кереметтерди тартуулады. Солих пайгамбарга төө кереметин берди. Ошондой эле пайгамбарыбыз Мухаммад (САВ)га көптөгөн кереметтерди атаа кылган: айды экиге бөлгөнү, колундагы таштардын тасбих айтканы, куттуу манжаларынан суу оргуштап аккандыгы, дөңгөчтүн ыйы ж.б.у.с. тастыкталган көрүнүштөр. Бирок мына ошол кереметтер ошол заманда ошого күбө болгон муунга гана кескин далил; ошол элчилик (кереметтер) пайгамбарлардын коомуна, замандаштарына, жакын жүргөн тарапташтарына багытталган, биздин пайгамбарыбыздан мурунку пайгамбарларга далил катары ошол убактылуу кереметтер толук жетиштүү эсептелинген; анткени алардын элчилиги убактылуу, бир чөйрөгө караштуу эле болгон, ал эми Мухаммад (САВ) пайгамбардын элчилиги өз коомуна гана эмес, өзүнөн кийин акыр заманга дейренки ар бир заманга, ар кандай жыныстагы бардык адамзатына таандык болгон. Алла Таала: «**Биз сени ааламдарга ырайым үчүн гана жибердик**» деген (Анбия: 107). Пайгамбар (САВ): «Илгери пайгамбар өз коомуна гана жиберилген, ал эми мен болсо жалпы адамзатына жиберилдим» деген (Бухари риваят кылат). Мына ошондуктан, ар бир заманда, ар бир жер тилкесинде жашап өтө турган адамдардын акылы Мухаммад (САВ) Алланын пайгамбары, Алланын эчиси экендигин аңдап, түшүнүп, билиш үчүн түбөлүктүү керемет тартуулоо зарыл эле.

Алла Таала пайгамбарыбыз (САВ)га атаа кылган кереметтеринин кээ бири материалдык, сезимдер

аркылуу билинет, кошо жашаган змандаштардын байкоосуна туш болуп, алардын өтүшү менен кошо бүтүп, анан этибарга алуу үчүн, тайлашпастык үчүн окуя сымал, чыныгы далил катары сакталып келет, кээ бири акыл, түшүнүк аркылуу билинет, адамзаты акылдарынан айнып, ажырап калган учурда гана андан кол жууп калышпаса, ал керемет түгөнгүс, түбөлүк. Ошондуктан, бул дүйнө аягына чыккыча ар бир муунга, ар бир заманга майтарылгыс далил катары кала берет. Пайгамбар (САВ)дан илгерки пайгамбарлардын кереметтерин талап кылган коомго жооп иретинде Алла Таала мындай деген: «**Оболкулар жиберилгендей ал дагы бизге аят** *кереметтерди* **көрсөтсүн!" дешти.**» (Анбия: 5), «**Алар: «Кана эми ага Роббисинен аяттар** *белгилер* **түшсө!», дешет. Аларга: «Аяттар, чындыгында, – Алланын алдында** *өкүмүндө***! Мен, чындыгында, – болгону, ачык эскертүүчүмүн!», де. Аларга окула турган Биз сага түшүргөн ушул китеп аларга жетиштүү эмес бекен?! Чындыгында, мына ушунда – ыйман келтирген коом үчүн – албетте, ырайым жана зикир бар!**» (Анкабут: 50-51). Тагыраак айтканда, жетиштүү керемет дегени аларга окулган Куран аяттары толук жетиштүү.

Пайгамбар (САВ)дын жаңылануучу кереметтери ага түшкөн вахий (аян), Куран жана сүннөт аркылуу чагылдарылган. Муну пайгамбар (САВ) төмөнкү сөзүндө ачык айтат: «Кай бир пайгамбар болбосун, ага адам ыйман келтире турган нерсе берилген, ал эми мага берилген нерсе вахий (аян) Алла мага аян берген, Кыямат күнү тарапташтары эң көп өзүм болоорума

үмүт кылам» (Бухари жана Муслимдин риваятында). Башкача айтканда, Алла Таала ар бир пайгамбарга материалдык, адамзаты сезимдери менен билип ала турган кереметтерди берген, инсандын айла-амалы жараксыз болуп, ыйман келтирип, карманууга аргасыз калбаган. Ал эми пайгамбар (САВ)дын керемети башка пайгамбарлардын кереметтеринен өзгөчө, ар бир заманга, ар бир муунга ылайык далил катары адамзатынын акылына кайрылуучу вахий (аян). Мына ошол себептен, пайгамбар (САВ) Кыямат күнү жолдоочулары эң көп болом деген үмүт арткан.

Өткөн замандан бери акылга далил катары ар кандай ачылыштарды тартуулаган кереметтердин сырлары ачылганы ачылган. Жогорку хадисти кыска-нуска кепке салган имам Ибн Хажар аль-Аскаланий мындай дейт: «Куран – ырааттуулугунда, стилистикасында, кайып нерселерди кабарлоодо укмуш керемет китеп. Жыл өтпөй кабарлаган нерсеси дал чыгып, жүзөөгө ашып жаткандыгы анын чакырыгы акыйкат экендигин тастыктайт». Үлкөн аалым ас-Суюти өз китебинде Курандын отуз беш багыттагы кереметтерин эскерип өткөн. Эң оболку багыты «Куран илим жана билимди бүтүндөй камтыган, андай таризде бир дагы китеп жок, аны толук түшүнүп алган эч ким жок» дейт. Кайып нерселер тууралуу Куран Каримдин кабарлары тээ ошол доорлордо, тагыраагы Куран түшкөн убактарда адамзатына түшүнүксүз, белгисиз болгон менен, азыркы мезгилдерде кээ бирлери ачылыш катары уламдан-улам ачыкка чыгып жатат. Ошондой илимий ачылыштар бүтүндөй адамзатына акыйкатты жоромолдон ажыратып бере турган далил

жана туура курал катары кызмат өтөөдө. Жыйналган китептердеги көз караштардын негизсиз экендиги, жаратылыштын жана адамдын түзүлүшү боюнча материалдардын божомолдугу, бурмалангандыгы бүгүнкү күндө Куран аяттары менен ачыкка чыгып, Курандын илимий көз караштарга дал келгендиги, туура чыгуусу, анын канчалык акыйкат экендигин айгинелеп турат. Алла Таала: «**Аяттарыбызды бүт ааламга, өздөрүнө да жакында көрсөтөбүз. Айтор, ал, чындыгында, акыйкат экендиги аларга билинет. Роббиңдин, акыйкатта, бардык нерсеге Шахиид экендиги жетиштүү эмеспи?!**» (Фуссилат: 53).

Куран менен сүннөттөгү илимий кереметтер азыркы замандын тилине, тактап айтканда, илим тилине ишенген, өзгөчө мусулман эмес адамдарды канааттандырарлык логикалык жүйөө жана илимий анализдер менен ыйманга салган жападан-жалгыз жаңы ыкма катары саналат.

Чындыгында, Куран менен сүннөттөгү илимий кереметтер үммөттүн адашпас куралы, акылдык кудуретин даңазалоочу жол, азыркы күндө Алла Таалага чакыруучу эң негизги дарбаза, ошону менен бирге үммөттүн өсүшүнө, өз милдетин ааламга жайылтуусуна түрткү, мына ушунун баары бул китептин өзөгү.

Алла ийгили берүүчү жана акыйкат жолго багыттоочу...
Доктор, профессор / Абдулла ибн Абдулазиз аль-Муслих

# Биринчи бөлүм

## Куран менен сүннөттөгү илимий кереметтердин маанилүүлүгү туурасында киришүү

Алла Таала:

**“Эгер инсандар менен жиндер топтолуп, ушул Куранга окшогон нерсе түзөбүз** *жазабыз* **дешсе – бири-бирине жардамдашкан кезде да – ага окшогон нерсени** *эч качан* **түзө** *жаза* **алышмак эмес”, де.**

(Исра: 88)

## Бөлүмдүн маанилүүлүгү жана максаты:

### Бөлүмдүн маанилүүлүгү:

Бул бөлүмдүн маанилүүлүгү Куран менен сүннөттү чагылдырган Жараткандын вахий (аяны) түшкөн ошол илимий чөйрө менен тааныштыруу, Куран Карим менен пайгамбардын сүннөтүндөгү кереметтер маселесине тийиштүү кереметтерди изилдөөчү илимпоз-аалымдарды изилдөө ыкмасы камтылат.

### Бөлүмдүн максаты:

1. Куран менен сүннөттү чагылдырган Кудайдын вахий (аяны) түшкөн ошол илимий чөйрөнү билүү. Кудайдын вахий (аяны) ошол чөйрөгө дал келбей, илимий кереметтер экендигине жасаган ишараты.
2. Илимий кереметтердин аныктамасы, Куран Каримдин кээ бир башка багыттагы кереметтери.
3. Илимий кереметтердин темасы боюнча изилдөөлөрдүн маанилүүлүгү жана пайдасы.
4. Илимий керемет менен илимий тапсирдин айырмачылыктары.
5. Куран Карим менен пайгамбарлык сүннөттөгү илимий кереметтерине сүңгүп кирүүдөгү илимпоз-аалымдардын эң өзөктүү эрежелери.

**Бөлүмдүн мазмуну**

1. **Биринчи бап:** Куран менен сүннөт түшкөн илимий чөйрө.
2. **Экинчи бап:** Куран Каримдеги кереметтердин түрлөрү.
3. **Үчүнчү бап:** Куран менен сүннөттөгү илимий керемет жана анын маанилүүлүгү.
4. **Төртүнчү бап:** Илимий керемет менен илимий тапсирдин айырмачылыгы.
5. **Бешинчи бап:** Куран менен сүннөттөгү илимий кереметтерди изилдөөгө арналган эрежелер.
6. **Алтынчы бап:** илимий кереметтерди баяндаган текстерди тапсирлөө ыкмасы.
7. **Жетинчи бап:** илимий кереметтерди изилдөөнүн пайдалары.

## Биринчи бап: Куран менен сүннөт түшкөн илимий чөйрө

Алла Таала Мухаммад (САВ)ды пайгамбар кылып, адамдардын доорлордогу айырмачылыктарына, маданияттарынын өзгөчөлүктөрүнө, түшүнүктөрдүн көп кырдуулугуна карабай бүтүндөй адамзаттын баарына жиберген. Аны андан мурун жиберилген мурунку пайгамбарларга шайкеш келген ар түрдүү далилдер менен колдогон. Алланын китебиндеги кызыл тилдүүлүк керемети арабдардын тилинен чаң чыккан чечендерин аң-таңга салган. Сүйүнүчтүү кабарлар керемети китеп ээлерине (жөөт менен христиандарга) пайгамбар (САВ)дын чынчылдыгына далалат кылган далилдерди келтирген. Адаттан сырткы көрүнүштөгү кереметтер баш тарткан, тоң моюн капырлардын ээсин оодарган, пайгамбар (САВ)дын далили айдан айкын экендигин аларга тастыктаган. Кайып нерселерди кабарлоо керемети жарык чачып, кылымдар бою ачыкка чыгып, аныкталып, жаркыраганы-жаркыраган.

Куран убада кылган кереметтер боюнча изилденип, биздин заманда жаркырап ачылыш катары аныкталган кээ бир изилдөөлөргө көз

чаптырууга силерди чакырып кетебиз. Келгиле, биз менен бирге!

Биздин доордогу жаратылыш боюнча астрономия, геология, метеорология, биология, анатомия, медицина, океанология жана башка илим багыттарындагы илимий кылдат адистиктин мүчөлөрү ошол Куран акыйкаттарына күбө болуп келүүдө. Мына ушул нерсе ар бир акыл ээсине Куран Алладан түшкөн китеп экендигине далил катары кароого тийиш. Куран аяттарындагы илимий керемет сырлар азыркы заманбап изилдөө борборлордогу эң акыркы үлгүдөгү жабдыктар аркылуу канча деген дыкат изилдөөлөрдүн натыйжасында аныкталып, такталууда. Ушундай керемет ачылыштарды ачыкка чыгарууну Алла Таала убада кылган: «**Аяттарыбызды бүт ааламга, өздөрүнө да жакында көрсөтөбүз. Айтор, ал, чындыгында, акыйкат экендиги аларга билинет. Роббиңдин, акыйкатта, бардык нерсеге Шахиид экендиги жетиштүү эмеспи?!**» (Фуссилат: 53).

Кол алдыбыздагы жана бизден кийин Алла Таала каалаган мезгилге чейин кала турган Курандын кереметтери адамзатына Кудайдын элчилиги катары кала берет. Кудум, ошол элчиликтин чынчылдыгына далил катары жүрө берет. Ал күбө жана күбөлөнгөн, Алла Таала айткандай: «**Роббисинен түшкөнгө күбөсү коштогон айкын далилге таянган, мурунку жол көрсөтүүчү жана ырайым түрүндөгү Мусанын китебин** *Тооратты* **карманган** *капырлар менен бирдейби?* **Мына ошолор – ага** *Куранга* **ишенгендер**» (Худ: 17).

Курандын сөзү да, мааниси да керемет; анткени Алла Тааладан; сөздөрү Кудайдыкы, маанилери жана илимдери Кудайдыкы, алардын ар бири Курандын келген булагына далалат кылып турат; мына ошол нерсе колубуздагы эң күчтүү далил жана эң күчтүү күбө болуп саналат. Алла Таала: «**Кайсы нерсе күбөлүк жаатында эң чоң?” де. “Мени менен силердин ортоңорго Алла – Шахиид! Мага вахий** *аян* **катары бул Куран берилди. Ал аркылуу силерди жана кимге жеткенге эскерттем**» дейт (Анаам: 19). Куран түшкөндөргө жана алардан кийин Кыяматка чейин келе тургандын баарына элчилик жана керемет.

Алла Таала Куран аяттарын Өз илим аркылуу бул Куран Каримдин түзүлүшү Өзүнөн экендигине күбө жана далил катары көрсөткөн. Алла Таала: «**Бирок Алла сага түшүргөн нерсеге Өзү күбө. Аны Өз илими менен түшүрдү, периштелер да күбө. Алланын күбөлүгү** *эле* **– жетиштүү!**» дейт (Ниса: 166). Башкача айтканда, Куранды түшүрдү, анда Өзүнүн илими бар; мына ушул аятта Мухаммад (САВ)дын пайгамбарчылыгын четке каккан капырларга каршы жооп иретинде илимий кереметтин табиятын баяндап, адамзатынын колунда калып, кудайлык вахий (аян) маанисиндеги байланыш утурлай илим-билим жаатындагы жаңы ачылыштар менен кайра-кайра жаңыланып турушунан кабар берет.

Абуль Аббас ибн Теймия: «Акыйкатта, түшкөндүгүнүн күбөлүгү – Алла түшүргөнүнө күбөлүк, аны Өз илими менен түшүрдү» дейт.

Андагы кабарлар, ал кабар – Алланын илиминен, Андан башкадан эмес, Алла Таала: «**Эгер алар силерге жооп бербесе, анда анын – Алланын илими менен түшкөнүн жана Алладан башка кудай жоктугун билип койгула.** *Эми* **мусулман болосуңарбы?" – деп айт**» дейт (Худ: 14).

Жаратылыш боюнча баяндаган Курандын ар бир аяты Алла Тааланын илимин өзүнө камтып турат. Адам баласын ошол илим менен тааныштырып, анын деңгээлин Курандын аяты сөз козгогон майданда илим жана билим куралы аркылуу жогору көтөрүүдө. Жаратылыштын сырткы көрүнүштөрү боюнча сөз кылган аяттарга Куран жыш толгон. Жаратылыш жөнүндө козгогон сөздөрү – анын сырларын, дыккаттыгын билгендин сөздөрү. Анткени, дал Ошол аны жоктон бар кылып жаратты. Мына ошол себептен анын сырларын, акыйкатын ийне-жибине чейин эң мыкты билет. Пайгамбар (САВ)дын заманындагы бүткүл адамзаты ошол сырларды такыр билген эмес, тескерисинче, ал маалда алардын ойлорун уламыш, жөө жомоктор үстөмдүк кылып турган. Андыктан, дүйнөгө аттын кашкасындай таанымал француз врач-гастроэнтеролог Морис Бюкай адамзатына тезис иретинде: «Азыркы күндө колубузга алып окуп жаткан Куран, пайгамбар (САВ) сахабаларына окуп берген Курандын дал өзү экендиги далилденди» деп айткан сөзүнө күбөбүз. Жаратылыш жана анын сырлары тууралуу Курандын баяндамалары өтө көп болгондугун эске алуу менен, бул акыйкат аркылуу азыркы учурдагы ар бир акыл ээси өз

ыктыяры менен анын Алладан экендигин аныктап алса болот.

Эгер Куран Мухаммад (САВ)дын ойлоп тапканы деген ойго жол берип көрө турган болсо, Куран жаратылыштын сырткы көрүнүштөрүн аябай көп сыпаттаган: жер, асман, тоо, деңиз, көл, күн, ай, өсүмдүктөр, жаныбарлар, инсан, шамал, жамгыр ж.б.у.с. Чындыгында, ошол жаратылыштын сырткы көрүнүштөрү боюнча айтылган сөздөрү Мухаммад (САВ)дын илимин, макулукаттар жана алардын сырлары боюнча анын маданиятын бизге чагылдырып бермек. Ошондой эле бизге анын коомдук жана чөйрөсүнүн илими, өз заманынын бул багыттагы илими чагылдырылмак. Анын доорунда жогоруда айтылгандай, уламыш, жөө жомок, ойдон токулган аңгемелер илимге үстөмдүк кылган доор болгон. Куранды биз дал ошондой сыпатта, жаратылыш жана анын көрүнүштөрү жөнүндө акылга сыйбаган, уламышка толгон сөздөрдү тапмакпыз. Ошол доорлордо жазылган башка китептердей эле болуп калмак. Алардын катарына жөөттөр менен христиандардын ыйык китептери (Тоорат жана Инжил) кирет, анткени бүт бурмаланган, андыктан, эгер Куран Мухаммад (САВ) тараптан болгондо дал ошондой болмок.

Ал эми Куран Алла тараптан болгондугу үчүн макулуктар жана алардын сырлары боюнча айтылган сөздөрү өнүккөн азыркы илим-билимден канча кылып алдын бүт баарын айтып койгондугуна күбө болуп олтурабыз. Ар түрдүү жааттагы канча

деген илимий ачылыштарга, канча деген акыйкаттаргы ынанып келатабыз.

Врач Морис Бюкай ушундай акыйкатты тактоо үчүн ондогон жылдар бою араб тилин үйрөнүп, Куранды изилдөөгө киришкен. Куран менен жаңы илимий ачылыштарды салыштырып жатып, Курандын бурмаланган эместигин, ал эми Тоорат менен Инжилдин бурмалангандыгын аныктап чыккан. Кол алдыбыздагы Тоорат менен Инжилдин тексттерин жаңы илимий ачылыштарга салыштырып жатып, карама-каршылыкты, оошпостукту тактаган. Ошондой эле Куран азыркы илим-билимден канчалык алдыда экендигин баса белгилеген. Алла Тааланын убадасы камтылган баяндама: «**Аяттарыбызды бүт ааламга, өздөрүнө да жакында көрсөтөбүз. Айтор, ал, чындыгында, акыйкат экендиги аларга билинет. Роббиңдин, акыйкатта, бардык нерсеге Күбө экендиги жетиштүү эмеспи?!**» (Фуссилат: 53).

Алла убада кылган акыйкат дал ушул, жарык чачкан, көрүнгөн, үйрөнүлгөн, байкала турган жаратылыштын акыйкаттары туурасында айткан Курандын аяттары өзүнө камтыган кенен маанилери дал ушул. Алла Таала: «**Анын кабарын бир аз убакыт өткөндөн кийин, сөзсүз, билесиңер**» (Сод: 87-88)

## Экинчи бап: Куран Каримдеги кереметтердин түрлөрү

Куран Карим – керемет китеп. «**Анын алдынан да, артынан да эч качан жалган келбейт. Түшүүсү – Макталынган, Даанышмандан**» (Фуссилат: 42). Анын стилистикасы, сөздөрдүн структурасы, полисемиялык, синтаксистик түзүлүшү, арабдар өздөрүн тил жаатында эң күчтүү эсептешкен, бирок алардын канчалык алсыз экендиктерин моюнга алдырган. Мусулман аалымдары Куран Каримдин кереметтерине көңүл бөлүп, бул багытта көптөгөн китептерди, илимий макалаларын жазып чыгышкан. Ошондой эле азыркы замандын аалым-илимпоздору дагы аябай баалуу илимий макалаларды, китеп куралдарын байма-бай жазып келүүдө. Курандын, оболку түшкөн доордогу керемети баяндоо болгон менен, Куран керемети андан башка көптөгөн багыттарды өзүнө камтып турган, мына ошолордун кээ бирине, керемет сөзүнүн тилдик жана терминдик мааниси менен таанышып чыккан соң, азыноолак сөз кылабыз.

**Биринчиден: кереметтин аныктамасы:**

**Кереметтин тилдик мааниси:** алсыз, дараметсиз, күч-кубатсыз деген маанилерди туюнттат.

**Кереметтин терминдик мааниси:** адаттан сырткы көрүнүш, тайлашууга чакырык салат, карама-каршылыктан таза.

**Куран керемети:** мындагы максат адамдардын ал сымал нерсени ойлоп таап чыгууга дараметсиз, алсыз экендигин билдирет.

Алланын элчиси (САВ) Куран менен арабдарды тайлашууга үч даража аркылуу чакырык таштаганы анык:

1. Толук Куран менен, «**Эгер инсандар менен жиндер топтолуп, ушул Куранга окшогон нерсе түзөбүз** *жазабыз* **дешсе – бири-бирине жардамдашкан кезде да – ага окшогон нерсени** *эч качан* **түзө** *жаза* **алышмак эмес", де**» (Исра: 88).
2. Курандан он сүрө менен: «**Балким алар: "Муну ойдон чыгарган!" деп айтышаар.** *Аларга:* **"Чындыкты айтып жатсаңар,** *оболу* **буга окшогон он сүрөнү ойлоп тапкыла,** *анан* **Алладан башка алыңардан келгендерди чакыргыла", – деп айт. Эгер алар силерге жооп бербесе, анда анын – Алланын илими менен түшкөнүн жана Алладан башка кудай жоктугун билип койгула.** *Эми* **мусулман болосуңарбы?" – деп айт**» (Худ: 13-14)
3. Курандан бир сүрө менен: «**Балким алар: "Ойдон чыгарылган" деп айтышаар.** *Аларга:*

**“Чындыкты айтып жатсаңар,** *ободу* **буга окшогон бир сүрөнү ойлоп тапкыла,** *анан* **Алладан башка алыңардан келгендерди чакыргыла”, – деп айт.**» (Юнус: 38).

«**Биз кулубузга түшүрүп жаткан нерсеге эгер шектенип жатсаңар, анда ошол сымал кандайдыр бир сүрө алып** *ойлоп-таап* **келгиле да, Алланын ордуна** *сыйынып жаткан* **күбөлөрүңөрдү чакыргыла, эгер чынчыл болсоңор!**» (Бакара: 23).

Бул тайлашуу чакырыгынын чынчылдыгы арабдардын Куран менен тайлашууга алсыз экендигин ачыктады. Канткен менен, ошол доордо араб тили күчкө толуп, жалындаган жаш кези эле, кызыл тил, тил билги акын, чечендердин убагы эле, ага карабай, тайлашуу чакырыгы алардан азыркы күнгө дейре, бул күндөн акыр заманга дейре өз күчүндө кала бермекчи.

### Экинчиден: Куран кереметинин багыттары:

Курандын керемети анын сөздөрүндө, ыкмасында, баяндамасында, түзүлүшүндө, тизмегинде, шариятында, өкүмдөрүндө, чыныгы өрнөктүү инсандык коомчулукту пайда кылууда, ошондой эле анын керемети андан мурун же андан кийин эч бир китеп өзүнө камтып алгыс илим-билим ресурстарында. Алардын кээ бирлери аалым-илимпоздор тарабынан канча кылымдар кийин илимий акыйкат катары ачылып, аныкталып жатат.

Куран илимдери аттуу китептерде кереметтердин бир нече багыттары белгилүү. Алар:

## 1. Тилдик керемет

Акыйкатта, арабдарды каршылык көрсөтүүгө алсыз кылган Куран алардын сүйлөгөн сөздөрүнөн, тамгаларынан, сүйлөм түзүлүштөрүнөн, сүйлө ыкмасынан чыкпайт. А бирок тамгалардын ыраатуулугу, сөздөрдүн жандуулугу, таттуулугу, аяттардын үндөштүгү, атооч менен этиш сүйлөмдөрдөгү стилистикалык образдуу боёктордун жагдайга жараша жуурулушуп баяндалышы, оң жана терс формалары, толук жана кемтик сүйлөмдөрү, белгилүү жана белгисиз формалары, сүйлөмдө эрте жана кеч келген сөз түркүмдөрү, өтмө жана өтпөс, тике жана кыйыр маанилери, кыскалыгы, нускалыгы менен кенен баяндамасы, жалпылык менен жекелик формалары, байламталуу жана байламтасыз ж.б.у.с. өзгөчөлүктөргө ээ. Ошентип, жогоруда айтылгандардан, Курандын алдында бүткүл адамзатынын тилдик кудурети алсыз, дараметсиз экендиги айкындалып, аны араб тилинин чыгаан илимпоздору, канткен менен алар жөнөкөй адамдарга караганда тилди мыкты билген адистер, моюндашты. Куран Курайш тилинде түшкөн, анткени алар арабдардын арасында кызыл тил чеберлери, эң мыкты келишкен баяндамачылары, алар деген Указ, Зуль Мажанна жана Мажаз базарларында болуп туруучу чечендик өнөрпоздордун жарыштарына калыс болуп турушкан. Мына ошолор Курандын улуулугун, сөздүн күчтүүлүгүн сезе билген эң мыктылар болушкан, дал ошолорду Алла Таала тайлашууга чакырып, Куран сымал бир нерсе ойлоп таап келгилечи дегенде, алардын кудурети жеткен эмес.

## 2. Шарияттык керемет

Кылымдарды баяндаган тарых баракчаларында адамзатын адилеттүү коом, жеке адамдын бактылуулу боюнча канча деген көз караштар, канча деген мыйзамдар, канча деген теориялар жазылды. Канча деген философтор, канча деген акылман, даанышмандар адилеттүү коом (шаар) жөнүндө кеп козгошту. Бирок ошолордун бири да Курандагы шарияттык кереметке (мыйзамга) тете эч нерсе сунуштала алышпады.

Ал деген жеке адамды тарбиялоо жатында иш баштайт:

- Ишенимине Кудайдын жападан жалгыздыгын уялат «**Алла жалгыз экендигин айт**» (Ыкылас: 1).
- Ажылык, орозо, зекет, намаз сымал ибадаттарды аткарууга буйруйт.
- Аманаттык, сабырдуулук, жоомартык, берешендик, альтруизм сыяктуу жакшы кулк-мүнөзгө чакырат.
- Жекелик жоопкерчиликти сездирет.
  «**Ар бир жан – кесибине жараша – күрөөгө коюлган** *нерсе*» (Муддассир: 38)
  «**Алла ар бир жанга** *адамга* **анын мүмкүнчүлүгүнө жараша гана милдет жүктөйт**» (Бакара: 286)

Андан соң Куран үй-бүлө куруу маселесине өтөт. Анткени ал коомчулуктун башаты. Үйлөнүүнү шарияттаган, үй-бүлөлүк байланыш махабат, сүйүү, мээримдүүлүк, жароокердик, напси тынчтык тапкан сезимдерге бөлөнүүсүн шарттаган. Ошондой эле

шарият мыйзамдарынын негизинде жашоо кечирилип, эркектин эркектик касиети, аялдын аялдык касиети сакталышын көзөмөлгө алган.

Куран коомчулукка багыт көрсөтүп жетелей турган мамлекеттик өкмөт түзүлүштүн жол-жобосу ачыктаган. Анын сыпаттары:

Кеңешме өкмөт түзүлүш «**Маселеде алар менен кеңеш**» (Аалу Имран: 159).

Адамзатынын кудуретинин чегинде толук адилеттүүлүк орнолгон өкмөт түзүлүш:

«**Эй ыйман келтиргендер! Алланын алдында күбөлүк өтүп жатып,** *алтургай* **өзүңөргө, ата-энеңерге, жакындарыңарга каршы чыксаңар да, адилеттикти** *бекем* **кармангыла!** *Мейли* **бай болсун,** *мейли* **кедей болсун, Алла** *экөөнөн* **– жогору! Адилеттиктен тайыбоо үчүн каалооңорду ээрчибегиле. Эгер тайып же баш тартсаңар, чындыгында, Алла силердин жасап жаткан амалыңардан – Кабардар!**» (Ниса: 135).

Мусулман өкмөт түзүлүшү (мыйзамы) жеке адамдардын өзүнө (өз эркине, өз каалоосуна) ташталган эмес, а Алла Таала тарабынан, Куран жана аруу пайгамбарчылык сүннөттө аныкталган.

«**Кимде-ким Алла түшүргөн өкүмдөрдүн негизинде чечим чыгарбаса, мына ошолор – алар капырлар!**» (Маида: 44).

Куран инсандын жашоосунда эң зарыл болгон беш нерсени сактоого чакырат. Мына ошол беш нерсени (дин, жан, акыл, намыс, мал) сактамайын, коомдук жана жекелик амандыкты орнотуп, адилеттүү

өкүм жүргүүзү системаны тургузу мүмкүн эместигин баяндайт.

Куран ошондой эле эл аралык мамилелерди жөнгө салууга үндөйт, ар кандай кырдаалдарда, мейли согуш учуру болсун, мейли тынчтык учуру болсун, айтор мусулмандар кошуна же келишим бар өлкөлөр менен кандай мамиле кылуусун баяндап берген. Андай жогорку деңгээлдеги мамилени адамзатынын цивилизация өз тарыхында көргөн да эмес, билген да эмес.

Мына ошондой шарият мыйзамдары менен Куран адамзатына эң бир мыкты үммөттү чыгарды, алар жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарды, Аллага ыйман келтирген ошол үммөт жөнүндө: «**Силер – Аллага ыйман келтирген, жакшылыкка чакырган, жамандыктан тыйган, адамдарга чыккан – эң жакшы үммөт болдуңар! Китеп ээлери да ыйман келтиришсе, өздөрүнө эле жакшы болмок. Алардын ыймандуулары дагы бар,** *бирок* **көпчүлүгү – фасыктар** *бузукулар***!**» (Аалу Имран: 110).

**3. Хидаяттык (багыттык) керемет**

Бул дин – адамдардын жаралышында, табиятында, фитрасында камтылган дин. Эгер кай бир коомго уялап, орноп калса, анын түзүлүшү, ажырагыс бөлүгү болуп калат. Кай жерге барбасын, кай жерди мекендебесин, кандай гана сыноолорду башкан кечпесин, андан такыр ажырабайт.

**4. Кайыптык керемет**

Бир нече жылдардан кийин жүзөөгө ашкан Румдардын Персттерден жеңилген соң кайра жеңишке жетээри сыңар Куран Каримдин кабарлары. «**Алиф.**

**Лам. Мийм. Рум жакын жерде жеңилди. Эми** *ошентип* **жеңилгенден кийин жакын арада** *кайра* **жеңип алат. Бир аз жылдар ичинде.** *Мейли* **эрте** *болсун*, *мейли* **кеч** *болсун*, **өкүм – Алланыкы! Ошол күнү ыймандуулар сүйүнүшөт**» (Рум:1-4).

**5. Илимий керемет**

Ал эми илимий кереметтер жогорку жаатагы маалыматарга гана чектелбейт, балким башка жааттарды да камтып, заман жаңыланган сайын жаңыланып турат. Азыркы заманда маалым болгон илимий кереметтер кайып кереметтерге да кирип кетет.

Илимий керемет деген эмне? Анын эң башкы өзгөчөлүгү, маанилүүлүгү эмнеде?

## Үчүнчү бап: Куран менен сүннөттөгү илимий керемет жана анын маанилүүлүгү

Биздин заманда илимий керемет термини дегенде Куран менен сүннөттөгү керемет багытын далалат кылат, ошол маани кенен жайылган. Аны жаратылыш илимдери илимий ачылыш катары ачыкка чыгарып жатат. Илим дегенде «тажрыйбалык (практикалык) опыт кылынган илим» дегенди түшүнөбүз.

**Биринчиден: илимий кереметтин тарыхий көз ирмеми:**

Мухаммад (САВ)дан мурунку пайгамбарлардын баары өз коомуна гана жиберилип, милдеттемелери чектелүү болгон. Аларга Алла Таала көзгө көрүнгөн материалдык далилдер менен колдоо көрсөткөн. аса таяк – Муса пайгамбардын керемети, Алланын уруксаты менен өлүктү тирилтүү – Иса пайгамбардын

керемети, мына ушундай далил ошол элчилин элчилик мөөнөтүнө жараша, элди канааттандыруу вазыйпаны аткарган. Андан кийин мезгил артынан мезгил келип, доордон доор алмашып, мурунку элчиликтин таасири өз күчүн жоготуп, канааттандыруу касиети уламдан-улам азая баштаганда Алла Таала башка бир пайгамбарды жиберип, ага да өз заманынын талабына жараша жаңы керемет атаа кылып турган.

Элчиликти жыйынтыгы кылып Мухаммад (САВ)ды жөнөттү. Анын динин сактоого кепилдик алып, ар кандай далил-кереметтер менен кубаттаган: манжаларынын арасынан аккан суу, дөңгөчтүн ыйы, таштардын тасбихи сымал, булардан сырткары адамдардын арасында Кыямат кайымга чейин кала турган эң чоң далил – Куран Карим. Бул керемет илим-билим жаатындагы адамзатынын ар бир илимий ачылышы менен Кудайдын вахий (аяны) жаңы түс алып, мурда белгисиз болгон нерсе ачылып, аят менен илимдин тыгыз байланышынын маңызын туюндурат. Пайгамбар (САВ) мындай деген: «Кай бир пайгамбар болбосун, ага адам ыйман келтире турган нерсе берилген, ал эми мага берилген нерсе вахий (аян). Алла мага аян берген. Кыямат күнү тарапташтары эң көп пайгамбар өзүм болоорума үмүт кылам», Ибн Хажар хадисти мындайча түшүндүрөт: «Курандын кереметИ Кыяматка дейре созулат. Адаттан сырт көрүнүшкө ээ экендиги, ырааттулугу, ыкмасы, стилистикасы, кайыпты кабарлаганы, айткан кабары мезгил өтпөй айтканындай келгени, анын чакырыгынын акыйкат экендигине далил болот. пайдасы көргөнгө да,

көрбөгөнгө, учурдагыларга да, кийинкилерге да тегиз жетип турат».

Жаратылышка, өзүнө (адам баласына) тиешелүү аяттарды изилдөө маселеси, илгерки жана азыркы мусулмандардын көңүл чордонун экендиги баарыбызга маалым. Ал жаратылыш менен адамдын табиятын ишарат кылган Куран аяттары. Алла Таала: «**Жер бетинде белгилер бар ишенгендерге,** *ал эмес* **силердин өзүңөрдө** *белгилер бар***, эмне көрбөй жатасыңарбы?**» деген (Зaарият: 20-21).

Мисал катары Фахруддин Рази (543-606 к.) «Тафсир Кубро» (Чоң тапсир) же «Мафатихуль гойб» (Кайыптардын ачкычтары) аттуу тапсирдин автору үрөндө дарактын барлыгын канчалык элестетсе, Куранда бүт илимдин барлыгын ошончолук элестеткен. Өз доорунун маданиятына, табият жана жаратылыш илимдеринин ар багытта жетишкен чамасына жараша тапсиринде көптөгөн изилдөөлөрдү сунуштаган. Ошондой эле ушул жаатта Разинин дагы бир «Кереметти түшүнүүдө кыска-нуска кептин аягы» аттуу китеби бар.

Имам Абу Хамид аль-Газали «Курандын берметтери» аталыштагы китебинде Курандын медицина, астрономия, ааламдын түзүлүшү, жаныбардын дене түзүлүшү, дене-мүчөлөрдүн анатомиясы ж.б.у.с. илимдерге ишарат кылгандыгын айтат. Алла Тааланын: «**Эгер ооруп калсам, Ал мени сакайтып коет**» (Шуара: 80) деген сөзүндө оорунун себептерин, шыпаа табуу жолдорун өзүнө камтыган медицина илимине ишарат кылган дейт. Ошондой эле «**Күн менен ай ырааттуулук эсеп менен** *айланат*»

(Рахман: 5) деген сөзү асман жана жер катмарлары боюнча астрономия, космология жана геология илимине жол көрсөтүп жатат дейт.

Ал – Алла аны ырайым кылсын – кылымдан кылымга өтүп жаңы пайда болгон илимдердин баары Куранда бар экендигине толук ишеним менен: «Адам баласы билген илимдин баары, ошондой эле билүү жолунда казып жаткан илимдердин баары – башынан аягына дейре Курандан сырткаркы илимдер эмес, баары бир деңизден сүзүлүп алынган, ал деңиз – Алла Тааланын илим деңизи, мына ошол кыймыл деңизи» дейт.

Ал эми имам Ибн Койим аль-Жаузий «Бактылуулук үйүнүн ачкычы, илим жана каалоонун башчылыгынын жайылышы» эмгегинде илим алуунун жана илим таркатуунун пазилети боюнча изилдөө бөлүмүн жазып чыккан. «Илим Алла Таалага далалат кылган далилдердин бири, эң эле күчтүүсү, эң эле жогоркуусу» деген. Андан соң инсан, жер, түн, күндүз, күн, планета, жылдыз, дарак, жаныбар, курт-кумурска жана башка жаралышка акыл калчоо жөнүндө атайын бөлүм ачкан.

Дамастык имам Мухаммад ибн Ахмад аль-Искандараний он тогузунчу кылымдын аяк ченинде «Курандын нурларынын сырларынын ачылышы...» аттуу эмгек жазып, асман, жер, жаныбар, өсүмдүк, айтор бардык темаларга байланыштуу Куран аяттарын тапсирлеп, чечмелеп берүүгө аракет жасаган.

Илимий кереметтерди изилдегендердин азыркы замандын өкүлү мисирлик аалым, доктор Мухаммад Ахмад аль-Гамравий (1893-1971), анын «Илим доорундагы Ислам» аттуу өтө сонун китеби бар. Аль-

Гамравий бул дүйнөдөн өткөндөн кийин Ахмад Абдусалам Кардани «Курандагы илимий кереметтердин үлгүсү» аталышта китеп даярдаган.

Ошондой эле шейх Мухаммад аль-Газали «Курандагы теориялар» аттуу китебинде Куран Каримдеги илимий кереметтерге өзүнчө бөлүм бөлгөн.

Жогоруда айтылгандардан улам, Куран аяттарына көңүл бөлүү маселеси илимий ачылыштарга ишарат, мурунку жана азыркы мусулман аалымдарынын көңүл чордонундагы өзөктүү маселеси экендигине далил. Азыркы замандын тили менен «илимий кереметтер» термини, Куран термини менен «жаратылыш жана жандыктардын белгилери» аталыш менен таанымал.

**Экинчиден: илимий кереметтин аныктамасы:**

Илимий керемет деген Куран Карим менен пайгамбарчылык сүннөттүн кабары. Ал деген опыт, тажрыйбалык илим аркылуу ачылыш жасардан канча кылым илгери акыйкаты байндалган кабар. Пайгамбар (САВ)дын доорунда андай илимий кереметтерди билүүгө адамдын кудурети жетпегени – анын элчилигине далил, Куран андан эмес, жараткан Алла Таала тарабынан түшкөн кабар экенине – далил. Илимий керемет деген кайып кереметтердинин бири.

## Төртүнчү бап: Илимий керемет менен илимий тапсирдин айырмачылыгы

**Илимий тапсир:**

Аят же хадистин маанисин ачыктоо, тууралыгы жаратылыш илимдеринин теорияларына негизделинет.

**Илимий керемет:**

Бул деген Куран Карим менен пайгамбарлык сүннөттүн алдын ала кандайдыр бир акыйкат боюнча кабары, анан аны кийин тажрыйбалык илим ачыкка чыгарып, аныктап берүүсү. Андай акыйкатты билүү үчүн пайгамбар (САВ)дын заманындагы адамдарда эч кандай кудурет болгон эмес. Куран менен хадис жаратылыштын акыйкатын баяндайт – башталышы жана бүтөр чеги бар – ошого аят менен хадистин мааниси багытталат. Акыйкатын жаратылыштан

адамдар көрө алышат, анын тапсирин билип, жоромолдой алышат. Алла Таала: «**Ар бир кабардын белгиленген учуру бар. Жакын арада билесиңер**» деген (Анаам: 67). Жаратылыштагы башка кереметтер далил аркылуу ачыкка чыгып, аят же хадис маанисин ачык, терең, кенен түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Себеби, пайгамбар (САВ)га сөз нускалуу тартууланган, ал аркылуу кереметтин тереңдиги ого бетер күчөгөн. Кудум, жаратылыштын түзүлүшү көптөгөн далилдер аркылуу илимий акыйкатка айланып кеткен сымал.

Андыктан, илимий тапсир дегенибиз илимий кереметке караганда жалпылык мааниге ээ. Демек, илимий кереметтин ар бири, илимий тапсир катары саналат да, тескерисинче болбойт. Эң негизги айырмачылыктар:

1. Илимий керемет жекелик мааниге ээ, шарият акыйкаты менен жаратылыш акыйкаты ортосундагы шайкештикти байланыштырат. Илимий тапсир теорияларды, жаратылыш мазмунга ишарат кылган тексттерди өзүнө камтыйт.
2. Илимий керемет боюнча тапсир ээлеринде бирдиктүү пикир бар, ал эми илимий тапсир боюнча ар кыл пикирде, жараксыз кылган аалымдар да жок эмес, бар.
3. Илимий тапсир – эгер эрежелери, шарттары сакталбаса – Алланын китебин туура эмес түшүнүп алууга себеп болору айдан ачык; багыттары көп кырдуу болгондуктан, ошондуктан азыркы изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү ошол аталган эрежелерге көңүл

кош мамиле жасагандарынан акыйкаттан алыстап, бурмалануу жолго түшүп баратышат.

4. Илимий керемет түшүнүктүү жана ачык, катачылык жок эсе; көп эсе шарияттык жана жаратылыш акыйкаттарынын ортосундагы байланыштын дал келбестиги себептүү катачылык кетиши мүмкүн.

**Бешинчи бап: Куран менен сүннөттөгү илимий кереметтерди изилдөөгө арналган эрежелер**

Илимий керемет барлыгына чакырык таштоо анын акыйкаттыгын аныктагандан кийин гана кабылданат. Ал нерсе эки жол аркылуу ишке ашат:

**Биринчиси:** ачылыштын акыйкаттыгы ошол жааттын адистери тарабынан аныкталып, такталып, туруктуулукка ээ болушу.

**Экинчиси:** ошол акыйкатка Куран Карим же таза сүннөттүн тексттердин биринде ачык-айкын далилдин болушу. Ал нерсе эч бир оорчулуксуз, далил келтирүүдө эч бир күмөн жаратпас жагдай. Мына ошонун баалуулугу ошол акыйкаттардын өз доорундагы адамдардын мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу. Ошол себептен, илимий кереметтердин куттуу тексттердин негизинде далилдөөдө, аныктоодо беш баскыч бар:

1. Адистер тарабынан ишке ашкан илимий ачылыштын акыйкатына ишарат кылган тексттин ачыктыгынын, далалатынын бекемделиши.
2. Далилдердин жүйөөлүүлүгү аныкталган соң жаратылыштагы ошол акыйкаттын илимий көз караштa бекемделиниши.
3. Ошол акыйкатты Куран түшкөн пайгамбар (САВ)дын учурундагы адамдардын билүүсү мүмкүн эместигинин бекемделиниши.
4. Алла Тааланын китеби менен Мухаммад (САВ)дын сүннөтүндөгү далалат кылган тексттин жаратылышта жасалынган ачылыштын акыйкатына шайкеш келиши.
5. Илимий кереметке далалат кылган таза сүннөт тексттери, сөзсүз түрдө, ишенимдүү, жарактуу болууга тийиш, анткени ойдон токулган, этибарга алынбаган хадистерге таянуу болбойт.

## Алтынчы бап: илимий кереметтерди баяндаган текстерди тапсирлөө ыкмасы

Куран Каримди тапсирлөөдө милдет түрүндө сакталынган эрежелер, жалпысынан, керемет аяттарын тапсирлөө ыкмасында колдонулуп, айтылып өткөн негиздерди көңүл чордонунан чыгарбоо эске алынат. Алар:

**Биринчиден:** текстке байланыштуу: себебин, жекелик менен жалпылык, байламталуу менен байламталсыз, өкүмү өчкөн менен өкүмү өчө элек нерселерди бүт билүү керек.

**Экинчиден:** аныктоо үчүн кенен изилдөө жүргүзүү керек, башка текст аны тапсирлеп койгон болсо; тексттин тапсири вахийден (аяндан) – сүннөт дагы вахийден (аяндан) – андан төмөн даражадагыдан абзел.

**Үчүнчүдөн:** Куран түшкөн, хадис айтылган ошол доордогу тилдик адаттын сакталышы, андан кийин кабылданган маанилерди, колдонулушу жана жайылышы кенен таркалышына карабай, кабылдабоо.

**Төртүнчүдөн:** тексттердин маанисин толук, терең түшүнүү үчүн такталган синтаксистик жана стилистикалык эрежелердин сакталынышы.

**Бешинчиден:** тексттин бүтүмдүгүнүн, жагдайга жараша байланышын, биримдигин ж.б.у.с. көрсөткүчтөрдүн эске алынышы.

**Алтынчыдан:** биз баяндап, тапсирлеп жаткан тексттин мааниси дал ошол биз чакырык салган илимий акыйкатка ачык ишарат бергендигинин такталышы. Ошол илимий ишаратты туура аныктоо.

**Жетинчиден:** маанилик далилде этибарга эң маанилүүсү кабыл алынат, ачыкка караганда кескиндүүсү, божомолго караганда ачыгы, түшүндүрүүгө муктаж болгонуна караганда түшүнүктүүсү, ошондой эле кээ бир түшүнүк башка бир түшүнүктөн маанилүү, андыктан этибарга алынган тактай турган ишсиз тактоо ишине шашылуу дурус эмес.

**Сегизинчиден:** тексттин ыкмасы менен сөздөргө кылдат көңүл бөлүү: мааниси жалпылыкпы? байламтасызбы? бүдөмүкпү? көп маанилүүбү же жокпу? илимий акыйкатка далалат кылган дилили тилдик адатка карама-каршы келбейби, кандайдыр бир башка ыктымалга ээби?

**Тогузунчудан:** текстти божомолдоодо ошого түрткү боло турган нерсе сөзсүз болууга тийиш. Ошентип, тапсир жана усул аалымдары этибарга алган

эрежелердин негизинде иш алып баруу зарыл, алардын сөздөрүнөн:

- Маанилүүлүк жекелик себептерде эмес, а тексттин жалпылыгында.
- Сөздү колдонуу аны колдонбой коюудан артык.
- Далилсиз ой этибарга алынбайт.

**Онунчудан:** илим ээлери аныктаган «тамгалардын мааниси» аталган тамгалардын маанилерине таянуу.

**Он биринчиден:** көп маанилүү сөздөрдү божомолдоодон алыс болуу. Кайып маселелерине сүңгүп кирүү да ушуга кирет, Алланын китебинде, пайгамбар (САВ)дын сүннөтүндө келген айкын тексттерге таянуу жакшы.

**Он экинчиден:** Алла Таала илимин жашырган кайып нерселерге байланыштуу тексттерге сүңгүп кирүүдөн тыюлуу.

**Он үчүнчүдөн:** исраилдик маалыматтардан жана жоромол уламыштардан этият болуу.

**Он төртүнчүдөн:** үммөттүн аалымдарына адеп сактоо, ой пикирлерин наадандыкка чыгаруудан сактануу; инсан башканын аракетине канчалык айып айтпасын, өзүнөн да ошончолук айып табылат. Же сөз учугун жакшы түшүнбөй, же ошол жагдайды жакшы аңдай албай калуу.

**Он бешинчиден:** Алла тараптан Мухаммад (САВ)га берилген вахий (аян) маанинин чынчылдыгы бизден такыр алыстабашы керек. Ошондуктан, жашообузда жаратылышка байланыштуу чындыкка оошпогон окуяларды канчалык укпайлы, канчалык көрбөйлү, аны ушул боюнча айтылган пайгамбар (САВ)дын сөздөрүнөн жогоруу коюуга жол бербөө кажет. Текст

менен сырткы көрүнүштүн ортосундагы карама-каршылыкка кылдат назар салууга милдеттүүбүз, себеби туура тексттин мазмуну акыйкатка каршы келиши мүмкүн эмес, Алланын элчиси (САВ) эч качан өз каалоосу менен сүйлөбөгөн, тескерисинче жаратылышты жараткан Алланын вахийси (аяны) менен гана сүйлөгөн.

## Жетинчи бап: илимий кереметтерди изилдөөнүн пайдалары

Алла Таалага үгүттөө ишинде илимий кереметтердин изилдениши, ачылыштары жана вазыйпалары бир топ пайдаларды берет. Аларды төмөндөгүчө жалпылап айтып өтсөк болот:

1. Мусулмандардын жүрөгүнө тийгизген күчтүү таасири. Ошол күмөнсүз акыйкаттары өз көздөрү менен көргөндө ыймандары ого бетер күчөйт. Анткени ал нерсе сабатсыз (жазууну, окууну билбеген) Абдулланын уулу Мухаммад пайгамбар (САВ)дын оозу менен айтылган. Андыктан, Куран менен сүннөттү бекем кармоого жана аларды ээрчүүгө эң жакшы чакырык катары кабылданат.
2. Мухаммад (САВ)дын элчилигине шек туудурган ар кандай көз караштарга каршы

майтарылгыс илимий жооп катары саналат. Илимди караңгылык каптаган ошол доорлордо ошондой акыйкаттар, өзгөчө ааламдын жаралышы жөнүндө сабатсыз пайгамбардын кабарлары – Куран Карим Алладан экени, Абдулланын уулу Мухаммад (САВ)дын элчилиги чындык экени калыс илимпоздордо эч кандай күмөн туудурбайт.

3. Ислам дини чыныгы илимдин дини экендигине далалат кылган опыт, практикалык жооп катары эсептелинет. Пайгамбар (САВ)дын илимге көңүл бургандыгы, илимге ээ болууга болгон чакырыгы, аалымдардын пазилеттерин баса белгилегендиги ага далил. Жаратылыштын сырлары көптөгөн ишарат берип, илимий далалаттарды көп эске салган. Мына азыркы күндө да, такталган илимий ачылыштар менен пайгамбар (САВ) дал ошол боюнча айткан хадистердин ортосунда кандайдыр бир каршылык тапкандыгын бир дагы адам айта эле. Кайдан айтсын?!
4. Илимий керемет – изилдөө, ачыктоо, аныктоо, тактоо, тажрыйбадан өткөрүү майданында мусулмандардын демине күч бере турган өзгөчө бир курал. Ошону менен бирге, илимий ачылыштарга жол, илим-билимдин өнүгүүсү. Ошол эле учурда илимий кереметтердин далил жаатындагы чөйрөнүн кеңейиши.
5. Илимий керемет Алла Таалага үгүттөө жолдорунун эң аманаткөй жолу катары эсептелинет. Көптөгөн адамдардын – кээ бири

христиан, же буддист, же жөөт болгонуна карабай – Ислам динине кабылдоого өбөлгө түзөт. Алардын кээ бири акыйкат издеп жүрүп, издегенин акыры Исламдан тапкандары бар. Куран менен сүннөттөгү илимий кереметтерге күбө болуп олтуруп, күбөлүк келимесин жарыя кылгандар андан көп.

6. Бейкапар, жашоо маңызын билбей жүргөндөрдүн, ошентип Ислам динине киргендиги, мусулмандарды өз динин чын дилден кадырлоого түрткү берет, ислам дөөлөтүнүн кулашы менен, колониялдык баскынчылардын үстөмдүгү астында үммөттүн балдарын каптаган зулумдуктан кайра, оболку кадыр-барк, ар намыска кайтууга үндөйт.
7. Мына ушунун баары бизге эч өзгөрбөс акыйкаттарды эсибизге салат. Пайгамбарыбыз (САВ)дын: «Үммөтүмдөн, Алланын буйругунун негизинде, кармашууну токтотпогон бир ууч жамаат душмандарына каардуу кол сала берсе, Кыяматка дейре каршы чыккандардын бир дагы зыяны аларга жетпейт» деген сөзүн укканмын деп Амирдин уулу Укба айтат.
8. Куран менен сүннөттөгү илимий кереметтер пайгамбар (САВ)дын чынчылдыгын тастыктай турган кошумча далил катары саналат. Илимий керемет, мейли Курандан болсун, мейли сүннөттөн болсун, өкүмү бирдей каралат.

# Экинчи бөлүм

# Медицина жана эмбриология илимдердеги илимий кереметтер

Алла Таала:

**«Силерди энеңердин курсагында үч катмар караңгылык ичинде баскыч-баскыч менен жаратты»**

(Зумар: 6)

**Бөлүмдүн маанилүүлүгү жана максаты:**

**Бөлүмдүн маанилүүлүгү:**

Бул бөлүмдүн маанилүүлүгү баланын эненин курсагында (жатынында) жаралышынан баштап, чоңоюу, өзгөрү этаптары жана башка кээ бир медициналык маселелер боюнча илимий көз карашатарды чагылдырган Курандын кереметин, анын баяндамалык тактыгын өзүнө камтып турат.

**Бөлүмдүн максаты:**

1. Инсандын жаралыш, чоңоюш этаптары (баскычтары) боюнча Куран Каримдин керемети.
2. Амандык (коопсуз) жай (жаатын).
3. Адам баласынын денесиндеги ооруну сезгич жерлерге ишарат кылган Курандын керемети.
4. Адам баласынын манжаларындагы издердин (отпечатка) ар түрдүүлүгү боюнча кеп кылган Куран Каримдин керемети.
5. Көкүл боюнча сөз козгогон Куран менен сүннөттүн керемети.
6. Вич илдети.
7. Карантин .

**Бөлүмдүн мазмуну**

1. **Биринчи бап:**
   Инсандын жаралыш этаптары (баскычтары) боюнча Курандын керемети.
2. **Экинчи бап:**
   Жатынды амандык (корголгон) жай катары сыпаттаган Куран Каримдин керемети.
3. **Үчүнчү бап:**
   Адамдын денесиндеги сезимтал жерлерге ишарат берген Курандын керемети.
4. **Төртүнчү бап:**
   Манжалардын изи.

5. **Бешинчи бап:**
   Көкүл боюнча сөз козгогон Куран менен сүннөттүн керемети.
6. **Алтынчы бап:**
   ВИЧ илдети.
7. **Жетинчи бап:**
   Карантин.

## Биринчи бап: Инсандын жаралыш этаптары (баскычтары) боюнча Курандын керемети

Алла Таала:

«**Биз инсанды таза чоподон** *топурактан* **жараттык. Анан аны тамчы кылып, корголгон** *бекем* **жайга жайгаштырдык. Анан тамчыдан уюган канга айланттык, уюган кандан тиштелген бир үзүм этке айланттык, тиштелген бир үзүм эттен сөөккө айланттык да, сөөктү эт менен каптап чыктык. Анан аны такыр башка бир макулукка айландырдык. Улуулук Аллага, эң мыкты жаратуучуга!**» (Муминуун: 12-14).

Куран аяты инсандын этап-этап менен (баскыч-баскыч менен) жаралышын айтып жатат.

Муну дагы башка айт төмөндөгүчө кубаттайт: Алла Таала: «**Биз силерди баскыч-баскыч менен жараттык**» дейт (Нух: 14). Алла Таала: **«Силерди энеңердин курсагында үч катмар караңгылык ичинде баскыч-баскыч менен жаратты»** дейт (Зумар: 6).

**Эмбриондун жаралышынын баскычтары:**

**а) уруктук баскыч:**

Уруктук сөзүнүн тилдик мааниси аз гана, мейли бир тамчы болсун, суу дегенди билдирет. Шарият болсо аны эркектик уруктукка (өз алдынча атып чыккан уруктук (суюктук), аздыгына карабай бир топ аралашма суюктуктарды өзүнө камтыган бар тамчы сууга окшоштурган, ал эми аялдык уруктукка (жумурткача) деген аталыш берген.

Хадисте да: «Бала эркектин уруктугу жана аялдын уруктугу аркылуу жаралат» (Муслим риваятында)... Аaалуси: «Чындыгында, уруктук сөзү эркектик уруктук суюктукка айтылгандай эле жалпы уруктукка айтылат, шариятта, эркек менен аялдын кошулма уруктукка (суюктукка) колдонулат. Алла Таала: «**Чындыгында, Биз инсанды аралашма суюктуктан жараттык. Сыноого жөндөмдүү, угуучу жана көрүүчү кылдык**» дейт (Инсан: 2).

Аралашма суюктук дегенге тапсирчилер эркектин уругу менен аялдын уругу бири-бирине кошулуп, аралашып, жуурулушуу деген аныктама беришкен.

Эки аралашма суюктук (зигота) жатын каналында жай которуу, майдача бөлүкчөлөргө бөлүнүү процесстер аркылуу бир нече өсүү баскычтарын басып өтөт. Баштапкы бир тамчы суу (тоголокчо) формасында сакталып, түйүлгөн жуманын аяк ченинде жатындын челине жабышат. Ошол бойдон өз алдынча көптөгөн бөлүкчөлөргө бөлүнгөнүнө карабай, баштапкы бир тамчы суу (тоголок) формасын жоготпойт. Качан гана өзүнүн оптималдуу аракетин жоготуп, жатын челине биротоло жабышып калган мезгилде бул баскычтан жаңы «алака» (асылган, жабышкан) баскычка өтөт.

**б) «Алака» (асылган, жабышкан) баскыч:**

«Алака» сөзү асылды, жабышты, илинди, илешти деген уңгудан чыгат деп тапсирчилер айтышат. Мунун мааниси экинчи жумадагы түйүлдүктүн жатын челине илешип, жабышкан маанисине дал келет.

Ибн Аашуур «Тактоо жана нурдантуу» аттуу тапсиринде: «Алака» (асылган, жабышкан) айтылганы бул Курандын илимий кереметтеринен, себеби дегенде, азыркы учурдун заманбап илим инсандын өтө кылдат жумурткалардан жаралгандыгын аныктады. Кичинекей түйүлдүк баштапкы баскычында кудум көлчөктөгү сүлүккө бир топ жагынан окшоп кетет, түзүлүшү созулган башка бир нерсеге жабышчаак, кан соргуч, суудагы сүлүк сыңар суюктукта жашайт. Түрсүлдөп соккон жүрөккө кан жетпей турган учур, анткени бүтүндөй кан тамырлар кан менен али толук камсыздана элек мезгил болот дейт.

«Алака» (асылган, жабышкан) сөзү көлчөктө жашап, жаныбарларга жабышып, кан соруп, кан менен азыктанган сүлүккө дагы колдонулат.

Инб Касир бул баскычты төмөндөгүчө сыпаттайт: «Башкача айтканда, түйүлдүктү (зиготаны) созулган формадагы асылган кызыл үзүмгө айландырдык» дейт.

Түйүлдүк бул баскычтын аяк ченинде, тапсирчилердин айтымында, созулган бир үзүм сымал болот, кудум сууда жашаган кан соргуч сүлүктүн формасын алат, азыктануу үчүн жатынга бекем жабышып, кан соруу менен алектенет. Бул баскычтын мезгил аралыгы экинчи жуманын башталышынан тартып, үчүнчү жуманын аягына дейре созулат.

**в) тиштем эт баскычы:**

Ибн Касир: «Мудга» деген сөз бир тиштем этти билдирет, чектелген бир калыптуу формага ээ болбойт, тиштөөчү тиштеген форманы кабылдайт, «алака» (асылган, жабышкан) үзүмдөн куралат» дейт.

Аалууси: «Бир тиштем эт, тиштегенге жараша, эч кандай ачыктык (дааналыкка), өзгөчөлүккө ээ эмес» дейт.

Бул нерсе түйүлдүктүн ушул баскычтын баштапкы мезгилине дал келет, анын формасы бир даана будайдан бир даана ноокаттын формасына чоңоюп, бир тиштемге жарактуу болуп калган мезгил. Анан тиштемден дене түзүлүшүн, баш, көкүрөк, ич формаларын байкаса болот. Ошондой эле ички органдары көпчүлүгү, сырткы тиштем формасын сактоо менен бирге, пайда боло баштайт. Кээ бири

жаралган болот да, а кээ бири жарала элек болот, мисалы: жүрөк-сосуд кан тамыр системасы, ашказан системасы аябай кичинекей көрүнүштө пайда болуп калат, ал эми сөөк түзүлүштөрү, булчуң системасы дагы деле пайда боло элек болот (тиштем эт жаралган жана жарала элек). Жалпысынан жарала элек клеткалардын дене жана органдарда дагы деле байкалбай, түзүлбөй кийинки убакытка калгандыгы, органдардагы кээ бир бузула турган клеткаларды жандандыруу кызматын өтөйт. Бул маанини Азхар аалымдарынын бири шейх Махмуд Гарыйб кубаттап мындай дейт: «Жаралган тиштем эт жаралуу жана форма алуу жолунда көз, кулак ж.б.у.с. болуп өзгөрүп кете берет, ал эми жарала элек тиштем эт жаралуу жана форма алуу кудуретине ээ болуп туруп, жаралбайт да, форма да албайт, анткени ал, денеде этияттык кампа сымал калып турат, эгерде дене клеткасы желип кетсе, жарала элек тиштем эт анын ордуна жаңы клетка берет. Ошондой эле сөөктүн кемирчеги, жаракат алган кан тамыр...».

Бул акыйкатты Куран кантип сыпаттайт: «...**анан бир тиштем бүтүн (жаралган) же кемтик (жарала элек) эттен...»** (Хаж: 5). Аалууси: «Мындагы максат: тиштем эттин абалы кенен сүрөттөө, оболу бир үзүм, дене органдарынан эч нерсе байкалбаган мезгил, андан кийин анан акырындан бирден-бирден уламдан-улам пайда боло баштайт. Мына ошол себептен эки сыпаттама берилип жатат «...**анан бир тиштем бүтүн (жаралган) же кемтик (жарала элек) эттен...»** (Хаж: 5). Бул эки сыпаттама сөзсүз бир тиштемге таандык.

Мындай маанини Азхар аалымдарынын бири шейх Махмуд Гарыйб колдоого алып: ««Жаралган тиштем эт жаралуу жана форма алуу жолунда көз, кулак ж.б.у.с. болуп өзгөрүп кете берет, ал эми жарала элек тиштем эт жаралуу жана форма алуу кудуретине ээ болуп туруп, жаралбайт да, форма да албайт, анткени ал, денеде этияттык кампа сымал калып турат, эгерде дене клеткасы желип кетсе, жарала элек тиштем эт анын ордуна жаңы клетка берет. Ошондой эле сөөктүн кемирчеги, жаракат алган кан тамыр...» дейт.

Жаралуу процесси мына ушул баскычта башталат. Жүрөк сого баштайт, түйүлдүк жаңы – тиштем эт – баскычка өтөт. Тапсирчилер бул баскычты дыкат сыпаттап беришкен. Ошол эле сыпаттаманы азыркы эмбриология илими тастыктап, түйүлдүктүн жаралуу процесси төртүнчү жумада, күн менен айтканда, жыйырма экинчи күнү башталат дейт. Аталган баскыч алтынчы жуманын аягында бүтөт. Андан кийин жаңы баскыч, сөөктөрдүн жаралуу баскычы башталат.

**г) сөөктөрдүн баскычы:**

Бул баскычта түйүлдүк өзгөчө бир формага ээ болуп калат. Бир тиштем эт формадан ажырап, жаңы форманы кабылдоого даяр болот. Анткени кемирчек сөөктөрдүн системасынын жаралуу процесси келген болот. Жетинчи жуманын башында кемирчек системасында эң оболку сөөктөнүү процеси жүрөт. Дене калыптанып, баш бөлүнүп, кол-буттар ажырап калат.

Ибн Касир Алла Тааланын: **«бир тиштем эттен сөөктү жараттык»** (Муминуун:14) сөзүн мындайча тапсирлейт: «Аны баш, эки кол, эки бут, сөөк, тарамыш, кан тамыр ээси кылдык». Аалууси: «Тиштем этти сөөккө айлындырып, дененин бекемдик менен калыптандырып, бир көрүнүштү жоюп, башка жаңы көрүнүшкө өткөрүү» дейт.

**д) сөөктөрдү жабдуулантуу баскычы:**

Түйүлдүктүн жаралуу баскычынын эң акыркысы сөөктөрдү эт менен жабдууланат. Ушул баскычта түйүлдүктүн формасы өтө бир өзгөчө формага айланат.

Ибн Касир Алла Тааланын: **«сөөккө эт кийгиздик»** (Муминуун:14) сөзүн төмөндөгүчө чечмелейт: «Эт аркылуу сөөк жабылат, бекемделет, күчтөнөт». Шаукани: «Алла Таала ар бир сөөктү, өзүнө дал келген, ошол өлчөмдөгү этти өстүрүп чыгат» дейт. Бул сөздү башка аалымдар дагы айтышкан.

Бул нерсе түйүлдүк эң баштапкы мезгилинен жети жума өткөн соң, оболу, сөөк жаралып, анан сегизинчи жумада ал эт, булчуң менен жабдылганын аныктап чыккан азыркы эмбриология илиминин изилдөөсүнө шайкеш келип турат. Түйүлдүктүн өмүрүнүн төртүнчү жумасынан тартып, сегизинчи жумасынын аягына чейин созулган аралык эмбриология адистигинин окумуштуулары тарабынан «Эмбриогенез баскыч» деген аталыш

алып, дененин эң негизги органдарынын баары жаралган баскыч болуп саналат.

**ж) башка жаралыш баскычы:**

Сегизинчи жумадан кийин түйүлдүк башка жаңы баскычка өтөт эмбриология илиминин адистери «Органогенез баскыч» деп коюшат. Ал эми Куран Карим болсо, бул баскычты «Башка жаңы жаралыш» деп атайт. **«андан соң жаңы (башка) жаралышта жаратабыз»** (Муминуун: 14). Мына ошондуктан, сөөктү эт менен жабдыктоо баскычты эмбриогенез баскычы менен органогенез баскычын бөлүп турган баскыч дешет.

Бул баскыч тогузунчу жумадан башталып, төрөлгөн мезгилге дейре созулат.

Ушул аралык бир нече маанилүү өзгөчөлүктөргө ээ:

1. Түйүлдүктүн системасы, органдары өз вазыйпасын аткаруу деңгээлге чейин өнүп, өсүп турат.
2. Бардык тапсирчилердин пикири боюнча жан (рух) үйлөө (киргизүү) процесси жүрөт.
3. Ибн Касир: «Андан соң ага жан (рух) киргиздик, ал кыймылга келип, башка жаралышка ээ болуп, угуп, көрүп, түшүнүп, кыймылдап, толкулданып калды» дейт.
4. Ушул аралыкта дене өлчөмү кыйла өзгөрөт, денеге салыштырмалуу баш кичинерет, буттары узарат, дене-мүчө төрөлө турган кебетесине, өлчөмүнө акырындык менен келе баштайт.

5. Түйүлдүк дене түзүлүшү, келбети боюнча бир калыпка келген соң жеке өзүнө таандык бир турпатка, бир кебетеге ээ болуп калат.
6. Мына ушул өзгөчөлүктөр Куран аяттары ишарат кылган өзгөчөлүктөрдүн дал өзү. Алла Таала: «**Ал** *деген* **сени жаратты** *(жоктон бар кылды)***, анан сени түздөдү** *(сага түз келбет дене-мүчө берди)***, анан сени тегиздеди** *(кооз турпат берди)***. Ал сени кандай гана көркөм сүрөттө** *(көрүнүштө)* **жаратты!**» деген (Инфитор: 7-8). **Түздөдү** сөзү бир нерсени даярдоо, тамакты бышырган сыяктуу, аягына чыгаруу, дене-мүчөлөрдү жаратуу процессин аягына жеткирүү. **Тегиздеди** сөзүнүн тилдик мааниси: тургузуу, **сүрөт** *(көрүнүш)* сөзүнүн мааниси: түзүлүш, форма, мына ушул сыпаттамада колдонулган сөздөрдүн баары, алдыңкы бир тиштем эттен тартып, ийилген формадан сырткы органдарынын түздөлүп, тегизделип, өзгөрүлүп, турпат алган абалы эмбриолгия илиминде аныкталган үч баскычтагы сыпаттамалар менен дап-дал келет.

«**Ал** *деген* **сени жаратты** *(жоктон бар кылды)***, анан сени түздөдү** *(сага түз келбет дене-мүчө берди)* деген аятта **жаратты** деген этиш түйүлдүктүн зигота абалынан, эң оболку жумадан башталып, анан асылган, жабышкан, сүлгү сымал абал эки жумалык аралыктын жаралуу процессин билдирсе, **түздөдү** деген этиш түйүлдүктүн тиштем эт формасына ээ болуп, анан төртүнчү жумадан тартып, жүрөк кыймылга келип, анан сегизинчи жуманын аягында эң негизги

органдары өсүп чыгып, түйүлдүк адам кебетесине келгени **тегиздеди** *(кооз турпат берди)* сөзүнө шайкеш келет. Түйүлдүктүн жаа сымал, ийилген формадан түздөлүп, тегизделип, дененин турпат алгандыгын билгизет. **Башка жаңы жаратылышта жараттык** деген баскыч баланын дене-мүчөсү, органдары өз өлчөмүн алып, сырткы жакшы турпатка келгенин туюнттат.

Жаралуу баскычтары менен Жараткандын сөздөрүнүн дыкат дал келгендигин сен байкадың. Чындыкты айткан Алла Таала: «**Жараткан аны эмне билбейби?! Ал деген Боорукер, Даанышман**» (Мүлк:14). Мына ушул нерсе Куран Улуу Жараткан Алланын сөзү экенине ачык далил эмеспи?!

**Илимий керемет тарабы:**

Курандагы: «**Биз инсанды таза чоподон** *топурактан* **жараттык. Анан аны тамчы кылып, корголгон** *бекем* **жайга жайгаштырдык. Анан тамчыдан уюган канга айланттык, уюган кандан тиштелген бир үзүм этке айланттык, тиштелген бир үзүм эттен сөөккө айланттык да, сөөктү эт менен каптап чыктык. Анан аны такыр башка бир макулукка айландырдык. Улуулук Аллага, эң мыкты жаратуучуга!**» (Муминуун: 12-14) деген аят төмөндөгү пайдаларды берет: адам баласы баскычтар аралыкта жаралат, беш баштапкы баскыч: аралашма урук (зигота) абалынан сөөк эт менен капталынган маалга чейинки аралык, жаралыштын

эң оболку баскыч катары каралып, медицина булактарында «Эмбрионалдык баскыч» деп аталат.

Куран Карим жана Мухаммад (САВ) кабарлаган маалыматтар менен эмбриология жатындагы азыркы заманбап илимий борборлордун изилдөөлөрү дал келип турабы? Бул туурасында пайгамбар (САВ)дын заманында, андан кийинки он кылымдык жылдарда ким сөз козгой алды? Мындай изилдөөлөр илим-билим, технология өнүгүп, дыкат изилдеген жабдыктар ойлонуп табылгандан кийин гана аныкталбадыбы?!

Акыйкатты сүйлөгөн Алла Таала: «**Аяттарыбызды бүт ааламга, өздөрүнө да жакында көрсөтөбүз. Айтор, ал, чындыгында, акыйкат экендиги аларга билинет. Роббиңдин, акыйкатта, бардык нерсеге Күбө экендиги жетиштүү эмеспи?! Чындыгында, алар Роббисине жолугаарынан күмөн санашууда эмеспи?! Чындыгында, Ал бардык нерсени камтып турат эмеспи?!**» (Фуссилат: 53-54).

## Экинчи бап: амандык (корголгон) жай

Алла Таала: «**Биз инсанды таза чоподон** *топурактан* **жараттык. Анан аны тамчы кылып, корголгон** *бекем* **жайга жайгаштырдык**» дейт (Муминуун: 12-13). Алла Таала: «**Биз силерди жагымсыз суудан жаратпадыкпы? Аны коопсуз орунга** *жатынга* **жайгаштырдык**» дейт (Мурсалат: 20-21).

**Тексттин далалаты:**

Алла Тааланын «**Анан аны тамчы кылып, корголгон** *бекем* **жайга жайгаштырдык**» жана «**Аны коопсуз орунга** *жатынга* **жайгаштырдык**» деген сөздөрүндө бойго бүтүп, түйүлдүктүн жатындан орун алганы айтылган, «**жай**», «**орун**» сөзү отурукташуу, жайгашуу деген уңгудан келип чыгып, тагыраак мааниси, түйүлдүктүн бардык баскычтардагы талаптары бүт камсыздалган дегенди билдирет. Ал эми «**корголгон** *бекем*», «**коопсуз**» сыпаттамалардын этимологиясы бекемдик уңгудан чыгат, тагыраак мааниси, түйүлдүктүн толук калыптанышы үчүн аны сырткы кооптуу нерселерден корголоп, калкалап турган мээримдүү кол сыяктуу бардык тараптан курчап, сактап турган атайын даярдалган бекем чеп дегенди туюнттат. Мына ушундай түшүндүрмөлөрдү илгерки тапсирчи аалымдар өз эмгектеринде жалпылай жазып кетишкен.

**Илимий акыйкат:**

Бүгүнкү анатомиялык аныктамалардан жатын сөөк коргоп турган көлчөк сымал жайда жайгашкан. Жамбаш сөөгү, дем алдындагы сөөктүн чөйрөсү, капчыт сөөк, жамбаш сөгүнүн үстүнкү канаты, жамбаштын чоң канаты ар тараптан курчап, калың булчуң менен тыгыз байланышта болгон сөөк куру же сөөк белдемчи катары түйүлдүктүн коопсуздугун ар тараптап коргоп турат. Жатын, ошондой эле, табарсык менен жоон ичегинин ортосунда жайгашкан. Ошентип, жатын, жалпысынан, жамбаш сөөктөрү менен курсак капталдарын байланыштырып калат, бул «жатын байламта» деп аталат. Мына ошол байламта жатынды

бир калыпта, түйүлдүккө ылайык абалда, кудум пирамиданын аңтарылып, башы төмөн карап, а фундаменти жогору карап турган формасындай түзүлүштө көтөрүлүп турат. Ошол абалда сегизинчи айдын аягына дейре түйүлдүк курсактын жалпы көңдөйүн ээлеп, анын жогорку тарабына чейин акырындык менен чоңоё берет. Түйүлдүктүн сыртка чыгуусуна даярдык көрүү иретинде эки тараптагы жамбаш сөөктөрүнүн бириккен көлчөк сымал жайга мол гормондор куюла баштайт.

Гормондор жаатында өлчөмдүгү өтө кылдат, өтө дыкат мыйзамченемдүүлүктө сакталат, ал жатындын ичкерип кетүүсүнө жол бербей, түйүлдүктүн түшүп калуусун коргойт; астана тарапты жогору көтөрүп же жатындын булчуңдарын жыйрылтып турат, ушул себептен прогестерон гормонунун пайзы жогорулайт. Прогестерон көп эсе сары түстө, менструалдык цикл жана кош бойлуулуктун баштапкы мезгилинде пайда кылган кызматты, үчүнчү айдын аягынан төрөткө чейин, планцета аткара баштайт. Бул дагы кошумча коргоо кызматы, өз милдетин кылдат чеберчиликте орундатуу үчүн ушундай кынтыксыз ырааттулук сакталган эң мыкты чеп, түйүлдүк салмак алып, оорлошконун, жана башка жагдайлар бүт эске алынып, аны аман-эсен, сак-саламат сакталышы – керемет нерсе. Алла Тааланын камкордугу, көзөмөлү.

**Илимий керемет тарабы:**

Анатомия жана эмбриология адистигинин илимпоздору тарабынан, жатындын бекем, тыгыз,

курчалган ар тараптуу байланышы, эң бир коопсуз көлчүк сымал жайда жайгашып, түйүлдүктү амандыкта сактаганы боюнча дыкат изилдөөлөр эми гана ачыкка чыгып жатканы менен, ал жөнүндө эч бир кынтыксыз баяндаманы 14 кылым илгери Куран Карим берген: Алла Таала: «**Анан аны тамчы кылып, корголгон** *бекем* **жайга жайгаштырдык**» дейт (Муминуун: 13). Алла Таала: «**Биз силерди жагымсыз суудан жаратпадыкпы? Аны коопсуз орунга** *жатынга* **жайгаштырдык**» дейт (Мурсалат: 20-21). Жатынды коопсуз жай, корголгон бекем орун катары сыпаттаган, мына ушул куттуу тексттин далалаттары азыркы өнүккөн илимдин илимий сыпаттамасы менен дал келип олтурат.

## Үчүнчү бап: Адамдын денесиндеги сезимтал жерлерге ишарат кылган Куран керемети

Алла Таала: «**Чындыгында, аяттарыбызга капырлык кылгандарды** *алоолонгон* **отко сөзсүз салабыз. Терилери куйкаланып күйүп бүтөр замат, азаптын даамын жакшылап таттыруу үчүн күйгөн терилерин жаңы териге алмаштырып турабыз. Чындыгында, Алла – Кадырлуу, Даанышман!**» дейт (Ниса: 56). Алла Таала: «**кескиленген ичегилерин кайнак сууга сугарылган**» дейт (Мухаммад: 15).

**Теридеги нерв учтары:**

Илимий ачылыштан алдын ооруну бүтүндөй тулку-бой дене сезет деген көз караш болгон. Ооруну тек гана теридеги нерв учтары гана сезет экендигин эч ким билген эмес. Курчап турган чөйрө менен организмдин байланышы көп эсе тери аркылуу өтөт. Ошол акыйкат, ошол илимий ачылыш, жакында гана аныкталды.

Окумуштуулар тери сезимин экиге бөлүшөт: өтө сезимтал сезим, бир нерсенин тийгенин дароо сезет, жылуулукту ажыратат, негизги (оболку) сезим, ооруну, ысыктын жогорку даражасын сезет. Ар бир сезим нервтин биримдигинин бөлөк-бөлөк тармактары менен иш алып барат, чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү сездирип, алдын ала билдирип турган атайын клеткалар ла бар. Алар төрткө бөлүнөт:

1. Сырткы чөйрөдөн таасир алган нейрон клеткалар. Бир нерсенин тийгенин сездирет, көп эсе теринин дерма бөлүкчөсүндө жайгашып, өзүнө Мейснер, Мейкел тельцаларын камтып турат.
2. Булалуу, түктүү клеткалар. Фолликулдун аягы, Краузе колбасы аталыштагы клеткалар: суукту сездирет.
3. Руффини тельца аталыштагы клеткалар: жылуулукту сездирет.
4. Ооруну сездирген нерв учтары.

Оору менен жылуулукту сездире турган эң негизги жай – теридеги нерв учтары экендигин анатомия илиминин илимпоздору аныктап чыгышты. Ошондой эле ошол ооруну сездирген теридеги нерв учтары толук

жараксыз болуп калса, күйүп жаткан дене эч кандай ооруну сезбей каларын, ооруну теридеги дал ошол нерв учтары гана толук кандуу сездирерин да тактап чыгышты.

Алла Таала: «**кескиленген ичегилерин кайнак суудa сугарылган**» дейт (Мухаммад: 15).

**Тексттин далалаты:**

Алла Таала: «**Терилери куйкаланып күйүп бүтөр замат, азаптын даамын жакшылап таттыруу үчүн күйгөн терилерин жаңы териге алмаштырып турабыз**» дейт (Ниса: 56). Ооруну алдын ала сездире турган эң негизги орган – теридеги нерв учтары экендигин, эң негизги оорутуучу, эске келтирүүчү нерсе – күйүү, өртөнүү экендигин, ошондой эле оорутуунун, кыйноонун, азаптоонун туу чокусу өрттө, күйгүзүү экендигин бул аятта Куран Карим даана сыпаттап, илимий ачылыштарга ишарат кылган. Ал эми ичеги боюнча сөз кылганда, Куран Карим алмаштыруу сымал сөздү колдонбой, кайнак суу тийгенде ичеги кесилээрин, жарылаарын айткан: «**кескилеген** *(кескен, жарган)* **ичегилерин кайнак сууга сугарылган**», Куртуби: «**кайнак сууга сугарылган**», башкача айтканда, аябай катуу кайнаган ысык суу, эгер андан ичишсе, суу алардын ичегисин жарып, кесип салат, териде колдонгон «алмаштыруу» сөзүн, ичегиде «кесүү, жаруу» сөзүнө өзгөргөн дейт.

**Илимий акыйкат тарабы:**

Анатомия илиминин адистери ичегилерде алдын-ала сездирүүчү сезимдердин жоктугун, алар көп эсе ич көңдөйүнүн чел кабыгы менен ич көңдөйүнүн сырткы былжырлуу катмары ортосундагы чычыркай жайларында жайгашканын аныкташты. Мына ошол жерлерде Пачини тельца аталыштагы сезгичтер аябай жыш жайгашкан, ич көңдөйүнүн чел кабыгы өт кең денени каптап турган сырткы теринин кеңдиги менен дал келе жаздайт. Ошентип, ооруну сездире турган башка сездиргич нерв биримдиктери тереңдикте, ички катмарлардан орун алган. Ичегинин капталы көбүнчө жылма булчуңдан туруп, нерв системасы жана жүлүндүн сезгич нервдери менен тейленет. Ичегинин былжыр челинде зил бөлүп чыгаруучу көп сандаган майда бездер болот. Ичегинин керегеси (капталы) үч катмардан; ички былжырлуу катмары майда түктөр (ворсинка) менен капталган, алардын түбүндө ичеги бездери жайгашат. Ичегинин ортоңку катмары сырткы жана ички булчуң талчаларынан турат. Ичегинин сырткы бети жылтырак катмар менен капталган.

Ооруну сездире турган сезгич нервтер ичегинин ички көңдөйүнө жайгашып, а сырткы капталы ошол сезимден коргоо кызматын аткарат, эгер ичеги кесилип, жарылып кетсе, оорунун таасири ошол ички көңдөйдөгү сездиргич жерлерге жетип, адамга жан чыдагыс азапты, оорутуучу сезимдерди сездиргени – ичегинин түзүлүшү боюнча сыпатталган бул эң бир жаңы ачылыш (жаңылык). Оорунун жеткен чегин сездирүү үчүн ичеги жөнүндөгү баяндамада «**кескилеген ичегилерин**» деген ибаратты Куран эмне үчүн колдонгонуна ой жүргүз! Ойлон! Мына ушул

нерсе ичегинин сезгич нервтен оолак экенине дал келип жатат, эгер ашказанга гастроскоп аппаратын салсак, тек гана тамакка салып жаткан кезде гана ыңгайсыздык жаралбаса, болбосо, эч кандай ооруну сезбейт. Ооруулуу адамдын ичегиси эгер жаракат алып, тешилип калса, ооруну аябай сезет. Алла Таала Курандагы «**кескилеген**» деген так, анык айтылган сөзгө көңүл буруу зарыл: тери боюнча «**аны алмаштырып турабыз**», а ичеги боюнча «**кескилеген**» делинген. Анткени, ичегинин чел (капталы) сезим жана нервтен бош, катуу оору ичеги же жарылып, же тешилип, же кесилип калганда гана сезилет. Мына ошол себептен, ашказаны, ичегиси ооруган адам катуу ооруну эгер ичегиси тешилип калса гана сезет. Мындай абалда ага дароо операция жасоо зарыл, себеби ичегинин ички курамы челден сырткары чыгып, курчаган нерв учтары көбөюп, чыдагыс оору берет.

Ошентип, ичегинин өзүнө гана таандык табияты барлыгын, ооруну ошол табиятына жараша кабыл алаарын Куран Карим көркөм баяндаган. Мына ошондой, ичеги тешилген, жарылган, кескилген абалда гана эң жогорку даражадагы, жан чыдагыс ооруну сезээрин адам баласы анатомия илими өнүгүп, заманбап технологиялар пайда болуп, канча жылдык дыкат изилдөөлөрдүн натыйжасында Куран сыпаттаган илимий акыйкаттарга жетип олтурат. Бул нерсе Куран Жараткан Алланын сөзү экенин дагы да тастыктап турат.

**Илимий керемет тармагы:**

а) Жараткан Алла тери азаптала турган нерсе экенин баяндап жатат. Биринчи аятта Алла Таала тери менен сезгич нервтин байланышын сүрөттөп, тери кызарып, куйкаланып, күйгөндө анын түзүлүшү бузулат, сездиргич вазыйпасын жоготот, азаптын оорусун сезбей калат, мына ошол маалда түзүлүшү жаңы, сездиргич вазыйпаны жаңыдан толук аткарган, нерв учтары жаңыланган жаңы териге алмашылат. Жылуулук, ысык, ооруну сезүүдө сездиргич нерв учтары чоң роль ойногондуктан, дал ошол дерма катмарында жайгашкан сездиргич клеткалар кайра-кайра жаңылануусга тийиш. Алла Тааланын белгилери, аяттарын, кереметтерин танган капыр инсанга тозоктун алоолонгон азабын сездирүү үчүн тери азабына салат.

Азыркы жетишкен илимдий изилдөөлөр ооруну жана жылуулукту сездирген нерв учтары териде гана аябай жыш жайгашканын аныктаган. Мындан туура 14 кылым илгери Куран Карим баяндаган бул акыйкатты анатомиянын өнүгүсүнөн жана жаңы технологиялардын изилдөөлөрдөн мурда бир дагы адам билген да эмес, элестете алган да эмес.

б) Экинчи аятта Куран Карим капырлдардын ичегилерин кесип, жарып кете турган кайнатылган суу аркылуу азаптайм деп коркуткан. Бул коркутуунун сыры кийин гана ачыкка чыгып олтурат. Ичеги өзү ысыкты сезбейт, бирок, эгер жарылып, кесилип, тешилип кете турган болсо, ооруну жана ысыктыкты сездиргич нерв учтары жыш жайгашкан жайлар ачылып, кайнак суу тийгенде, адам баласы жан чыдагыс, оорунун жеткен чегин сезери эми гана

илимий ачылыш, илимий керемет болуп жатат. Медициналык акыйкат менен Курандын баяндамасы дал келип олтурат.

**Төртүнчү бап:**
**Манжалардын изи**

Алла Таала «**Эмне инсан сөөгүн Биз чогулта албайт деп эсептейби? Албетте,** *чогултабыз!* **Ал эмес манжаларын өз калыбына келтирүүгө кудуреттүүбүз**» (Кыямат: 3-4).

**Тексттин далалаты:**

Куран Карим ар бир инсандын бармактарынын тагын (тагыраагы, манжаларынын учтары) ар башка экендигине ишарат кылып жатат. Ал эми азыркы күндө анын акыйкаты тастыкталып, адамдын бармак тагын айырмалоо үчүн мамлекеттик органдар тарабынан, өзгөчө криминалистика багыты, иш алып барат.

Ошондой эле курейш капырлары Кыямат күнүндөгү кайра жаралуу боюнча Курандын кабарына ишенбей, чирип кеткен өлүктүн сөөктөрүн Алла кантип чогултмак деген четке кагууларына жооп иретинде Алла Таала чириген сөөктү гана чогултуп койбостон, ар бир манжаны өз калыбына келтирип, кайра жаратууга кудуреттүү экенин баяндайт. Инсан кандай гана абалда өлбөсүн, акыретте ал, бармактары аркылуу башка инсандан ажыратылат.

**Илимий акыйкат:**

1823 жылдары чеш анатому Ян Пуркинье бармактардын акыйкаты боюнча эң обол илимий эмгек жасап, бармактын учундагы так, из ар адамдыкы ар башка экендигин, негизги үч түрдүү сызыкчаларга токтолгон: ийри-буйру, төгөрөк, жаа сымал, анан дагы башка формаларын, сызыкчаларын айткан.

1858 жылдары, тактап айтканда, 35 жыл кийин, англис окумуштуусу Уильям Грешел бармактагы тактардын, издердин ар түрдүүлүгү ээлеринин ар түрдүүлүгүнө далат кылат, ар бир инсан өзүнө гана таандык, өзгөрбөс так, изге ээ экендигине шилтеме берген. 1877 жылдары доктор Генри Фолдс кадимки басмаканада колдонулган сыяны барак бетине

колдонуу менен бармак тагын тарткан. Доктор Френсис Гальтон: инсан жашоосунда кандай абалдарга кабылбасын, анын бармак издери такыр өзгөрбөйт, өмүр бою аны менен бирге, бир сүрөттө, бир түзүлүштө кала берет деген. Каирдеги мумиялардын биринде бармактын издери даана, ачык сакталганын окумуштуулар тарабынан такталган.

Ошондой эле Гальтон дүйнөнүн бардык бурчуң-булуңда бирдей сызыкчасы бар эки адам жокутугун, ал сызыкча адамдын энесинин курсагында 100 менен 120 күндүк түйүлдүк маалында эле пайда болгондугун аныктаган.

1893 жылдарда Скотланд Ярддын полиция башчысы Эдвард Генри дактилоскопиялык формуланы (бармак тактарды жеңил классификациялоо жолун) түзгөн. Кандай гана бармак болбосун, аны эң негизги сегиз түрдүн бирине классификациялоого болот, адамдын он манжасынын бармак тагы анын жекелигин, иденттүүлүгүн толук аныктаган бирдик деген. Ошол эле жылы, Британия энциклопедиясында эскерилгендей, Скотланд Ярд шаарында криминалистика бөлүмү бармак тактарды айкын, шексиз далил катары кабылдаган. Ошондон кийин окумуштуулар көп сандаган ар жыныстагы, ар башка адамдардын бармак тактарын аныктоого киришип, бир дагы окшош так табышкан эмес. Түйүлдүктө бармак тагы төртүнчү айда түзүлөрү маалым болуп, ошол бойдон өмүрүнүн аягына чейин эч өзгөрбөстөн кала берээри такталган. Бармак тагы манжалардын (теридеги) ийме-чийме издери, сызыкчалары ар бир инсандыкы ар башка болгону ачыкталган соң,

мамлекеттер арасында жеке адамды аныктоого колдонулган курал катары кызмат кылып калды.

**Илимий керемет тарабы:**

Курандын аяттары жеке адам менен анын оймо-чийме бармак тактарынын алакасы бардыгына шилтеме жасаган, мунун акыйкаты он тогузунчу гана кылымда ачыкка чыккан. Жеке адамдын иденттүүлүгүн аныктоо жаатында иштер жүргүзүлгөн мезгилде Скотланд Ярддын полиция башсычы Эдвар Генри (1893) тарабынан «Генринин дактилоскопиялык формуласы» түзүлгөн, анда кандай гана бармак болбосун, аны эң негизги сегиз түрдүн бирине классификациялоого болот, адамдын он манжасынын бармак тагы анын жекелигин, иденттүүлүгүн толук аныктаган бирдик делинген. «Кыямат» сүрөдөгү Куран аяты бир бармак тагы жөнүндө сөз кылбай, бармактардын баарын (он манжа), баарын кайра жаратуу тууралуу сөз кылганын байкасак болот. Бармак жекелик түрдө эмес, көптүк түрдө келген. Бул азыркы изилдөө менен дал келип турат. Бармак тагы макулуктарына сыр катары каткан Алланын кереметтеринен, ал жеке адамдын иденттүүлүгүн айкындайт, ага кайра күбө болот, бул эң күчтүү далил эмеспи?!

## Бешинчи бап: көкүл боюнча сөз козгогон Куран менен сүннөттүн керемети

Алла Таала: «**О жок! Андай эмес! Эгер токтобосо, аны көкүлдөн алып, сөзсүз, сүйрөйбүз. Калпычы, ката кетирген көкүлдөн**» дейт (Алак: 15-16).

**Сөздүн тилдик мааниси жана тапсирчилердин пикирлери:**

**«аны көкүлдөн алып»** деген сөз көкүлдөн чапчып, көкүлдөн кармап деген маанини берет. Оттун күйүгүнө, күн тийип бир нерсенин өңүн өзгөртүп жибергенге да колдонулат деп айтылат. Көкүл: баштын маңдайы.

Көптөгөн тапсирчилердин пикири боюнча, аяттын божомолдуу тапсири, калпычы, ката кетирген сөздөр көкүлдүн сыпатамасы эмес, а көкүлдүн ээсинин сыпаттамасы дешет. Башка бир тапсирчилердин көз карашы боюнча, аятта аят өзү тапсирлегендей эле маани жатат дешип, өз замандарынын илим-билим жетишкен деңгээлине жараша, андан аша түшпөй, жооп беришкен.

Бул жерде айтып өтүү зарыл болгон дагы бир нерсе, көкүл сөзү Куран Каримде дагы эскерилген, Алла Таала: «**Жер бетинде Ал көкүлүнөн кармабаган** *амирине баш ийбеген* **бир дагы жаныбар жок. Роббим, албетте – түз жолдо!**» деген (Худ: 56). Ошондой эле пайгамбар (САВ)дын хадистеринде да келген: «Оо Жараткан! Мен деген Сенин кулуңмун! Мен деген Сенин кулуңдун уулумун! Мен деген Сенин күнүңдүн уулумун! Көкүлүм Сенин колуңда...», «Сен кармаган көкүл ээлеринин ар бир зыянынан Сенден паана сураймын..», «Жылкы көкүлү менен казатка байланган» ж.б.

Айтылып өткөн тексттердин баары көкүлдүн маанилүүлүгү адамга гана тиешелүү эмес, балким жаныбарга дагы тиешелүү экендигин чагылдырып турат.

**Тексттин далалаты:**

Көкүл сүйлөбөсө, анан кантип калпычылык ага ыйгарылат? Катачылык андан кетпесе, анан кантип ага ыйгарылат? Мына ушундай нерселерге карабай, Куран Карим көкүлдүн кармалышы дегенде, анын жалган сөзү үчүн, жаман, терс жорук-жосуну үчүн дал ошол көкүлдү гана эскерген, баштын, мээнин маңдай тарабы максат кылынган, анткени азыркы заманда илимий ачылыштар менен, дал ошол жер адамдын адеп-ахлагын, жүрүм-турумун багыттай турган жер болуп чыкты.

**Илимий акыйкат:**

Инсандын мээсинин түзүлүшү төрткө бөлүнөт: маңдай бөлүгү, кежиге (желке) бөлүгү, чыкый бөлүгү, чоку бөлүгү. Ар бир бөлүмдүн башка бөлүмдөн айырмаланган өз ролу, өз вазыйпасы бар, ошол эле учурда булар бир заматта эле бири-бирин толуктап турат.

Маңдай бөлүмүнүн башка бөлүмдөрдөн өзгөчөлүгү – өнүккөн заманбап анатомиялык жана практикалык изилдөөлөрдөн адамдын жүрүм-турум жана сүйлөө речине жоопкер. Ал өзүнө бир нече, жайгашкан жайларына, жасаган вазыйпаларына жараша, борбордук нерв системаларын камтып турат. Борбордук ошол нерв сестемасы так каш-кабактын артында жайгашып, мээнин маңдай бөлүмүнүн көп бөлүгүн ээлеп турат, милдети адамдын иденттүлүгүн түптөө менен байланыштуу, ошондой эле ой жүгүртүү, пландоо, айырмалоо, кыймыл-аракет менен жүрүм-турумду көзөмөлдөө, интелект, эмоция, сүйлөө, сүйлөө

процессине катышкан тил, тамак жана жүз органдарынын биргелешкен аракеттерине көзөмөл жүргүзүү сыяктуу милдеттерди аткарат. Көздүн көңдөйчөсү да ушул жайда жайгашкан, андыктан багытталган тарапка карай эки көздүн багытын көзөмөлдөйт. Дене-мүчөлөрдүн негизги пландагы жана экинчи пландагы кыймыл-аракетинин кыймылдаткыч борбору да орун алган, ал каалоо сезимдеринин кыймылына жооптуу. Мына ошентип, мээнин маңдай бөлүмү адамдын адеп-ахлагын, жүрүм-турумун, ой жүгүртүүсүн көзөмөлдөгөн бөлүм экендиги анык болду.

**Илимий керемет тарабы:**

Мээнин милдети, вазыйпасы тууралуу биз билген маалыматтар тарыхта айтылган эмес. Медицина китептеринен эч нерсе таба алган эмеспиз. Эгер пайгамбар (САВ)дын жана андан кийинки кылымдардагы медицина китептерине назар салсак, мээнин маңдай (көкүл) тарабында жайгашкан бөлүм боюнча эч кандай ныпым (сөз) жок. Бир гана ушул Китепте (Куран Карим)де гана сөз айтылганына күбөбүз. Мына ушул нерсе илими менен бардык нерсени курчап турган Улуу Алла Таалынын илими экенин далалат кылып турбайбы?! Мухаммад (САВ) Анын пайгамбарына күбөлүк эмеспи?!

Бул акыйкат илим-билим заманда гана ачыкка чыкты. Куран калпычылык менен катачылыкты башка органдарга таандык кылбай, дал мээнин маңдайын, атап айтканда, көкүл жайгашкан жайды эскерткен.

Кылмышына жараша «кармап алат» деген сөздү колдонгон, чапчып, мыкчып, катуу кармап, адамдын жүрүм-турумуна жооптуу органды күнөөсүнө ылайык жазалоону укмуш сүрөттөгөн. Адеп-ахлакка жоопкер мээнин маңдай тарабы экендиги азыркы заманбап илим-билимдин илимий ачылышынан канча кылым мурда кескин, баса белгилеп баяндаганы, «**Ар бир кабардын белгиленген учуру бар. Жакын арада билесиңер**» деген Алла Тааланын (Анаам: 67) сөзү ж.б.у.с. нерселердин бүт баары Куран Карим менен Мухаммад (САВ)дын чынчылдыгына кошумча далил.

Бул сырды бардык тараптан билип алууга кудуреттери жетпеген илгерки тапсирчилер бул аятты өз илимдерине жараша, акыйкатты танган, жалганга чыгарган өткөн замандардагы наадандардан Куранды сактоо максатта, сырткы тилдик маанисине таянып, божомол пикир айтышкан. Акыйкатта, адам менен жаныбарды башкарып турган борбор, дал ошол Алланын китеби жана пайгамбар (САВ)дын сүннөтү атаган, көкүл жайгашкан мээнин маңдайы экендигин эми гана айдан-ачык аныкталып турат.

Бул акыйкатты, бул сырды бүткүл жер бетинде жайгашкан адамдардын арасынан Мухаммад (САВ)дан башка ким айта алды?! Бул алдынан да, артынан да, жалган келбеген Жараткандын илими, Куран Карим Алла Тааладан экендигине далил эмеспи?!.

## Алтынчы бап:
## ВИЧ илдети

Алла Таала: «**Зынага жакындабагыла! Акыйкатта, ал – өтө ыпылас, жийркеничтүү жаман жол!**» (Исра: 32) деген. Алла Таала: «*мейли* **жашыруун** *болсун*, *мейли* **жашыруун эмес** *болсун*, *айтор* **бузуку**

**иштин баарынан оолак болгула, Алла тыюу салган** *адамдын* **жанын укуксуз кыйбагыла! Мына ошоңорду – Алла силерге осуят кылган. Балким силер, ойлонорсуңар!” де**» (Анаам: 151) деген. Умардын уулу Абдулланын риваятында пайгамбар (САВ): «**Бузукулук коомдо, аны жарыялоо, жарнамалоо, жымсалдоо жолуу аркылуу гана ачыкка чыгат. Анан алардын арасында мурунку доорлорду такыр болбогон, белгисиз илдеттер, оорулар таркайт**» деген. Ошондой эле «**Зына коомдо жайылып кетсе, алардын арасында адамдын өлүмү күч алат**» деген (Имам Малик «Муатта» китебинде риваят кылган.

**Таксттин далалаты:**

Тыюу бузукулукка жалпылай, а зынага жекече келген, «**жакындабагыла!**» деген сөз, атүгүл жакындоого кескин тыюу салып, жакындоонун акыбети аябай жаман болоорун баяндап жатат. «**өтө ыпылас, жийркеничтүү жаман жол!**» деген сөз, кутту хадис баяндагандай, адатта, өлүмгө дуушар кыла турган, оболку элдерде болбогон, саламат-соо денени каптай турган ар түрдүү белгисиз илдеттерге алып баруучу жийркеничтүү жаман жол экенинен кабар берет. Иммундук жетишсиздик илдети Кудайдын Китебине жана Мухаммад (САВ)дын хадисине күбө, далил.

**Илимий акыйкат:**

Бактерия, гриб, вирус сымал өтө майда паразиттер тек гана никесиз, башаламан жыныстык катнаш, бир жыныстык катнаш аркылуу гана жугаары жөнүндө өнүккөн илим-билим тарабынан соңку эки кылымдын арасында гана аныкталды. Мына ушундай жаман көрүнүш коомчулукта орун алса, мурунку заманда белгисиз болгон илдеттерге кирипкер болоору анык. Андай бактерия, вирустарды дарылоо өтө кыйын, мүмкүн эмес, дене аларга каршы туруштук бере албайт, себеби, иммундук күч-кубатынан арылат, андан арылган дене жараксыз, бул нерсе спид илдетине мүнөздүү.

Куран Карим менен пайгамбардын хадиси жалпы коомдун жолун, багытын ачыктап, кандай кана коом болбосун, ал эки: себеп жана натыйжадан түзүлөт. Себеби: зына, бир жыныстык катнаш сыяктуу арам алакалардын жайылышы, аларды кылмыш катары санабай, ыраазы болуп, жымсалдагандык. Жымсалдагандыгы азыркы күндө «порно индустриясы» деген терминдин колдонулушу. Мына ушул нерсе **«Бузукулук коомдо, аны жарыялоо, жарнамалоо, жымсалдоо жолуу аркылуу гана ачыкка чыгат»** деген пайгамбар (САВ)дын сөзүнө дал келип турат. Ал эми бул нерселердин натыйжасы: көп эсе соңку муундарга гана мүнөздүү иммундук системаны бүт талкалй турган ар түрдүү илдеттердин жайылышы. Мына ушул нерсе «**Анан алардын арасында мурунку доорлорду такыр болбогон, белгисиз илдеттер, оорулар таркайт**» деген пайгамбар (САВ)дын сөзүнө дал келип турат. Азыркы күндө андай илдеттер батыш коомчулугуна мүнөздүү, себеби дегенде, арам алакалар,

бир жыныстык катнаштар аларда кеңири жайылып, коомдук норма катары кабылданып, алтургай ар кандай жол аркылуу жарыялоого далбас урушат.

Доктор Шофилд «ВИЧ илдеттери» аттуу китебинде мындай дейт: «Жыныстык катнаштын бардык түрүнө коомчулуктун жеңил-желпи карашы, зына жана бир жыныстык катнашка эч бир уялуу сезими жок барганы.., тескерисинче, СМИ (маалымат каражаттар) жигит менен кыз эгер абийирлерин сактап эреже жеткен болсо, уят көрүнүш катары көрсөткөнү кандай жаман нерсе». Ошентип, абийирдүүлүк батыш коомчулугунда уят, адамдын кемчилиги, корккоктугу катары бааланып, маалымат каражаттары кандай гана зыян болбосун, жыныстык катнашка үндөп, аны эркиндик, өнүккөндүк деген ураан менен жар салып атышат. Британия энциклопедиясы: «Эгер бир жыныстык катнаштагы шериктер сырдуу мамиледен ачык, элге көрүнө турган мамилеге өтүшсө, демек сейил-парктар, жээктер, бассейин жана башка жайлар аларга таандык болду дегендик» дейт.

Бузукулук барктуу нерсеге айланды, окулуп, үйрөтүлүп башталды, бир жыныстык катнаш болсо, эркиндик деп саналды. Көптөгөн батыш чиркөөлөрүндө зына, бир жыныстык катнаш кадимки норма болуп, эркек менен эркекке кээ бир батыш чиркөөсүндө поп (кечил) тарабынан нике кыйылып жатат. Миң деген НПО уюмдары ошолордун укуктарын коргоп келет. Мына ушундай көрүнүш менен себеп да, натыйжа да тастыкталды.

**Илимий керемет тарабы:**

Вич илдеттери кандай гана көрүнүштө жайылды, канча деген адамдар аны курманы болду. 1494 жылы эң биринчи жолу пайда болуп, анан дароо эле аябай катуу жайылып кеткен «Сифилис» илдетине бүткүл дүйнө күбө. Соңку беш кылым аралыгында жүз миллион деген адамдарга жугуп, миллион деген адамдардын жанын кыйды. Илдет бактериясы өзүнүн өзгөчөлүгүн өзгөртүп, адамга ар мезгилге жараша чабуул жасап, «Гонорея» деген жаңы илдетти пайда кылды. Мына ушул илдет дүйнөдө эң көп таркаган. Акыры анан 1983 жылы «Спид» илдети пайда болду. Бул вирус (илдет) адамдын иммундук системасын бүт талкалайт. Мына ушул аябай кичинекей вирус адамга укмуш чабуул жасайт, адам өлүп эле тынчып калбаса, жан чыдагыс катуу азап-тозокко дуушар болот. Бул ибарат ала тургандарга ибарат, акыркы пайгамбарчылыктын акыйкатына шексиз далил.

## Жетинчи бап:
## Карантин

Бухари менен Муслимдин китептеринде: «Чума (жугуштуу) оорусу Исраил урпагынын бир тайпасына жиберилген азаптын же жазанын калдыгы. Эгер силер болгон жерде пайда болсо, андан качып, ал жерден чыгып кетпегиле, ал эми силер болбогон жерде пайда болсо, анда ошол жерге барбагыла» делинет. Ошондой эле башка риваятта: «Бир жерде чума оорусу жүрүп жатат деген кабар уксаңар, ал жерге барбагыла, эгер силер жашап жаткан жерде пайда болсо, ал жерден чыкпагыла» делинген. Бухаринин риваятында дагы: «Чума оорусу бул азап. Алла кимге кааласа, ошого жиберет. Алла Тааланы аны ыймандууларга ырайым кылды. Кимде-ким ошондой чума оорусу жүргөн жерде болуп калып, Алланын тагдыры экен деп билип, сыйлыкка үмүт этип, сабыр кылса, анын сообу шейиттин сообундай болот». Имам Ахмаддын риваятында: «Чума (жугуштуу) оорусунан качкан адам – согуштан качкан адамдай, ким ага сабыр кылса, шейиттин сообун алат» делинет.

**Тексттин далалаты:**

Чума оорусу эпидемия деген мааниде коркунучу тарабынан медицинада маалым болгон чума оорусу өңдүү бүгүнкү күндө эпидемиялык жугуштуу оорулардын баарын өзүнө камтыйт. Чума, эпидемия, айтор жугуштуу оору жүрүп жаткан жерден соо адамдын чыгып кетүүсүнө милдеттүү түрдө тыюу салган пайгамбардын багыты, азыркы эпидемиялык ооруларга каршы изилдөөлөрдүн корутундууларына дал келип турат. Оору жүргөн жерден чыккан адам

коркунучтуу симптомдорду оору жүрбөгөн таза жердеги адамдарга жайылтышы толук ыктымал, мындай карасаң, эч кандай коркунуч жаратпоого тийиш, себеби, оору жүрбөгөн жердеги адамдын иммунитети күчтүү, андай ооруга толук туруштук берүүгө даяр. Бирок андай эмес, пайгамбардын багыты ошондой эле оору жүргөн жерге кирбөөгө буйруйт, анткени оору жугуштуруп алышы толук ыктымал. Мына ушул нерсе азыркы күндө жүрүп жаткан карантин мыйзамынын негизи болуп саналат.

**Илимий акыйкат:**

Карантин бардык жугуштуу оорулардын жайылышын алдын-ала ала турган эң негизги курал экендиги азыркы күндө маалым. Карантин түшүнүгүн пайгамбар (САВ) ошол доордо эле жогорку деңгээлде көркөм сыпаттап койгон. Ал чума жүргөн жерге кирүүгө тыюу салып, чума жүргөн жерден чыкпоого буйрук берген. Ал эми андай түшүнүктүү медицина тармагы жакында гана билип, практикадан өткөрүп олтурат. Соо адамга оору жүрүп жаткан жерге кирүүгө тыюу салгандыгы, ооруну жакшы, кылдат билүүгө кажетсиз эле, акылга сыйдырып, түшүнүп алса болот, бирок ошол оору жүрүп жаткан жердеги тургундарга ошол жерди таштап чыгууга, айрыкча соо тургундарга, ооруну азыркы заманбап медициналык илим-билим менен кылдат билбестен туруп, тыюу салганы түшүнүүгө оор, акылга сыйдыруу татаал көрүнүш. Логикага жана акылга салсак, соо адам ошол оору жүрүп жаткан жерден ооруга чалдыгып калбашы үчүн

тез арада оору жүрбөгөн жерге качып чыгып кетиши зарыл. Бирок азыркы медицина илими ал кишиден оорунун сырткы симптомдору такыр байкалбаган менен, микробдорду жугузуп алгандыгын аныктады. Ошондой эле микроб киргенден тартып, симптомдордун пайда болуп чыгышына чейин бир нече мезгил аралык талап кылынаары тактады. Ошол аралыкта микроб ич ара бөлүнүп, тездикте көбөйүп олтурат. А адамда оору симптомдорунун бири да байкалбашы толук мүмкүн. Бирок оорунун күчтүүлүгүнө, оорулунун абалына карай көппү-азбы, белгилүү бир убакыт өткөн соң оору симптомдору сыртка чыгат. Сыртка чыгууга тыюу салганы – оорунун жайылуусуна бөгөт коюу, ооруну бир жерге камоо, сыртка чыгарбоо. Мына ушул нерсе Куран аяттары түшкөн доорлордо эч ким билбеген, азыркы күндө гана илим себептүү маалым болуп жаткан акыйкат. Оорукчан же оорунун микробдорун жуктуруп жүргөн адам, айланасындагы соо адамдарга ошол ооруну сөзсүз жуктурат. Аны өзү да сезбеши мүмкүн, айланасындагы соо адамдар да сезбештери мүмкүн. Мына ошол себептен, оору жүрүп жаткан жерден чыгууга кескин тыюу салынат. Пайгамбар (САВ) аны кудум согуштан качкан күнөөдөй чоң күнөө катары санаган. Оору жүргөн жерден качуу – чоң кылмыш, аны азыркы илим-билим гана тастыкап берди.

Он бешинчи кылымда европаны чума каптап, элинин төрттөн бир бөлүгүн мерт алып кетти. Ислам дүйнөсүнө жеткенде басылып, токтоп калды. Чума катастрофасы бийлеп, анын себеби белгисиз бойдон турду. Адамдар аны начар рухтарга, жылдыздардын

абалына, бузулган аба-ырайга, айтор ар кандай жоромолдорго төңкөштү. Анан илим-билим өнүктүү, майда-бараң паразит, микробдорду чоңойтуп көрө турган микроскоптор пайда болду, микробдордун себеби, көбөйүшү изилденди. Оору жүргөн жердеги соо адамдар сырткы көрүнүшү боюнча эч кандай симптомдору жок болсо да, микроб жуктуруп алаары аныкталып, башка жерлерге ооруну жуктуруучу эң негизги чыныгы коркунуч, оорунун уюгу катары саналып калды. Мына ошондуктан, бүткүл дүйнөгө белгилүү карантин мыйзамы кабыл алынды. Ошого жараша кайсы жерде оору жүрсө, тургундарына чыгууга тыюу салынат, а конокторго кирүүгө тыюу салынат. Бул ачык-айкын пайгамбар (САВ)дын багыты, оору жүргөн жерди тосмо менен жаап, ошол жерде сабыр кылып калган адам шейиттердин сообун аларын убада кылып, ал эми качкан адам кудум согушта ага-инилерин өлүмгө дуушар кылып таштап качкан адамга салыштырып айткан.

**Илимий керемет багыты:**

Оору жүргөн жерден чыгууга тыюу салганы – сактануу жолу, ооруну жайлышына бөгөт коюу, аны ошол жерге камоо. Бул азыркы илимий медициналык чындык, Куран түшкөн доордо бул тууралуу эч ким билген эмес. Өзгөчө, микроб жуктуруп алган же изолоцияда турган оорукчан адамды, өзү сезбестен, соо адамдарга жуктурат, тигилер башкаларга коркунуч жаратат, ошол себептен, чыгууга катуу тыюу салынган. Алтургай, чыгууну пайгамбар (САВ) чоң күнөө катары

санап, согушта качкан менен барабар деген. Башкача айтканда, чоң кылмыш деген. Тексттин далалаты аныкталган илимий акыйкатка дал келип турат. Ошону менен бирге, пайгамбарчылыкка чоң далил болуп жатат.

## Экинчи бөлүмдүн корундусу:

Куран Карим менен пайгамбарлык сүннөт эмбриология жана анатомия боюнча бир нече илимий акыйкаттарга шилтеме берген:

а) түйүлдүк бир топ баскычтарды: «зигота баскычы, анан асылган жана илешкен баскычы, анан тиштем эт баскычы, анан жаралган жана жаралбаган баскычы, анан сөөк баскычы, анан сөөктү эт менен жабдылоо баскычы, анан башка жаңы турпатта жаралыш баскычы» басып өтөт. Куран аяттары баяндаган бул баскычтардын баары илимий акыйкаттарга эч бир кынтыксыз дал келген.

б) Куран Каримде жатындын коопсуз жайга катары сыпатталганы, азыркы замандын илим-билиминин аныктамалары менен төп келгени, Курандын илимий кереметине кескин, өтө жүйөөлүү далил болуп берген.

в) Куран Карим капырларды Кыямат күнү азаптоо иретинде кээ бир жан чыдагыс, аябай катуу оорутуучу жазалар боюнча сөз козгоп, ооруну катуу сездирген сезимтал органдарды да атап өткөн. Мисалыга: терилер, Алла Таала: «**Терилери куйкаланып күйүп бүтөр замат, азаптын даамын жакшылап таттыруу үчүн күйгөн терилерин жаңы териге алмаштырып турабыз**» дейт (Ниса: 56). Ошондой эле ичегилер, Алла Таала: «**кескиленген ичегилерин кайнак сууга сугарылган**» дейт (Мухаммад: 15). Оору менен жылуулукту сездире турган эң негизги жай – теридеги нерв учтары экендигин анатомия илиминин илимпоздору аныктап

чыгышты. Ошондой эле ошол ооруну сездирген теридеги нерв учтары толук жараксыз болуп калса, күйүп жаткан дене эч кандай ооруну сезбей каларын, ооруну теридеги дал ошол нерв учтары гана толук кандуу сездирерин да тактап чыгышты. Ооруну сездире турган сезгич нервтер ичегинин ички көңдөйүнө жайгашып, а сырткы капталы ошол сезимден коргоо кызматын аткарып, эгер ичеги кесилип, жарылып кетсе, оорунун таасири ошол ички көңдөйдөгү сездиргич жерлерге тиер замат борбордук нерв системасына жетип, адамга жан чыдагыс азапты, оорутуучу сезимдерди сездиргени – ичегинин түзүлүшү боюнча сыпатталган бул эң бир жаңы ачылыш (жаңылык). Бул нерсе Куран Карим Алла тарабынан экендигине, пайгамбар (САВ) Алланын кабарын жеткирген элчи экендигине күмөнсүз далил.

г) Түйүлдүктө бармак тагы төртүнчү айда түзүлөрү маалым болуп, ошол бойдон өмүрүнүн аягына чейин эч өзгөрбөстөн кала берээри такталган. Бармак тагы манжалардын (теридеги) ийме-чийме издери, сызыкчалары ар бир инсандыкы ар башка болуп, эки инсандын бирдей бармак тагы болору мүмкүн эмес экендиги такталды. Буга жасаган Куран Каримдин шилтемеси чыныгы илимий акыйкатка дал келип, «бармактар тактары» деген сөздү колдонгону аябай дыккаттыгына далалат кылды: «**Ал эмес манжаларын өз калыбына келтирүүгө кудуреттүүбүз**» (Кыямат:4).

д) Куран Каримдеги дагы бир керемет Алла Тааланын «**аны көкүлдөн алып, сөзсүз, сүйрөйбүз. Калпычы, ката кетирген көкүлдөн**» деген сөзүндө (Алак: 15-16). Куран калпычылык менен катачылыкты

башка органдарга таандык кылбай, дал мээнин маңдайын, атап айтканда, көкүл жайгашкан жайды эскерткен. Кылмышына жараша «кармап алат» деген сөздү колдонгон, чапчып, мыкчып, катуу кармап, адамдын жүрүм-турумуна жооптуу органды күнөөсүнө ылайык жазалоону укмуш сүрөттөгөн. Адеп-ахлакка жоопкер мээнин маңдай тарабы экендигин азыркы заманбап илим-билимдин илимий ачылышынан канча кылым илгери баса белгилеп баяндаганы кандай деген укмуш.

е) Вич оорулары, өзгөчө азыркы заманда эң коркунучтуу жана эң оор оорулардан болуп саналат. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун статистикасы боюнча вич оорусу дүйнөдө эң көп жайылган оору катары табылган. Вич батыш өлкөлөрдө эң көп катталган, аябай күч алган илдет. Ар кайсы муундун өкүлдөрүнүн саны күн санап көбөйгөнү-көбөйүп, айрыкча, жаштар арасында көптөп саналат. Мында зына, бачабаздыкка (бир жыныстык катнашка) тыюу салуу менен, адам баласын ар кандай белгисиз оорулардан сактоого чакырган Куран Карим менен таза пайгамбар (САВ)дын сүнөтүнүн улуу кереметтери аныкталып турат.

ё) Оору жүргөн жерден чыгууга тыюу салганы – сактануу жолу, ооруну жайлышына бөгөт коюу, аны ошол жерге камоо. Бул азыркы илимий медициналык чындык, Куран түшкөн доордо бул тууралуу эч ким билген эмес. Өзгөчө, микроб жуктуруп алган же изолоцияда турган оорукчан адамды, өзү сезбестен, соо адамдарга жуктуруп, тигилер башкаларга коркунуч жаратат, ошол себептен, чыгууга катуу тыюу салынган.

Алтургай, чыгууну пайгамбар (САВ) чоң күнөө катары санап, согушта качкан менен барабар деген. Башкача айтканда, чоң кылмыш деген. Тексттин далалаты аныкталган илимий акыйкатка дал келип турат. Ошону менен бирге, пайгамбарчылыкка чоң далил болуп жатат.

# Үчүнчү бөлүм

## Астрономия, аба-ырайга байкоо жүргүзүү илимдериндеги илимий кереметтер

Алла Таала:

**«Алтургай асмандан бир эшик ачып койсок, анан ошого көтөрүлүп жатышса да, “Чындыгында, көзүбүз азгырылды, жо-ок, биз сыйкырланган коомго айландык”, дешмек, сөзсүз»**

(Хижр: 14-15)

## Бөлүмдүн маанилүүлүгү жана максаты:

### Бөлүмдүн маанилүүлүгү:

Бул бөлүмдүн маанилүүлүгү астрономия, аба-ырайына көзөмөл жүргүзгөн илимдер боюнча Куран Каримдин кээ бир кереметтери менен тааныштыруу.

### Бөлүмдүн максаты:

1. Космостун караңгылыгына ишарат кылган Куран Каримдин керемети.
2. Жылдыздар менен планеталарды ажыраткан Куран Каримдин керемети.
3. Асман телолорунун өз алдынча кыймыл-аракеттери.
4. Кара туңкуюк.
5. Сакталынган чатыр.
6. Абада калкып жүргөн булуттардын түзүлүшү боюнча айтылган Куран Каримдин керемети.
7. Кайтуучу асманга шилтеме кылган Куран Каримдин керемети.

**Бөлүмдүн мазмуну**


1. **Биринчи бап**
   Космостун караңгылыгына ишарат кылган Куран Каримдин керемети.
2. **Экинчи бап:**
   Жылдыздар менен планеталарды ажыраткан Куран Каримдин керемети.
3. **Үчүнчү бап:**
   Асман телолорунун өз алдынча кыймыл-аракеттери.
4. **Төртүнчү бап:**
   Кара туңкуюк.
5. **Бешинчи бап:**
   Сакталынган чатыр.
6. **Алтынчы бап:**
   Абада калкып жүргөн булуттардын түзүлүшү боюнча айтылган Куран Каримдин керемети.
7. **Жетинчи бап:**
   Кайтуучу асманга шилтеме кылган Куран Каримдин керемети.

## Биринчи бап: Космостун караңгылыгына ишарат кылган Куран Каримдин керемети

Акыйкат Алла Таала айкын китебинде:

**«Алтургай асмандан бир эшик ачып койсок, анан ошого көтөрүлүп жатышса да, “Чындыгында, көзүбүз мас болуп калды** *азгырылды*, **жо-ок, биз сыйкырланган коомго айландык”, дешмек, сөзсүз»** (Хижр: 14-15)

## Тапсирчилердин сөздөрү:

«Курандын илимине жеңилдик» аттуу тапсирдин автору: «**көтөрүлүп жатышса**» деген сөздүн мааниси бийиктөө, жогору көтөрүлүү, тиги капырлар айдан ачык далилди көз менен көрүшсө да, сыйкырланып же кыялданып калдык дешмек. «**мас болуп калды** (*азгырылды)*» сөздүн «**мас кылынды** (*азгыртылды)*» деген окулушу бар, эгер масчылык уңгудан келип чыкса, көзүбүз мажбурланды, акыйкаттын карама-каршысын көрдүк, же мастык (тосмо) уңгудан келип чыкса, көзүбүзгө тосмо тосулду деген маани чыгат» деди.

Чоң тапсирдин автору: «**мас болуп калды** *азгырылды»* дегендин мааниси: бөгөттөлдү, тосмолонду. Бул тилчилердин сөзү, алар: «Бул сөздүн этимологиясында суу жарып чыгып кетпеши үчүн тосмо коюу дегенди билдирет. Тосмо сууну аштырбай

тосуп тургандай, көздөр дагы көрүүгө дал ошондой тыйылып турат. Эки тамганын катарлаш келгени кошумча, ашыкча маани берип турат.

**Илимий тактык:**

Өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарында адам баласынын космоско көтөрүлүп келгенинен кийин, горизонт акырындык менен капкара асманга өткөндүгү даана аныкталып, чоң ачылыш болгон. Күнгө беттелген жердин жарым бөлүкчөсү күндүздүн поясы деңиз деңгээлинен 200 км ашпайт, эгер адам ошол чектен жогору көтөрүлсө, асманды капкара баракта капкара түстө сары сызыкчасы менен көрмөк. Караңгылык асманды каптайт, кудум күндүздү кечки караңгылык каптагандай, таңдын атканы жамынгыч сымал, кудум союлган койдун териси сыйрылгандай, түндүн караңгылыгы сыйрылат, күн, ай жана башка асмандагы телолорду жамынгыч сымал каптайт.

Жерге жарык чачкан күндүз чектелүү аралык, 200 км жогору космонавт караңгылыкты гана көрө алат. Күн менен түндүн алмашуусу жердин өз огунун айланасында айлануусунан келип чыгат. Бул кезектешүү жер бетинде күбө болгон эң көрүнүктүү жаратылыш кубулуштарынын бири, жер бетиндеги белгилүү бир чекит күн сызыгын кесип өткөн сайын анын карама-каршы бөлүгүнүн караңгылыкта экенин жана бул түндү түзгөнүн көрөбүз. Ал жердин айлануу багытына карама-каршы бир эле чекиттен өткөндө, ал күн сызыгында турат, же муун деп аталат, бул күндүз. Демек, күн менен түндүн тынымсыз, бир чекиттен

башка бир чекитке алмашып турушу жердин өз огунун айланасындагы кыймылды чагылдырат. Андан жогору бийиктикте чатыр сымал ичке катмар асмандын караңгылыгын бизге көрсөтпөй жаап турат. Эгер түн кирсе, күндүз сыйрылат да, жердин караңгылыгы менен жогорку космостун караңгылыгы биригет, жердин карама-каршы жарым бети жарыкка бөлөнөт да, а жарым бетин караңгылык каптайт.

**Илимий керемет багыты:**

Азыркы өнүккөн астрономиялык изилдөөлөр ошол жер бетинен жогору белгилүү аралыкта – кудум бизди космос ааламына киргизбей, капас сымал камап турган – ичке катмарды аныкташты. Эгер бизде мүмкүнчүлүк жаралып, күч-кудуретибиз жетип, ошол катмарды (дарбазаны) тешип өтсөк, бул тууралы Куран Карим 14 кылым мурун айтып койгон: «**Эгер аларга асман дарбазаларын (эшиктерин) ачып койсок**», бул Курандын чын экенине, бардык нерсени илиминин, кудуретинин, даанышмандыгынын негизинде жараткан Улуу Алла Тааланын кеби экенине күбө. Алла Таала Куранды акыйкат илими менен түшүргөн.

Эгер телолордун асманга көтөрүлүшү, айланышы боюнча акыйкатты билбегенде, адам баласы спутниктерди кайдан ойлоп тапмак, космоско кайдан чыкмак. Так аныкталган илимий негиздер, асмандагы ар бир тело, кандай гана масса да, кандай гана көлөмдө болбосун, тартылуу законуна баш ийет, өз нугунан чыкпайт, тартиптүү кыймылда жүрөт. Асманга көтөрүлүү үчүн кыймылдаткыч пайда кылган тартуу

күчүнүн реактивдүү агымдын ылдамдыгынын мааниси чоң. Көтөрүлүү акыйкатын Куран Карим мыкты баяндаган.

Космостун караңгылыгы боюнча илимий акыйкатты, илимий ачылышты Алла Таала: «**Көзүбүз мас болуп калды (азгырылды), жок, биз сыйкырланып калдык**» деп, «көзүбүз мас болуп калды» дегени көзүбүз жабылып, тосмо коюлуп, же бөгөт коюлуп, көрүүдөн тыйылып калды дегени. Мындай учурда адам караңгыдан башка эч нерсе көрө албай калат. Өткөн кылымдын алтымышынчы жылдардында космоско ийгиликтүү көтөрүлүп, мурда такыр билбеген, элестетпеген космостун акыйкатын, караңгылын көргөн инсан, бул акыйкат боюнча тээ 14 кылым илгери эле кереметтүү Куран өтө сонун сыпаттама бергенин билген соң ага таң калбай койбойт. Космостогу бир катмар караңгылык жапкычтын акыйкатын билген соң таң калбай койбойт.

Алла Тааланын «караңгылыкта көтөрүлүштү» сөзүндөгү «караңгылыкта» бүт тараптан каптаган дайымкы капкараңгылык жөнүндө сөз болуп жатат, ага түн менен күндүз алмашып турган катмардан өйдө көтөрүлгөндө гана күбө болот. Адам жерден күндүзү көтөрүлүп, жарыкта учуп баратып эле ошол чектен ашкандан кийин дароо караңгылык ар тараптан каптаганына аң-таң болуп калат.

Мына ушул акыйкат, Куран Карим бардык нерсени илиминин, кудуретинин, даанышмандыгынын негизинде жараткан Улуу Алла Тааланын кеби экенине, «**жолдошуңар адашкан да жок, жолдон чыккан да жок, ал өз оюнан чыгарып сүйлөбөйт**» (Нажм: 3-4)

деп сыпатталган Мухаммад (САВ) Алланын элчиси экенине, күбө жана далил эмеспи.

## Экинчи бап: Жылдыздар менен планеталарды ажыраткан Куран Каримдин керемети

Алла Таала: «**Асманда топ жылдыздарды жасап, ага чырак менен жарык айды жараткандын мартыгына береке!**» деген (Фуркан: 61). Алла Таала: «**жаркыраган шам чырак** *күндү* **кылдык**» деген (Наба: 13).

**Тапсирчилердин сөздөрү:**

Куртуби: ««жаркыраган шам чырак кылдык» дегени жанып, күйүп турган, ал – күн дегени, ибн Аббас: «жаркыраган: жарк-жарк күйгөн жарыктык деген»» дейт.

Иззу ибн Абдусалам: «Алла күндү чырак деп атады, анткени чырак сымал андан ысыктык чыгат, нур чачылат» дейт.

Ибн Касир: «**Асманда топ жылдыздарды жасап, ага чырак менен жарык айды жараткандын мартыгына береке!**» нурдуу күн дүйнөдөгү чырак өңдүү дегени, Алла Тааланын: «**жаркыраган шам чырак** *күндү* **кылдык**», «**жарык айды**» деген сөзүндөй, тагыраак айтканда, айдын жарыгы өзүнүн жарыгы эмес, башканын жарыгынан», Алла Таала: «**Ал – күнгө жарыктык берип, а айга нур берген**» деген сымал (Юнус: 5)» дейт.

Башка аят боюнча Ибн Касир: «**жаркыраган шам чырак** *күндү* **кылдык**» деген (Наба: 13), башкача айтканда, күндүн жарыгы бардык ааламга, бүтүндөй жерге тийип турат дегени» дейт.

Саади: «**жаркыраган шам чырак** *күндү* **кылдык**» тактап айтканда, анда нур жана жылуулук бар, ал күн, «**жарык айды**» дегени анда нур бар да, жылуулук жок дегени, мындай аябай күчтүү далилдер бар» дейт.

**Илимий акыйкат:**

Күндүн температурасы 6000Сге жакын, күндүн түпкүрүндө температура алда канча жогору жана борбордук зонасында 150 миллион Сге жетет. Жогорку температуранын натыйжасында күндөгү заттар газ түрүндө болушат, ал эми түпкүрүндө химиялык элементтер атомдук ядролорго жана эркин кыймылдаган электрондорго ажырап кетишет. Күндөгү бардык газ түрүндөгү масса анын борборуна тартылгандыктан, анда кармалып турат. Сырткы катмарлары өзүнүн салмагы менен тереңдегилерин кысат, катмар улам тереңдеген сайын кысуу күчөйт. Бул термоядролук реакциянын жүрүшүнө мүмкүндүк берет, анда ядролук энергиянын бөлүнүшү менен суутек, гелийге айланат. Бул энергия акырындык менен күндөгү тунук эмес затты тешип өтүп, сырткы катмарга сиңип, мындан дүйнө мейкиндигине тарайт. Күндүн борбордук бөлүгүндө гелийдин саны акырындык менен көбөйүп, ал эми суутектин саны азаят. Күндүн бети катуу катмарга ээ эмес, бизге көрүнгөн күндүн бети

фотосфера деп аталат. Күн жерди ысытып жана жарык кылып турат. Күн – бул жылдыз, түпкүрүнөн энергия бөлүп чыгуучу жарык чачуучу асман телосу. Ал эми ай балсо, башка планеталар сыяктуу эле тело, күндөн тийген нурду чагылдырып берет. Бул көрүнүш айдан башка бардык телолорго да мүнөздүү.

**Илимий акыйкат багыты:**

Куран Каримдин тексттери күн менен ай сымал асман телолорун, планета менен жылдыздардын айырмачылыгы боюнча 1400 жыл илгери эле шилтеме берген. Бүгүнкү өнүккөн астрономиялык изилдөө борборлору жакынкы өткөн жылдар ичинде гана оптикалык жана спектроскопиялык фотометриялык телескоп, перископ ж.б. аппараттар пайда болгондон кийин гана ошондой акыйкаттарга күбө болуп жатат.

Жылдыздар эң алыс, чоң көлөмдүү: «**Айкыкатта, жылдыздардын орундарына касам ичем, Чындыгында, ал деген, албетте, касам – эгер билсеңер, – улуу**» (Ваакыя: 75-76) деген, а планеталарды жерге жакын: «**Чындыгында, Биз дүйнө асманын жылдыздар** *планеталар* **кооздугу менен кооздодук**» (Соофат: 6) деген, кооздугун көрүүгө болот, зодиактык топ жылдыздарга караганда жакын жайгашкан дегени, Куран түшкөн доорлордо араб дүйнөсү андай айырмачылык боюнча ой дагы жүргүзө алган эмес.

Жылдыз асмандагы түпкүрүндө энергияга ээ тело деген пикирди азыркы илимден илгери Куран Каримдин тапсирлеген тапсирчилер айткан. Күндү

жылуулук тараткан, жарык чачкан деп сыпаттап, планеталарды туруктуу, жарыкты күндүн жарыгынан чагылдырган асман телолору деп аташкан. Күн өзүнөн нур, жылуулук таратып, негизги жана борбордук асман телосу, өтө ысык плазмалуу, энергиялуу шар, өтө кыймылдуу, өзгөрүүчү, анда хромосфералык жарк этүүлөр, протуберанецтер байкалат, планета аралык мейкиндикке таажы заттары таралып турат (күн шамалы), күн жердин географиялык кабыгында, биосферада, магнитосферада өтүүчү бүт процесстер үчүн энергиянын негизги булагы болуп саналат. Жарыгы туруктуу болгон тоголок шар эмес. Бул таң каларлык илимий акыйкатты Куран Карим эчаак эле айтып койгон. Мындай акыйкаттар жөнүндө Мухаммад (САВ)га ким кабар берди?! Албетте, жаратуучу Алла Таала.

## Үчүнчү бап: Асман телолорунун өз алдынча кыймыл-аракеттери

Алла Таала: «**күн менен айды** *макулуктардын пайдасына* **баш ийдирди. Ар бир нерсе белгиленген убакыт менен** *айланып* **жүрөт**»деген (Раад: 2, Фатир: 13, Зумар: 5). Алла Таала: «**күн менен айды баш ийдирип, алардын ар бири белгиленген өлчөмдө** *аралыкта* **жылып турганын**»деген (Лукман: 29). Алла Таала: «**Баары асман** *мейкининде* **сүзөт**» деген (Анбия: 33). Алла Таала: «**Ар бири асманда** *белгиленген кыймыл-аракетте* **сүзүп жүрө бериши керек**» деген (Ясин: 40).

**Таксттин далалаты:**

Бул Куран аяты Алла Тааланын асмандагы бүт планета, жылдыз, телолордун баарын мыйзамченемдүү ыраттуулукта кыймылган салып койгондугуна далалат кылат. Ибн Касир айткандай: «Асман телолорунун ар бирине Алла Таала кыймыл мыйзамын түзүп берип койгон, ар бири ошол мыйзамдан чыкпай, өз мезгилинде, тездебей да, кечикпей да айланып турат».

**Илимий далалаты:**

Жоромолго жол бербеген, сырткы далалатка ылайык, асман телолорунун ар бири көк асманда өзүнө

таандык машрут менен кыймылда жүрөт. Ар биринин белгилүү убакта белгилүү тездикте басып өтүүчү белгилүү аралыгы бар. Он жетинчи кылымга дейре асман телолору кыймылсыз, туруктуу, өз алдынча кыймылдай албайт, тек гана туруктуу жер бетинин айланасындагы кээ бир телолордун жарыктыгы аркылуу кыймылга келгенсип көрүнөт деген ишенимде жүрүшкөн.

Адамдар жерди абдан чоң жана оор, кыймылсыз, анын айланасында күн сырткы көрүнүштө айланып турат, а жылдыздар туруктуу, кыймылсыз, тек гана терезе өңдүү кээ бир телолор айланганда айлангандай сымал көрүнөт, планеталар дагы туруктуу, кыймылсыз, кээ бир телолор айланганда айлангандай көрүнөт деп эсептешкен. Бирок Куран алардын ошондой чындыкка такыр оошпогон жоромолдорун четке кагып, асманда ар биринде багыттуу жолдор бар деген жаңы түшүнүктүү жарыялады. Ар бир тело өз алдынча кыймылга ээ, өз орбитасында өзүнө таандык ылдамдык менен, өзүнө гана өлчөнгөн аралыкка сүзүп жүрө берет. Мына ошолордун баарына ошондой тартипти Акылман жана Даанышман алдын-ала бүт түзүп берген. Ал тартиптен эч бири чыга албайт. Куран Карим кандай гана укмуш сүрөттөгөн да, кандай гана так, нак баяндаган: «**Үстүңөргө жети жолдорду** *асмандарды* **жараттык**» (Муминуун: 17). Ибн Жузи аль-Келби: «башкача айтканда, орбиталар – жолдор» дейт. Ибн Аашуур: «Жолдор жолдун көптүк түрү. Жол планеталардын орбитасы сымал» дейт. Жолго окшоштурганы, асмандагы ар бир тело кыймылда дегенди туюндурат, Алла Таала: «**Ар бири асманда**

*белгиленген кыймыл-аракетте* **сүзүп жүрө бериши керек**» деген (Ясин: 40), Алла Таала: «**Баары асман** *мейкининде* **сүзөт**» деген (Анбия: 33), **Ар бир нерсе белгиленген убакыт менен** *айланып* **жүрөт**»деген (Раад: 2, Фатир: 13, Зумар: 5). Алла Таала: «**күн менен айды баш ийдирип, алардын ар бири белгиленген өлчөмдө** *аралыкта* **жылып турганын**»деген (Лукман: 29). Куртуби: «**Баары, ар бири**» дегенде, күн, ай, жылдыздар, планеталар ж.б. «**асман** *мейкининде* **сүзөт**» дегенде, кыймылда жүрөт дегени» дейт. Ибн Зейд: «Орбиталар жылдыз, күн, ай жүрө турган жол» дейт.

Күн өз орбитасында белгиленген ылдамдык менен жүрөт. Ошондой эле ай дагы: ««**күн менен айды** *макулуктардын пайдасына* **баш ийдирди. Ар бир нерсе белгиленген убакыт менен** *айланып* **жүрөт**»деген (Раад: 2, Фатир: 13, Зумар: 5). Алла Таала: «**күн менен айды баш ийдирип, алардын ар бири белгиленген өлчөмдө** *аралыкта* **жылып турганын**»деген (Лукман: 29). «Баары, ар бири» деген сөз көптүк түр, күн дагы, ай дагы белгилүү кыймылда жылат, ошондой эле башка бардык асман телолор дагы, жогорку аятта эскерилбесе да, Алла Тааланын: «**Баары асман** *мейкининде* **сүзөт**» деген (Анбия: 33) сөзүндө, орбитталардын көптүгү, басып өтүү мейкиндигинин, басып өтүүчү телолордун көптүгүн билдирет. Бул Алла Тааланын кудуретин, жалгыздыгын чагылдырган өтө көркөм баяндама.

**Илимий керемет тарабы:**

Куран аяттары асман тууралуу баяндап жатып, андагы туруктуу өтө кылдат мыйзамдын бар экендигин ачыктады. Мындай акыйкатты эскерткен Куран аяттары өтө көп кайталанганын да байкадык. Асман телолорунун көздүн жоосун алган дал Куран сыпаттаган көрүнүштү астроном илимпоздору телескоп куралдарын ойлоп тапкандан кийин гана өз көздөрү менен көрүп жатышат. Мыйзам – туруктуу, кыймыл – өтө кылдат, телолордун ортосундагы байланыш – аябай дыкат, мыйзам өтө тактык чеберде түзүлгөн. Бул текст далалат кылган Куран кабарлары азыркы астрономиялык иликтөөлөр менен дал чыгып турганы, ошондой мыйзамдын Ээси бардык нерсени укмуш чеберчиликте жараткан Алла Таала экенине күбө, андай кабарды жеткирүүчү өз каалоосу менен сүйлөбөгөн Мухаммад (САВ) экенине далил. «**Чындыгында, ал каалоосу менен сүйлөбөйт, тек гана вахий (аян) сөздөрүн гана сүйлөйт**».

**Төртүнчү бап:**
**Кара туңкуюк**

Алла Таала: «*Күндүзү* **аркага кайтуучу жылдызга касам ичем!** *Түнү* **кыймалга келүүчү** *жылдызга касам*! **Аркага кайтуучу түнгө** *касам*! **Жарык болгон таңга** *касам*! **Чындыгында, ал** *Жебреил* **– албетте – ардактуу элчи»** деген (Таквир: 15-19).

**Тексттин далалаты:**

Бул аяттар аябай чоң көрүнүүчү жана көрүп калуучу сыпаты бар, асманда алдына чыгып кала турган телолорду жутум ийчүү мүмкүнчүлүккө ээ, кудум галактикада чоң сормо пылесостун ишин аткаргандай иш жасаган, жылдыз жөнүндө сөз кылып жатат.

**Илимий акыйкат:**

Джон Мичелл 1783 жылдарда жазган макаласында, ал өзү тартылуу массасы өтө чоң, гравитациалык тартылуу күчү аябай күчтүү, эң тез жарыктык ылдамдыгы да андан өтүп кете албайт.

Радиусу 500 күндүн радиусуна тең, жыштыгы космостук ылдамдыкка, жарыктык ылдамдыгына тең, жарыктык телодон ажырап кетиши мүмкүн эмес, андыктан ал көрүнбөй калат. Мичелл ошондой эле асманда биз көрө албай жаткан дал ошондой сыпаттагы көрүнбөгөн көптөгөн объектилер болушу толук ыктымал деген пикирин билдирген. Дал ошол көрүнбөгөн объектилер азыркы күндө биз атаган «кара туңгуюк».

1796 жылдарда Бер Симон Лаплас жогорку көз карашты ортого салган, бирок замандаштары анын акыйкаттыгына шектенишкен. Андан кийин Альберт Эйштейиндин салыштырмалуулук теориясы чыгып, кара туңгуюктун бардыгы мүмкүн экендигин далилдеген. Анан астрономия илиминин окумуштуулары кара туңгуюк боюнча изилдөөлөрдү жүргүзө башташат. Акыры 1971 жыл эң биринчи кара туңгуюкту табышат.

Ошентип, кара туңгуюк тегерегинде болгон ар түрдүү пикирлер акыры барып акыйкатка айланды. Узакты даана көрсөткөн телескоптор аркылуу астрономдор өз көздөрү менен көрүштү. Салыштырмалуулук теориясы илимий акыйкаты такталып, физика багытындагы адистер тарабынан кабылданды.

Кара туңгуюк, демек, асмандагы бир жай, аябай көп гравитациалык массанын кичинекей бир көлөмгө топтолгону. Кара туңгуюктун пайда болуусу үчүн материянын (ядронун) көлөмү эң кичине чегине жетиш керек. Материянын түзүлүшү гравитацианын таасиринин алдында катуу басымга, кубаттуу кысымга

кабылып, түзүлүшү бузулуп, өзүнө гана таандык өзгөчө бузулууга барат, ички тарабына тартылат. Ошол басымдуу күч материяны (жылдызды) кысып олтуруп, аны көлөмүн эң кичинекей, а тартылуу күчүн эң кубаттуу кылып салат. Масса жышталат, тагыраак айтканда, ныпым боштук калбайт. Тартылуу гравитациясы ушунчалык деңгээлде күчөгөндүктөн, кандай гана тело жанынан өтпөсүн, атүгүл жарык дагы ага тартылбай, андан кутулуп кете албайт. Ошондуктан, жанынан өткөндүн баарын өзүнө жута берет. Жутуп олтуруп, боштук көлөмү чоңоёт, жутуу кудурети ого бетер күчөйт. Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясы боюнча, гравитациалык тартулуу күчүнүн таасиринин алдында жарыктык ийилет, кыйшаят, асман мейкининде жаа сымал, траекториясын өзгөртөт. Ал эми кара туңгуюк өз жайындагы мейкиндикти жаа сымал ийилттет да, тартылуу күчү аркылуу жанынан өтүп бара жаткан жарыктыктын нурларын жаа сымал ийилтип салат. Мына ошондуктан, ага алыстан байкоо жүргүзүп жаткан адамга ал жоктой, боштондук сыяктуу көрүнөт. Эгер жарыктыктын кай бир ишараты (нуру) тартылуу күчүнө тартылбай калуусу мүмкүн болбогондон кийин, эч кандай жарыктык чыгышы мүмкүн эмес. Ошол себептен, кара туңгуюк деп аталды. Бирок анын жанына жакындаган материяны (телону) жутуп алуудан алдын, тартылуу күчү менен бүктөйт (оройт), мына ошол процесске байкоо жүргүзсө болот. Кара туңгуюк айланасындагы жылдыздардын кабыры делинет. Анткени, тегерегиндеги нерселерди өз кучагына имерип, оройт, жутат, мейкиндиктин бетине эч бир из калтырбайт. Айланасындагы нерселердин

баарын ар тараптан бүктөп, түрүп, орогону боюнча Алла Таала: «*Ошол* **күнү асманды жазылган барак оролгондой ороймуз**, *түрөбүз*. **Оболку жолу кандай жаратсак, аны кайра ошондой** *абалга* **келтиребиз.**» деген (Анбия: 104). Илгери жазылган баракча «оролгон баракчалар» болгон, өзүнө канчалык оролгон сайын жазуулары ошончолук байкалбай, акыры толук бүктөлгөндө, андагы нерсе такыр көрүнбөй калат. Сырдуу, жашыруун бул нерсени аян аркылуу Даанышман Алла ушундай көркөмдө салыштырып баяндаган, илим-билим өнүгө элек замандарда бир дагы адам ал тууралуу ооз ачууга, ой жүгүртүүгө кудурети жетпеген. Жакынкы он жылдыкта гана ошого ылайык механизм, приборлордун пайда болушунда гана кара туңгуюктун өзүнө чоң жылдыздарды имерээри белгилүү болду. «**түшүп** *(оролуп)* **баратса**» деген этиш дагы ачык айтылып, чоң жылдыздардын өзүнө-өзү оролуп түшүп бара жатканын сыпаттаган. Алла Таала: «**Жылдызга** *ант*, **эгер** *(оролуп)* **түшүп баратса, жолдошуңар адашкан да жок, жолдон чыккан да жок, ал өз оюнан чыгарып сүйлөбөйт, болгону ал, ага түшүрүлгөн аян гана эле»** деген (Ан-нажм: 1-4).

Кара туңгуюктун карып, өмүрүнүн акыркы баскычына жеткен, күндүн массасынан беш эсе көп массага ээ болгон эбегейсиз жылдыздарды билдиргени талашсыз илимий акыйкат. Кара туңгуюк жыш массасы менен, кубаттуу тартылуу күчү менен өзгөчөлөнөт. Анын жанынан бир дагы нерсе, атүгүл, жарыктык шооласы да өтүп кете албайт. Мына ошол үчүн кара туңгуюк деп аталган. Кудум, асман мейкиндигиндеги туңгуюк (тешик) сыяктуу, көрүнбөгөн жайды

чагылдырат. Ошол эбегейсиз чоң жылдыздар пылесос сымал алдынан чыккан нерсенин баарын жутуп кетет. Алар «Гигантык вакум пылесос» деп аталат. Буга 1916 жылдарда Карл Шварцшильд менен 1934 жылдарда Роберт Оппенхеймердин теориялык радиустук эсептөөлөрү далил болсо, 1971 жылы байкоо жүзүндө аныкталды. Окумуштуулар кара туңгуюук биздин галактикабыздын (ар бир галактиканын) борборунда (Саманчынын Жолунун борборунда) жайгашкан. Жылдыздар белгилүү айлампадан айланып, эскилери өз кыймылын токтотуп, кыймылсыз болуп калат, алар «туруктуу жылдыздар» деп аталат, кээ бири өмүрүнүн аягы чыгып, массасы эбегейсиз жышталып, тартылуу кубаттуулукка ээ болот да, алдынан чыккан нерсенин баарын жутуп, тартылуу күчүнүн себебинен жарыктык шоола да чыкпай, масса жана күч жагы аябай көбөёт.

**Илимий керемет тарабы:**

Кара туңгуюк боюнча такталган илимий акыйкаттар менен ал жөнүндө эч бир түшүнүк, эч бир элес болбогон заманда түшкөн Куран Каримдин аяттарынын далалаттары төп келгенине күбө болдук. Андай акыйкаттар соңку он жылдыктарда гана ачылды. Мына ошонун баары, ошону жараткан Алла Тааланын кабары экенине, ошол аяттары жеткирген Мухаммад (САВ) Алланын элчиси экенине, ачык-айкын жүйөө.

**Бешинчи бап:**
**Сактаган чатыр**

Алла Таала: «**Асманды сактаган шып кылдык. Ал эми алар анын** *асмандын* **аят** *белгилерин* **чекке кагып олтурушат**» деген (Анбия: 32)

**Тексттин далалаты:**

Тексттин жүрүшүндө бул аят үстүбүздөгү асман бизди үйдүн чатыры (крышасы) сыяктуу сырткы коркунучтардан сактап турганына далалат кылып жатат. Асман деген сөздү мурда билбеген кооптуу нерселерден бизди коргоп турган абадагы кыртыш (жамынгыч) катары түшүнсөк жарайт.

**Илимий далалат:**

Жерди жаап турган аба кыртышы (жамынгычы) физикалык жана башка жаатта ар бир катмардын сыпатына жараша бир нече катмарларга ажыратып кароого болот. Баары биригип жерди коргоочу соотко окшойт. Жаңы илимий ачылыштар атмосферанын бир нече катмарларын аныктады:

1) Тропосфера катмары – аба-ырайы өзгөргөн катмар же төмөнкү катмар, бийиктиги 8км 18км чейин, ортонку бийиктиги деңиз деңгээлинен 11км түзөт. Тропосферада бардык атмосферанын 80-90%, ал эми суу буусунун дээрлик бардыгы жайгашкан. Ар 100м бийиктеген сайын температура орто эсеп менен 0,65 төмөндөп, жогорку чегинде 220К (-53С)ге жетет. Бул 78% нитрат, 21% кислород, 97% аргон, 0,03% оксид карбонат, суу буулары, газдардын түрлөрүнөн турат. Шамалдын жүрүшү, булуттардын пайда болушу, чагылган чагылып, жамгырдын жаашы өңдүү табигый кубулуштар дал ушул катмарда болот.
2) Стратосфера катмары – аба өзгөргөн катмардын үстүндө жайгашкан, 11-50км ге чейинки аба катмарын камтыйт. Бул катмарда деңиз деңгээлинен 20-30км бийиктикте, б.а., 15км, – 55км аралыкта биосферанын жогорку чегин аныктаган «озон катмары» деп аталган катмар жайгашкан. Озон катмары жер бетиндеги тиричилик үчүн зыяндуу болуп эсептелген ультркызгылт-көк нурданууну жутуп алат. Бул коргонуучу катмар болбогондо жер бетинде жашоо болмок эмес. Озондун зыяндуу ультркызгылт-көк нурданууну жутуп алганын натыйжасында стратосферада ысыктык температура жогорулайт, а аба басымдуулугу 0,01ге чейин төмөндөйт.
3) Мезосфера катмары – ортоңку катмар, деңиз деңгээлинен чамалуу 85км бийиктикте, б.а., 50км менен 80-90км аралыкты ээлейт. Мында жылуулук температурасы эң төмөн чекитке

жакындайт, абанын температурасы 75-80км бийиктикте -88Сге чейин төмөндөйт. Жерден улам бийиктеген сайын аба температурасы 90С чейин төмөндөп, аба басымдуулугу дагы басаңдап, төрт миллион аба басымы чейин жетет.

4) Термосфера катмары – ысыктык катмар, мезасферадан кийинки аба катмары, 80-90км менен 700км чейинки аралыкты ээлейт. Деңиз деңгээлинен 600км бийикте чейин созулат. Температура жогорулайт, ошол себептен, ысыктык катмар деп аталат. Бул катмарда ионосфера бар, деңиз деңгээлинен 400км бийиктикте жайгашкан, анын жер бетиндегилерди күчтүү жарыктык нурдан, күндүн шамалынан коргоодогу ролун аябай чоң. Ошондой эле радио толкундарын бүткүл диапаздондо чагылдырып турат.
5) Экзосфера катмары – сырткы катмар, абадагы эң жогорку катмар, бийиктиги деңиз деңгээлинен 700км ден 35000км дейре созулат. Аба көп эсе водород, гелий сыяктуу аз газдардан турат, а тыгыздык такыр жоюлган өңдүү болот.
6) Магнитосфера катмары – 50 000км бийиктикке чейин созулат. Мында кыймылга таасир тийгизген жердин магниттик талаасы өтөт. Мына ошол себептен, магниттик жамынгыч деп аталат. Ички радиациалык пояс деңиз деңгээлинен 2000км бийиктикте жайгашкан. Ал космостон учуп келүүчү эң жогорку энергиялуу атомдорго капкан сымал. Эгер Алла Таала мына ушул катмардарды жаратпаганда, жер бетин жашоо кечүү мүмкүн эмес эле.

«**Асманды сактаган шып кылдык**» деген сыпаттамалык мүнөздөмө абалык (атмосферанын) катмарына далалат кылып, дал келип турат. Ал, чындыгында, бизди бизге келе турган ар кандай коркунучтардан сактайт. Ал бүгүнкү күндө баштапкы жаралышынан өзгөчөлөнүп, жайылып кетүүдөн сакталган. А айдын азыркы абалы, баштапкы жаралыш кейипинде газдуу кыртышы жайылып олтуруп, анын бети сактай турган шып, чатырсыз калды. Мына ошол себептен, ага учуп бара турган космонавтар өлүп калуудан качып, керектүү нерселерди камсыздап алууга тийиш. Абанын кээ бир өзгөчөлүктөрүнө Алла Таала биздин көңүлүбүздү төмөндөгүчө бурат: Алла Таала: «**Асманды сактаган шып кылдык. Ал эми алар анын** *асмандын* **аят** *белгилерин* **чекке кагып олтурушат**» деген (Анбия: 32). Бул жайылууга тыюу салуу жана кооптуу нерселерден коргоо дегени. Мына ушул өзгөчөлүктөрдү илим-билим изилдөөлөр жыйырманчы кылымда гана ачыктады. Жерди бүтүндөй каптап турган аба катмары (көк асман) эң зарыл милдет аткарат, ал – жер бетиндеги жашоо улануусун камсыздоо. Ал жашоонун нугун бузуучу, жер бетине түшсө талкалап кыйратуучу ар кандай асмандагы телолордон коргоп турат.

Аба кыртышы (көк асман) жарыктыктын пайдалуу гана нурларын өткөрөт, зыяндуу нурларды өткөрбөйт. Минус 270 градустагы суукtan жер бетиндеги заттарды сактап турганы эле коргоосуна жетиштүү далил. Планетадагы тирүү жандыктарды өтө зыяндуу күн шамалдарынан соот өңдүү магниттик поястары коргоосуна жетиштүү далил. Алла Таала ошол аба

кыртышын (көк асманды) жаратпаганда, миллион-миллион деген метеориттер жерге кулап, жердеги жашоону бүт талкаламак. Кыскача жыйынтыктаганда, жерден жогору бийиктикте, биз көрбөгөн, бизди сырткы коркунучтардан сактаган кынтыксыз бир мыйзам бар. Аны окумуштуулар жакында гана ачыктап чыгышты.

**Илимий керемет тарабы:**

Жакынкы аралыкта гана илимий ачылыш катары изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуулардын эмгектери боюнча асманда сүзүп жүргөн түркүн-түркүн тело, камета, метеорит ж.б.у.с. нерслерден жер жүзүн коргоп турган аба кыртышынын барлыгы – жердин ар кандай коркунучтан сактап турган асман жөнүндө айткан Куран аяттарына далалат кылып, төп келип чыгып олтурат. Мындай жыйынтык Куран Карим бул ааламды жараткан Алла Тааланын китеби экенине шексиз далил. Анткени, адам баласы космос жөнүндө такыр кабарсыз доордо түшкөн. Өзгөчө, бул Куранды жеткирген пайгамбар (САВ) окууну да, жазууну да билбеген, сабатсыз киши болгон.

## Алтынчы бап: Абада калкып жүргөн булуттардын түзүлүшү боюнча айтылган Куран Каримдин керемети

Алла Таала: «**Чындыгында, Алла булуттарды каалаган жагына айдайт да, анан аларды бирин-бирине бириктирип, түрмөктөлгөн** *кабат-кабат* **кылганын эмне билбейсиңби?!** *Анан* **алардын араларынан жамгырдын жааганын көрөсүң. Асмандан, кээ бир** *булуттуу* **тоолорго мөндүр жаадырат. Ал аркылуу каалаганына** *пендесине* **апаат жеткирет, каалаганынан аны буруп салат**» деген (Нур: 43).

**Тапсирчилердин сөздөрү:**

Ибн Касир: «Алла Таала булуттарды кудурети менен **айдайт** деп эскерткени, булуттарды акырындык, жумшактык менен кыймылга салуу дегенди билдирет» дейт.

Асфахани: «**бириктирет**» жыйноо, чогултуу, ар башка бөлүкчөлөрдү топтоо, тартипке салуу, алдыга турганын алдыга, артка турганын артка коюу.

«**түрмөктөлгөн** *кабат-кабат* **кылганын**» биринин үстүнө бири жайгашуу» дейт. «*Анан* **алардын араларынан жамгырдын жааганын көрөсүң**» бардык тапсирчилер жамгыр, жаан дешет, «**Асмандан, кээ бир** *булуттуу* **тоолорго мөндүр жаадырат**». «**Асмандан түшүрөт**» дегенде булуттардан дегенди туюндурат дейт Абу Сауд. Төбөңдөгү бардык нерсе – асман болуп саналат. «**тоолорго**» көлөмү жагынан тоого окшош чоң бөлүкчө, «**мөндүр бар**» тоолорду баяндап берип жатат, «**Ал аркылуу каалаганына** *пендесине* **апаат жеткирет, каалаганынан аны буруп салат**» Куран Карим ушул обзацты мөндүрдүн, жамгырдын качан, кайсы жерге жагандыгы Алла Тааланын каалоосуна байланыштуу экендигин аныктайт. Негизи эле, бардык нерсе Алланын каалоосу менен болору баарыбызга маалым. Жамгырдын жааганы, мөндүрдүн жааганы бүт Ал сыпаттаган мыйзам менен ишке ашат.

«**Чагылгандын соккусу көздөрдү алып** *жулуп* **кете жаздайт!**» Алла Таала чагылгандын соккусу күчтүү экенин баяндап, соккусу деген сөздөгү таандык илик атооч эң жакынкы сөзгө барат, ал болсо, мөндүр, чагылгандын жаркылдаганы, соккусу «**көздөрдү алып** *жулуп* **кете жаздайт**» б.а., аны сууруп, чыгарып ала жаздайт, жарыктын кубаттуулугунан, процесстин тездигинен көз эч нерсе көрбөй калат. Мөндүр, нөшөрлүү жамгырдан келип чыккан чагылгандын соккуусу жөнүндөгү керемет баяндама нөшөр, мөндүр коштоосунда пайда болгон электр заряддар боюнча илимий ачылыш менен дал келип турганы, албетте, таң калтырбай койбойт. Чагылган нөшөр, мөндүрдөн

болоору тексттн ачык айтылып жатат, эч кандай божомол жок.

**Илимий акыйкат:**

Булуттардын көп түрү болот, алардын азы жамгырлуу болот. Синоптиктер булуттарды, алардын жайгашуу бийиктигине, түзүлүш жолуна ж.б., нерсеге таянуу менен бир топ классификацияга бөлүшкөн. Алардын бир түрүн түрмөктөлгөн булут деп аташкан. Дал ушул гана булут түзүлүп, түрмөктөлүп, жышталып, Алланын каалоосу менен, аябай нөшөрлүү болуп жаайт. Дал ушул гана булут мөндүр, чагылган, чагылгандын соккусунун коштоосу менен жаайт. Дал ушул гана булут аябай бийиктикте (15км) аралыкта, кудум тоо сымал, чоң көлөмү менен айырмаланат. Метеорология илиминин өнүгүсү менен, радар, спутник сыяктуу ар түрдүү байкоо жүргүзгөн аппараттар жана электрондук эсептөөлөр аркылуу бул багыттын окумуштуулары (метерологдор) булуттар жөнүндө деталдуу изилдөөлөрдү жүргүзүп келет.

**Метеология илиминдеги түрмөктөлгөн булуттар:**

**а) Түзүлүштүн башталышы:**

Түрмөктөлгөн булуттарды башаты – шамалдар кичинекей булуттарды топтоло турган жайга айдоо менен башаталат. Булуттардын ошондой бөлүгүн айдоо суунун буусунун салмагы (массасы) көбөйүүсүнө алып барат. Өзгөчө, эң обол жыйналган жайда – бул айдоо

түрмөктөлгөн булуттардын пайда болушунун эң негизги, эң зарыл себеби.

**б) түрмөктөлгөн булуттардын өнүгүшү:**

1) Жыйноо: маалым болгондой, булуттардын тездиги шамалдын тездигинен канча эсе жай, булуттардын көлөмү канчалык көбөйгөн сайын, тездиги ошончолук жайлайт. Анткени, салмактуулук өз таасирин тийгизет. Ошондой эле топтоло турган жайга багыт алган сайын шамалдын да тездиги жалпысынан басаңдайт. Мына ошол себептен, булуктардын бөлүктөрү бири-бирине жакындап, кошулуп, жыштыкты пайда кылышат.

2) түрмөктөлүү: эки же андан көп булуттар кошулушса, булуттардагы абанын потогу жалпылай көбөёт, бул процесс булуттардын ылдыйкы базасындагы суу буусун имерүүгө алып барат да, булуттарды жогорулатпай кармап турган аба потоктору тездете турган жыштыкты пайда кылган энергияны, кубаттуулукту күчөтөт.

Жалпысынан, булуттардын топтолушу түрмөктөрдүн көбөйүшүнө алып барат, көбөйүшү жогорулатат, бийиктегени жыйналган булуттардын жамгыр, мөндүр, чагылган жаатындагы кубаттуулугуна далалат кылат. Андыктан, биз сөз кылып жаткан, түрмөктөлгөн булуттардын ушул процесси эң негизги процесс катары саналат да, булуттардын башка түрлөрүнөн айырмаланып турат.

Түрмөктөлгөн ушундай булуттар бар, аябай бийикке көтөрүлөт, төмөнкү жагына суу тамчыларын камтып, ортосуна тоң, аябай муздак тамчыларды, мөндүрлөрдү камтып, ал эми туу чокусуна болсо, карларды камтыйт.

Мына ушул булуттарда (сууну же мөндүрдү же экөөнү тең бирдей камтыган) чагылган болот, жарк-журк этип чагылган согот. Мына ушул булуттар тоолор сыяктуу болушат.

Метереология илиминин окумуштуулары дал ушул түрмөктөлгөн булуттар гана мөндүрдү пайда кыла турган өзгөчөлүккө ээ экендигин изилдеп, таап чыгышты. натыйжада, булуттардын ичиндеги потоктордун муздак бийикке көтөрүлгөндө мөндүр суунун буусу менен электрик заряддардын кубулушу аркылуу, электрик заряддар менен булуттардын жогорку жана төмөнкү жактарынан алыстаткан потоктордун төмөн түшүүсү аркылуу жаралат.

**Илимий керемет багыты:**

Эгер Куран Каримдин аятына көз чаптырып, түрмөктөлгөн булуттардын түзүлүшү боюнча мезгилдик аралыгына шилтеме жасаган баяндамасына баскыч-баскычы менен кадам таштасаң, Куран Каримдин аятындагы бир топ илимий акыйкаттар, илимий кереметтер, илимий ачылыштар ачылат. Өзүбүзгө-өзүбүз бир канча суроо беребиз:

Түрмөктөлгөн булуттардын түзүлүшүнүн биринчи кадамы, абадагы булуттарды акырын-акырын айдоо «**булуттарды каалаган жагына айдайт да**» деген кабарды Мухаммад (САВ)га ким айтты? Экинчи кадам, булуттардын бөлүктөрүн бириктирүү «**анан аларды бирин-бирине бириктирип**» деген кабарды ким баяндады? Мындай тартипти ким айтты? Мына ушул процесс, «**анан**» сөзүн колдонуу менен, бир нече

убакытты алаарын ага ким кабарлады? Түрмөктөлгөн булуттардын пайда болушу алардын биригүүсүнөн, биригүүнүн таасири негиз экенин ага ким айтты? Ошондой эле биригүү, «**анан**» сөзүн колдонуу менен, бир канча мезгилди алаарын ага ким баяндады? «**анан түрмөктөлгөн** *кабат-кабат* **кылганын**»? Бул маселелерди булуттардын түзүлүшүн, алардын ичиндеги аба потокторунун кыймылдары изилдеген гана адис билбесе, пайгамбар (САВ) ошондой изилдөөчү аппараттарга, спутниктерге ээ беле? Же бул ар бир акыл ээсине вахий (аяндын) далилдериби?!

Ошондой эле түрмөктөлгөн булуттардагы процесс (бийикке көтөрүлүү процеесинин натыйжасы) эгер токтоп калса, дароо жамгыр жаап иет деген кабарды Мухаммад (САВ)га ким айтты? Мындай нерсени окуу, изилдөө жолу менен гана билүүгө болот. Булуттун ичиндеги суу тамчылары, аба потоктору жөнүндө байкоо жүргүзүүчү атайын аппараттарга ээ адис гана билбесе, Мухаммад (САВ) эмне ошондой кудуретке, ошондой аппараттарга ээ беле? Булуттардын аралыгында боштондук болот, ошол жерден жамгыр жаайт деп пайгамбар (САВ)га ким кабар берди? Мындай маалыматты, асман менен жердин ортосунда баш ийген түрмөктөлгөн булуттардын ички түзүлүшүн, ичинде жүргөн аба потокторун деталдуу илими менен бүт баарын курчап турган гана билет.

Мөндүр жаадырган булуттар тоо сыяктуу болоорун Мухаммад (САВ) ким баяндады? Мөндүрдүн чагылганы барлыгын, чагылгандын соккуусуна мөндүр себеп экенин ким ага кабар берди? Чагылгандын жарк-журк эткен чагылышы, чындыгында, көзгө аябай

зыяндуу, эгер адам ага жакын туруп калса, сокур болуп же катуу жапа чегип калышы шексиз. Булуттардын ичиндеги электрик заряддарды, адардын суукта туура эмес бөлүнүшүү тууралында билбеген адам бул нерселерди кайдан билсин?

Он төрт кылым мурун Мухаммад (САВ)га мындай сырлардын баарын ким баяндады? Ал деген азыркы илимий көз караштардын бири жетпеген сабатсыз коомдун сабатсыз пайгамбары эмес беле? Ага бүткүл ааламга аны эскертүүчү катары жиберип, ага кереметтүү Куран түшүргөн Жалгыз Алла!!!

## Жетинчи бап: Кайтуучу асманга шилтеме кылган Куран Каримдин керемети

Алла Таала: «**Артка кайтуучу асманга** *ант*!» деген (Тарик: 11).

**Тексттин далалаты:**

Алла Таала: «**Артка кайтуучу асманга** *ант*!» деген сөзүнүн сүрөттөмө баяны асмандын жерди бүт курчап турган кайтуу, артка кайтуу сыпаттарына шилтеме кылат. Илгери мурунку тапсирчилер бул сөздү жамгыр деп тапсирлешкен, бирок бул сөз адамга немат тартуулганын эскертүү орунда айтылган. Кайтуу маанисин туюнткан бүт илимий ачылыштарды өзүнө камтыйт.

**Илимий акыйкат:**

Кайтуу сөзү чыккан жерге кайра кайтып баруу дегенди билдирет. Бир нерсени кайтаруу кыймыл атоочу үндүн жаңыры сымал, бир нерсени келген

тарабына кайтаруу дегенди туюндурат. Күн бул жерде өтүүчүнүн арт жагына кайтарып, ал жердин абасына кайтып жатат. Сыпаттама, курчап турган бир кыртыш (катмар) бар, ал катмар ар бир пайдалуу нерсени кайтарат да, ар бир зыяндуу нерсени артка оолактатып кайтарат деген маанини билдирет. Азыркы илимдин абанын өзгөчөлүктөрү боюнча илимий ачылышы кандай мыкты!

**Азыркы күндөгү илимий акыйкаттардан:**

1. Абадагы кыртыш (катмар) бууланган суунун жамгыр иретинде кайта кайтарат.
2. Абадагы кыртыш (катмар) канча деген метеориттерди кайта космосту көздөй кайтарат.
3. Магниттик кыртыш (катмар) күн шамалдарын кайтарып, жер бетин алыстан сактайт, алар жашоону талкалоочу нурлар (шоолалар).
4. Абадагы кыртыш (катмар) жерге багытталган кичине жана орто радио толкундарды чагылдырат (кайра кайтарат). Тагыраак айтканда, аба кыртышын электромагнит, радио толкундарынын нурларын кайра күзгү сымал артка чагылдырып салат. Ал кабельдик жана телевизиондук толкундарды чагылдырып кайтаргандай эле, тигилерди бийиктиктеги ионосферага кайра чагылдырып коёт. Бул жер бетиндеги радио жана телевизиондук толкун таратуу ишмердүүлүгүнүн негизи.
5. Абадагы кыртыш (катмар) күзгү сымал, ысыктыкты тескери чагылдырат, күндүзү

күндүн ысыгынан сактаган соот өңдүү, ошондой эле түндөсү жерди жылуулук табын жарылуудан жамынгыч сыяктуу сактап турат. Эгер ушул мыйзамченемдүүлүк, тең салмактуулук биртке бузулуп кете турган болсо, жер бетинде жашоо мүмкүн эмес. Анткени күндүзү күн аябай катуу ысып кетмек, же түндөсү суук аябай катуу сууктап кетмек.

Демек, абадагы кыртыш (катмар) жер бетине адамга пайдалуу бардык нерсени кайтарып (жиберип), зыяндуу бардык нерсе кайтарып (оолактатып) турат.

**Илимий керемет тарабы:**

Бул багытта кабыл алынып, туруктуу аныкталган акыйкаттардын илимий далилдерин көрүп чыктык. Алардан: жер бетин курчап турган жогорку катмарлар – асман деген сөз камтыган бийиктик – ысыктыкты, суукту, газдардын өлчөмүн ж.б.у.с. нерселерди жашоого ылайык нормада сактап турат. Ошондой эле бууланган сууларды жамгыр иретинде кайта жаадырат, жер тургундарын метеорит өңдүү ар кандай телолордон коргоп турат. Ошондой эле күн шамалдарын, радио толкундарды «кайтарып турат» деген сөзүнө ылайык артка тескери чагылдырат. Демек, ал аятта колдонулган сөзгө дал келет. Мына ушул тексттин жалпылык далалаттары менен асмандагы кыртыштары боюнча илимий аныктамалардын төп келгендиги илимий керемет болуп эсептелинет.

Акыйкатта, асмандын кайтаруу сыпатынын ар кандай сүрөттөрү жыйырманчы гана кылымда (акыркы он жылдыктарда) билинди. Ал эми асмын кайра кайтаруу күчкө ээ экендиги Куран Каримде он төрт кылым мурун айтылган. Азыркы күндө биз аныктаган сүрөттөрдүн баарын деталдуу сыпаттаган. «Кайра кайтаруу» деген бир сөздүн башка дагы толтура маанилери бар экендигин, балким дагы деле биле элекпиз. Бул сөз – Куран Карим жараткан Алла Тааланын сөзү экениндигин, Мухаммад (САВ) кабарды жеткирүүчү, асман менен жерди жараткан Алла тарабанын үйрөтүлгөн элчи экениндигин өзүнө камтыган күбөлүк сөз. Пайгамбарлардын акыркысы деп сыпаттаган Улуу Алла Тааланын пайгамбары акыйкатты гана айтат: «**ал өз оюнан чыгарып сүйлөбөйт, болгону ал, ага түшүрүлгөн аян менен гана сүйлөйт**» (Нажм: 3-4).

## Үчүнчү бөлүмдүн корундусу:

1) Куран Карим космостун караңгылыгына шилтеме берип жатат: Алла Таала: **«Алтургай асмандан бир эшик ачып койсок, анан ошого көтөрүлүп жатышса да, “Чындыгында, көзүбүз мас болуп калды** *азгырылды*, **жо-ок, биз сыйкырланган коомго айландык”, дешмек, сөзсүз»** (Хижр: 14-15) дейт. Бул аятта бир топ илимий кереметтер ачыкталды:

1. Асман жерди бүт жаап, курчап турганы. Б.а., айланабыздагы аба бекем курулуш, тартылуу күчү бизди кармап турганы.
2. Асманда кыймылдап жүргөн ар бир материя ийилген аралыкты басып өтөөрү. Куран аны «көтөрүлүп» деген сөз менен айтканы.
3. Космостун караңгылыгы. Атүгүл, эгер каршы чыгып жаткандарга асманга чыгууга бир эшик ачып берип койсок да, алар: «Көздөрүбүз сыйкырланып калды, жабылып калды, тосулуп

калды» дешмек деп сыпаттаган, а чындыгында, ошончо бийик көтөрүлгөндө көз эч нерсе көрбөй калат, себеби, айлана бүт караңгылыкта болот.

4. Күн менен жылдыз мисалы менен, планеталар менен жылдыздардын башка-башка экендиги. Куран Карим күндү чырак, а айды нур деп сыпаттаган, чырак энергиясы бар, ысыктыгы бар, жарык чачат, ал эми ай планеталар сыяктуу эле күндүн жарыгын чагылдырып гана турат.
5. Күн, ай, планета өңдүү асмандагы телолордун өз алдынча кыймылга ээ экендиги. Бул жөнүндө Куран Карим бир топ жерлерде эскерет: «**Ар бири асманда** *белгиленген кыймыл-аракетте* **сүзүп жүрө бериши керек**» (Ясин: 4).
6. Кара туңгуюктун бар экендиги. Куран Карим бул боюнча окумуштуулардын айткан толкон токой илимий божомолдорун үч сөз менен эле айтып койгон: «**Аркага кайтуучу жылдызга касам ичем! Кыймылга салуучу** *жутуучу жылдызга касам*!» деген (Таквир: 15-16). Бул көрүнбөгөн, дайыма кыймылда жүргөн, пылесос сыяктуу кубаттуу тартуу (жутуу) күчүнө ээ.
7. Асман сакталган шып, чатыр экендиги. Куран Карим асманды шып, чатыр катары сыпаттаган, акыркы замандагы окумуштуулардын илимий ачылыштары аркылуу метеорит, камета ж.б.у.с. ар түрдүү телолордон жерди коргоп турган аба кыртышы (катмары) бар экендиги аныкталды. Ал болбогондо, жер талкаланып жок болмок. Жердин ошентип талканып жок болуп кетүүсүнө

далалат кылганы – Куран Карим жараткан Алла Тааланын китеби кескин далил.

8. Түрмөктөлгөн булуттар. Куран Карим түрмөктөлгөн булуттардын түзүлүшү боюнча мезгилдик аралыгын баскыч-баскыч менен сүрөттөгөн. Мөндүрдүн чагылганы барлыгын, чагылгандын соккуусуна мөндүр себеп экенин, чагылгандын жарк-журк эткен чагылышы, чындыгында, көзгө аябай зыяндуу, эгер адам ага жакын туруп калса, сокур болуп же катуу жапа чегип калышы шексиз. Жогорудагы шилтемелерди баарына жакынкы илим-билим мезгилинде гана жетип олтурабыз, андан алдын бир дагы киши мындай ой жүгүртүүгө кудуретсиз эле.
9. Асмандын кайра кайтаруусу. Бул дагы илимий ачылыштан кийин гана маалым болду. Бул жамгыр менен гана чектелбейт, а аябай көп ар түрдүү нерселер менен байланышы бар. Мына ушундай илимий жаңылыктарга Курандын эчаак эле шилтеме жасаганы – керемет. Алла Тааланын сөзү ап-ачык: «**Кайра кайтаруу күчүнө ээ асманга ант!**» (Тоорик: 11).

# Төртүнчү бөлүм

# Жер илиминдеги илимий кереметтер

Алла Таала:

**«Жерди бешик** *сымал* **жаратпадыкпы? Тоолорду казык** *кылып...***»**

(Набаа: 6-7)

## Бөлүмдүн маанилүүлүгү жана максаты:

### Бөлүмдүн маанилүүлүгү:

Куран Карим көптөгөн аяттарында жаратылышка, ааламга, асман-жердин түзүлүшүнө, алардын ичиндеги нерселерге, тирүү жандыктарга жана тирүү эмес заттарга шилтемелерди берген. Мына ошол шилтемелерди баары жаратуучунун сан жеткис, эбегейсиз кудуретине, табиятты укмуш көркөмдө пайда кылган даанышман илимине далалат кылат. Капыр, ширк келтирип жүргөн, шектенип жүргөн адамдарга мына ушул нерселер – ааламдардын Жаратуучусу тарабынан акыйкатты табууга көмөк, жүйөө.

### Бөлүмдүн максаты:

1. Тоолордун түзүлүш боюнча да, вазыйпа боюнча да казык сымалдыгы.

2. Жердин тоголоктугу.
3. Жердин тарабын (четин) кемитүү.
4. Жердин ички басымдуулугу.
5. Жер бетиндеги эң төмөн жай.
6. Мекке шаарынын жер бетинин так ортосунда жайгашканы.
7. Араб чөлкөмүнүн суу, дарыялар, көктөмгө кайтышы.

**Бөлүмдүн мазмуну**

1. **Биринчи бап:**
   Тоолордун түзүлүш боюнча да, вазыйпа боюнча да казык сымалдыгы.
2. **Экинчи бап:**
   Жердин тоголоктугу.
3. **Үчүнчү бап:**
   Жердин тарабын (четин) кемитүү.
4. **Төртүнчү бап:**
   Жердин ички басымдуулугу.
5. **Бешинчи бап:**
   Жер бетиндеги эң төмөн жай.
6. **Алтынчы бап:**
   Мекке шаарынын жер бетинин так ортосунда жайгашканы.
7. **Жетинчи бап:**

Араб чөлкөмүнүн көктөмгө, суу, дарыяларга кайтышы.

## Биринчи бап: Тоолорду түзүлүш боюнча да, вазыйпа боюнча да сыпаттаган Куранды керемети

Алла Таала:
**«Жерди бешик** *сымал* **жаратпадыкпы? Тоолорду казык** *кылып...***»**

(Набаа: 6-7)

**Тапсирчилердин сөздөрү:**

Ибн Жаузи: ««**Тоолорду казык** *кылып*»: жер жайылып кетпеш үчүн» дейт.

Замахшари: ««**Тоолорду казык** *кылып*», б.а., үйдү (кемени якорь) казык сымал нерсе менен тарттырып койгондой, жерди да тоолор менен тарттырып койдук» дейт.

Абу Хаян: ««**Тоолорду казык** *кылып*», б.а., үйдү казыктар менен бекемдеп койгондой, жерди да тоолор менен бекемдеп, туруктуу кылып койдук» дейт.

Тоолор жерди казыктары дегенге аят шилтеме берген. Казыктын көп бөлүгү жердин астында кирип, а кичине бөлүгү жердин үстүндө болот, вазыйпасы болсо, бекемдөө, туруктуу кылуу.

**Илимий акыйкат:**

Британиянын чоң энциклопедиясынын аныктамасы боюнча, тоо жердин үстүнө көтөрүлүп чыккан жердин массасы. Ал дөбөдөн бийик. Тоо боюнча берилген бардык аныктамалар, анын жер бетинин үстүндөгү гана көрүнүшүнүн тегерегинде болуп келген. Эч бир аныктама, тоонун жер астындагы узакка созулган көп бөлүгүн камтып турган катмары жөнүндө ныпым сөз кылган эмес. Тоонун жер астындагы бөлүгү канча эсе чоң, узун экендиги эми гана аныкталып турат.

Бул акыйкат он тогузунчу кылымдын аяк чегинде гана сэр Джордж Эйри маятник аркылуу жер кыртышы тоого негиз болуп бере албайт, тоо калкып турган бөлүк, анда салмак жок, кудум деңиз бетиндеги аска-зоолор сымал, андыктан тоонун жер үстүндөгү бийиктигинин туруктуулугуна, бекемдигине гарант боло турган жердин астында анын абдан терең негизи (тамыры) сөзсүз болуш керек, гидростатикалык тең салмактуулук абалы, жердин алдындагы жыш жайгашкан катмардын үстүндө жыш жайгашпаган жеңил катмар калкып турат деген теорияны айткан.

Эйринин теориясы жердин ички катмарын изилдөө багыты өнүгүп, сейсмология жаатындагы жер титирөө өлчөмү аркылуу акыйкатка чыгып, далилденди. Тоонун жер астында терең тамырлуу бөлүгү бар экендиги

талашсыз илимий жүйөө болуп калды. Анын чоңдугу жана узундугу жер үстүндөгү бөлүгүнөн бир топ эсе чоң жана узун болушу аныкталды. Азыркы илимий изилдөөлөр, тоолор континентин ар бир плитасында жайгашкан тереңдикке созулган жыш масса экенин, ошол жыштык жердин астындагы өзүнүн тереңдигинин түбүндөгү ысыктыктын таасиринен жумшак ички айлампанын үстүндө салмагына жараша калкып турарын, анын натыйжасында, ошол айлампалары акырындык менен плитаны, аны менен кошо тоолорду кыймылга салаарын ачыкталды. Тектоника плиталары, б.а., литосферанын кыймылы түшүнүктөрү аркылуу алтымышынчы жылдары гана тоолордун терең тамырларга ээ экендиги тастыктала башталды.

Көрүнүп турган тоолор суунун үстүндө калкып жүргөн айсберг сыяктуу эле зоолордон турган чоң масса. Алла Таала континентерди жарата баштаганда, алар аскалуу магмада калкып жүргөн жука катуу кыртыштын түзүлүшүндө эле. Анан толкундап, созулган. Анан Алла Таала дал ошол катмардын алдынан вулкандуу тоолорду жаратты. Эң оболку аябай күчтү вулкандар жер үстүнө үймөк-үймөк болуп ашып чыгып, анан тоңуп, катып калып, биринин үстүнө бири үймөктөлүп, тоолорду түздү. Түрмөктөлгөн үймөктүн салмагы астындагы жылма катмарга басымдуулук кылып, тоонун тамырын пайда кылды, мына ушул нерсе континенттик плитанын туруктуулугун, тең салмактуулугун камсыз кылды.

**Илимий керемет тарабы:**

Он тогузунчу кылымдын орто ченине дейре тоолордун акыйкаттары тууралуу адам баласы эч нерсе билбеген заманда Куран Карим тоолорду түзүлүш жагынан да, вазыйпа жагынан да казыкка окшоштугун кесе баяндаган. Ошол окшоштуктун чындыгы кечээ гана ачыкталып олтурат. Казыктын жердин үстүндө кичине бөлүгү, астында болсо чоң бөлүгү кагылган болот, вазыйпасы ага байланыштуу нерсени бекем кармоо. Дал ушундай эле тоолор, алардын да жарым бөлүгү жердин үстүндө, а жарым бөлүгү жердин астында жайгашкан. Жер астындагы бөлүгү үстүндөгү бөлүгү менен узундугу, көлөмү жагынан шайкеш келип турат. Тоолордун вазыйпасы жер кыртышын, плиталарын созулуп, ажырап кетүүсүнө жол бербей, бекем кармоо.

Тоолордун вазыйпасын Мухаммад (САВ)га ким кабарлады? Тоолордун казык өңдүү бекемдоо милдетин аткараарын ким баяндады? Бул тууралуу адамзаты 1960 жылы гана билди го!! Пайгамбар (САВ) жердин жаралышын, созулушун көрдү беле? Илимий бул ачылыштар бул кабарлардын булагы Куран, Куран болсо, асман-жердин сырларын билген, тоо-жерлердин жаратуучусу Алла экендигин айгинелейт.

**Экинчи бап:**
**Жердин тоголоктугу**

Алла Таала: «**Түндү күздүзгө айландырып, күндүздү түнгө айландырып турат. Күн менен айды баш ийдирди. Ар бири белгиленген мерчем** *убакыт-саат* **менен жылып турат**» деген (Зумар: 5).

**Тексттин далалаты:**

Алла Таала: «**Түндү күздүзгө айландырып, күндүздү түнгө айландырып турат**» деген сөзүн, түн менен күндүздү жердин эки тарабы катары, түн күндүздүн ордун ээлеп, а күндүз болсо, түндүн ордун ээлеп турат, бул нерсенин кайталанганы жарыктыктын бет-маңдайында, өз огунан айланып турган тоголок бир нерсени элестеткенде гана, түшүнүүгө болот. Айрыкча, Куран Каримдин жаңылануну, кайталанууну

билдирген: «**айландырып турат**» учур чак этишин колдонгону бүгүнкү күндүн астрономиялык теориялары менен, тактап айтканда, жер эки полюс жайлары тарабына кичине капшырылуу менен тоголок формада, күн сайын күндүн бет-маңдайында, өз огунан айланып, аны менен күндүз менен түн алмашкан сыпаттамага дал келип олтурат.

**Илимий акыйкат:**

Куран Карим түшкөн доорлордон тартып эле жер теptегиз, анын чекелерин, ар тараптан асман купол сымал жаап турат деген негизсиз пикир бийлеп келген. Жердин тоголок формасы боюнча ныпым сөз болгон эмес. Андай түшүнүккө, эң обол ойлонуп табылган кемелер себеп болгон. Дал ошол кемелер жердин тоголоктугун аныкташкан.

1519-1522 жылдардагы Фернан Магелландын деңиз аркылуу жасаган саякаты эң биринчи «жер шаарын айланып чыгуучу саякат» болуп саналат. Ал эми космос изилдөө доорунда жердин тоголоктугу даана айкындалган, эгер жер теptегиз болгондо, жер бетинде бир таң атуу, бир күн батуу болмок, күн жер бетине толук жарык чачмак, баткан маалда жер бетинен нуру толук өчмөк.

Ал эми күн тоголок болгон үчүн күн жер бетинин бир бөлүгүнө, чыгыш тарабына жарык чача баштаса, башка бир бөлүгүн, батыш тарабын жарыктыгын киргизе баштайт. Бир жагына караңгы кирет да, бир жагына жарыктык чыгат, мына ошентип айланып турат. Мындай көрүнүш, жердин формасы тоголок болгондо

гана ишке ашат. Айландыруу, адатта, тоголок нерсенин айланасында гана болот.

Эгер сен бир нерсе менен топту оросоң, сен ошол нерсени тоголок кылып койгонуңду айтасың. Дал ошондой эле жердин бетин аба катмары бардык тарабынан ороп турат, ошол катмар (жамынгыч) жердин формасы өңдүү, таңдын нурлары ошол катмарга атомдорду жана частицаларды пайда кылат, күндүз менен түн жерди айланып турат. Куран Карим түн менен күндүзү бар абадагы тоголок кыртышка далалат кылуу менен жердин тоголоктугуна шилтеме жасаган.

**Илимий керемет багыты:**

Жер тегиз деген жоромолдо жүргөн доордо анын тоголоктугу боюнча Куран Каримдин ачык-айкын тексттеринин далалаттары бар. Андай жоромол илим-билим заманга дейре созулуп, жердин тоголоктугун аныктоонун башаты Магелландын жер шаарын айланып чыгуу саякатынан келип чыгат. Мына ошентип, илимий акыйкат менен Куран тексттеринин далалаты бирдей чыкты. Мына ушул кабар аркылуу Куран Каримдин кайып нерселерди баяндаганы айгинеленди.

## Үчүнчү бап: Жердин Тарабын (четин) кемитүү

Алла Таала: «*Алардын* **жерине келип, ар тарабынан кыскартып** *кемитип* **бараткаиыбызды эмне көрүшпөйбү? Алла өкүм кылат, өкүмүнө эч ким каршы тура албайт. Ал эсеп-кысапка өтө тез!**» деген (Рад: 41) Алла Таала: «**Бирок аларды жана ата-бабаларын ырахатка бөлөдүк, алардын өмүрү узун болду. Жерди ар тарабынан кемитип бараткаиыбызды көрбөй жатышабы?** *Же* **алар жеңүүчүбү?**» деген (Анбия: 44)

**Жердин тарабынан кемитүүсү боюнча түшүндүрмөлөр:**

Тапсирчилер (Алла алардын баарын Өз ырайымына алсын) аяттардын далалаттарын сырткы чындыкка дал келтирүү үчүн эбегейсиз аракет жасашкан, аракеттеринин сыйлык-сооптору жакшылык амал китептерине жызлган болсун. Жаратылышка байланыштуу табият сырларын камтыган Курандагы сөздөрдүн маани-маңызы өз түшүнүктөрүнө ылайык чечмелешкен. Алла Тааланын: «*Алардын* **жерине келип, ар тарабынан кыскартып** *кемитип* **бараткаԓыбызды эмне көрүшпөйбү?**» акыйкат сөзү боюнча айткан ибн Аббастын сөзүн Ибн Касир мындайча эскерет: «Биз Мухаммад (САВ) бир жердин артынан башка жерди ачаарыбызды эмне көрүшпөйбү?». Башка бир жерде: «ар тарабынан кемитүү талкаланганы – аалымдардын, факихтердин, жакшылык кылуучулардын өлүмү» делинген. Ибн Касир: «Биринчи сөз жакыныраак, Исламдын кыштактан кийин башка кыштакка жетиши, Алла Таала: «**Силердин айланаңардагы кыштактарды кыйратып жок кылганбыз, балким кайтып калышаар деп көптөгөн аят-белгилерди түшүргөнбүз**» дегендей (Ахкаф: 27)» дейт. Бул пикирди ибн Жарир дагы кубаттаган.

«Мунтахаб» аттуу тапсирде: «Бул аят камтыган акыйкаттарга акыркы илимий изилдөөлөр жетишти. Жердин өз огунан ушунчалык тездик менен айланганы, борбордон түртүлүшүнүн күчтүлүгү эки полюстун, жердин эки тарабын кемитүүгө алып барат. Ошондой эле жердин тоголоктугуна жабык газдардын бөлүкчөлөрүнүн атып чыгышы, эгер ал жердин тартылуу күчүнөн ашып кетсе, жердин тологогунан

сырткары чыгып кетет. Бул көрүнүш дайыма, үзгүлтүксүз болуп турат, жер айлануу менен жеке бели кемий берет. А мусулмандардын душмандарынын жерлери кемийт дегени эмес, бирок Куран аятын ошондой тапсирлөөгө (божомолдоого) толук ыктымал бар.

**Жердин тарабынан кемилиши боюнча илимий далалаттар:**

Жер деген сөз Куран Каримде тексттин жүрүшүнө жараша бир топ мааниде келет. Мисалы, топурак, өлкө, шаар, планета сыяктуу, ошондой эле аскаларды эритип жиберүүчү оттуу потоктордон бизди сактап турган континенттеги массалардан пайда болгон кургактык маанини да билдирет. Алла Таала: «*Алардын* **жерине келип, ар тарабынан кыскартып** *кемитип* **баратканыбызды эмне көрүшпөйбү? Алла өкүм кылат, өкүмүнө эч ким каршы тура албайт. Ал эсеп-кысапка өтө тез!**» деген (Рад: 41) Алла Таала: «**Бирок аларды жана ата-бабаларын ырахатка бөлөдүк, алардын өмүрү узун болду. Жерди ар тарабынан кемитип баратканыбызды көрбөй жатышабы?** *Же* **алар жеңүүчүбү?**» деген (Анбия: 44). Тексттин жүрүшү боло турган эң кооптуу нерсе, т.а., жерди ар тараптан кыскартуу, кемитүү боюнча коркутуп, сестентип жатат. Тарап дегенде, тилде бир нерсенин жагын, аягын, чекесин туюнттат. Ал эми тоголок нерсенин чекеси болбойт. Андыктан, жер деген сөздү планета маанисинде колдонууга туура келбейт. Ошондой эле коркутуу, сестентүү сөзүнүн мааниси

өзүнө-өзү тартылуусу, же эки тарабынын акырындан жешилиши, же ар түрдүү эрозия факторлорунан дегендик да оошпойт. Коркутуу, сестентүү адам баласын ойготуу, аларга түздөн-түз байланышы бар жашап жаткан жерге айтылып жаткн сөз, ошол алар жашап жаткан жер кыртышына, же литосферага карата айтылган. Литосфера аларды оттон коргоп турат, б.а., география илиминдеги континентик плита термини. Чындыгында, ал ортолукта алыстап кеткени аныкталган. Натыйжада, ичи оттуу частицаларды чыгарат да, кеңейүүгө алып барат, ошентип континентин плитасынын алдындагы ар бир плита кырчылып, курчап турган ар бир плитанын чекеси жешиле баштайт. Ошол себептен, кургак тарабында вулкандар, зилзалалар, жерге киргизүү коркунучтары күтүлөт. Алла Тааланын: «**Ал силерди кургакка** *жерге* **киргизсе же таштуу шамалга соктурса, эмне аман калабыз дейсиңерби?**» (Исра: 68).

Литосфера же адамдар жашаган кыртыш аларды ар кандай коркунучтардан, кудум жаш баланы ар кандай коркунучтардан сактап турган бешик, төшөк, алдына төшөлгөн килем, төшөнгүч сымал коргойт. Дал ушул сыпаттамалар Куран Каримде айтылган: Алла Таала: «**Ал** *деген* **– силерге жерди төшөк** *жата турган жай***,**» деген (Бакара: 22), Алла Таала: «**Жерди төшөп койдук, төшөгөндөр кандай мыкты!**» деген (Заарият: 48), Алла Таала: «**Алла жерди силер үчүн килем кылып төшөдү**» деген (Нух: 19), Алла Таала: «**Ал деген жерди силерге – бешик кылды**» деген (Тоха: 35),

Ал эми литосфераны «**Жерди бешик** *сымал* **жаратпадыкпы?**» (Набаа: 6) баланын бешигине окшоштурганы азыркы илимий ачылыш менен дал келип турат. Тактап айтканда, жердин кыртышы, жумуртканы кыртышы сымал ажырагыс нерсе эмес, а аны үстүнөн курчап турган нерсе, анын жайылып, чачырап кетүүсүнө сактоо үчүн ички түзүлүшүнүн үстүндө калкып турган континентик плиталарды бекемдеген түбү терең тоолор тургузулган, кудум чатырга кагылган казыктар сыяктуу: «**Жерди бешик** *сымал* **жаратпадыкпы? Тоолорду казык** *кылып*» (Набаа: 6-7) Мына ушул литосфераны толук сүрөттөгөн сыпаттама ошол Куран түшкөн чөйрөнүн түшүнүгүнөн сырт нерсе эле, ага карабай жаратылышка дыкат байкоо жүргүзүүгө үндөгөн: «**Жердин кандай төшөлгөнүнө** *карашпайбы*» (Гаашия: 22). Мындан ары эки полисти сактоо үчүн литосферанын пайда болуусу зарыл экендигин баяндап, континенттердин плиталарындагы терең жана созулган тоолорду тамыры, негизи, узун жана терең чөкпөй, суу үстүндө сүзүп жүргөн кемелер сымал, калкып турганына өбөлгө түзөт: «**Ал деген – анын** *жердин* **үстүнө тоолорду орнотту**» (Фуссилат: 10). Демек, тоолор литосферанын плиталарын туруктуу кылды, планета эмес, мына ошол себептен туруктуу болуп, жайылып кеткен жок: «**Жерди туруктуу кылып, арасына дарыяларды агызып, ага тоолорду орнотуп, эки деңиздин ортосуна тосмо койгон ким?!**» (Намл: 61), «**Алла деген – силерге жерди жайгаша турган жай кылып жаратты**» (Гаафир: 64). Жер деген сөз эки аятта да, жер кыртышынан турган

биз жашап жаткан жер туурасында болуп жатканы туура келет.

**Илимий керемет тарабы:**

Эки куттуу аят жаратылыштын укмуш акыйкаты туурасында айтып жатат. Ал акыйкат: биз жашап жаткан кургактык геология илими боюнча тектоника плитасы термини катары белгилүү болгон литосферанын түзүлүшүн жана кыймылын билдирет. Литосферанын плиталары бири-биринин карама-каршылыгында дайыма кыймылда болот, аралык пайда болгон зоналарды жана континенталдык рифтерде суунун алдында жаңы океандык кыртыш пайда болот да, эскиси жоюлат, тектоника плиталар зилзала, вулкандардан кабар берет, плиталардын четинде болот. Плиталар ар тарабынан акырындык менен жешилип, кемиле берет, б.а., анын карама-каршысына ортолукта көңгөйлүк созулат, мындый акыйкатты Куран Карим түшкөн доордо эч ким билген эмес.

Азыркы жаңы илимий изилдөөлөр жердин литосфера деңгээлинде кемип, кыскарып жатканы аныктады. Бул жер деген сөздүн тексттин жүрүшүнө жараша маани туюнтканынан кабар берет. Тексттин жүрүшү түшүндүрмө сөздүктөрдүн маанисине карай ар түрдүү маанини туюндура алат. Мындай геологиялык акыйкат азыр гана ачыкка чыгып олтурат, андан алдын эч ким билген да эмес, элестете алган да эмес. Эң кызыгы, дал Куран Карим сүрөттөгөн сыпаттамага төп келиши, Курандын ааламдардын жаратуучу Алла Таала тарабынан экендигине далил. Он төрт кылым мурун,

ушундай дыкат илимий акыйкаттарга деталдуу шилтемелерди, жердин тарабынан кыскарышы, кемиши айтылганды – керемет! Мындай акыйкатты адам баласы акыркы он жылдыктарда гана билип жатат.

**Төртүнчү бап:**
**Жердин ички басымдуулугу**

Алла Таала: «**Жарылма жерге** *ант***!**» деген (Таарик: 12).

**Тапсирчилердин сөздөрү:**

Курандагы бул касамдын түшүндүрмөсү боюнча, ибн Касир шилтемени ибн Аббастын сөзүнө таянып: «жарылма»: жердеги жырылышы, өсүмдүктүн

себебинен жер жарылат» деген. Бул сөздү ибн Жарир, Икрима, Дахкак, Хасан, Катада, Судди ж.б. айтышкан. «Жарылма» сөзүнүн уңгусу жарылуу, өсүмдүктөргө өтмө мааниде айтылган, асмандан түшкөн жамагыр ага себеп болот.

«Мунтахаб»дын авторлору Курандын тапсиринде: «Кайра кайталанып жааган булуттуу асманга, өзүнөн өсүмдүктөрдү жарып чыгарган жерге касам ичилип жатат» дешет.

**Илимий акыйкат:**

«**Жарылма**»: эки тараптан жака белдеги блоктордун сыйгалак кыймылдардын коштосу менен породалардын жер кыртышын жарып чыгышы. Жер бетинин кыртышы тарабынан басым, бекемдик, каттуулуктун натыйжасында жаруу процесси ишке ашат.

**Кургак кыртыштын жарылуусу:**

Жердин кыртышындагы тектоникалык чоң жарыктар «рифттер» деп аталат, алар тектоникалык плиталардын бири-биринен алыстап кеткенде пайда болот. Ал нерсе литосферанын (жер кыртышын) жарылганына, созулганына алып барат. Тектоникалык плиталар, адатта, паралель (бири-бирине бет-маңдай) жайгашат. Литосферанын плиталары ажыраганда кургакта (жер бетинде) жарыктар (рифтер) пайда болот. Деңиздерде болсо, жарака кеткен зоналарда магманын көлөмдүү агымы жүрөт, анан литосферанын плиталарынын четинде зилзала, вулкандар болот. Ал

эми плиталардын кыймылы, жер, деңиз жана океандардын үстүнкү катмары менен астыңкы катмарынын алмашуу кыймылдагы мантиянын үстүндө жабышчаак нерселер менен литосферанын түз эмес катмары туш келгенде ишке ашат. Тектоникалык плита бул жер кыртышынын бир бөлүгү, (литосфера деп да аталат), андан ылдыйкы катмар астеносфера делинет, ал аябай катуу, жабышчаактылыгы өтө төмөн, бирок ошол эле маалда суюктук агып турат. Мантиядагы үстүңкү катмар менен астыңкы катмары менен алмашуу кыймылы тектоникалык плиталарга кыймылдаткыч күч болуп берет. Жердин ядросунун жанындагы ысык материал жогору көтөрүлөт да, ал эми мантиянын муздак породалары төмөн түшөт. Күйүп жаткан мантиянын астындагы плиталар дайыма кезигип, сүзүшүп, жабышып, анан бөлүктөргө жарылып турат. Ал эми ошол плиталардын кезиккен жерлерин плиталардын чети, чекеси деп аталат. Жарык, жарылмалар бир нече жердин силкинүүсүнө себеп болот, илгерки жарылма, жарыктар кыймылсыз болгон.

Жердин жарылышы – өтө зарыл нерсе, жердин ички катмары менен сырткы кыртышынын кыймылы, табыйгий кубулуш. Газ, буу ж.б.у.с. нерселер кошо айланып кыймылдагандай эле, ички мантия, ички ядро менен сырткы ядро, вулкан жана башка заттар, ар түрдүү элементер кошо айланат. Мындай кыймылдын негизинде плиталар, жердин кыртышындагы топурактар жаңыланып турат.

Жарылыш ошондой эле жерде аң, чуңкур, көлчөк, суу булактарынын, нефть, жол, колот, арык жана башка нерселердин пайда болушуна себеп болот. Мунун

баары тектоникалык плиталарынын кыймылына көз каранды.

Жарылыш жердин бетинде аң, арык, көлчөк, колот сымал бузулуш иштерин жасагандай эле, тоо, адыр, дөңсөө сымал курулуш иштерин дагы жасайт.

**Өрөөндөрдүн тартылуусу аркылуу жердин жарылышы:**

Байыркы заманда бери жер кыртышы (литосфера) бир нече чоң тектоникалык плиталарга бөлүнүп келген, ал тууралуу окумуштуулар акыркы отуз жылдыкта гана араң билишти. Жерибиз бүт тарабынан курчалган бирдиктүү, пазл сыяктуу тектоникалык плиталардан түзүлөт, илгери, негизи континент, материка дегендин баары, т.а., кургактык бир бүтүм болгон, анан жердин дайымкы кыймылы, ички ядро жана мантия менен литосферанын кагылышы, алысташы, сүрүлүшү барып-барып бөлүнүүгө алып барган. Акыры көптөгөн континент, материк, бөлүктөргө бөлүндү, бөлүнө бермекчи. Бирок ошол жарылыш бир бүтүмдүктү билдирет, ал көп эмес, бирөө эле, желе өңдүү бүт жерди камтыйт, миң деген километрге созулган.

Эми ошол тектоникалык плиталардын кыймылы жердин бетине ар кандай, жогоруда айткандай, пайдалуу нерселерди кылат, деңиз, океандарды кеңейтип, алардагы аскаларды жаңыртып, плиталар бири-биринен узактайт.

Жер бетин бүтүндөй курчап турган ошол узун жарылыштын тереңдиги 65-150 км чейин, а азундугу ар тарапка карай 10 миңден ашуун км чейин жетет.

Тектоникалык плита менен литосфера ортосундагы үзгүлтүксүз кыймыл бири-бирине кагылышуу, алысташуу, сүрүлүшүү ж.б. ар түрдүү таасирлерди тийгизип турат. Бул кубулуш эгер болуп тарбаса, жер анда, бомба сыяктуу жарылып кетмек, мантиядагы ядролордун ысыктыгы ошентип сыртка чыгып турушу керек.

Тектоникалык плиталардын ошондой кыймылы жер астындагы миллион тонн ысык магмаларды жер үстүнө эбегейсиз чоң масштабдагы вулкандын жарылып чыгышына жол бербей, акырындык кыймыл аркылуу басаңдатып турат, жер бетине ар кандай породалар, кең байлыктар, эгин-тегин топурактарын жаңыртып, жердин жылуулугун чектен чыгарбай камсыздап, кичинекей вулкандын ооздорунан газ, бууларды чыгарып, алар болсо литосферанын астындагы эстосфераны газдуу жана суулуу кылып турат.

Жарылыш жер бетин континенттерге бөлүп, ар кандай баалуу кең байлыктардын пайда болушуна, тоолордун бири-бирине сынжыр сымал байланышына, тоолордун казык сымал жер астындагы тамырлары бардык континенттердин массасын туруктуу бекемдеп турушуна өбөлгө түзөт.

Жыйырманчы кылымдын аяк ченинде геология илиминин окумуштуулары, жердин кыртышын желе сымал чоң он эки тектоникалык плиталар, алардан сырткары дагы кичинекей плиталар, калкып, дайым кыймылда турганын, плиталардын кесилиштеринен магма сыртка океандардын тереңдигине атып чыгып, анан жанындагы плиталардын четине ар кандай жаңы заттарды пайда кылып турат дешкен.

**Илимий керемет багыты:**

Жерди жарылуу, жарылма ээси экенин он төрт кылым илгери сыпаттаган Алла Таалага алкыш-мактоолор болсун! Жерди желе сымал бүт курчап турган ошол созулган жарылыш литосфераны тешип өтүп, ар тарапка багытталып, он миңдеген км ге созулуп, бири-бири менен тыгыз байланышта, бир жарылыш экендигин сездирген таң калтырып койбойт. Көп жарылманын эмес, бир жарылманын ээси дегени мына ошо.

Жарылуу, жарылма ээси болгон жерге он төрт кылым илгери ант берген Алла Таалага алкыш-мактоолор болсун! Ант бергени – ошол нерсенин улуулугуна, маанилүүлүгүнө, жер бетиндеги жана ичиндеги кубулуштардын жүрүшүнө, жерди жашоо өткөрүүгө канчалык жарактуу, канчалык ыңгайлуу жараткандыгына адамдардын, айрыкча окумуштуулардын көңүлүн бурдуруу.

## Бешинчи бап:
## Жер бетиндеги эң төмөн жай

Алла Таала: «**Алиф. Лам. Миим. Рум эң төмөн жерде жеңилди. Эми** *ошентип* **жеңилгенден кийин жакын арада** *кайра* **жеңип алат. Бир аз жылдар ичинде.** *Мейли* **эрте** *болсун*, *мейли* **кеч** *болсун*, **өкүм – Алланыкы! Ошол күнү ыймандуулар сүйүнүшөт. Алланын жардамы менен! Алла каалаганына**

**жардам берет. Ал – аль-Азииз, ар-Рахиим! Алланын убадасы! Алла убадасын** *эч качан* **бузбайт! Бирок көптөгөн адамдар** *аны* **билбейт**» (Рум: 1-6).

**Тапсири жана тилдик мааниси:**

«**эң төмөн**» сөзү бир мааниге ээ, эң жакын, эң аз, эң ылдый, төмөнүрөөк, ылдыйыш.

Ибн Манзур: «Эркектердин төмөнү: эң пас киши..» дейт. Фарра: «пастыктан келип чыккан сөз» дейт. Зажжаж: «баасыз, баасы жок, арзан» дейт. Байдави: «кадыр-баркы төмөн» дейт. Куртуби: «Эки сөздөн келип чыгат, бири жакындыкты, экинчиси аз, төмөн, ылдыйыш, аң, чуңкур деген маанини билдирет» дейт.

Мунтахаб тапсиринде: «Персттер византияны араб чөлкөмүндөгү эң төмөн жерде жеңип алат. Ал Шам жергесинин жака-белинде жайгашкан жер. Анан ваизантиялыктар бир аздан кийин кайра персттерди жеңет.

**Илимий акыйкат:**

Тарых баракчалары эскерткендей 619 жылдары Өлүк деңиздин жанында ошол мезгилдерде эң күчтүү эсептелинген эки мамлекеттер – перс мамлекети менен рим империясынын чыгыш бөлүгүн түзгөн византия императорлугу – ортосундагы аябагандай катуу согуш болот. Византия императорлугу жеңишке жетет.

Византия бул согушта көптөгөн жоготууларга, кыйроолорго дуушар болот. Ошол доордогу замандаштары алардын императорлугу бүтүндөй

талкаланды, жер менен жексен болду деп эсептешкен. Бирок 627 жылдын декабрь айында эч ким күтпөгөн окуя башталат. Византия менен персттер «Найнива» деген жерде бет чыгып, бул жолу персттер жеңишке жетет. Аз убакыт өтпөй, Ирам келишиминин негизинде, персттер византиядан мурунку басып алган жерлерин бүт кайтарып алат.

Географилык карталар жер бетинин эң төмөн жери Палестинадагы Өлүк деңизи экендигин, деңиз деңгээлинен, орто ак деңиздин 400м төмөн экендигин аныктады. Бул маалыматты ченөөчү спутникалык жабдыктар дагы тактады.

Ошондой эле илимий ченөөлөр боюнча кургакта Өлүк деңиздин тоолору эң төмөн кургак жер экендиги ачыкталды. Деңиз деңгээлинен төрт жүз метр төмөн тургандыгы тастыкталды. Өлүк деңиздин тоолору – аң сымал жерге жайгашкан чоң аймак, узундугу алты жүз км, түштүк тарабындагы Акаба булуңунан түндүк тарабындагы Кинерет көлүнө чейин созулат да, жоондугу 10-20км ге дейре жайылат.

Ошентип, Өлүк деңизди курчап турган кургактык эң төмөн деңгээлде, өзү дагы жака белиндеги көлдөрдүн, атап айтканда, кызыл, орто деңиздердин деңгээлинен 402м ылдый, төмөн турат.

- «Вади Араб»дан деңиз деңгээинен 355-400м төмөн.
- Өлүк деңизди эң терең точкасы деңиз деңгээлинен төмөн 794м жетет.
- Өлүк деңиздин өзү деңиз деңгээлинен 402м төмөн.

- Урдундун тоолору деңиздин деңгээлинен 212-400м төмөн.
- Кинерет көлүндөгү суунун бети деңиз деңгээлинен 209м төмөн.
- Кинерет көлүнүн тереңдиги деңиз деңгээлинен 252м төмөн.
- Батыш Египеттин түндүк тарабындагы чөлдөрдө жайгашкан Каттар ойдуңу деңиз деңгээлинен 133м төмөн.
- «Вади маут»деги Калифорния өрөөнү деңиз деңгээлинен 86м төмөн.
- Египеттеги Файюм ойдуңу деңиз деңгээлинен 45м төмөн.

Согуш жердин эң төмөн жеринде, кургак бөлүгүндө болгон, ал Өлүк деңиздин тоолору, бул акыйкат он тогузунчу кылымдын аяк чени, жыйырманчы кылымдын баш ченинде практикалык изилдөөлөр менен тастыкталды. Бул нерсе атайын өлчөөчү жабдыктары, эсептик приборлор колдонулду. Ошондуктан, жер бетиндеги эң төмөн жер дал ошол жер экенин дүйнөдө бир дагы адам ооз ачышы, билиши мүмкүн эмес эле.

**Илимий керемет тараптары:**

Куран аятында эки керемет камтылган:

Биринчиси: византиянын персттерден жеңилгенден бир нече жыл өтпөй кайра үстөмдүк кылып, жеңип алышы жөнүндө кабар берилген. Бир нече дегени, араб тилинде беш же жети, бирден тогузга чейинки так жылды билдирээрин тил илиминин аалымдары

баяндашат. Куран Карим убада кылган нерсе жети жылдан кийин ишке ашат. 627 жылы экөөнүн ортосунда кайра согуш башталып, византия жеңишке жетип, дал ошол эле учурда мусулмандар «Чоң Бадр» согушунда курейш мушриктерин жеңип чыгышат.

Экинчиси: ошол доордо эч кимдин акылына келбеген географиялык жагындагы акыйкатты аят кабарлаган. Византия персттерди жердин эң төмөн жеринде жеңип чыкканын баяндаган, эң төмөн дегендин акыйкаты азыр спутникалык жаңы өлчөө приборлору менен тастыкталды.

## Алтынчы бап: Мекке шаарынын жер бетинин так ортосунда жайгашканы

Көптөгөн тилчи-аалымдар Меккенин аталышы анын жердин дал ортосунда жайгашканына жараша коюлган дешет. Зубейди «Тааж арууз» аттуу сөздүгүндө: «Мекке сөзү сөөктүн ортосунда жайгашкан чучук, мээ,

данек сөзүнөн, так ортосу, данеги, тазасы деген маанини билдирет. Куран тексттеринин башка бир жерлеринде «Умм куро» (Кыштактардын Энеси) деп келет. Анын кадыр-баркын ого бетер көтөрөт. Анткени ал көпчүлүктүн пикиринде жердин ортосу» дейт.

Мусулман тапсирчи-аалымдары илгери Меккенин башка шаарлардан өзгөчөлүгү жөнүндө сөз козгошкондо, Мекке Мукаррама жер жүзүнүн ортосунда жайгашканына шилтеме жасашкан. Куртуби: «**силерди** *башка* **адамдарга күбө** *катары өткөрүү үчүн* **– орто үммөт кылдык**» (Бакара: 143) мааниси: Кааба жердин ортосу болгондой эле, силерди дагы орто үммөт кылдык, тактап айтканда, пайгамбарлардан төмөн, башка үммөттөрдөн жогору. Орто – адилдик, тууралык, мунун негизи мактоого арзыган нерсе – ортолугу дегенден келип чыгат» дейт. Ибн Атия тапсиринде: «Мекке кыштактардын энеси деп аталгандыгы төрт артыкчылык барлыгына: шарият, диндин булагы; риваятка жараша жер ошол жерден түптөлгөн; кыштактын так ортосу сыяктуу эле ал жердин ортосу; шарияттын негизинде ал бардык кыштактын кыбыласы. Мына ушул өзгөчөлүктөр үчүн эне, ал эми башка жер-шаарлар анын кыздары» дейт.

## Спутникалык өлчөө приборлор аркылуу Меккенин жердин ортосунда жайгашканын аныктоо:

Азыркы жаңы жер планетасы профессионалдык программасы Меккени кургак жерлердин так ортосунда жайгашканын аныктады. Жердин спутникалык сүрөттөргө таянуу менен, тоголок жердин бетин ар

тараптап өлчөп, ченем, аралыктарын аныктап, дыкат санап жатып, тастыктап чыгышты.

Илимий ченөөнүн жыйынтыгы:

**а) Меккенин эски дүйнөгө (Африка, Европа, Азияга) карата ортолугу:**

Африка менен Европа материктердеги эң алыскы аралык (Исландия аралыгы) менен Азиянын аралыгы 6442км жакын экен. Азиянын кээ бир жерлери, бул материктин кенендигинен кирбей калды.

Андан соң Азиянын кирбей калган жанагы бөлүгү жердин башка тарабынан тартып киргизгенде, анын эң алыскы жери менен Түндүк Американын түндүгүндөгү Беринг кысыгы менен дал чыгат экен. Мына ушул нерсе Америка ачылып, жер бетинин картасы жети материги менен чийлип, тартылгандан кийин гана белгилүү болду.

**б) Меккенин жакынкы жаңы дүйнөнүн (материктердин) чек аралыктарына карата ортолугу:**

жакынкы жаңы дүйнөнүн, материктердин (Австралия, Америка, Антарктида)нын чек аралыгы, Азия материги менен түндүк Америка материгин (Беринг кысыгын) жолуккан точкасынын аралыгы 9306км дейре созулат экен.

**в) Меккенин алыскы жаңы дүйнөнүн (материктердин) чек аралыктарына карата ортолугу:**

Мекке менен жаңы материктердин (Австралия, Америка, Антарктида)ны эң алыскы чектери менен болгон аралык 13600км дейре созулат экен.

**г) Мекке менен жаңы дүйнөнүн (материктердин) географиялык ортолугунун аралыгы:**

Географиялык ортолук дегенде, аралык жактан материктин орто борбору туюндурулат. Мына ошол географиялык ортолуктагы жаңы дүйнө (материктери Австралия, Америка, Антарктида)лар менен Меккенин аралыгы 11529км түзөт экен.

Жогорку аралык өлчөмдөрдүн натыйжасында, Мекке бир тараптан гана жердин ортосу экендигин аныкталбай, балким ар тараптан: Африка, Европа эки материктин эң алыскы чек арасынын ортосу, жаңы материктер менен Азия материгинин калган бөлүмү түндүк Американын Беринг кысыгына дейинки аралыгындагы аралыктын ортосу, ошондой эле алыскы жаңы дүйнөнүн материк аралыктарынын ортосу аныкталды. Мекке жаңы дүйнө материктери, тактап айтканда, географиялык борбордон бирдей аралыкта алыстап турат.

Мына ушундай ар тараптуу өлчөө иштери, ченөө изилдөөлөр Мекке жердин, белгилүү жети материктин, кургактыктын так ортосунда жайгашканын нак аныктап чыкты.

**Илимий керемет тарабы:**

Мына жогорку илимий ченемдер, изилдөөлөр, спутникалык өлчөө приборлор, ар кандай илимий программалар илимий негизде Мекке жердин ортосунда экендиги, кургак жети материктин аралап өткөн төрт тоголок сызыкча аркылуу ачыкталганы,

ошондой эле жаңы дүйнөнүн, географиялык борбордун ортолугу далилденди.

Ошол ченөө, өлчөө изилдөөлөрдүн натыйжасында, жер бетинин жайларынын, ар тараптык өлчөлөргө карабай дал Меккеге гана такаларын аныкталды. Анын ортолугун талашып, ага каршы бир дагы шаар, бир дагы кыштак чыга албайт. Бул нерсе анын шаар-кыштактардын энеси деп сыпаттаган Курандын сыпаттамасына дал келип турат.

Меккенин кургак жердин так ортосунда жайгашканында шарияттык эбегейсиз даанышмандык бар. Адамдардын баары жердин так ортосуна жүздөнүш керектигин, кыбыла катары кабылдашын билдирет. Ошондой эле жердин ар кайсы булуң-бурчунан ажылык, умра ибадаттарын аткарууга эң оңой, эң ыңгайлуу шарт түзүп турат. Алла Таала: «**Чындыгында, адамдар үчүн салынган эң биринчи үй – ааламдарга хидаят** *болгон*, **берекелүү Бекке** *Меккедеги* **үй!**» (Аалу Имран: 96).

## Жетинчи бап: Араб чөлкөмүнүн суу, дарыя, көктөмгө кайтышы

«Сахих Муслим» китебинде: «Пайгамбар (САВ): «**Араб чөлкөмү суу, дарыя, көктөмгө кайтпайынча Саат (Кыямат) болбойт**» деген сөзү» риваят кылынат.

Бул хадис өзүнө геологиялык акыйкатты камтыйт. Акыйкатта, араб (жарым аралыгы) чөлкөмү илгери токойлуу, жайыттуу, арасынан дарыялар агып турган жай болгон. Жашыл бак-дарак, өсүмдүк, саз, көлгө жыш эле, эми кайра ошол мезгилдеги абалына кайра кайтат. Он алтынчы кылымда геология илиминин өнүгүп-өсүшүнүн негизинде ушул багыттагы окумуштууларга геологиялык кубулуштардын айланып кайра келиши аныкталды.

**Араб чөлкөмүнүн суу, дарыя, көктөм болгонуна далилдер:**

1. Жердин астында узак аралыктан эле тарта ала турган жаңы технологиялык аппарат, приборлор аркылуу изилдөөлөрдүн негизинде араб жарым аралыгынын жана Египеттин батыш чөлдөрүнүн астында Нил өрөөнүнүн көлөмүндөй өрөөндүн бар болгондугу ачыкталып, соолуп калган деңиз, көлдөрдүн издери аныкталды. Ошол жерлерден суулар көл болуп агып, түштүк аралыктан Кувейтке барып куйчу экен.
2. Ошол эле изилдөөлөр «Гураб» калаасынын дубалдарынан чегилген ар кандай жазууларга окумуштуулар кабылып, ошол жерлерде деңиз акканы, көлдөр кесип өткөнү, булактар атып чыкканы, эгин-тегин айдалганы, адамдар

көлөкөдө жыргал жашоо кечип, жаныбарларга аң улагандары бүт сүрөттөлгөнүн билишти.

3. Пил, жираф, топоз жана башка ушул сыяктуу жаныбарлардын калдыктары, сөөктөрү, мүйүздөрү табылгандыгы – мына ошол аталган жаныбарларды бүгүнкү күндө африкадагы саваннада тынбай жааган жамгырлуу жайларда, жыш жайгашкан токойлордо, жашыл өсүмдүктөргө толгон, көк чөптүү жайыттарда жашаганы баарыбызга жашыруун эмес.
4. Араб чөлкөмүнүн жер почваларынын (породаларынын) бардык түрү жердин үстүнкү кыртышынан аябай төмөн тереңдикте жайгашкан. Анан ошол түрлөрдүн үрөндөрү араб чөлкөмүндө илгертен өскөн кээ бир түрлөрүн тастыктады, алардын кээ бир тек гана жайыттарда, кээ бири жээкте өсөөрү белгилүү болду.
5. Кара көмүрдүн жана петролдун (нефтин) өтө көп көлөмдө барлыгы нефть менен кара көмүрдүн негизи болгон өсүмдүк, жыш бак-даракка өтө бай аймак болгонуна далалат кылат.
6. Геологиялык ар кандай изилдөөлөр саудия араб мамлекетинин аймагынын (жер) астында көп көлөмдөгү суу запасы бар экендиги, ошол өлчөмдү ченөө, анын 25 миңден ашуун жыл аралыгы өткөндүгү, аймактын өзгөрүп, миңдеген жылдар көктөмдө өмүр сүрөрүнө күчтүү далил.

7. Археология изилдөөлөр «Сишар» аймагынан кумдуу чөлдүн астында көмүлүп калган кербен жолун, жолдун кесилиштеринен байыркы суу көлчөктөрүн табышкан. Сегиз бурчтуу, мунаралуу дубалдары өтө кооз, бийиктиги он метрге жеткен, бөлмө жана кампаларга толгон, жашай турган орундуктары бар калаага кабылгандары таң калыштуу болду. Ал жерден байыркы шаар көрүндү, аны тапкандары «Андай шаар жок, ал теңдешсиз шаар» деп сыпатташты. Ал шаарды «Аубар» деп аташты. Ошондой эле христиан жыл санагы боюнча «Фау» кыштагы табылды.
8. Араб чөлкөмүндө жайгашка кумдуу чөл аралыгы кайсы бир доорлордо көлдөр аккан аймак экендигин илимий ачылыштар айкындап жатат. Көзөмөл жүргүзүү, чалгындоо илимий иштери Египеттин батыш тарабынан 400км жагынан, атап айтканда, Нил, чыгыш чоң чөлүндө эски чоң деңиздин агып турганын аныктады. Анан «Акакус тоолору» табылды, Ливиянын батыш-түштүгүндө 10 миң жылдан ары мезгилди өзүнө камтыган мергенчилердин жаныбарларга аң улаган чегилген сүрөттөрү табылды. Анан «Тасили Алжир» үңкүрлөрү Алжирдин түштүк-батыш чөлдөрүнөн урунду, аларда да мергенчилердин аң уулап жаткан абалы чегилген сүрөттөр табылды. Алардын да он миң жылдык, андан да көп жыл тарыхы бар. Мына ушул табылгалар илгери бир

замандарда чоң көл болгонуна күбө «Тасили» деген сөз, жергиликтүү байыркы элдин тилинде «Чоң көлдүү жер» дегенди туюндурат.

**Араб чөлкөмү суу, дарыя, көктөмгө кайтып келет дегенге далилдер:**

1) Окумуштуулар жердин күндү тегеренип айланышында миң жыл өткөн соң жер бетинин климаттык абалы өзгөрүүгө дуушар болорун аныкташты.
2) Окумуштуулар жердин өз огунан айланышында акырындык жылыш болорун, ошол жылыш 21 даражадан 24 даражага, 41 миң жыл сайын жердин климатына өз таасирин тийгизип тураарын ачыкташты.
3) Космостон 23 миң жыл аралыкта жердин кыймылдоо цикл бар, үч айлангандык араб чөлкөмүнүн жана башка жайлардын климаттык өзгөрүүгө дуушар болуп, баштапкы абалына кайта кайтуу жагдайларын тастыкташты.

Азыркы күндүн метеоролог окумуштуулары жердин ысыктык температурасынын жогорулашы, ошол нерсе жамгырлуу мезгилге, жамгыр жаай турган жерлерге, жамгырдын көлөмүнө таасир тийгизет дешет. Араб чөлкөмү жакын арада көппү, азбы жамгыр жааган аймакка айланат деген ойду кубатташат. Жогоруда айтылып өткөн нерселерден, кээ бир изилдөөчүлөр араб чөлкөмү Африканын чыгышан батышка дейре созулган

кумдуу чөлүнө карабай суу, дарыя, көктөмгө кайтарын айтып жатышат.

**Илимий керемет тарабы:**

Араб чөлкөмү Мухаммад пайгамбар (САВ)дын заманында жайыттын, чөлдүн бир дагы изи жок, какырап жаткан кумдуу чөл эле. Суу үчүн адамдар бири-бирин өлтүргөн аймак болгон. Жетинчи кылымда Мухаммад (САВ)дын араб чөлкөмүнүн мурунку байыркы доордогу абалын, Кыяматка жакын кайра ошол абалга кайра кайтарын кабарлаганы эң бир таң калаарлык нерсе. Пайгамбар (САВ) араб чөлкөмүнүн геологиясын, геология заманынан алда канча заман илгери, эки сөз менен «кайра кайтат» деп кыска-нуска айткан, кайра кайтуу мурунку абалына айлануу дегенди билдирет.

Геология илими пайгамбар (САВ)дын заманынан миң жылдар кийин пайда болгонуна карабай, араб чөлкөмү мурун суу, дарыя, көктөм экендигин Мухаммад (САВ)га ким кабар берди?

Мухаммад (САВ)дын араб чөлкөмүнүн байыркы абалын жана келечектеги абалын кабарлаган кабары чындык экенин азыркы илим-билим далилдеп, күбө өтүп жатат.

## Төртүнчү бөлүмдүн корундусу:

1. Куран Карим тоолорду түзүлүш боюнча да, вазыйпа боюнча да казыктарга окшоштугун кескин баяндайт. Курандын керемет сыпаттамасы азыркы заманда ачыкталды. Тоонун жарымы көрүнүп жердин үстүндө, жарымынан көбү жердин астында экени, вазыйпасы жердин плиталарын бекемдөө экендиги айкындалды.
2. Куран Карим жердин (эки полюс жагынан кууштугу менен) тоголок формасына шилтеме жасаган. Куран түшөрдөн алдын, түшкөндөн кийин да жер тегиз деген жоромолдо жүрүшкөн. Жуз жылдар кийин анан илимий акыйкат болуп айгинеленди.
3. Жердин литосферасы тектоникалык плиталардын сүрүлүшү, кыймылы менен акырын жердин чекеси жешилгени азыркы илимий изилдөөлөр ачыктап берди. Бул геологиялык акыйкат илимий ачылыш Куран Каримди акыйкат экендигин, ааламдарды жараткан Алла Тааладан экендигин тастыктады. Жердин, анын чекесинин жешилиши туурасында дыкаттык илимий акыйкатка шилтемени он төрт кылым мурда баяндаган Куранды түшүргөн Аллага алкыштар болсун!
4. Куран Карим жерди «жарылма, жарылыштын ээси» деп сыпаттаган, геология изилдөөлөр бүтүндөй тоголок жер эбегейсиз чоң жарылма,

жарылыш жебеси менен курчалгандыгын аныктады.

5. Куран Карим византия жеңилүү ызасын тарткан аймак жер бетинин эң төмөн жери экендигин кабарлаган. Ошол жер чынында эле эң төмөн, эң ылдый жер экендигин бүгүнкү илим-билим тактады.
6. Спутникалык аппараттар, өлчөп-ченөөчү приборлор, гуглдагы өлчөө программалар аркылуу Мекке жердин ортосунда экендиги, кургак жети материктин аралап өткөн төрт тоголок сызыкча аркылуу ачыкталганы, ошондой эле жаңы дүйнөнүн, географиялык борбордун ортолугу экендиги далилденди.
7. Пайгамбар (САВ) араб чөлкөмүнүн геологиясын, геология заманынан алда канча заман илгери эки сөз менен «кайра кайтат» деп кыска-нуска айткан, кайра кайтуу мурунку абалына айлануу дегенди билдирет. Геология илими пайгамбар (САВ)дын заманынан миң жылдар кийин пайда болгонуна карабай, араб чөлкөмү мурун суу, дарыя, көктөм экендигин Мухаммад (САВ)га ким кабар берди?

# Бешинчи бөлүм

## Суу, деңиз тууралуу илимий кереметтер

Алла Таала:

**«Ал деген эки деңизди жанаштырды: бул** *бири* **– тузсуз, таза суу;** *а* **бул** *экинчиси* **– туздуу, ачуу; экөөнүн ортосуна барзах** *жабык тосмо* **орнотуп койду»**

(Фуркан: 53)

## Бөлүмдүн маанилүүлүгү жана максаты:

### Бөлүмдүн маанилүүлүгү:

Бул бөлүмдүн маанилүүлүгү океан, деңиз, суу илими боюнча акыркы маалдагы илимий ачылыштардын кээ бир көрүнүштөрүнө шилтеме кылган Курандын кереметтери менен таанышуу.

### Бөлүмдүн максаты:

1. Суу өмүрдүн булагы экенине шилтеме жасаган Курандын керемети.
2. Кургактагы суу запастарына ишарат жасаган Курандын керемети.
3. Бир жыл бир жылдан жамгырлуу эмес деген пайгамбарлык хадистин керемети.
4. Деңиздин тереңиндеги караңгылык жөнүндө айткан Курандын керемети.
5. Көл менен деңиздин аралыгын тосуп турган тосмо жөнүндө айткан Курандын керемети.
6. Деңиздин тосмосун сыпаттаган Курандын керемети.
7. Деңиз тууралуу эскерткен Курандын керемети.

**Бөлүмдүн мазмуну**

1. **Биринчи бап:**
   Суу өмүрдүн булагы экенине шилтеме жасаган Курандын керемети.
2. **Экинчи бап:**
   Кургактагы суу запастарына ишарат жасаган Курандын керемети.
3. **Үчүнчү бап:**
   Бир жыл бир жылдан жамгырлуу эмес деген пайгамбарлык хадистин керемети.
4. **Төртүнчү бап:**
   Деңиздин тереңиндеги караңгылык жөнүндө айткан Курандын керемети.
5. **Бешинчи бап:**
   Көл менен деңиздин аралыгын тосуп турган тосмо жөнүндө айткан Курандын керемети.
6. **Алтынчы бап:**
   Деңиздин тосмосун сыпаттаган Курандын керемети.
7. **Жетинчи бап:**
   Деңиз тууралуу эскерткен Курандын керемети.

**Биринчи бап:**
**Суу өмүрдүн булагы**

Алла Таала: «**Асмандар менен жер** *башында* **бир бүтүм болгондугун,** *анан* **экөөнү** *бири-биринен* **ажыратып бөлгөнүбүздү, суудан бардык нерсени жаратканыбызды эмне көрүшпөйбү? Эмне ишенишпейт?!**» (Анбия: 30).

**Тексттин далалаты:**

Алла Тааланын: «**суудан бардык нерсени жаратканыбызды**» деген сөзүндө суу жер бетиндеги жашоонун негизи, өмүрдүн булагы, жашоонун пайда болушунан алдын экенине ачык-айкын далил бар.

Чындыгында, жер жүзүндө жашоо, бул ааламдын бардык бөлүкчөлөрү эң жогорку деңгээлде бардык баскычтар орду-орду менен дыкат түзүлгөндө гана башталган. Эгер ошол баскычтардын биринде кандайдыр бир кыпындай катачылыкка жол берилгенде, азыркы жашоо мындай сыпаттарга ээ болбой калмак. Бул жашоо-өмүрү пайда болушу үчүн жер бети укмуштудай ырааттулукта, кынтыксыз өлчө-ченемде салынган. Алла Таала: «**суудан бардык нерсени жаратканыбызды эмне көрүшпөйбү? Эмне ишенишпейт?!**» (Анбия).

**Илимий акыйкат:**

Жер жүзүндөгү суунун көлөмү он алты миллиард км/куб түзөт. Бул көлөмдүн көп бөлүгү, тактап айтканда, он үч миллиард км/куб жер кыртышынын астында, бул Алла Тааланын «**Асмандан өлчөмдүү суу** *жамгыр* **жаадырып, ага жерден орун бердик. Чындыгында, Биз аны жок кылып коюуга, албетте, кудуреттүүбүз**» (Муминуун: 18) сөзүн тастыктайт. Ал эми калган үч миллиард км/куб көлөмдүн жарым бөлүгү жер кыртышынын астындагы минералдардын, породалардын түзүлүшүнө кирсе, жарым бөлүгү океан, деңиз, көл, муузду формада мууздуу аймактарда болот. Окумуштуулар жер бетиндеги суу жер астынан ашып чыккан деп ишенишет. Бул ишеним Алла Тааланын: «**андан соң жерди жайык төшөдү, андан сууну чыгарып, жайытты пайда кылды**» (Наазиат: 30-31) деген сөзүн ырастайт. Бул суу баштапкы этабында жердин бетиндеги жылуулук температурасы себептүү абаны каптап турган буу эле, андан кийин суу буулары жогоруда муздай баштаганда нөшөрлүү жамгырга айланып жаайт. Бул кубулуш жер бетинде өрөөн, суу аккан арыктарды пайда кылды. Геолог илимпоздорунун кенен тараган пикиринде азыркы океан, деңиздер жана көлдөрдүн баары илгери бир океан болгон, андан кийин жети материктин бөлүнүшү менен жети чоң океанга бөлүнүп кеткен. Жамгыр болуп жер бетине түшкөн суунун көлөмү 90 миң км/куб. түзөт, океан, деңиз, көлдөргө кайтат. 30 миң км/куб көлдөргө кайтса, калган 60 миң км/куб суу буу аркылуу кайтат.

Суунун башка нерселерден айырмаланган өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ. Бул тууралуу орустун белгилүү химиги Игорь Петроянов «Суу эң таң

калаарлык зат» аттуу китебинде суунун укмуш сыпаттары жөнүндө сөз кылган. Суу оң жана терс иондордун арасындагы химикалык реакцияга жарай турган жалгыз зат, тируу жандыктардын жысымын жумшартат, эритет, иш-кыймылын жеңилдетүү үчүн анын жайылуу жана жабышчаак кудурети бар, башка суюктуктардан өзгөчөлөнүп, катуу суукта тоңуп музга айланат да, катуу кайнаганда бууга айланат. Жер бетинде катуу ысык болгон аймактардын тепературасынын өйдө-ылдый болгону, суюктук формада суунун калдыгын көлөмүнөн көз каранды. Суу тоң абалында суюктук абалына караганда жеңил, ал эми башка суюктуктары тескерисинче, оор болот. Полярдык жайлардагы океандарды калың музга айландырып жиберүү күчүнө ээ, анын кесепетинен суудагы тирүү жандыктар өлөт. Эгер океандын үстүнкү катмары гана тоңуп калса, ал катмар астындагы бардык нерсе сактап туруучу кыртыш кызматын аткарып калат. Океандагы суу жер бетинин аралыгынын 70% жаап турат, күндүзү күндүн энергиясынын аябай чоң өлчөмдөгү көлөмүн соруп, ошонун ысыгып, табын түндөсү берип, кургактагы жана жердеги жашоого ылайык болгон, эң ыңгайлуу жылуулук температурасын берип, климаттык кесепеттүү өзгөрүүлөргө жол бербейт. Анын түсү кристалл сымал ачык болгондуктан, күндүн нурун деңиздин миң метр тереңдигине өткөрө алат, анын натыйжасында деңиздин эң негизги сынжырча тамагы катары эсептелинген балырлар жышталат, өсөт. Суу жеңил буулануу касиетке ээ, дароо бууланып алып, булуттарды түзөт да, кургап, суу какшып бара жаткан

жайларга жылып жөнөйт. Мындай мыйзамды, өлчөм-ченемди Даанышман Алла Таала гана түзүп берген.

**Илимий керемет тарабы:**

Суунун акыйкатынан, физикалык жана химикалык өзгөчөлүгүнөн, дүйнөдөгү жашоого тийгизген таасиринен адам баласы толук бейкапар, кабарсыз жүргөн. Алла Таала биздин заманыбыздын адамдарына ошолордун баарын билүүгө бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берди. Мына ошондо Курандын куттуу тексттери «Суу өмүрдүн булагы» деген ураандын акыйкатын ачыкка чыгарды.

## Экинчи бап:
## Жер астындагы суу запастары

Алла Таала: «**Көрбөдүңбү? Чындыгында, Алла асмандан суу** *жамгыр* **жадырып, аны жердеги булактарга кошуп агызып, анан ал аркылуу ар кандай түстүү эгинди** *өсүмдүктү* **өстүрөт**» деген (Зумар: 21). Алла Таала: «**Анткени, чындыгында, кээ бир таштан – албетте, дарыя** *булак* **андан атып чыкканы** *бар*; **а кээ бири, чындыгында – өзүнчө жарылып,** *тешилип*, **албетте, андан суу агып турганы** *бар*;» деген (Бакара: 74)

### Тексттин далалаты:

Берекелүү аяттын тексттери абада суу запастары бар экендигине ачык далалат кылып, бизди аны изилдөөгө жана аны пайдаланууга чакырып жатат. Запастагы суунун күчтүү басым алдында болгону, булак сымал жарылып кетүү ыктымалдыгы барлыгын эскертет.

### Илимий далалаты:

Жамгыр жерге жааганда анын пайыздуу көп бөлүгү кыймыл аркылуу жердин астына кирип, суу запасын толуктайт. Ошондуктан, адам баласы жамгыр сейрек жааган какыраган чөлдү казып, кудуктарды пайда кылган. Азыркы күнү таштын ичинде боштондук же

майда тешиктүү болоорун баарын билебиз, алардын кээ бири андай боштондукка же майда тешиктерге ээ эмес, алар тешиксиз же дүлөй деп аталат. Майда тешиктүүлүк аска-зоолордун боштондук өзгөчөлүгү. Бул суунун запасынын эң биринчи көрүнүшү. Экинчи көрүнүшү ички суу запастарын аралап өтө турган арык, каналдар бар. Эгер таштарда ошондой боштондук, майда тешик, жарыктар болбогондо, суулар сакталып калмак эмес. Жерге түшүп жаткан сууларды ошол боштондуктарга катуу аркылуу гана запастап сактоого мүмкүн болот. Натыйжада, осмотикалык басымдуулук жер астындагы сууга күчтүү басым жасайт, эгер жердин төмөн жеринен пайда болуп кала турган болсо, жарылып чыгат.

Деңиздеги суулардын жогорку деңгээли бар, деңиздин деңгээли деп аталат. Бийик менен төмөндүктү өлчөй турган ченем катары колдонулат. Деңиз, көлдө аккан суулардын деңгээли аймакка жараша башка жайлардагы деңиз, көлдө аккан суулардын деңгээли менен бирдей эмес, ар башка. Дал ошондой эле жер астындагы сакталынган (запас) суулардын деңгээли да ар башка, ал жер астындагы суунун деңгээли деп аталат. Ал дагы аймакка жараша ар башка болот. Эгер суу көл, деңиз, жер астындагы резервуарга кирбесе, анда адам баласына ага жетүү өтө кыйынга турат. Суунун баш бербестиги, кургакчылыкка акпаганы геология заманынын ар кыл этаптарында болуп өткөн. Алланын ырайымы менен, жер астында бардык ааламдагы деңиз, көлдөрдөгү сууларынын көлөмүнөн отуз эсе көп суунун көлөмү сакталып турат. Алла Тааланын укмуш, чебер жаратканынын натыйжасында,

жер астында ичкени таза, тунук суунун запасы (резервуары) мол сакталынган, аны тоолуктар да пайдаланышат, чөлдүктөр да пайдаланышат, өрөөн, шаар-кыштактык, айтор баары пайдаланышат.

**Илимий керемет тарабы:**

Куран аяты далалат кылган бул акыйкатты адам баласы космонавттардын изилдөөлөрүнөн жана спутниктер менен тартып алынган сүрөттөр аркылуу гана билбесе, андан башка жол аркылуу билүүгө такыр мүмкүн эмес. Адам баласы ошол жер астындагы суу запастарын изилдеп чыгып, келечекте колдонула турган суунун көлөмүн билди. Андан сырткары, таштардын майда тешиктери эбегейсиз чоң фильтр катары кызмат кылат, бүтүндөй сууну тазалап турат. Замзам суунун абалындай эле. Бул жерде илимий кереметтин башка акыйкаты чыгат: Алла Таала: «**Анткени, чындыгында, кээ бир таштан – албетте, дарыя** *булак* **андан атып чыкканы** *бар***; а кээ бири, чындыгында – өзүнчө жарылып,** *тешилип***, албетте, андан суу агып турганы** *бар*» сөзүнүн мааниси таштын баарынан эле эмес, кээ биринен гана.

## Үчүнчү бап: Бир жыл башка жылдан жамгырлуу эмес

Алла Таала: «**Ал деген – асмандан** *керектүү* **өлчөмдө суу** *жамгырды* **жаадырды. Ал аркылуу өлүп** *курган* **калган шаарды тирилтик. Мына ошондой** *тризде* **чыгасыңар!**» деген (Зухруф: 11).

Алла Таала: «**Асмандан өлчөмдүү суу** *жамгыр* **жаадырып, ага жерден орун бердик. Чындыгында, Биз аны жок кылып коюуга, албетте, кудуреттүүбүз.**» деген (Муминуун: 18).

Мындан соң ибн Аббастан айтылган пайгамбар (САВ)дын: «**Бир жыл башка бир жылдан жамгырлуу болбойт. Бирок каалаган жайына которуп коет**» деди да, «Анан алардын арасына которуп койдук» деген аятты окуду» сөзү айтылат. (Хаким, Байхаки риваят кылышкан).

## Берекелүү хадистин далалаты:

Куттуу хадисти окуп жатып эки акыйкатты билебиз:

а) «Бир жыл башка бир жылдан жамгырлуу болбойт» деген сөзүнөн бир жылдык жамгырдын көлөмү белгилүү, чектелүү;

б) «Бирок каалаган жайына которуп коёт» деген сөзүнөн Алла Таала тарабынан жердин сырткы кыртышына, климаттык абалына жараша, тең

салмактуулук менен суулар аймактарга бөлүнүп берилет. Алла Таала: «**Анын алдында бардык нерсе өлчөнгөн**» деген (Рад: 8) сөзүн бекемдейт.

**Илимий акыйкат:**

Алла Таала жерди географиялык катмарларга ээ кылган: геосфера башка асмандагы планеталардан өзгөчөлөнүп турат, сырткы кыртышы төрт бөлүмдөн түзүлгөн: абалык (атмосфера), аскалык (литосфера), суулук (гидросфера), тирүү жандык (биосфера).

Мына ушул бөлүмдөр бири-бирине аралашып, үзгүлтүксүз кыймылда болушат. Ар бир бөлүмдүн өзгөчөлүгүнө, затына, күчүнө жараша алмашуу, которуу процесстер жүрүп турат. Натыжайда, жердин географиялык кыртышы табыйгий бир бүтүм массаны түзөт. Которуу, алмашуу процесстеринде суунун ролу абдан чоң. Себеби, суунун физикалык да, химиялык да өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар:

а) географиялык жер кыртышындагы суунун бир учурда эле физикалык үч баскычы (формасы) бар: суюктук (бул негизгиси); газдуу (суунун буусу); катыктык (муз).

б) суу химиялык бир бүтүм түзүлүштү бузуп, бөлөк-бөлөк кылып, чачып салуу же бириккен тоо тектерин эритип ийүү кудуретине ээ.

в) суюктуктугу, кыймылы, жабышчаактыгы эритип, бузуп салган нерселерди алыс аралыкка которуп, агызып, көчүрүп салууга мүмкүнчүлүк берет.

г) суу газдын катмары менен жогорулап, аска-таштын майда тешиктери, боштондуктары аркылуу жердин кыртышынын тереңине дейре жетет.

д) жердин үстүндө сууну көлөмү аябай көп (1,38 миллиард куб.га жакын), башка планетадан анчалык көлөм жок, мына ошондуктан жашыл планета катары таанымал.

е) суу бул жер бетиндеги суюктуктун эң көп көлөмдүүсү, физикалык жана химиялык жаатынан да орто массага ээ, жер бетиндеги тирүү организмдердин кажетине жараша белгилүү өлчөмдө таза, тунук суу тартууланат.

Жогорку акыйкаттардын негизинде, (1400 жыл илгерки) пайгамбарлык кабардын далалаты айкын болуп, жер бетине белгилүү өлчөмдө, эч өзгөрбөй, бир жылдан башка жылга айырмаланбай, орточо өлчөмдө турганы, география жана табият таануу илимдеринде нымдуулук менен осадкалардын балансы деген аталыш менен белгилүү.

**Нымдуулук айлампасы эки нымдуулук элементтердин тобу менен түзүлөт:**

а) биринчи топ – нымдуулук пайда кылуу элементтеринин тобу.

б) экинчи топ – нымдуулук жоготуу элементтеринин тобу.

Деңиздерде нымдуулук пайда кылуучу элементтерди бир жылдык осадкалык өлчөмдөн (Хо) көп эсе, кургактыктан көл аркылуу таза суунун ага агып келиши (Y), ал эми жоготуу, деңизден буу аркылуу суунун көлөмү (Ео), мына ушундан деңиздеги нымдуулук

суунун тең салмактуулугу төмөнкү (Хо+ Y=Eo) формада болот.

Муну куб, км, сандык өлчөмдөргө которсок: (Ео=458+49=505) болот.

Бул, башкача айтканда, жыл сайын деңиздерден 505 000км/куб бууланган суунун көлөмү. Бул сан деңиздердин үстүндөгү осадкалардын көлөмү менен тең келет 458 000км/куб, кошумча көлдөрдүн суу 47 000км/куб.

Ал эми континенттерге келсек, пайда кылуучу элемент бир жылдык осадкалардын көлөмү (Хс) андан да ашып, 119 000км/кубга жетет. Тек гана деңизге куйган көлдөрдөгү суулардын көлөмүндө жоготуучу нымдуулук пайда болот, ал 47 000км/кубду түзөт. Ошентип, жыл бою континенттерден бууланып чыккан суунун жалпы көлөмү (Ес), бул 72 000км/куб турат.

Эми кургакты менен деңиздердин үстүнөн пайда болгон суунун жана нымдуулуктун тең салмактуулук элементтерин билгенибизден кийин, бир эсепке салып койсок, туура болот.

(Ео+Ес=Хо+Хс)

Сандар менен:

505+72=458+119

Жердин бууланганын жалпылай (Е) менен, ал эми осадкалардын (Х) менен белгилесек,

(Е=Х) болуп калат.

Мына ошондо нымдуулуктун көлөмү менен тең салмактуулукту тарабы тең чыгып келет:

Е(577) =Х(577)

Тагыраак айтканда, жердин бетинен бууланып чыккан суунун жалпы көлөмү, осадкалардын бир

жылдык көлөмү менен бирдей, тең экендиги аныкталды.

**Илимий керемет тараптыры:**

Бууланган суулардын, ошондой эле жаап түшө турган суулардын бир жылдык так, белгилүү өлчөмү бар экендиги өз каалоосу менен сүйлөбөгөн пайгамбар (САВ)дын чынчылдыгын айгинелейт.

## Төртүнчү бап: Деңиздин караңгылыгын жана ички толкундарын сыпаттаган Курандын керемети

Алла Таала: «**Же – терең деңиздин караңгылыгы сыяктуу! Анын үстүн толкун, анын** *толкундун* **үстүн** *дагы бир* **толкун, анын үстүн булут каптаган. Биринин үстүнөн бири** *каптаган* **караңгылыктар. Эгер колун чыгарса, аны** *такыр* **көрө албайт. Алла кимге нур бербесе, ага ким нур бермек эле**» деген (Нур: 40).

### Тилдик мааниси жана тапсири:

Тил жана тапсир адистери «лужжи» деген сөздүн маанисин баяндашкан, Тобари: «Терең деңиз, суу аябай көп» дейт. Замахшари: «Суусу аябай көп, тереңдиги аябай терең деңиз» дейт. Аль-Баширий: «Түбү жок, суусу көп, толкунга мол деңиз» дейт.

### Илимий тактык:

Деңиз, анын тереңдигине байланыштуу илимий изилдөөлөр кечээ гана он сегизинчи кылымдарда башталып, анан 1958 жылы, тактап айтканда, илимий изилдөөлөрдөн үч кылым кийин, заманбап суу астында

жүрүүчү кемелерди, ошол багыттагы атайын аппарат, приборлорду ойлоп тапкан соң, деңиз илимине терең көңүл бурган океонолог окумуштуулардын катар-катар муундары аркылуу адам баласы таң калаарлык акыйкаттарга жетишти:

1) Деңиз эки чоң бөлүктөн турат:

   а) деңиздин үстү (күндүн нуру, энергиясы, жылуулугу жете турган чек).

   б) деңиздин түбү (күндүн нуру, энергиясы, жылуулугу жетпей турган чек)

2) Деңиздин түбү деңиздин үстүнөн жылуулук, жыштык, басымдуулук, күндүн жарагынын температурасы, эки тарапта, экөөнү бөлүп турган толкундун үстү жана асты жагында ар башка жашаган суу жандыктар менен айырмаланат.

3) Деңиздин түбүн ички толкундар жаап турат, алар деңиздин түбү менен деңиздин үстүн бөлүп туруучу тосмо сыңар, кудум деңиздин бетин жаап турган деңиздин толкундары сыяктуу, алар да аба менен сууну бөлүп туруучу тосмо кызматын аткарат. Деңиздин ички толкундары 1904 жылы гана ачыкталган. Толкундардын бийиктиги 10м ден 100м ге чейин жакын көтөрүлөт.

4) Деңиздин түбүндөгү караңгылык анын тереңдиги канчалык тереңдеген сайын, ошончолук караңгылык каптайт. Капкараңгылык 200м чамасында башталат, мына ошол терендикте деңиздин үстүнкү жылуу тарабы менен түпкү тереңдиктеги муздак тарабын бөлүп турган жер болот. Ошол жерде деңиздин тереңинде муздак сууну жаап, каптап турган ички толкундар бар,

ошондон ылдый чамалдап айтканда, 1000м терендикте караңгылык күчөгөндөн күчөп кете берет.

Деңиздин терендигине жараша караңгылыктын жайылышын балык уулаган балыкчылар байкашкан. Күндүн нуру таза сууда да жутулуп кетет, деңиздин түбү аппак кумдуу болгон кезде да түсүн өзгөртөт, бара-бара терендеген сайын көрүнбөй кете берет да, акыры толук көрүнбөй калат, нурдун көлөмү терендик менен карама-каршы чагылдырып калат.

Деңиздин суусундагы караңгылыктардын так, кылдат өлчөмү күчтүү аппарат жана приборлор тарткан сүрөттөрдүн негизинде өткөн кылымдын акыр ченинде гана билинди. Андан кийин жарыктыктын күчтүүлүгүн өлчөй турган фотоэффект отузунчу жылдары ойлонуп чыгарылды. Адам баласы узак терендикке сүзө турган аквалангдарды ойлоп тапты.

Ал эми деңиздин тереңинде жарыктык жок эсе, караңгылык – түрмөлөнгөн, кабатталган. Ошол терендикте жашаган балык жана башка тирүү жандыктар жол көрсөтүүчү жарыктыкты химиялык энергиядан алышат. Алардын кээ бир түрү сокур болушат, көрүү касиетинен башка касиеттерди колдонушат, мисалы: айланасындагыларга тийүү, сезүү сыяктуу.

Британия энциклопедиясы: окумуштуулар деңиздин 600м-2700м чамасындагы терендикте караңгылыкта олжосун жутуп алуу үчүн жарык берген мүчөсүн колдонгон балыктарды көрүшкөн.

Деңиздин караңгылыктары чамалап айтканда 200м башталат да, 1000м чамасында караңгылыгы аябай

күчөйт. Чылк караңгылык 500м ден башталып 1000м ге чейин күчөйт. Андай караңгылык биринин үстүнө бири, катмар-катмар болуп жайгашканынын натыйжасы. Ал эки негизги себепке көз каранды:

**Тереңдиктин караңгылыктары:** күндүн нуру жети түстөн: (кызыл, оранжевый, сары, жашыл, индиго, фиалетовый, көк) турат. Ар бир түстүн өзүнө таандык созулган толкуну бар. Нурдун сууга тийген жарыктык кубаттуулугу ошол толкундун узундугу менен байланыштуу. Толкундун узундугу канчалык кыскарса, нурдун сууга тийген кубаттуулугу ошончолук күчөйт. Күндүн нурлары биринин үстүнө бири катмарланып жатып, караңгылык түстү пайда кылат. Суунун тереңдиги түстөрдү ар кандай даражада жутуп алат.

Тосмо караңгылыктары: деңиздин түбүнө чылк караңгылыктарды пайда кылууда тереңдик караңгылыктар менен тосмо караңгылыктары аралашат. Тосмо караңгылыктар:

а) **булуттардын караңгылыгы:** көбүнчө, суунун бууланып чыкканда терең деңиздин үстүн булут каптап калат, күндүн нуруна пайыздык тосмо болуп берет.

б) **суунун бетиндеги толкун караңгылыгы:** деңиздин бетиндеги сырткы, күндүн нурун карама-каршы чагылдырган толкундар. Жээкте турган адам эгер көзөмөл жүргүзсө, суунун үстүндөгү толкундарга тийген күн нурунун жарыгы карама-каршы чагылган өлчөмүн байкайт.

в) **ички толкундарын караңгылыгы:** деңиздин тереңинде ички толкундар бар. Ал 70м ден башталып, 240м ге чейинки аралыкты ээлейт. Миллион деген кылтылдама жандыктар ошол ички толкундардын

үстүнкү бетинде, ички толкун сырткы толкунга дейре согот, ошол жандыктар топтолгон ылайка сымал деңиздин сыртына чыгат. Ички толкун деңиздин тереңине күндүн нурун өткөрбөй турган тосмонун ролун ойнойт. Мына ошол караңгылык – булут жана деңиздин бетиндеги толкундардын караңгылыктарынын астындагы – үчүнчү караңгылык болуп саналат.

**Илимий керемет тарабы:**

Он сегизинчи кылымга дейре деңиз белгисиз аалам эле. Деңиз тууралуу ар кандай уламыш, ар кандай жөө-жомоктор илгерки маданияттарды бийлеп келген.

Өтүп бара жаткан акыркы үч кылым арасында заманбап технологиялардын өнүгүсү менен, бир катар океанолог-окумуштуулар, изилдөөчүлөрдүн талыкпаган эмгектеринин негизинде деңиз акыйкаттары ачылды. Алар:

Терең деңиздин караңгылыктары, сырткы толкундардан айырмаланган деңиздин ички толкундары, караңгылыктардын түрмөлөктөнгөнү, катмар-катмар болуп, биринин үстүнө бири жабылып тереңдеп жатып, акыры эч нерсе көрүнбөй, жарыктык биротоло жоголуп кетээри.

Мына ушунун баарын куттуу аят: «**Же – терең деңиздин караңгылыгы сыяктуу! Анын үстүн толкун, анын** *толкундун* **үстүн** *дагы бир* **толкун, анын үстүн булут каптаган. Биринин үстүнөн бири** *каптаган* **караңгылыктар. Эгер колун чыгарса, аны** *такыр* **көрө албайт**» баяндаган (Нур: 40).

## Бешинчи бап: Көл менен деңиздин аралыгындагы тосмо

Алла Таала: «**Ал деген эки деңизди жанаштырды: бул** *бири* **– тузсуз, таза суу;** *а* **бул** *экинчиси* **– туздуу, ачуу; экөөнүн ортосуна барзах** *жабык тосмо* **орнотуп койду**» деген (Фуркан: 53).

**Тапсирчилердин сөздөрү:**

(жанашуу) баруу жана келүү, кезигүү, аралашуу, кагышуу деген маанилерди туюндурат. Деңиз деген сөз туздуу деңиз же тузсуз, таза көлгө далалат кылат. Андыктан, текст эки деңиздин же деңиз менен көлдүн, бири экинчисине кезигүүсү, аралашуусу – толук аралашып, кошулуп кетпей, бири экинчинин кай бир сыпатын өзгөртпөй турганына, ага себеп, ортосунда тосмо, атап айтканда, ошол өзгөрүүлөргө жол бербей турган бөгөт турганына далалат кылат.

Деңиздер толкундап, бири-бирине кесилишип, бирок бири-бирине сиңип кетпей, сыпаттары жуурулушпай, кудум ортодо эч нерсе өткөрбөй турган тосмо бардай. «Софвату тафасир» аттуу тапсирде: «**Ал деген эки деңизди жанаштырды: бул** *бири* **– тузсуз, таза суу;** *а* **бул** *экинчиси* **– туздуу, ачуу...”** башкача айтканда,

бири-бирине жабышкан эки жанаша деңизди жуурулушпай, экөөнүн ортосуна тосмо коюп, бири экинчисине өтүп кетпей турган кылды.

**Илимий тактык:**

Адам баласы көлдүн деңизге куюлганына илгертен эле күбө болуп келет. Көлдүн суусу уламдан-улам деңизге тереңдеп кирген сайын түсүн, даамын жоготконун байкаган. Ушундан улам, көлдүн суусу акырындык менен деңиздин суусуна сиңип кетээри билинди. Ал болбогондо, көл деңизге куюп, таза болуп күн сайын деңизди каптап кетмек. Илим-билим өнүгүп-өрчүү, табияттын сырларын изилдөө багыты күч алуу менен деңиз менен көлдүн бириккен жери көңүлгө алынып, деңиз менен көлдүн кезиккен жеринин суусун даамын, туздуулугун, тузсуздугун кылдат текшерген жабдыктар менен изилдөөгө алынды. Жылуулук температурасы өлчөндү, жыштык ченеми ченелди, тирүү жандыктар түр-түргө бөлүнүп классификацияланды, алардын орундары аныкталды, алардын деңиздик жана көлдүк чөйрөдөгү жашоосу такталды.

Деңиз менен көлдүк кезиккен жерлердин бир топ жерлери изилденгенден кийин окумуштууларга көзгө көрүнбөгөн, мурда акылга келбеген кээ бир сырлар ачылды. Суулар үчкө бөлүнөт:

1) Көлдүн суусу, таза, тунук.
2) Деңиздин суусу, туздуу.
3) Аралашма суу, таза суу менен туздуу суунун аралашмасы, деңиз менен көл кезиккен жердеги

суу. Ал жер деңиз менен көлдү бөлүп турган жер, тосмо ары-бери чайпалып турат, деңиздин ташкыны жана тартылышына жана көлдүн агышы жана соолушуна жараша болот. Деңиз ташкындаган сайын туздуулук күчөйт, көл жакындаган сайын тазалык күчөйт.

Кудум, ал жерде экөөнү бөлүп турган суудан куралган тосмо бардай, бир тараптын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн сактап, экинчи тарапка өткөрбөй турат, атүгүл көл шаркыратма өңдүү бийик жерден куюп жатса дагы.

Деңиздин суусу менен көлдүн суусу ошол кезиккен жайларда канчалык ташкындоо жана тартылыш, аралашууга эң негизги себеп боло турган канчалык куюлмалар болбосун, түздөн-түз кезигүү эч качан болбойт. Анткени, дайымкы тосмо ошол аймактын баарын бүтүндөй курчап турат. Тек гана көлдүн суусу кээ бир жерлерде акырындык менен деңиздин суусуна сиңет.

Үч түрлүү суунун: (көлдүн суусу, деңиздин суусу, аралашма суу) туздук, тузсуздук массасы ар башка. Изилдөөчүлөр тирүү жандыктарды классификациялашты:

1) Деңиз, же көл, же аралашма жерде жашаган жандыктардын көпчүлүгү эгер ошол жерден башка чөйрөгө которулса, жашай албаганы, ал жерден чыкса, өлөрү аныкталды. Лосось, деңиздин жыландары өңдүү жандыктардын аз ганы түрү үч чөйрөдөй бирдей жашай алышат, булар ар бир чөйрөгө көнүп кетүү кудуретке ээ.

2) Үч чөйрөнүн түрлөрү, ошол тосмонун аралыгында жашаган тирүү жандыктар кирет. Ошол аймакта жашаган жандыктар ошол аймактан башка жерде жашай алышпайт. Алар туз менен тузсуздуктун аралашмасында, осмотикалык басымдуулктун даражасында жашап, көнүп калышкан. Эгер ошол жерден чыгып кетишсе, өлүп калышат. Ал эки суу кошулган жер.

Аралашма суунун тосмосу деңиз же көлдө өмүр сүргөн тирүү жандыктардын көбүн бөгөттөп турган жай. Себеби, ошол жандыктар осмотикалык басымдуулуктун өзгөрүүсү менен ошол аймакка кирип кетсе, өлүп калышат. Алла Таала мындай суудагы укмуштуу мыйзамдуулукту аралашкан суулардын чектерин, бири-биринин өзгөчөлүктөрүн бузбай, сактоо үчүн жасады. Ар бири өз өзгөчөлүгү менен калышы адамдарга ырайым, көлдүн суусу тазалыгында, тунуктуугунда жашаган тирүү жандыктардын жашоосуна ылайык турганы ырайым эмес эмне?! Алла Таала орноткон ошол тосмону эгер адам баласы көзү менен тигиле карап көрө албаса, бүгүнкү күндө спутниктер бизге толтура сүрөттөрдү тартып беришти. Ошол үч суунун чектерин ачык көрсөттү. Суунун жылуулугуна жараша айырма ошончолук байкала берет. Көлдүн суусу деңиздин суусуна сиңгенине карабай, кошулган жердин эки тарапка бөлүп турган чектер бар, кирип же чыгып жатканын ажыратып турат. Бул сыпаттама толугу менен кошулуу мыйзамченемдүүлүккө дал келет.

**Илимий керемет багыты:**

Куран Карим кезигүү аймакты, үч бөлүктөгү суунун аябай так, даана, жогорку чебердикте сыпаттаган. Ошол сыпаттама кыскалуу, ары нускалуу болгону менен, ошол үч бөлүктү: аябай туздуу деңиз, аябай тунук деңиз, туздуу менен тузсуздук аралашкан аралашма сууларды, андагы жашаган тирүү жандыктарды, алардын алакасын, чектерин өзүнө камтыйт.

Куран Карим түшкөндөн бир топ кылымдар кийин акыл анын сырларын, кереметтерин кантип изилдеп жатканын карачы. Ошол сырларды илим-билим кантип ачып жатканына назар салчы. Алла Таала: «**Аллага алкыш-мактоолор болсун! Ал силерге аят** *белгилерин* **көрсөтөт, аны көрөсүңөр** *билесиңер*! **Роббиң силердин жасап жаткан амалыңардан бейкапар эмес!" де**» деген (Намл: 93).

Деңиз, көл, же кошулма суулар жок, какыраган чөлдө сабатсыз коомдо окууну, жазууну билбеген сабатсыз пайгамбар (САВ)га ар түрдүү түзүлүштөгү (тузсуз, туздуу, алардын ортосуна тосмо, бөгөт, хижаб) боюнча ошондой кылдат сырларды ким кабарлады дейсиң?

**Алтынчы бап:**
**Деңиздин тосмосунун сыпаты**

Алла Таала: «**эки деңизди жанаштыра агызды, экөөнүн ортосунда тосмо** *бар*, **бири-бирине кошула алышпайт, Роббиңердин кай бир жакшылыгын экөөңөр** *инсан менен жин* **чанасыңар?! экөөнөн бермет менен маржан чыгат**» деген (Рахман: 19-22).

**Тилдик мааниси жана тапсири:**

(Деңиз) таза, тунук суу акыры жыштыгы күчөп, туздуу болуп кеткен суу айтылат.

Асфахани: «Кээ бирлер башында таза болбой, асылында эле туздуу болгон сууга айтылат дешет» дейт.

Ибн Манзур: «Туздуулук басымдуулук кылып, тазалыгы жоюлуп кеткен суу» дейт.

Эгер деңиз сөзү колдонулса, демек, туздуу деңизге айтылат, эгер башкага далалат кыла турган сөздөр кошулса, анда ошол далалат назарга алынат.

Куран таза, агып турган тунук сууга далалат кылган сууга көл сөзү колдонот.

Туздуулгуна далалат кылган суугa деңиз сөзүн колдонот. Алла Таала: «**Деңизде – Анын амири менен – сүзүп жүрүүчү кемени силерге башкартып койду.** *Ошондой эле* **көлдөрдү силерге баш ийдирди**» деген (Ибрахим: 32).

Ошондой эле хадисте туздуулукка далалат кылган сууга деңиз сөзү колдонулганы кездешет. Бир киши пайгамбар (САВ)дан: «Эй Алланын элчиси, биз кеме менен деңизде сүзгөнүбүздө даарат алуу жана ичкени өзүбүз менен аз гана таза суу алып калабыз, деңиздин суусуна даарат алсак болобу?» деп сурады. Алланын элчиси (САВ): «Ал таза, суусу жана анда өлгөн нерсе адал» деди.

(Барзах): тосмо, көптөгөн тапсирчилер ал көрүнбөйт деген пикирди айтышкан.

(Багый): ибн Манзур: чектен чыгуу деген, ушул сөздү Жаухари да, Асфахани да айткан.

**Илимий тактык:**

Ушул заманда илимдин өнүгүсү менен океанолог-окумуштуулары эки деңиздин ортосунда, эки деңизди эки жакка бөлүп турган тосмо бар экендигин аныкташты. Аны алар (фронт, кууш тилке) деп аташты, эки армияны бөлүп турган маанидеги сөзгө байланыштырышты. Тосмо ар бир деңизди өзүнө таандык Алла Таала белгилеген өзгөчөлүктөрүн сактап, ичинде жашаган тирүү жандыктардын баарын ошол чөйрөдө өмүр сүрүүшүн камсыздайт.

Ошол тосмонун себебинен, эки кошуна деңиз акырындык менен гана бири-бирине аралашат. Бир

деңизден экинчи деңизге тосмо аркылуу ашып өткөн суу ошол тараптын өзгөчөлүктөрүн акырын менен өзүнө сиңирет. Ар бир тарап өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн сактайт.

Тосмонун эки тарабындагы деңиз сууларынын өзгөчөлүк акыйкаттарын билүүдөгү илимий баскычтар:

- Океанолог-окумушутуулар ар башка деңиздеги суунун составы ар башка экенин аныкташкан. (1284-1873жж) англичандардын «Челенжер» аталыштагы деңиздик илимий экспедициясы аркылуу адам баласы ар башка деңиздин суусу туздуулугу жагынан, жылуулук температурасы жагынан, жыштык ченеми жагынан, тирүү жандыктардын түрдүүлүгү жагынан бири-биринен айырмаланып турарын билди.
- (1933ж) кийин америкалык экинчи илимий экспедиция Мексика аралыгына жөнөдү. Деңиздердин өзгөчөлүктөрүн изилдөө үчүн миңдеген станцияларды түздү. Ошол станциялардын ар бири ошол аймактагы суунун өзгөчөлүгү боюнча бирдей маалымат берген. Тактап айтканда, туз, жыштык, жылуулук, тирүү жандыктар, кислороддун эритме кабылдоосу деген сыяктуу. Ал эми башка станциялар башка аймактан дал ушундай өгүттө бирдей маалымат беришкен. Мына ушундан улам океанолог-окумуштуулар сыпаттамалары ар башка болгон эки башка-башка деңиздерди аныкташты.
- Миңдеген станциялар ар башка деңиздердин өзгөчөлүктөрүн катуу изилдөөгө алышты. Окумуштуулар ар бир деңиздин өзүнө гана

таандык өзгөчөлүктөрү барлыгы, аны башка деңизден айырмалап турарына далил болду. Күн сайын эки жолудан деңиз суулары ташкындоо, тартылуу күчүнүн таасиринин алдында, ички жана сырткы толкундардын, дайымкы кыймылдын таасиринин алдында эмне себептен аралашып, жуурулушуп, сиңишип кетпейт?

Эң биринчи жооп 1942 жылы жазылган илимий китептин беттеринен табылды. Деңиздин өзгөчүктөрү, кезиккен деңиздерди бөлүп туруучу суудан курулган тосмо боюнча, ал туздуулук жагын, жылуулук температурасын, жыштык ченемин, тирүү жандыктардын түрдүүлүгүн, кислороддун эритме кабылдоосун сакташы боюнча кенен, ары терең маалыматтар жазылган.

Бир топ жылдан кийин (1962ж) деңиз тосмосунун ролу билинди. Анын ролу: бир деңизден башка деңизге өткөн биртке суунун өзгөчөлүгүн ээритип жиберип, тиги тараптын өзгөчөлүгүн кабылдатат, бир деңизди башка деңизге жаман таасир тийгизүүгө тыюу салат, айтор ар бир деңиз өз өзгөчөлүгү менен калуусуна шарт түзөт. Ак деңиздин ысык жана туздуу сууларынын чектери Атлантикалык океандын тузу аз, муздак сууларына киргени баяндалды. Акыры, адам баласы ошол тосмону, анын айланасында болуп жаткан процесстерди бүт спутник аркылуу тартып алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишти. Деңиздердин суусу бир жысымдан башталганы менен, ар бир деңиздин өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү барлыгы, жылуулук

температурасынын айырмачылыганан түстөрүнүн да айырмачылыктары болгонун бүт баяндады.

Ушул багыттагы изилдөө майданында Амман аралыгындагы суу менен араб аралыгынын суусун салыштырууда ар кандай сандык, эсептик, анализдик, химиялык багыттар менен иштеп, бири-биринен химиялык, өсүмдүк жаатындагы айырмачылыктарды таап чыкты. Кудум, экөөнүн ортосунда тосмо же бөгөт бардай.

**Илимий керемет тарабы:**

Эки деңиздин ар биринин өз өзгөчөлүгүн сактоо милдетин аткарган, эки деңиздин ортосун бирин-биринен ажыратып турган тосмолордун акыйкатына жетүү талабы коюлду. Ага жүздөгөн изилдөөчүлөр катышты. Дыкат илимий изилдөөгө керектелген заманбап технологияларды, ар түрдүү аппараттарды колдонушту.

Ошол эле учурда, он төрт кылым мурда Куран Карим бул акыйкатты ачык баяндап койгон. Куран аяттары азыркы күндө океанология илиминде аныкталган сырлар жөнүндө эчаак кабарлап, туздуу деңиздердин кезигүүсүн сонун сыпаттаган.

Анын далили:

**Биринчиден:** аят эки деңиз сөзүн эч бир байламтасыз айткан, демек эки туздуу деңизге далалат кылат.

**Экинчисиден:** Рахман сүрөсүндөгү аят эки деңиз, алардан берме менен маржан чыгат деп баяндайт. Адатта, туздуу деңизден гана бермет менен маржан чыгат. Аят эки туздуу деңиз тууралуу баяндап жатат:

«**Ал экөөнөн бермет менен маржан чыгат**», б.а., алардын ар биринен чыгат дегени.

Сырткы көрүнүшү бир, көз, жыт ж.б. сезимдер аркылуу эч бир ажырым таба албаган, бирдей болгон эки деңиздин ар бири башкасынан айырмаланган өзгөчөлүктөргө ээ экенин ким билген? Ар бири туздуу, көкмөк, толкундары бар, балыктары бар, бири-бирине кезиккен кезде эле кантип айырмаланып калат? Белгилүү болгондой, бир идиштеги сууга башка сууну куйсак, биригип кетет да, ал эми толкундуу, ташкындоо, тартылуу ж.б. кыймылдарга ээ болгон суулар кантип бирикпейт?

Мына ошол тосмонун барлыгы үчүн эки кошуна деңиздин суулары акырындык менен аралашат. Бирок бир деңиз экинчи деңизге жаман таасир тийгизбейт. Себеби, тосмо бир деңизден экинчи деңизге ашып өткөн сууну ошол тараптын өзгөчөлүктөрүн акырын менен өзүнө сиңирттет. Ар бир тараптын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн сактап турат. Акыйкатты айткан Алла Таала «**эки деңизди жанаштыра агызды, экөөнүн ортосунда тосмо** *бар*, **бири-бирине кошула алышпайт**» деген.

Көптөгөн тапсирчилер эскерилген эки деңизди бөлүп турган тосмо Алланын кудурети менен көрүнбөйт дешет. Кээ бир тапсирчилерге ошондой тосмо турса дагы, деңиздердин суулары аралашканы түшүнүксүз болгон. Тосмо болгон соң аралашууга тыюу салынышы керек элек. Аралашуу (жанашуу) деген сөз менен эскерилгени тосмонун жоктугуна далалат, түшүнүксүздүк жоюлду, бүгүнкү күнү деңиз сырлары ачылгандан кийин баары өз ордуна түштү.

## Жетинчи бап:
## Күйгүзүлгөн деңиз

Ааламдардын Жаратуучусу айкын китебинде касам келтирет: «**Күйгүзүлгөн деңизге** *ант***!**» (Тур:6).

### Тапсирчилердин сөздөрү:

Алла Тааланын: «**Күйгүзүлгөн**» деген сөзүнүн мааниси боюнча тапсирчилер ар кандай пикирлерди айтышты. Кээ бири Кыямат күнү жана турган от (тозок), «**деңиздер** *тандыр сымал* **кызыса**» дегендей мааниде дешти. Катада: «толо» десе, Мужахид: «күйгөн» дейт, Дахкак, Шамр ибн Атыя, Мухаммад ибн Каб, Ахфаш: «Туздуу суу менен таза суунун аралашмасы тандыр сымал күйүп, кызып турат» дешти.

Ой жүгүрткөн адам Куран тексттердин жүрүшүндө келген касам деңизге мүнөздүү сыпатка, ал күйгүзүлгөндүк, ошого шилтеме кылат. Тур сүрөсүнүн башында келген касам ичилген нерселердин түрлөрү анын бул дүйнөгө таандык экенине далалат кылат. Алла

Таала: «**Ат-Тур тоосуна** *ант*! **Жазылган китепке** *ант*! **Жайык териге** *ант*! **Тургузулган үйгө** *ант*! **Көтөрүлгөн шыпка** *ант*! **Күйгүзүлгөн деңизге** *ант*!» деген (Тур: 1-6).

**Илимий акыйкат:**

1962 жылкы илимий ачылыш деңиздин түбү орто жарымынан кеңейгендигин аныктаган. Деңиздин кеңейгени бүгүнкү күнү бардык деңиздердин ажырагыс сыпаты. Кызыл деңиздин түбү башталышынан тартып эле кеңейгенинен токтобой кеңейип келет. Бир жылдык кеңейиши 3-6см түзөт.

Белгилүү болгондой, лава деңиздин астынан ошол деңиздин кеңейген жерлерине көтөрүлүп, анан муздап, анан деңиздин түбүнө айланат. Деңиз жана геология багытынын окумуштууларына маалым болгондой, кызыл деңиз байыркы заманда болгон эмес, ал маалда араб аймактары менен африканын аймактары бир бүтүм болгон. Кургак жердин бир бүтүмдүгүн түзүп «Араб-Нуби жерлери» деп аталган. Анан ошол жер азыркы кызыл деңиздин ортолугу менен созулган жарыкча сызыкча өттү. Ошол жерден созулду. Жарыкча акырындык менен чоңоё баштады. Лава жердин астынана көтөрүлүп чыкты. Анан лава муздады да, деңиздин түбүнүн биринчи катмарын түздү. Мына ошол көз ирмем жаңы деңиздин жаралуусуна күбө болду. Ошол маалдан баштап, орто ченинде эч токтоосуз деңиз кеңейгенинен кеңейип келүүдө. Лавалардын көтөрүлүшү да токтобойт. Деңиздин көлөкөсү орто ченинен от күйгүзүлгөн абалда,

ошентип, деңиздин түбүнүн кеңейиш учурунда жердин астынан үстүнө чыга турган эшикти үзгүлтүксүз ачып турат. Эшик дегенде деңиздин ортосундагы жарык, жарылган жер. Деңиздин жаралган жана жарылган кезден тартып, акырындык менен кеңейүүдө. Кээ бир тапсирчилер сыпаттагандай, деңиздин абалы кызыган тандыр сымал, жанып, күйүп турган деңиз.

Деңиздин түбүндөгү аскалардын түзүлүшү бири-биринен алыстап бара жаткан жайылган колдун эки алаканы сыяктуу. Жайык алыстап бара жаткан эки алакандын ортосу деңиздин түбүнүн үзгүлүксүз кеңейип жаткан жайы. Кызарган, күйүлгөн деңизге илимий шилетемени Куран касам иретинде «жарыктык ээси болгон жерге ант!» (Тарик: 12) так берет. Аныкталган акыйкат деңиздин түбү күйгүзүлгөн ага далил.

Деңиздин ортосундагы рифти, чекени илимий ачылышынын окуясы экинчи дүйнөлүк согуштан кийин мезгилдерге кайтат. Анткени, ошол учурларда деңиз изилдөөчүлөр деңиздин түбүн жана айланасы тартылган карталар менен иш алып барышкан. Окумуштуулар деңиздин ортосуна тең маңдай түндүктөн Атлантикалык океандын түндүгүн көздөй созулган тизмеленген тоолорду көрүшкөндө ушунчалык таң калышты. Бул ачылыш, тизмеленген ошол тоолор, чындыгында эле, эң таң кала турган нерсе! Негизи, деңиздин түбүнүн ортосу дайыма эң терең жери болору баарына маалым. Ал эми биздин бул деңизибиздин түбү төмөндөбөй эле кайра соот формадай көтөрүлүп турат экен. Ага бардык деңиз ааламындагы тизмектелген тоолордун таасири себеп

болуптур. Деңиздин ортосундагы тизмектелген оттуу жарыктар, жаракалар үзүлгүс байланышта, кудум бир жарык, бир жарака сыяктуу. Анын узундугу миң км жетет. Эң таң калыштуусу, ошол тизмектелген жарыктар терең казылган аң формада жаракаттуу өрөөн аркылуу бөлүшүт. Байкалгандай, ошол жаракаттуу өрөөндүн түбүндөгү жарыктар алоолонгон базальтты чыгарып, өрөөндүн түбүн толтурат. Жаракаттуу өрөөн тектоникалык плиталардын эки бөлүгүн (плитасын) экиге ажыратып, алыстатып турган чекеси сымал.

Эми ошол ажырап, алыстап турган эки тектоникалык плиталардын ортосунан (жарылмадан) деңиздин түбүнөн оттуу лавалар жанып турат. Мына ошону сыпаттоо менен Алла Таала: «**күйгүзүлгөн деңизге ант!**» деп, касам ичип жатат. Деңиздин түбүнүн ажыраган жарылмасы бар экенин кечээ жакында эле, 1974 жылдары америка менен франциялык окумуштуулар Атлантика океанынын түбүндөгү жаракалуу өрөөнүн акваланг менен сүзүп барып, кичинекей илимий экспедиция жасап, деңиздин түбүнүн ортосунда жанып турганы чындык экен деген ачылыш жасашты. Бирок анын барлыгы чектелген, ага уруксат берилген гана өлчөмдө турат, буйрук келсе, жалындап кызыйт да, жарылат: «**деңиздер** *тандыр сымал* **кызыса**» (Таквир: 6), «**деңиздер бириккенде** *жарылганда*» (Инфитор: 3). Мына ошол мезгилде жер созулат, оттуу лавалар көтөрүлөт, деңиз жалындайт, аябай кызыйт, аябай коркунучтуу, үрөй учура турган көрүнүш башталат, жер ичиндегисин сыртка чыгарат: «**жер тегизделип, созулганда, ичиндегини сыртка**

**чыгарып, бошонгондо, Роббисине моюн сунуп,** *өкүмдү* **аткарганда**» (Иншикак: 3-5).

**Илимий керемет тарабы:**

1963 жылы илим деңиздин түбү ортосунан кеңейт экенин тастыктады. Деңиздин кеңейиши ааламдагы бардык деңиздерге мүнөздүү. Деңиздин түбү ажыроого учурап кеңейет, экиге бөлгөн ошол жарыктыктын, жаракалуу жердин ортосунан оттуу лавалар деңиздин түбүнө чыгат. Мына ошону сыпаттоо менен Алла Таала ант берип жатат: «**күйгүзүлгөн деңизге ант!**».

**Бешинчи бөлүмдүн корундуусу:**

1. Суунун акыйкатынан, физикалык жана химикалык өзгөчөлөгүнөн, дүйнөдөгү жашоого тийгизген таасиринен адам баласы толук бейкапар, кабарсыз жүргөн. Алла Таала биздин заманыбыздын адамдарына ошолордун баарын билүүгө бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берди. Мына ошондо Курандын куттуу тексттери «Суу өмүрдүн булагы» деген ураанынын акыйкатты ачыкка чыкты.
2. Куран аяты далалат кылган бул акыйкатты адам баласы космонавттардын изилдөөлөрүнөн жана спутниктер менен тартып алынган сүрөттөр аркылуу гана билбесе, андан башка жол аркылуу билүүгө такыр мүмкүн эмес. Адам баласы ошол жер астындагы суу запастарын изилдеп чыгып,

келечекте колдонула турган суунун көлөмүн билди. Андан сырткары, таштардын майда тешиктери эбегейсиз чоң фильтр катары кызмат кылат, бүтүндөй сууну тазалап турат.

3. Бууланган суулардын, ошондой эле жаап түшө турган суулардын бир жылдык так, белгилүү өлчөмү бар экендиги өз каалоосу менен сүйлөбөгөн пайгамбар (САВ)дын чынчылдыгын айгинелейт. «**Бир жыл башка бир жылдан жамгырлуу болбойт..**»
4. Куран Карим деңиздин түбүндө түрмөктөлгөн караңгылыктар барлыгына, биринин үстүнө бири катмарланганына шилтеме жасаган, аны окумуштуулар азыркы заманда гана изилдеп, илимий ачылыш жасашты.
5. Куран Карим деңиздердин түбүндө ички толкундар барлыгына шилтеме жасаган. Аны адам баласы 1900 жылдан кийин гана ачыктады. Куран Карим ошондой эле ошол ички толкундар деңиздин түбүн жаап турарына шилтеме жасаган.
6. Куран Карим сырткы жана ички толкундардын ролуна, алардын деңиздин түбүндө чылк караңгылыктарды пайда кылуусуна шилтеме жасаган.
7. Куран Карим суулардын кезигүү аймагын, үч бөлүктөгү суунун аябай так, даана, жогорку чеберликте сыпаттаган. Ошол сыпаттама, ары кыска, ары нуска болгону менен, ошол үч бөлүктү: аябай туздуу деңиз, аябай тунук деңиз, туздуу менен тузсуздук аралашкан

аралашма сууларды, андагы жашаган тирүү жандыктарды, алардын алакасын, чектерин даана баяндаган. Ар түрдүү түзүлүштөгү (тузсуз, туздуу, алардын ортосуна тосмо, бөгөт, хижаб) сырларды ушунчалык кылдат кабарлаган.

8. Куран Карим эки деңизди бири-бирине каршылык көрсөтпөй, жаман таасир тийгиздирбей турган суу тосмосун сыпатоонун жеткен чегине жеткире дыкат сыпаттаган.
9. 1963 жылы илим деңиздин түбү ортосунан кеңейт экенин тастыктады. Деңиздин кеңейиши ааламдагы бардык деңиздерге мүнөздүү. Деңиздин түбү ажыроого учурап кеңейет, экиге бөлгөн ошол жарыктыктын, жаракалуу жердин ортосунан оттуу лавалар деңиздин түбүнө чыгат. Мына ошону сыпаттоо менен Алла Таала ант берип жатат: «**күйгүзүлгөн деңизге ант!**». Деңиздин түбүнүн ажыраган жарылмасы бар экенин кечээ жакында эле, 1974 жылдары америка менен франциялык окумуштуулар Атлантика океанынын түбүндөгү жаракалуу өрөөнүн акваланг менен сүзүп барып, кичинекей илимий экспедиция жасап, деңиздин түбүнүн ортосунда жанып турганы чындык экен деген ачылыш жасашты.

# Алтынчы бөлүм

## Жан-жаныбар, курт-кумурска илиминдеги илимий кереметтер

Алла Таала:

**«Чындыгында, силер үчүн малдарда да ибарат бар, албетте. Курсагындагы жин менен кандын ортосунан агып чыккан, ичкендерге жагымдуу** *болгон*, **аппак сүт менен силерди азыктандырабыз»**

(Нахл: 66)

## Бөлүмдүн маанилүүлүгү жана максаты:

**Бөлүмдүн маанилүүлүгү:**

Бул бөлүмдүн маанилүүлүгү Алла Таала жараткан жаныбар, аары, кумурска сымал кээ бир жаныбарлардын сырлары, чочко сымал кээ бир жаныбарлардын эти арам экени боюнча Куран Карим баяндаган баяндамалардын илимий кереметтери менен таанышуу.

**Бөлүмдүн максаты:**

1. Чочконун этинин арамдыгы боюнча шариаттык даанышмандык.
2. Жаныбардагы сүттүн пайда болушу боюнча Куран Каримдин кереметти.
3. Төөнүн жаралышындагы керемет.

4. Аарынын ичинен чыккан шарап боюнча Куран Каримдин керемети.
5. Чымындын канатындагы уу жана дабаа (шыпаа) боюнча пайгамбар (САВ) хадисинде айтылган керемет.
6. Кумурска ааламынын байланыштары боюнча Куран Каримдин кабары.
7. Эң үлбүрөгөн үй – жөргөмүштүн үйү.

**Бөлүмдүн мазмуну:**

- **Биринчи бап:**
  Чочконун этинин арамдыгы боюнча шариаттык даанышмандык.
- **Экинчи бап:**
  Жаныбардагы сүттүн пайда болушу боюнча Куран Каримдин керемети.
- **Үчүнчү бап:**
  Төөнүн жаралышындагы керемет.
- **Төртүнчү бап:**
  Аарынын ичинен чыккан шарап боюнча Куран Каримдин керемети.
- **Бешинчи бап:**

Чымындын канатындагы уу жана дабаа (шыпаа) боюнча пайгамбар (САВ) хадисинде айтылган керемет.

- **Алтынчы бап:**
  Кумурска ааламынын байланыштары боюнча Куран Каримдин кабары.
- **Жетинчи бап:**
  Эң үлбүрөгөн үй – жөргөмүштүн үйү.

## Биринчи бап: Чочконун этинин арамдыгына ачыктык

**Чочконун этинин арамдыгына кескин далил менен төрт сүрөдө келет:**

1. Алла Таала: «**Чындыгында, силерге өлүктү** *тарпты*, **канды, чочконун этин, Алладан башкага аталып союлган жандыкты – арам кылды! Ал эми кимде-ким аргасыз** *болсо*, **тамшанбай, уруксат берилген өлчөмдөн ашпай жесе – ага күнөө болбойт! Алла, чындыгында – Кечиримдүү, Ырайым!**» деген (Бакара: 173).

2. Алла Таала: «**Силерге – өлүк, кан, чочконун эти, Алланын ысымы аталбай Алладан башкага аталып мууздалган малдын эти, муунуп же муунтулуп, урунуп же урулуп, кулап же сүзүлүп, же жырткыч жара тарткан малдын эти – арам кылынды**» деген (Маида: 3).
3. Алла Таала: «**Мага вахий** *аяндын* **негизинде жей тургандардын жеген тамактарын силер арам кылган нерселерди таппай турам, анда өлгөн малдын эти, агылган кан жана чочконун эти баяндалган,** *анткени* **алар, чындыгында эле, - ыпылас же булганыч.** *Ошондой эле* **Алладан башкага аталып, мууздалган малдын эти дагы арам" де. Ал эми кимде-ким аргасыз, мажбур абалда** *арам нерсени жей турган болсо*, **ошондо да** *арамга* **ач кенедей жабышпай, уруксат берилген өлчөмдөн ашыкча жебей турган болсо, ага күнөө болбойт. Чындыгында, Роббиң – Кечиримдүү, Ырайым!**» деген (Анаам: 145).
4. Алла Таала: «**Чындыгында, силерге өлүктү, канды, чочконун этин жана Алладан башкага аталып мууздалганды арам кылды. Кимде-ким** *айласыз* **мажбур болсо, чектен чыкпай, аша чаппай** *жесе*, **анда, чындыгында, Алла – Кечиримдүү, Ырайым!**» деген (Нахл: 110).

Ал эми пайгамбардын сүннөтүндө чочконун этинин арамдыгы боюнча бир топ хадистер келет.

Алланын элчиси (САВ): «Кимде-ким нарда ойносо, колун чочконун этине, канына боёп алгандай болот» деген. Мына бул хадис чочконун этинин, канынын ыпыластыгына далалат кылат.

Алла Таала арамдыгын себебин (илдетин) «Анаам» сүрөсүндө «**чындыгында, ал - ыпылас**» баяндаган. Себеп (илдет) бул жерде кесип кылып алгандыгында эмес, а затында. Араб тилинин түшүндүрмө сөздүктөрдө ыпылас деген начар, жараксыз, булганыч, азапка алып бара турган иш деген маанилерди берет. «Мухтар Сихах» китебинде ыпылас – заң (булганыч) деп келет дейт. Байдавинин тапсиринде чочко же эти булганыч, анткени ал таза эмес, ыпылас, жийиркеничтүү нерселерди жейт делинет.

**Чочконун этинин арамдыгын себеби (илдети) кесип кылынбаган, а затында барлыгынын баяны:**

1) табиятынын сыпаты жагынан: чындыгында, чочко эт да, чөп да жейт, эки: (эт жегич) жырткычтык жана (чөп жегич) жаныбардык сыпатка ээ. Ал бардык нерсени жей берет, тойбос, эгин-талаанын эч нерсесин калтырбайт, чочкокананы талкалайт. Мусорду, адамдыкыбы, адамдыкы эмеспи, айтор бок-сокту ачкөздөнүп, ушунчалык укмуш табити менен жей берет. Ал жийиркеничтүү нерселердин баарын, чычканды, кусундуну жей берет, канды, ириңди иче берет. Тарпты жейт, атүгүл

жакындарынын өлүгүн да жей берет. Мунун баары анын этинин ыпыластыгына таасирин тийгизет, ошондой эле бул ыпылас эт менен азыктанган адамдын табиятына да таасирин тийгизбей койбойт, албетте. Чочко көрүнүшү өтө жагымсыз, денеси марчагай, жоон, буттары кыска, териси калың, жүндөрү күдүрөкөй, мурду узун, азуусу курч, катуу жаныбар. Ал жаныбарлардын жырткыч түрүнө көөбүрөөк жакын. Анткени чалгын азуусу бар, сүт менен азыктанган жаныбарлардагы тер аркылуу дененин ысыктыгын төмөндөтө турган темир бездер чочкодо жок. Ошондуктан, денесин муздатыш үчүн ал сууга, ылайга, топуракка муктаж. Өзгөчө, күн аябай ысыган күндөрү. Эгер суу, ылайка, топурак, көңдүү жер таппаса, денесин нымдоо үчүн сийдигине, заңына чыланып алат. Чочколордон чыккан бок-сийдик эти адал жаныбарлардан чыккан нерседен он эсе көп көлөмдүү болот. Себеби дегенде, чоң чочко бир күндө 300кг мусор (калдык) жегенге чамасы толук жетет. Ушундай аябай начар табиятка жалгыз ушул ыпылас жаныбар гана ээ. Өз сийдигине, богуна чыланганы ага сырткы жийиркеничтүү ыпыластыкты ашырат.

2) Чочконун этинин, майынын химиялык түзүлүшү жагынан: чочконун эти бир топ зыянду химиялык элементтерден турат. Андай элементтер адамдын денесинин түзүлүшү

менен такыр оошпойт, сиңишпейт. Мына ошондуктан, ар түрдүү ооруларга, илдеттерге себеп болот. Адам чочконун этин жана эти аралашкан ар түрдүү азыктарды жеген сайын оору ого бетер күч алат. Чочко 50% майдан турат, ал эми ошол май 38% чубурма, сиңбес май. Адам баласы оңой-олтоң сиңире албайт, ошол эле учурда уй 6% майдан гана турат, жеңил ары сиңимдүү. Кой болсо, 17% майдан турат, мунун майы да жеңил жана сиңимдүү келет. Мына ушул пайздык көрсөткүчтөр да чочконун этинин зыяндуулугун ачык далилдеп турат. Чочконун майы генетиканы бузуп, талкалоочу зыяндуу жыныстык гормондорду (стероиддерди) өзүнө камтыйт. Анткени чочкодон башка жаныбарлардын жыныстык гормондору бир жыныстын башка жыныска карата алакасын чагылдырат. Адаттагы жыныстык гормондор өз балдарын башка жаныбарлардан коргоп, ургаачыларын кызганып, катуу каршылык көрсөтөт. Мына ушул кызганыч сезим чочкодо жок, ошол жыныстык гормондор, мейли эркегинин эркектин алдында болсун, мейли ургаачысын ургаачынын алдында болсун, такыр иштебейт, кызганыч болбойт.

3) Кулк-мүнөз, табият жагынан, андай табият азыктанган адамга сөзсүз таасир берет. Чочконун этин жеген адамга, жалпылай алганда, анын жаман табияты өз таасирин тийгизбей койбойт. Бул нерсе, өзгөчө, батыш

коомчулугунда катуу байкалат: зына, бачабаздык, бир жыныстык катнашуу ж.б.у.с.. Мына ошол ыпылас алакалардын кесепетинен никесиз боюна бүткөндөрдүн, аборттордун ж.б. нерселердин пайыздык өсүшүн байкап турабыз. Эти аркылуу чочко адамга өзүнүн жагымсыз мүнөздөрүн өткөрөт. Эркек киши өз аялын жат эркектерден кызганбай калат, аялы күйөөсүн кызганбай калат. Чочко ургаачысын башка эркек чочколордон кызганбаган, башка чочко ургаачысына кошулуп жатса, көңүл бурбаган жалгыз жаныбар экени такталды. Алар бири-биринин ургаачылары менен толук алмашалат, бири башка биринин ургаачысы менен кошулса, тигиси мунусунун ургаачысы менен кошулат. Ошондой эле жамааттык кошулууга ышкыбооз экендиги байкалган.

**Илимий керемет тарабы:**

Изилдөөнүн жүрүшүнөн чочконун этинин арамдыгы илимий керемет баяндалганын ачыктады. Анын этиндеги, майындагы, канындагы зыяндуулук анын затында бар экендиги, кийин пайда болбогону, кесип кылып өздөштүрүлбөгөнү тастыкталды. Мына ушул нерсе Жаратканыбыз Алла Таала: «**чындыгында, ал – ыпылас**» деп баяндаган. Ыпылас, б.а., жийиркеничтүү, зыяндуу, сасык. Чочконун этинин арамдыгынын себеби, ошентип, илимий керемет аркылуу аныкталды.

**Экинчи бап: Жаныбардагы сүттүн пайда болушу боюнча Куран Каримдин керемети.**

Алла Таала: «**Чындыгында, силер үчүн малдарда да ибарат бар, албетте. Курсагындагы нерсе менен кандын ортосунан агып чыккан, ичкендерге жагымдуу** *болгон*, **аппак сүт менен силерди азыктандырабыз**» деген (Нахл: 66).

**Тилдик мааниси жана тапсирчилердин сөздөрү:**

**(Фарс) курсагындагы нерсе** ашказандагы нерсе делинет, ошондой эле курсакта (ашказанда) турган кезиндегисине гана айтылат делинди.

Көптөгөн тапсирчилер сүттүн курамы ашказандагы нерсе менен кандын тазаланып, сыгылып чыгуусунан пайда болот дешет. Куртуби, Абу Сауд, Ибн Жаузи: «Фарс ашказанда, б.а., жем, даам, тамак болгон, анан тамактан кан арылып, ашказанда фермент калып, анан ал дагы ошол кандан арылат: «**ичкендерге жагымдуу** *болгон*, **аппак сүт**» дешти. Кээ бири: «ортосунан» дегенде ашказандагы нерсенин (ферменттин) кээ биринен, анан кандын кээ биринен, ошентип, кандай жол менен чыгарын акыйкат билишпесе да, өз ойлорун чамалуу айтышкан. Анан анын акыйкаты ушул берекелүү аят түшкөндөн канча кылым өткөндөн кийин гана аныкталды.

Аяттагы «таза» деген сөзүнө дагы башка бир далил, анын максаты сүт, оболу, ферменттен тазаланып чыгып, анан кандан тазаланып чыгат дегени. Мына ушундай мааниге Тобари: «Таза кан менен фермент аралашмасынан арылуу, алардан биротоло ажыроо, тазалануу» дегенди билдирет деген сөзү менен оогон.

## Илимий тактык:

Адам баласы жаныбарлардын тамак сиңирүү органдарынын системасын, вазыйпасын, баскычтарын, кан тамырларын, анын айлануу системасын, жүрөктүн вазыйпасын, кандын дене бой боюнча айланышын, анын тамак сиңирүү органдары менен болгон

байланышын, сүт чыгаруучу бездерди, желин, эмчек сыңар башка дене мүчөлөрүнүн бүт сырларын жакшы өздөштүрүп чыккан соң жаныбар жеген азыктардан кандай жол аркылуу сүт пайда болгонун билүүгө кудуреттүү болуп калды.

**Жагымдуу таза сүттүн пайда болуу баскычтары:**

Жаныбардан сүт өтө кылдат, ары өтө жогорку чебердикте тамак сиңирүү системасы, кан айлануу системасы жана желинде сүт чыгаруучу бездер аралык тыгыз катнаш аркылуу пайда болот. Анткени, Алла Таала ар бир системага өзүнө гана мүнөздүү вазыйпа жүктөгөн. Ичкендерге жагымдуу болгон, жеңил-желпи, аппапак сүт пайда болушу үчүн ошол системалардын ар бири өз кызматын аткарышат. Сүттүн пайда болуу баскычтарын төмөндөгүдөй жалпыласак болот:

1. **Сиңирүү:**
   Тамак сиңирүү ооздон эки жол аркылуу башталат: кыймылдаткыч жана ачыткыч. Жем чайналат, бөлүнөт, майдаланат, энзима камтыган шилекей менен аралашат, ошентип, жем майдаланган соң тамак жана кызыл өңгөч аркылуу ашказанга барат, бул баштапкы сиңирүү болуп саналат. Ашказан кепшеп, чайнап жеген жаныбарлдарда төрт (рубец, сетка, книжка, сычуг) бөлүктөн турат, оболу, чайналган тамак рубецке түшөт да, бактерия жана микроорганизмдердин таасири менен ачытуу процесс жүрөт. Тамак сиңирүү механикалык, микробдук, химиялык жолдор аркылуу аягына

чыгат. Сиңирүү амалдарды жемди ферментке айланат.

Ферменттин ичке ичегилерге барышы менен тамак сиңирүү процесси үзгүлтүккө учурабайт, фермент карын алдындагы бездеги жана боордун өтүндөгү тамак сиңирүүчү энзимага таасир берет. Ошентип, сетка бөлүгүндө бүдүр-бүдүр тамакты аябай майдалоо, аябай эзүү процесси жүрөт. Ошондой эле бүдүр-бүдүр шекерлер биротоло майдаланып эзилет, а майлар майлуу кислоталарга айланат. Белоктор аминокислота менен пептиддерге айланат. Ал эми книжка бөлүгүндө суюкутук жана минералдык заттар сорулат. Витамин, туз, суулар соруп алгычакты сиңирүүгө муктаж эмес, акырын анан, тамак карын, ичегиге сиңип бүткөн соң ферментке айланат, б.а., сиңимдүү тамак. Сычуг акыркы бөлүк мында фермент жана туздуу кислотаны чыгарат.

**2. Ферменттин аралыгынан тазалануу**

Ичке ичегинин булгарлары даярдалынган гидролизовалык азыктарды бир нече жолдор аркылуу соро баштайт. Ошол азыктар анан эпителиалдык тканын астында жайгашкан кичинекей кан тамырлардын жана лимфатикалык сосудардын ичине барат. Андан анан чоң кан айлануу системага түшөт да, кан тамыр аркылуу өз жолун улантат.

**3. Кан аралыгынан тазалануу**

Ошентип, кан ошол азыктарды бүт дене мүчөгө жеткирет, алардын ичинен желин клеткалары да

бар, булар кан аралыгынан сүткө жарактуу курамды соруп алат.

**4. Желинде сүттүн жасалышы**

Желин – завод шаары, бир нече бөлүмдөн турат, ар бир бөлүм бир нече бөлүкчөлөрдөн турат. Ар бир бөлүкчө өзүнө 150-220 чамасында аябай кичинекей микровезикулду камтыйт. Микровезикул калтача сыяктуу куралган нерсе, ошол жерден сүт жасалынып, сыртка чыгат. Ар бир микровезикул өзүнчө жеке завод болуп саналат, бир катмар эпителиалдык клетка менен курчалган сүт чогулта турган цистерна (жай). Ар бир цистернада ар бир клетка өзү жекече кандан ичке кирген кичинекей тамчы азыкты сүткө айлантуу, андан ары сыртка чыгаруу кудуретке ээ.

**Илимий керемет тарабы:**

Инсандын, жаныбардын тамак сиңирүү системасында кандай сырлар камтылганы, ошол системанын кан айлануу системасы менен кандай байланышы барлыгы, жаныбарларда сүттүн пайда болуш жолдору эки кылым арасындагы анатомиялык изилдөөлөрдөн мурун бир жан билбеген.

Керектүү аппарат-приборлор чыгып, илимий практикалык иштер жүргүзүлүп, арадан бир топ жылдар өткөн соң адам баласы сүттүн тамак сиңирүү системасынан кан айлануу системасына өтүп, анан желин системасына жетип, ошол жерде анан эки системадан келген азыкты кан жана ферменттер

тазалап, арылтып, шекер салып, ичкен адамдын тамшандырган жагымдуу таза сүттүн пайда болуу жолун билди.

Мына ушул сырдуу жол илгери адам баласына жабык жол эле. Ага канча кылымды камтыган илимий изилдөөлөр, практикалык тажрыйбалалар, ар кандай аппарат-приборлорду колдонуу аркылуу акырын илимий ачылышка жетип олтурат. Ага чейин адам баласын мындайды элестете да алган эмес. Ал эми Куран Карим ал тууралуу эң кооз, эң нуска сөздөр менен он төрт кылым илгери кабарлап койгон.

## Үчүнчү бап: Төөнүн кандай жаралганына эмне карашпайт?!

Алла Таала: «**Төөнүн кандай жаралганына эмне карашпайт?! Асмандын кандай көтөрүлгөнүнө.**

**Тоолордун кандай кадалганына. Жердин кандай төшөлгөнүнө**» деген (Гашия: 17-20).

Имам Бухари «Сахих» китебинде Анастан (Алла ыраазы болсун) риваят кылгандай: «Уреййна аймактан бир жамаат Алланын элчиси (САВ)га келип: «Мадинанын аба-ырайына көнбөй жатабыз, ичип көөп, денелерибиз талып жатат» дешти. Пайгамбар (САВ) аларга төө баккан төөчүгө барып, өңүңөргө келип, ичиңер оңолгонго дейре төөнүн сүтүн жана сийдигин ичкиле деп буйрук берди.

**Тексттин далалаты:**

Аятта сокур каршылык чакырыкты четке кага турган макулуктардын жаралышын чагылдырган баян камтылган. Төө эске алынды, анткени ал илим жана кудуретке далалат кыла турган белги. Куран түшкөндөн алдын араб чөйрөсүндө жашап келген жаныбар. Сырткы көз караш менен төө асмандан да, тоодон да, жерден да мурун жаралгандыгы тартиптелип айтылган. Кудум араб төөсүнүн көлөкөсүндө эс алып, төөсүнүн максатынын бийикти жөнүндө ой жүгүртүп олтурганда асман жаралып, андан кийин тоолор көтөрүлүп, анан соң жерл жаралгандай. Төөнүн текстте тартип боюнча эң биринчи болуп келгени, анын өзүнө гана берилген өзгөчөлүктөрүнө тийиштүү, ошол чөлгө ылайык, чөлдүк болуп жаралышына байланыштуу, бекеринен «Чөл кемеси» деп аталган эмес.

**Илимий акыйкат:**

Төө керемет жаралыштын жалгыз үлгүсү болуп саналат. 1984-1985 жылдары Африкада кургакчылык болуп, кыйрап же кыйроого аз калды. Кения уй кармап жашаган урууларын көпчүлүгү өлүштү, себеби уйлар сүт бербей калышкан. Ошол эле учурда төө кармап жашаган гана уруу аман калды. Анткени төө кургакчылык мезгилде да сүтүн токтотпой мол бере берет. Жогорку аятта Куран Каримде Даанышман Акылман Алла бизди жаратылыштагы макулуктарга, Курандын баяндамаларына ой жүгүтүүгө чакырып жатат. Төөнүн жаралышы боюнча изилдөөлөрдүн кээ бир көрүнүштөрү Исламдын башатындагы чөлдүк арабдардын таза фитраттын (табияттын) ушул аят аркылуу билип, бүгүнкү биолог-окумуштууларын жараткан Алла Тааланын кудуретин, даанышмандыгын айгинелеген далил болуп олтурат. Азыркы күндүн жетишкен илим-билим төө боюнча ачыктаган таң калаарлык акыйкаттары бизге эмне үчүн Алла Таала аны башка миңдеген таң калыштуу, сан жеткис макулуктардын ичинен өзгөчөлөнтүп, жогору орунга койгонун чечмелеп, түшүндүрүп берет. Кененирээк айтсак:

Төө эки түрдүү болот: бир өргөчтүү; бул араб жарым аралыгында, чыгышка Индияга дейре созулган, батышка Африкадагы чоң чөлгө чейин жайгашкан шаарларга дейре созулган аймактарда жашаган араб төөсү. Ал эми экинчи түрү Отро Азияда жашаган эки өргөчтүү төө. Ааламда статистикалык эсеп-кысап боюнча 190 миллион баш төө бар, көпчүлүгү бир өргөчтүү араб төөсү. Акыл ээсин бир караштан эле таң калтырткан, жеке өзгөчөлүгү, өзүнө гана таандык

түзүлүшү, ошондой баш кайнаткан ысык аптапта ылайык келген табияты менен көзгө урунган төө, төөнүн чөйрөсү жаратылышта Кудайдын тагдыры, өлчөгөн мерчеми, салган мыйзамы бар экендигине далалат кылып, ишенбеген атеисти да ойго салбай койбойт.

Майда таш-паш, кум-сум, чаң-паңдан сактай турган анын эки көзүн каптап турган узун эки катар кирпиктери. Ал эми эки кулагы анча деле байкалбаган, кичине гана, түк (жүн) ар тарабынан капталык өскөн, шамал айдаган кумдардан коргоп, сактап турат. Ары соккон кумдуу шамалга жараша башына жапырт жабыша калат, кулагы алды жагынан да, арткы жагынан бүктөлөт. Ошондой эле мурдунун эки ичке тешиги түк менен капталган, кумдун майда-чүйдөсү катуу шамал менен өпкөсүнө кирип кетпеши үчүн төө ошол тешиктерди жаап коет.

Төөнүн туягынын жайыктыгы ошол чөйрөсүнө ыңгайлыштырылган. Анын жайыктыгы жөн жерден эмес, а илимдин, максаттын, тагдырланган себептин негизинен. Төөнүн туягы аябай жайык, анткени кумга кирип кетпейт. Ошондой көлөмдүү туяк менен кумда жеңил-желпи басып жүрө берет. Ал эми таманы, айрыкча, күн чакчайып тийип, кум кайнап жаткан маалда ысык өткөрбөс ушунчалык калың териден болот. Куйругу болсо, эки тарабынан жүндүү болот, арткы жактан соккон шамалдын кумдарын өткөрбөй турат. Жер бетинен көтөрүлүп жаткан чаң-кумдан денесин бийик көтөрү үчүн буттары узун болот. Узун буттары ошондой эле арышы чоң, узак кадам таштоого ыңгайлуу, ары жеңил кыймылдайт. Чоң арышы

аркылуу башка жаныбарларга салыштырмалуу узак алыстыкты тез кезип өтө алат. Мына ушул өзгөчөлүк аны минүүгө, өзгөчө узак чөлдүү сапарга, табылгыс унаа экенин ачыктайт. Төөнүн таманын маасы сымал калың тери өтө жумшак жайык жаздык сымал капталып турат. Жердин бетине кадам таштаганы өзүнчө керемет, андан башка кайсы жаныбар болбосун, буту сөзсүз кирип кете турган кум канчалык борпоң болбосун, төө андай кумдун бетинен кадимкидей кадам таштап кете берет. Мына ошондуктанда «Чөлдүн кемеси» деген лакаб алганы жөн жерден эмес. Ал азыркы күндө да какыраган чөлгө саякат кылуучулардын эң үлгүлүү унаасы (транспорту) катары өз маанилүүлүгүн жоготпой келет.

Төө кербени бир күндө үстүндөгү жүгү менен элүү, алтымыш километр алыстыкты кезип өтөт. Кумдуу чөлдө бир дагы машина ага атаандаштык жарата албайт.

Буттарынын ичке узундугуна жараша мойну да узун. Дарактардын жалбырактарын мойнун суна калып оңой-олтоң жейт. Ошондой эле жер бетинде чымын-куюн болгон кумдуу шамал анын баш тарабына моюнунун узундугунан көп зыян бербейт. Төө эс алууга чөк түшүү үчүн же сапарды кайра улантуу жаткан жеринен туруу үчүн оор денеси буттарынын муундарындагы териси калың, катуу, бекем жаздыктарга таянат, денесинин көпчүлүк оордугу бүт денесине тең бөлүштүрүлөт, эгер адам же башка жаныбардын үстүнө ошентип чөксө, сөөктөрү сынып кетмек. Мына ошол жаздыктар бул жаныбарга гана аталган Алла Тааланын нематы, Жаратуучунун

керемети. Жаздыктын өзгөчөлүгү аябай ысык кумдун үстүнө чөк түшүүгө даярдалган, жерге, кумга анча деле көңүл бурбайт, ары зыянда тартпайт. Жаңы туулган тайлак ошол жаздыкча менен кошо туулат. Ал дене түзүлүшүндө туруктуу башка дене-мүчөлөр өңдүү эле энсинин жатынында жарала турган нерсе. Адамдардын кийген маасы, өтүк, бут кийим сыяктуу нерсе эмес. Төөнүн адамдар үчүн сыпар тартуу жана жүк жүктөө кызматынан башка көптөгөн пайдалары бар. Алар анын сүтүн ичишет, этиш жешет, жүнүнөн кийим-кече тигишет, терисинен чатырларын жасашат.

Жогоруда айтылган сыпаттамалар төөнүн сырткы дене түзүлүшүн, сырткы көрүнүшүн кабарлаган кээ бир кереметтер. Бул өзгөчөлүктөрдү табияттан эле түшүнүп алса болот. Анын кереметтүү жаралганын бир көз салып эле, бир ой жүгүртүп эле, Алланын кудуретине далалат кылганын айкын түшүнүп алса болот.

Эми төөнүн вазыйпалык өзгөчөлүктөрү болсо, акыл ээлерин таң калтырбай койбойт. Вазыйпалык сырлары ички-дүйнөнү аңтар-теңтер кылат, ишенимдин күчтүүлүгү бүтүндөй бийлеп алат. Эгин, суу тартыш болгон чөлдүн чөйрөсүндө жашоо, ошол шарттарга ылайык жаныбарларга гана жашоо бар, башкасына жашоо жок. Алла Таала ар бир жандыкты өз чөйрөсүнө ылайык, жогорку чеберчиликте жараткан. Төө курсагындагы азыктарды, сууларды өтө кылдат, өтө сарамжалдуу пайдаланат. Бул нерсе кереметтердин кереметти, ошондой касиетти ага Алла Таала берди, таң калаарлык нерсе, сезими бар ар бир адамды Аллага мактоо айтууга үндөйт.

Төөнүн тамак сиңирүү системасы абдан күчтүү, чөп-чар таппай калган кезде тапкан нерсени сиңире алат. Күн канчалык катуу ысыбасын, же чоңкоосун канчалык күч албасын, төө тилин салаңдатпайт, мурду менен дем албайт, бышылдабайт. Мына ушул жааттан ал суунун бууланаусунан оолак.

Төө оор, өтө зарыл шартта гана азыраак гана тер чыгарбасын, жалпысынан, көп тердебейт. Анткени, ошондой ысыкта, түн менен күндүздүн температурасы ар кандай абалга жараша өзгөрүп туруучу чөлдө жашоо кечүү үчүн анын денеси муздаткыч кудуретке ээ. Төөнүн териси калың, жыш жүн менен капталган, ысыкты жоюп, теринин астына өтүүгө жол бербейт. Денеси температуранын жети даражадагы ысыктыктын, б.а., 34 менен 41 чейин, ар кандай деңгээлин эч бир кыйынчылыксыз бир температурада сактай алат, температурага толук көзөмөл жүргүзөт. Денесинин температурасы 41 ден ашып кеткен учурда гана тердөөгө мажбур болот, бул дагы күндүзү кичине гана көз ирмемге созулат. Ал эми түндөсү күндүзүзгү күндүн нурунан топтолгон ысыктан, түнкү салкындын таасири менен бир тамчы тери кетирбестен, биротоло кутулат. Мына ушул жабдык өзү эле төөгө беш литр сууну сарамжалдап берет. Төө 70 градуска жеткен ысыктыкка чыдай алат. Эки өргөчтүү төө болсо, 52 градуска жеткен суукка чыдай алат. Мына ошондуктан, төөнүн бул түрү деңиз деңгээлинен 4000м бийиктикте жашай алат.

Өргөчүндөгү майлардан суу менен азык химиялык жол аркылуу иштелип чыгарылат, андай химиялык процесс адам баласынын кудуретинен сырт

нерсе. Ошол нерсе төөгө узак мезгил чаңкабай, ач калбай чыдап жүрүүгө кудурет берет. Өргөчүндө жыйналган майдын көпчүлүгү ашказанында азык калбай калган учурда аз-аздан анын ыктыярысыз, илимисиз колдонула берет. Өргөч күн сайын акырындык менен азайып олтуруп, акыры бир тарабына ийилип бош калат. Ачкалык менен чаңкоонун белгиси өргөчүнүн боштугу, сапардын узактыгынан кабар берет. Алла Таала: «**Адамдарды ажылыкка чакыр! Алар сага жөө, ар кайсы арык төөнүн үстүндө, ар кайсы чуңкур** *узак* **жолдордон** *жерлерден* **келишет.**» (Хаж: 27). Бул аятта өргөчкө шилтеме жасалынган, өргөчтө азык менен суу толо болсо гана алыскы, узак сапарга жарактуу болот, ар кандай жолдорду, өйдө-ылдыйды басып өтүп келет дегендей. Төө жолдо чаңкоосун суу аттуу кандай гана суюктук таппасын, ошол менен чаңкоосун баса алат, мейли деңиздин суусу болсун, саз сымал көлчөккө туздуу же ачуу суу көпкө туруп калган болсун, төөнүн өзүнө гана таандык пазилет менен, эки бөйрөгү фильтр сымал суудагы тузду сийдик аркылуу чыгарып салат да, тазаланган сууну кан тамырларга сиңирет.

Алла Таала башка бардык жаныбарларга салыштырмалуу бул жаныбарда майды көп өлчөмдө кылгандыгы өзү эле даанышмандык. Далил катары аны менен койду салыштырсак жетиштүү болот. Маалым болгондой, кой өзүнүн чоң майлуу куйругу менен таанымал. Ошол куйругунда 11кг чейин чамасында май болот, ал эми төөдө болсо, мындан он эсе көп май болот, тактап айта турган болсок, 120кг жетет. Мына ошол себептен, төө суу ичпей узак мезгил жүрө алат,

бирок катуу чаңкоо баарыбир таасирин тийгизбей койбойт, төөнү арыктатат, салмагын түшүрөт. Бирок ошого карабастан, төө жашоосун кечип келе берет, илең-салаң басып алып, болгон күчүн суу издөөгө далбастайт, акыры туздуубу, тузсузбу, айтор кандай гана суу таппасын, андан шимирип жаны калат.

Илимий керемет катары ошондой эле анын сүтү менен сийдигиндеги пайдалар жөнүндө кеп кылсак болот. Изилдөөнүн алдында бул маалымат ишенимдүү (сахих) хадистерде келген. Төөнүн сүтү менен сийдиги көптөгөн ооруларга, өзгөчө жугуштуу жана айыкпас ооруларга шыпаа экендиги акыркы жылдары эле белгилүү болгону талашсыз илимий ачылыш. Буга күбө катары 2005 жылдын август айында Америкалык илимий изилдөө журналдарынын бир тобунда араб төөсүндө, атап айтканда, канында, клеткаларында 7 сандын формасындай кыска сынжырча өңдүү аминокислоттон турган кичинекей антителалар барлыгы табылган. Окумуштуулар аны «Нано-дефициттик антителалар» же «Наноантитела» деп айташкан. Анын көлөмү кадимки антителанын ондон бир бөлүгү. Химиялык жааттан өтө кыймылдуу, максатына жетүү үчүн ээрип кетме, ошол өлчөмдө эле кадимки антителадай талкалоочу күчкө ээ. Дененин клеткаларынан жеңил-желпи өтүп, ашказан жана ичегилерге жетип, тамак өтө турган системаны бүт аралап, температураны нормалдаштырып, оорунун очогу менен күрөш жүргүзөт. Атайы жасалынган дары таблеткалар шишик баскан ичегилерди, жоон ичегинин рак оорусун, роевматоид артритин, Альцгеймер ооруларын сакайтууга колдонулат.

Мына ошол антителалар боюнча илимий изилдөөлөр 2001 жылдан бери кызуу жүрүп, аябай көп көңүл бурулуп, аны опухоль (шишик) каршы оболу жаныбарларга, анан адамга карата колдонуп, рак опухоль (шишигине) терс таасирин тийгизип, рак клеткаларын жабышып, талкалап салууга чоң мүмкүнчүлүгү бар экендиги аныкталды.

**Илимий керемет тарабы:**

Бул аяттан ар бир акыл ээси керемет тарабын жакшы аңдып түшүнө алат. Куран Карим төөнүн жаралышына кичине назар салып, көңүл буруууга адам баласын багыттап, анын жаралышында кандай деген кереметтер, кандай деген белгилер, кандай деген сырлар, бардык нерсе ченелген, өлчөлгөн, тагдырланган дегенге үндөп жатат. Пайгамбарлык сүннөт болсо, адам баласынын ден соолугуна толук шыпаа берип, пайда берээрин айтып, ой жүгүрткөн адамдар кылымдар бою ошол менен алектенип келатышат. Замандаш изилдөөчүлөр бул керемет жаралган жаныбардын жашыруу сырлары дагы да ачып чыгууда. Куран менен сүннөт кабарлаган маалыматтар менен азыркы илим-билимдин төө боюнча илимий ачылыштары эч бир каршылыксыз, шайкеш келип чыккандыгы такталды. Бул деген Куран Карим Алла Таала тарабынан Мухаммад (САВ)га түшкөн вахий (аян) экенине күмөнсүз, кескин далил.

**Төртүнчү бап: Аарынын ичинен чыккан шарап боюнча Куран Каримдин керемети**

Алла Таала: «**Роббиң бал аарыга вахий** *аян* **аркылуу: "Тоолорго, дарактарга жана** *адамдардын* **турак-жайларына уя сал! Анан ар кандай өсүмдүктөр менен азыктан! Роббиңдин түзүп берген жеңил жолдору менен жүр!"** *деди***. Анын курсагынан ар түстүү ичимдик** *бал* **чыгат. Анда адамдар үчүн шыпаа бар. Чындыгында, мына ушунда – ой жүгүрткөн коом үчүн аят** *белгилер* **бар..**» деген (Нахл: 68-69)

**Тапсирчилердин сөздөрү.**

«**Роббиң бал аарыга вахий** *аян* **аркылуу:**» дегени оюна салды, ал аны түшүндү же табиятына ошону түшүнө турган кылып койду дегенди билдирет деп Багави жана Байдави айтат. Самаани: «**Тоолорго, дарактарга жана** *адамдардын* **турак-жайларына уя сал!**», б.а., бал топтой турган бөлүкчөлөрү бар уя. «*адамдардын* **турак-жайларына**» б.а., адамдар жасаган, бийик потолок, крышаларга, бал челектерге. «**Анан ар кандай өсүмдүктөр менен азыктан**» б.а, таттуубу, ачуубу, каалаган өсүмдүктөрдү же, «**жүр**» өсүмдүктөрдөн жегенден кийин, «**Роббиңдин түзүп берген жеңил жолдору менен**» бал чогултуу үчүн сага салып берген жолдор менен өзүндүн табиятыңа, ички туюмуңа жазып койгон, аян кылып койгон же барган жолуң менен кайра эч жакка бурулбай, түз үйүңө (уяңа) кайтып келе турган, Роббиң көргөзгөн жолдон чыкпа,

«**Анын курсагынан ар түстүү ичимдик чыгат**» бал дегени, «**ар түстүү**» ак, кызыл, сары «**Анда адамдар үчүн шыпаа бар**» б.а., балда шыпаа бар.

**Илимий тактык:**

Окумуштуулар аарылардын, чындыгында, бир мыйзамдуу коом экенин, уясынын айланасындагы аймакка далалат кылып, уясынан чыгып кетип, кайра уясына кайтып келе турган жолду көрсөтүп турчу маалымат мыйзамына баш ийгендерин билгенде айраңтаң калышты. Ошол маалымат мыйзамына көз салып, изилдөө үчүн окумуштуулар канча деген убакыттарды сарпташты, канча деген изилдөөлөрдү жүргүзүштү, акыры жеткен илимий жыйынтыктары Куран Карим менен дал келгенин аныкташты.

- Шире топтой турган ишкер аары ширеси жакшы жана көп болгон жайларды издөө максатта узак аралыкка учуп, бүт кыдырып келет.
- Уясына кайтып келген соң анын тегеректеп башка ишкер аарылардын баары кеңешмеге чакырылгандай жыйналышат.
- Баары ошол ишкер аарынын тегеректеп, момуга үйүлүшөт да, ишкер аары турган жеринен белгилүү санда тегеренет, күндүн диски тарабына кичине ийилет.
- Мына ошондо окумуштуулар аарынын жолуна көз чаптырып, аарынын уясынан белгилүү жердеги шире гүлдөрүн белгилеп, уяга жараша ширелүү гүлдөрдүн өзгөрөнүнө жараша жана тегеренгени да өзгөргөнүн, күн тарапка

канатынын ийилгени өзгөргөнүн бүт изилдеп чыгышты.

Аары, оболу, белгилүү бийиктикке, жанагы ишкер аарынын тегеренгенине ылайык, асманга карай учат да, анан белгилүү жер аймагын аралап өткөн соң, ылдыйды көздөй учуп, кудум багыт берип көрсөтүп туруучу навигация менен жүргөн сымал, гүлдөр бар аймакка барып конот.

Бул кызмат үчүн аарыда бир нече сезимдер: жыттоо, даамдоо, көрүү, атүгүл үн чыгаруу бар экендиги айкындалды. Аары жыт билет. Кайсы орган аркылуу жыт билет? Төбөсүндө мүйүз сымал чыгып турган тал (клетка) жыт сездиргич орган катары кызмат кылат, ал клетка аймактагы гүлдөрдүн жыттарын айырмалап билип коет. Ошондой эле кайтып учуп бара турган уясынын жытын, үй-бүлөлүк же башкармалыктын жытын билет, аны, башкармалык жытты уянын хан айымы жаагынын бездеринен чыгарат, жыт берген зат «Феромон» деп аталат. Бул зат аркылуу хан айым кошулуу үчүн эркек аарыларды өзүнө тартат, а башка ишкер (кызматчы) ургаачы аарыларды туубас кылып коет. Ошентип, ургаачы аарылар тукум улоодон арылышат. Ууяны бүт каптап турган дал ушул жыт, уяда жашаган ар бир мүчө аны билет. Бул жыт мына ушундай кызмат аткарат. Ал ошол уянын «паспорту» кудум (пароль, шифр) сырдуу сөздөй. Эгер жаңылып, адашып калган чоочун аары кирип кала турган болсо, ишкер аарылар аны оңой эле аныктап, анын бар экенин дароо эле байкашып, ошол замат уядан кууп чыгышат.

Аарылар шире жана башка суюктуктарды так даамдоо кудуретине ээ. Ошондой эле көрүү касиетине

ээ, ал ак менен караны жана башка өң-түстөрдү ажырата алат, өзгөчө, көк менен сарыны, адам көрө албаган нерселерди аары көрө алат, мисалы: ультрафиолеталык нур-шооланы.

Ошентип, жытоо, даамдоо жана көрүү касиеттер менен аары өзү сүйгөн гүлдөр ааламында жогорку шаттыкта өз амалын берилүү менен аткарып жүрө берет. Күн сайын гүл ааламына канча деген ирет кайра-кайра кайтып учуп келип турат. Бирок ишкер аары эң алгач жолу уясынан ырыскы издеп чыккан кезде анда кандай сезим, кандай абал болот?

Ал уясынан чыгып учуп кетерден мурда уясын тегеренип бир топко дейре токтоп турта, уясынан алдын, артын тыкыр изилдеп, унтуп калбоо үчүн баарына көз чаптырып, жатап калуу амалын жасайт. Анан акырын өйдө көтөрүлүп, тегерек сызыкча түзүп алып учкандай, тегерек сызыкча утурлай чоңоюп-чоңоюп кете берет. Ушундай кылдаттык менен учуп баратканына карабай, эң биринчи жолу болуп жатканынан, уясынан өтө алыстап кетпейт. Тескерисинче, уясына жакын жерди изилдеп, айланып учуп турат.

Аарылардын ошентип учуп кетип, кайра уясына учуп келген жолдорун билүү канча деген жылдар бою адамдардын акылына таасир берип келет. Окумуштуулар ошол нерсени түшүндүрүп берүү үчүн ар кандай нерселерди ойлоп, ар кандай сунуштарды сунушташты. Алардын ичинен эң белгилүү окумуштуу Карл Вон Фриш аарынын жолдорунун, бири-бирин түшүнгөн сигнал сымал үндөрүнүн сырларын, табышмагы табуу үчүн бүт өмүрүн сарптап, канча

деген изилдөөлөрдү, канча деген опыттарды өткөрүп, жыйынтыгында, 1973 жылы Нобелев сыйлыгына татыган. Фриш шакирти менен көптөгөн изилдөөлөрдүн, опыттардын, аракеттердин натыйжасында шире издеген аарылар уядагы жолдошторуна төмөнкү кабарларды жибере алат:

- Белгилүү аймактагы жагымдуу гүлдөрдүн барлыгын.
- Ошол аймак менен уянын аралыгын (же ошол жерге эң бат (тез) жете турган жолду).
- Керектүү гүлдүн түрүн.
- Ошол аймакка жетүү үчүн учуу багытын.

Фриш шакирти менен аарынын эки аракетин аныкташкан. Бул эки аракет (бий) түрүндө, ишкер аарылар шире бар гүлдүү аймакты таап, уясына кайтып келген учурда жасашат: (тегеренген бий жана титиреген бий).

Уя менен ширелүү аймактын аралыгы 50м ден ашпасы ишкер аарылар тегеренме бийин аткарышат.

Экинчи, Фриш шакирти менен тапкан, бий – титиреме бий, уя менен ширелүү аймактын аралыгы 50м ден ашып, алыстап кетсе (же жетүү үчүн көп убакты ала турган болсо) аталган титиреме бий кыймылын жасашат.

**Аарынын ичинен чыкчу ичимдиктин негизги түрлөрү:**

**Аары балы:**

Аары балы (асел) суюктугуна ар түрлүү 70 курам кирет. Миңдеген жылдардан бери шекерлүү курамдын булагы катары саналат. Аарынын ичинен бал сыяктуу

эле башка суюктуктар чыгат. Алар дагы шарап (ичимдик) деп сыпатталат, өсүмдүктүн түрүнө жараша аябай сонун, азыктык баалуулугу бар болуп саналат.

**Хан айымдардын азыгы:**

Ак түстүү суюктук «Аарынын сүтү» деп аталат, анткени коюу сүткө же сливкиге окшош, бул түрү «аарылардын жаш секелектери» т.а., хан айымды жана кичинекей личинкаларын тоюндуруу үчүн жаш секелек ишкерлердин даярдаган ичимдик. Эгер личинка муну менен азыктанса, өмүрү 6 күнгө узарат, хан айым болуп чыга келет, денеси узун, түзүлүшү кооз, жумуркалоо органдары бүтүн, а эгер үч күн эле азыктанып, калган үч күнүн аарынын наны (балга аралашкан дан) менен азыктанып кала турган болсо, ал личинка жумуркалоо органдары жетилбей калган, туубас, ишкер аарыга айланат. Дал ушул көрүнүш эркек аарыларга гана таандык, алар жабышбаган жумурткалардан пайда болушат. Бул жумурткалардын да азыктык мыйзамы бар, хан айымдын азыгы тез бузулат, ага ысык градус, жарыктык, аба-ырайы терс таасир берет. Аба-ырайы тез ысып кетсе, бир нече аптадан кийин саргыш же боз түскө өзгөрөт, өзүнө камтыган протейинге айланып, аябай жыттанып кетет, тез бузулуга нымдуулук да таасир берет, нымдуулук паңдаткыч (плесень) микробдорунун жыштыгын көбөйтөт.

**Воск (мому):**

Aарынын воск (мому) абага чыккыча суюк болот. Абага чыкса, кургап калат. Бул илгертен бери эле белгилүү болгон нерсе. Адамдар дайыма, мейли ишеним үчүн болсун, мейли жашоо үчүн болсун, айтор ар кандай максатта колдонуп келишкен. Ал эми аарылар үчүн воск (мому) аары коомчулугун уяга жыйнай турган эң негизги курам болуп саналат. Буга кошумча курам: хан айымдын барлыгынын зарылдыгы, ишкер аарылардын барлыгынын зарылдыгы. Ошол тоголок формадагы воск (мому)ну барлыгы аарылардын жашоосу өз нугунда бара жатканынан кабар.

**Прополис (аарылар чыгарган жабышкак чайырга окшогон зат):**

Аары муну дарактардын жабышкак чайырга окшогон затынан алып, шилекейине аралаштырат, анан воск (мому)нан кичине кошот, мына ошондон анан даары, шыпаа заты чыгат.

**Илимий керемет тарабы:**

Куран аятындагы керемет бир топ аспектиден каралса жарашат, эки эң негизги аспектиге токтолсок:
Биринчи аспект: Алла Тааланын: «**Роббиңдин түзүп берген жолу менен жүр**» сөзү. Аарынын белгилүү жолдор менен жүргөнүнө адам баласы назар салгыча, Куран Карим ал тууралуу баяндама берип койду. Ага кошумча окумуштууларды изилдөөгө шыктандырып салды. Аарынын белгилүү мыйзам аркылуу узак сапар

тартып, кайра кайтып, жолдон такыр адашпай, оңой-олтоң келгендерин изилдеп чыгышты. Алла Тааланын: «**Роббиңдин түзүп берген жолу менен жүр**» сөзү толугу менен чындык экендигин тастыкташты. Алла Таала аарыга дыкат маалыматтык мыйзам, бара турган аймакта даана чагылдырып, канчалык аралык, канча убакыт алаарын бүт түзүп берген, буга окшогон башка жандыктарда мындай нерсе такыр кездешпейт.

Экинчи аспект: Алла Тааланын: «**Андан ар кандай түстүү ичимдик агып чыгат**» сөзү. Адамдардын көпчүлүгү аарынын бал чыгарганын гана билишет, андан чыккан башка нерселерден такыр кабарсыз. Мына ошол себептен, аятты окуп жатып дагы, ичимдик дегенде бал деген гана түшүнүк менен чектелип калышкан. Бирок азыркы өнүккөн илим балдан башка түрдүү суюктуктардын, ичимдиктердин барлыгын ачык баяндайт. Куран аятын араб тилде окуган тилчи-окурман «ичимдик» деген сөз белгисиз формада келгенин түшүнөт, бул аарыдан чыккан балга гана эмес, башка ичимдик, суюктуктарды да туюндурат дегенди билдирет. Демек, аяттагы бул сөз бир нерсеге гана далалат кылбастан, көп нерсеге далалат кылат.

**Бешинчи бап: Чымындын канатындагы уу жана дабаа (шыпаа) боюнча пайгамбар (САВ) хадисинде айтылган керемет.**

Бул бапта пайгамбар (САВ)дын «Чымын» жөнүндө айтылган хадистеги оору жана дабаа менен таанышуу болот.

**Пайгамбардын хадиси: сынжырча жана текст боюнча:**

Доктор Халил Ибрахим Салам Хатир «Исоба фи хадис зубаба» деген китебинде бул хадистин сынжырчасын жана тексттин бүт эскерткен. Ошондой эле доктор Карим Ганыйм «Ишаратуль илмия фи хадиси набавия» деген китебинде бул хадистин сынжырчасын жана тексттин бүт эскерткен. Бул хадисти бир топ риваятчылар айтышкан:

- Бухари, ибн Маажа Абу Хурейранын риваяты боюнча, пайгамбар (САВ): «Киминдердин тамагына чымын түшүп кала турган болсо, агы кайра тамагына бир салып чыгарсын, анткени анын бир канатында оору болсо, башкасында шыпаа болот» деген (Ибн Хажар).
- Насааи, ибн Маажа Абу Саид Худариден риваяты боюнча, пайгамбар (САВ): «Чымындын бир канатында уу бар, башкасында шыпаа бар, тамакка түшүп калса, тамакка кайра салгыла,

анткени ал, ууну биринчи чачат, а шыпааны экинчи чачат» деген.

- Ахмад риваят кылат, Юнустан, ал Лейсттен, ал Мухаммаддан, ал Какадан, ал Абу Солихтер, ал Абу Хурейрадан, пайгамбар (САВ): «Чымындын бир канатында уу бар, башкасында шыпаа бар, киминңердин тамагына чымын түшүп кала турган болсо, агы кайра тамагына бир салып чыгарсын, анткени ал, сактануу үчүн ууну биринчи чачат, анан кийин шыпааны чачат.

Илимий изилдөөлөрдүн натыйжасында чымын бир нерсеге түшкөндө сол жагы менен түшөөрү маалым болду. Анан дал ошол сол жагы уулуу болоору аныкталды.

«Чымын хадиси»нин айтылуу жолдору аябай көп, 50 жолдон ашып түшөт. Бул «риваятчылардын санжырасында» АбуХурейрадан, Абу Саидден жана Анастан жайылган хадистердин ар бирине карата жазылган. Жетип келген санжыралар туптура, айткан кишилер ишенимдүү.

Бул хадис адамдардын ден соолугуна камкордук кылган адамдардын, дарыгелердин бирин дагы чымын айдоо үчүн ага каршы ар түрдүү ыкмаларды колдонууга тыюу салып жаткан жери жок. Бул хадис чымындарды көбөйтүү үчүн атайы чымынканаларды өнүктүрүүгө чакырып жатат деген ой бир дагы акылга (өзгөчө дин аалымдарына же окумуштууларга) такыр келбейт.

Бирок бул хадисти аягын «Чымындын бир канатында уу бар, башкасында шыпаа бар» дегенин алсак, жоомарт пайгамбарыбыз (САВ) чымынды толук изилдөөгө алып, анын кайсы канатында оору барлыгын,

кайсы канатында дабаа, шыпаа барлыгын тактап, ушул багытта катуу иштөөгө чакырып жатат. Себеби дегенде, чымын жайылтып жүргөн ооруларга каршы мусулман окумуштуулары чымындын өзүнөн кайра шыпаа, дары-дармектерди даярдоого болоору айтылып жатат.

**Илимимй изилдөө жана тактык:**

1. **Чымын түрлөрү:**

Кан сорбогон эки түрдүү чымын болот: үйдөгү чымын менен мал сарайдагы чымын. Адам менен жандыктардын канын соргуч чымындар чөлдүк чымындар болот. Ошондой эле үйдө жайгашып, адам менен жаныбарлардын канын соргон чымын-чиркей түрү дагы бар.

2. **Чымындын анатомиясы:**

Чымындын анатомиясы болук изилденди, ар бир оң канаты да, сол канаты да мыкты иштелип чыккан апппарат, приборлор аркылуу терең текшерүүдөн өттү. Чымын-чиркейлердин жыйырмадан ашык түрлөрү толук изилдөөгө алынып, ар бир канатты, оңу-оңдой, солу-солдой өз өзүнчө стерилдик физиологиялык растводо текшерилди.

3. **Кичинекей заттарды алып салуу:**

Ар бир пробадан 50 микролитр алынып, анан аны белгилүү бактерия өстүрүүчү эгинге коюлду. 30 градус жылуулуктагы орто бактериалык жайга да коюлду. 48 сааттан кийин басымдуулук кылуучу бактериялар катары саналып, андан кийин бактериялардын түрлөрүн даражасына жараша таанышууга өбөлгө түзүлдү.

4. **Микробдук активдүүлүгү үчүн эксклюзивдик анализ:**

Бул нерсе кадимки тоголок кагаздын жардамы менен ишке ашты. Микробго каршы активдүүлүк изилдөөлөр, бирин-бирине каршы коюп, ар түрлүү микробдордун активин күчөтүү.

5. **Ферментациялык процесс:**

Бактерия эгинине эң чоң таасири тийгизген изилдөө аягына чыкты. Аларды жоюу жолу, жогоруда сыпатталгандай, бирин-бирине каршы коюу жолу. Башка бактерияларга каршы коюу үчүн бактериялардын эң күчтүү түрүн ойлоп табууга жетишти.

6. **Метаболиттерди тазалоо жана арылтуу:**
7. **Бактериянын концентрациясына минималдык баа (MIC)**

## Жыйынтык жана талдоо

Ар бир чымындын канаты: үйдөгү чымындын, мал сарайдагы чымындын, чөлдүк чымындын, чымын-чиркейдин эки канаты тең терең изилденип, майда заттардын, грибдердин, бактериялардын түрлөрүнүн көптүгү, жыштыгы дал ушул үйдөгү чымындын канаттары менен мал сарайдагы чымындын канаттарында өтө көп экендигин аныкталды.

Оң формадагы (положительный) бактериялар сан жагынан да, жыштык жагынан да, терс формадагы (отрицательный) бактериялардан көп экендиги билинди. Ошондой эле оң канатта оң формадагы (положительный) бактериялар сан жагынан да, жыштык

жагынан да, терс формадагы бактериялардан көп экендиги такталды. Мына ушул нерсе чымынды ар кандай оор абалда жашоо кечүүгө кудуреттүү экенин ачыктайт, ысыкты да, суукту да көтөрө билет, химиялык жана радиациялык таасирлерге чыдамдуу келет.

Ошол терс формадагы бактерияларды алып салуу эң маанилүү, эң жакшы өзгөчө көрүнүш. Анткени ал көптөгөн ооруларга себеп болуу кудуретке ээ.

Микробиологияда вакцина жана сыворотка иштеп чыгууда колдонула турган микроорганизмдер. Сыворотка башында жумуртка формада болуп, анан ачытуу жолу аркылуу көбөюп, шекердик заттарды көп чыгаргандыгы байкалды. Акыры кээ бир иммунитет көтө турган кудуретке ээ гриб түрүндөгү вакцина пайда болот.

Bacillus circulans бактериоцинага окшош затты аныктоо, бул чымындын оң канатынан табылып, алынган эң күчтүү бактериянын түрү. Порошок түрүндө даярдалган эң активдүү ингредент болуп саналат.

Активдүү ингредиенттерди чыгаруудагы эң төмөн концентрация оң жана терс формалардагы бактериялардын түрүнө каршы, талкалоочу күчкө ээ экендигин аныкталды. Эң аз концентрация 5 мм/гр көптөгөн бактериялардын түрүн өлтүрүүгө жетиштүү.

Активдүү ингредиенттердин концентрация ушул жаатта аябай чоң таасирге ээ экендигин маалым болду. Аз убактын ичинде эле бир топ бактериялар 10,0 % азайды. Эң көп таасир тийгизген бактериянын түрү: B. Subtilis жана S. Aureus, бул экөө адамдын ооруп

калышына себеп болгон көптөгөн бактериялардын түрү, бир топ ооруларга себепкер: көздүн шишиги, фурункула (сыздоок), тери оорулары, табарсык шишиги, ашказан шишиги, сөөктөрдүн сезгенүүсү, сийдик каналдарынын оорусу, борбордук нерв системасынын жабыркалоосу, аппетиттин (табиттин) жоктугу ж.б.у.с.

**Илимий керемет тарабы:**

Жогорку изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча үч түрлүү чымындын эки канатында жыш жайгашкан бактериялардын көп түрү бар экендиги аныкталды.

Пайгамбар (САВ)дын чымынды кайра ирет чөмүлтүп тамакка салууга буюрганы, шыпаа чыгара турган механиканын барлыгын билдирген экен. Пайдалуу бактерияларды, грибдерди чыгаруу бир ортомчусуз болбой турганына да шилтеме бар, ал ортомчу идиштеги тамак же суюктук. Ошол ортомчу идиш эки тарапты, оору бар бактериялар менен шыпаа бар бактерияларды эч бир тосмосуз бетме-бет кездештирип, пайдалуу заттар зыяндуу заттарды толук талкалап, тазалап чыгууга шарт түзүп берет.

**Алтынчы бап:**
**Кумурска ааламындагы байланыш**

Алла Таала: «**Алар кумурскалуу өрөөнгө кирип келишкен** *эле*. **Бир кумурска: "Эй, кумурскалар! Үйүңөргө** *уяңарга* **киргиле! Сулайман аскери менен силерди сындырып кетпесин! Алар сезип да коюшпайт!" деди.**» деген (Намл: 18)

**Ибн Касирдин тапсири:**

«**Сулайманга аскери: жиндерден, инсандардан, куштардан** *баары* **жыйналды. Алар** *алдыңкылары* **токтотулду**» б.а., Сулаймандын алдына жин, инсан жана канаттуулар бүт топтолду. Мужахид: ар бир бөлүм башынан аягына дейре тизилген, бара жатып ашып кетпөө үчүн, азыркы күндө падышалар кылгандай, тегиз жүрүү» дейт.

«**Алар кумурскалуу өрөөнгө кирип келишкен** *эле*» аны менен кошо жүргөн аскерлери, жоокерлери менен кумурсканын өрөөнүнө жетип келишти. «**Бир кумурска: "Эй, кумурскалар! Үйүңөргө** *уяңарга* **киргиле! Сулайман аскери менен силерди сындырып кетпесин! Алар сезип да коюшпайт!" деди**» б.а., жылкылар туяктары менен тепселеп, сындырып кетишинен коркуп, баарын үйлөрүнө

кирүүгө буйрук берди. Аны Сулайман пайгамбар түшүндү.

**Илимий изилдөө жана тактык:**

Азхар университетинде биология илимдери факультетинде сүрөткө тартычуу электрондук микроскоп аркылуу кумурсканы ар тараптан сүрөткө тартылып, угуу системасын өзүнчө изилдөөгө, үн чыгаруу системасын өзүнчө изилдөөгө, ошондой эле угуу, үн чыгаруу органдарындагы ар түрлүү сезимтал органдарды, териси бүт дыкат изилдөөгө алынды. «**Сулайман аскери менен силерди сындырып кетпесин! Алар сезип да коюшпайт!**».

**Кумурсканын денесинин сырткы кабатынын түзүлүшү «сындырып кетпесин!»**

Денесинин сырткы кабаты биринин үстүнө бири кабатталган төрт тыгыз (компактуу) катмардан турат, бир катмардын жоондугу 4 микронду түзөт. Катмарлар: цементтүү катмары, воск (момулуу) катмары, полифенолдуу смола катмары жана кутикул катмары.

Мына ушул катмарлар керамика сыяктуу бекем бир катмарды түзөт. Эми аны үстүнөн басканда ал сынып кетет. Кадам менен кумурсканын үстүн баскан кезде ал талкаланат, дененин акыл эси туруктуу кала берет, акыл-эс менен дене ичке мембраналар менен бири-бирине байланышта болот, акыл-эстин аракети кумурсканы ордунан, төмөндөн денесин жогору көтөрүүгө шык, күч берет, ошондой эле үйдөгү жана сырткы милдеттемелерин аткарууга мүмкүнчүлүк

берет. Ошондуктан, Куран Каримди баяндамасы эң сонун баяндама: ««**сындырып кетпесин!**»» ошол абалга дал келет.

**Кумурска кантип угат?**

Кайып нерселерге такыбалык кылып токтоп калып, илимий жаатын карманганыбыз саламаттыкка жакын. Сүрөттөлгөн баяндамадан, кумурскада алыстан жердин титиреген толкундарын (вибрацияны) кабыл алуучу угуучу аппараттын бардыгы маалым болду. Кумурска өзүнө таандык өзгөчө тилде сүйлөп, анын жолдоштору мыйзам сактаган, ар кимдин өз милдеттери барлыгы ачыктады. Анткени бул кумурска Сулайман пайгамбардын келе жатканын билип калды. Башка бардык кумурскаларды этияттыкка чакырды, текстке жараша, Сулайман пайгамбардын аскеринин кыймылы, аттардын туяктарынын жер бетин дүңкүрөтүп бастырып келе жаткан вибрация этиятка чакырган кароолчу кумурскага жетти. Ошол дүңгүрөгөн дабыштарды кабыл алганда ал сүйлөй баштады, башка кумурскаларды этияттыкка үндөдү. Аскердин келишинен бир аз убакыт алдын аларда үйлөрүнө кирип, аман калууга толук мүмкүнчүлүк бар. Мына ушул нерсе эми гана, чындык экендиги, тактап айтканда, кумурсканын буттарынын астында ичке сездиргич чачтар (түктөр) барлиги аныкталды. Алар электрондук микроскоп менен тартылып алынды.

**Бирок кумурска кантип сүйлөйт:**

Жаныбарлар үн чыккан негизге, тарапка бурулушат. Багыт ошол вибрация чыгып жаткан тарапты, үндүн толкундарын белгилөө. Адамдын кулагы үндөн сырткары анын толкундарын билип алууга кудуреттүү эмес, тек гана жаныбарлар, өзгөчө, курт-кумурскалар ошондой өзгөчөлүккө, угуу жана үндүн толкунун тактап билүү кудуретке ээ. Курт-кумурсканын үнгө жооп кайтарганы (Phonotaxis) деп аталат, курт-кумурска чыккан үнгө багыт алганы (Positive Phonotaxis) делинет, ал эми курт-кумурска чыккан үндөн коркуп, чочуган маалды (Negative Honotaxis) деп аталат, б.а., негизи курт-кумурска үндү түшүнүүгө кудурети бар.

**Кумурска кай жагы менен сүйлөйт?**

Кумурска курсагынын сырткы жагындагы үн чыгаруучу орган менен сүйлөйт. Тактап айтканда, кумурска курсагы менен сүйлөйт. Үн чыгаруучу орган курсагынын сырткы жагындагы үчүнчү жана төртүнчү муунда жайгашкан желбиреткич (Plectrum) деп аталат, ичтин үчүнчү муундарынын сырткы, арткы тарабынын чекесинде болот. Андан сырткары, башка орган бар файл (File Pars Stridents) деп аталат, бул ичтин төртүнчү муунда сырткы тараптын ортосунда жайгашкан.

Кумурска сүйлөөнү каалаганда желбиреткичти өйдө-ылдый кыймылдатат, ал файлга үзгүлтүксүз урунат. Ал нерсе кумурсканын терисине, музыкалык аспаптардын кылдарына окшоп кеткен, бир нече бүдүрлөрдү пайда кылат. Кээ бир музыкалык аспаптардын кылдары араң гана 6га жетсе, кумурсканын кылдары 50 кылга чейин жетет. Желбиреткичтин файлга урунуп кыймылдаганы

аркылуу кумурска үн чыгарат, аны башка кумурскалардын баары түшүнөт.

**Илимий керемет тарабы:**

Куран Карим кумурсканын сүйлөгөнүн 1400жыл мурун баяндаган. Кумурска башка кумурскаларды этияттыкка үндөп, Сулайман пайгамбардын, аскеринин келе жатканын, тепселеп, сындырып кетпеши үчүн уяларына кирип жашынууга буйрук берген. Курандагы аяттын илимий керемети – кумурсканын аябай узак алыстыктагы дабышты уккандыгы жана сүйлөй алгандыгы. Бул тууралуу айтылган заманда Сулайман пайгамбар менен аскерини келе жатканын кумурска кантип укканын билдире ала турган бир дагы технология жок болгон. Ошондой эле кантип, кай жеринен кумурска сүйлөдү!

Бул нерсе азыркы биздин өнүккөн заманбап жашоодо гана ачыкка чыкты. Бул нерсе пайгамбар (САВ)дын Куранды Угуучу жана Билүүчү Жараткандан кабыл алганына ачык далил. Пайгамбар (САВ) өз каалоосу менен эч качан сүйлөгөн эмес.

**Жетинчи бап: Эң үлбүрөгөн үй – жөргөмүштүн үйү.**

Алла Таала: «**Алланын ордуна башканы дос** *кудай* **кылып алгандардын мисалы: өзүнө үй салган жөргөмүштүн мисалындай.** *Анткени*, **чындыгында, эң начар** *болбогон* **үй – албетте, жөргөмүштүн үйү! Эгер билишсе...**» деген (Анкабут: 41)

**Тексттин далалаты:**

Бул аят Алла Таала мисал катары бир адамдын Алладан башка нерсени, өзүнө пайда да, зыян да бере албаган нерсени жардамчы, колдоочу тутуп алганын сыпаттаган маанини өзүнө камтып турат. Анын максаты ойрон болот, анткени коргой албай турган жерди коргонуч кылып алган. Кудум, жөргөмүш сымал, үйүн ушундай аракет менен токуп чыгат, бирок аны кооптуу нерселерден сактай албайт, себеби деген аябай бош, алсыз, үзүлүп кете турган, жараксыз нерсе.

«Фатхул кадир» китебинде Шаукани: «Анын үйү ысыктан да, суукtан да, жамгырдан да, эч нерседен коргой албайт. Дал ушундай эле кимде-ким Алладан башка дос тутуп алса, пайданын кыпындай дагы нерсесин көрө албайт» деди.

**Илимий тактык:**

Жөргөмүш курт-кумурскаларга кирбейт, анткени анын сегиз буту бар, ал эми курт-кумурскалардын буттары алтоо болот, бирок жөргөмүш муунак буттуу жаныбарларга кирет.

Жаңы өнүккөн илим жөргөмүштүн уясынын кылын изилдеп чыгып, аны эң катуу, эң бекем биологиялык зат экендигин адам баласына азыр гана ачыктап олтурат. Уясынын кылы болоттон дагы бекемдиги аныкталды. Андан бекемдик жагын ашса, эритилген кварц гана ашпаса, андан башкасы аша албайт. Чыккан кыл үзүлгүчө беш эсе көп узундукка созула алат. Ошондуктан, окумуштуулар ага «Тирүү болот» же «Биологиялык болот» деп наам беришкен. Ал кадимки болоттон жыйырма эсе бекемирээк, анын бекемдиги 300 миң фунт квадраттык дюймга туура келет. Эгер жөргөмүштүн кылынан бармактын жоондугундай аркан болгондо, ал эбегейсиз (гигант) самолетту жеңил эле көтөрүп коймок.

Жөргөмүштүн кылдарына түзүлүш жагынан окшош жасалынган нерсе кевлар деп аталат. Муну ок өткөрбөй турган кийимдерди жасоодо колдонушат. Жөргөмүштүн кылдары жасалын жолдор аркылуу катуу кабель (трос)тор жасалынат. Тактап айтканда, бир кылга башка бир нече кылдар өрүлүп атып жасалынат, бир кылдын калыңдыгы бир миллиондук дюйманы түзүшү мүмкүн.

Жөргөмүш уясын бекем, бышык болуусу үчүн пайда болгон кылдарды үч тараптан бирдей токуйт. Ачык

абада жашаган жөргөмүштөр уясын астрономия (планета) аталыш менен таанымал тоголок формада токушат. Уя жарыктыктын нурунда жалтырап көрүнүп турган өтө зор чеберчилик, архитектуралыгы укмуш түзүлүш. Азыркы өнүккөн илим ар түрдүү, ар көлөмдө, ар түстө, ар формада, ар түзүлүштө такулган 35 миң түрдөн ашык түрдү сыпаттап чыкты. Жөргөмүштү изилдеп жаткан окумуштуулардын байкоосунда анын уясы архитектуралык өзгөчөлүккө ээ. Токула турган жер өтө мыкты тандалат, уянын бардык булуң-бурчу аягына чыгарыла турган бүт тарабы саналып каралат. Уянын бурчтары кудум адам салып жаткан үйдүн бурчтары. Уянын бардык жагында иштелген кылдардын ар бири өзүнө ичкерээк төрт кылды камтыганы белгилүү болду. Төрт кылдын ар бири өзүнө таандык жол менен жөргөмүштүн денесинен чыгат. Жөргөмүштүн кылы – өтө ичке шелк, атүгүл адамдын бир тал чачынын жоондугу жөргөмүштүн кылынан 400 эсе жоон. Жөргөмүштүн уясы ага баш калкалоо, өмүр сүрүү катары гана колдонулбастан, ошол эле маалда өтүп бара жаткан чымын, чиркей сыяктуу жандыктарга тузак да болот. Тузакка илингендерди жөргөмүш укмуш табит менен жеп салат.

Бирок доктор Абдулла Шаави «Куран Каримдеги жөргөмүш жана анын кылдары» аттуу китебинде эскергендей, жөргөмүштүн бекем токулган уясы, күндүн нурунун тескери чагылдырып, жарыктык көлөмдүү ультрафиолеталык нурдан жогору күчөтөт. Ошондуктан, жөргөмүштүн уясы чымын, чиркейлер, көпөлөктөргө ачык көрүнүп турат, бирок анын ошондой өзгөчөлүгү күндүн нурун тескери

чагылдырганы – жөргөмүштүн душмандарын жеңил-желпи тузакка түшүрүүгө өбөлгө.

Доктор Абдулла Шаави аталган китепте эле жөргөүштүн уясынын жараксыздыгын да кошумчалап, бул уя көп мезгилге дейре турбай, кайра эле жөргөмүштүн ичине кирип кетээрине шилтеме жасалынган айтып өткөн. Чындыгында, жөргөмүш күн сайын өз уясын жеп турары илимий жактан тастыкталды. Левин бул жөнүндө мындай дейт: «Тоголок уясы бар жөргөмүш жаңы уя салардан алдын ошол эски уясын жегенге өтөт. Кыл 92ден 96 пайызга чейин протейинден турат». Андан соң жөргөмүштөрдүн уя токуудагы айырмачылыктары, түрлөрү жөнүндө баяндалды. Ошентип, жөргөмүш жаңы уя салыш алдын эски уясын жеп салары маалып болду.

Алла баарын билүүчү! Жөргөмүштүн уясы аны жей турган канаттуу, чоң чымын-чиркей душмандардан коргоп сактап кала турган, анын баш калкалоочу жайы, бирок, чындыгында, ошол жөргөмүштү жей турган душман өзү ага жем болуп калары да бышык. Мына ошондуктан, уянын алсыз жана бекемдигин ар тараптан караса болот.

**Илимий керемет тарабы:**

Жөргөмүштүн уясынын абалы боюнча илимий акыйкаттар менен таанышып чыктык. Уя түзүлүшү боюнча жөргөмүштү сууктан да, ысыктан да сактай албаганы, душмандарына бүт тарабынан апачык экендиги, илбирээп араң турганы, жөргөмүштүн тарабынан жутулуп кетээри да маалым болду.

Уя өзү туруктуу эмес, андагы жашоочу да туруктуу эмес. Ошондуктан, төмөнкү «**эң начар** *болбогон* **үй – албетте, жөргөмүштүн үйү**» деген сыпатка дал келет. Мына ушул акыйкаттарга далалат кылган ошол жөргөмүштү жараткан Алла Таала экенине далил келтиребиз. Бул акыйкатты бизге жеткирген Мухаммад пайгамбар (САВ) Алланын элчиси экенине жүйөө келтиребиз. Курандагы илимий кереметтин дагы бир багытын ушинтип билип алдык.

**Алтынчы бөлүмдүн корутундуусу:**

1. Изилдөөнүн жүрүшүнөн чочконун этинин арамдыгы илимий керемет экендиги баяндалып, ачыкталды. Анын этиндеги, майындагы, канындагы зыяндуулук анын затында бар экендиги, кийин пайда болбогону, кесип кылып өздөштүрүлбөгөнү тастыкталды. Мына ушул нерсе Жаратканыбыз Алла Таала: «**чындыгында, ал – ыпылас**» деп баяндаган. Ыпылас, б.а., жийиркеничтүү, зыяндуу, жараксыз. Чочконун этинин арамдыгынын себеби, ошентип, илимий керемет аркылуу аныкталды.
2. Окумуштуулар жаныбарлардын тамак сиңирүү органдарынын системасын, вазыйпасын, баскычтарып, кан тамырларын, анын айлануу системасын, жүрөктүн вазыйпасын, кандын дене бой боюнча айланышын, анын тамак сиңирүү органдары менен болгон

байланышын, сүт чыгаруучу бездерди, желин, эмчек сыңар башка дене мүчөлөрүнүн бүт сырларын жакшы өздөштүрүп чыккан соң жаныбар жеген азыктардан кандай жол аркылуу сүт пайда болгонун билүүгө кудуреттүү болуп калды. Куран Каримдин: «**жин менен кан тамырдын ортосунан**» (Нахл: 66) шилтемеси, азыктын желин системасына жетип, ошол жерде анан эки системадан келген азыкты кан жана ферменттер тазалап, арылтып, шекер салып, ичкен адамдын тамшандырган жагымдуу таза сүттүн пайда болгону Курандын кереметин, акыйкатын аныктады.

3. Төөнүн жаралышы боюнча Куран Каримдин шилтеме илимий ачылыштан канча кылым мурда кабарлаган. Анын өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрү, ошол чөлгө ылайык, чөлдүк болуп жаралышы, «Чөл кемеси» деп аталышы.
4. Куран Карим аарынын белгилүү мыйзамда жолго чыкканына шилтеме жасаган. Алла Таала: «**Роббиң түзүп берген жол менен жүр!**» (Нахл: 69), чындыгында, бир мыйзамдуу коом экенин, уясынын айланасындагы аймакка далалат кылып, уясынан чыгып кетип, кайра уясына кайтып келе турган жолду көрсөтүп турчу маалымат мыйзамына баш ийгендерин билгенде окумуштуулар айраң-таң калышты. Ошол маалымат мыйзамына көз салып, изилдөө үчүн окумуштуулар канча деген убакыттарды

сарпташты, канча деген изилдөөлөрдү жүргүзүштү, акыры жеткен илимий жыйынтыктары Куран Карим менен дал келгенин аныкташты. Куран Каримдин: «**Андан ичкендерге жагымдуу болгон ар кандай түстөгү ичимдик чыгат**» деген сөзү (Нахл: 69) эки нерсени: биринчиси, ичимдик анын ичинен, бал уюткусу бар жерден чыгат; экинчиси, аарыдан балдан башка дагы ичимдиктер чыгат, хан айымдын азыгы, воск (мому) ж.б.

5. Пайгамбар (САВ)дын чымын боюнча айткан хадистин илимий кереметтери айкын белгилүү болду. Пайгамбар (САВ) эч кимди чымынды идишке салып коюуга, же чымын түшкөн тамакты жегени чакырган жок, бирок биздин көңүлүбүздү оору мене шыпаага бургусу келди. Хадис бизди чымындын эки канатындагы оору менен шыпааны жакшы изилдөөгө алып, чымын аркылуу адамга жуга турган ар түрдүү оорулардан сактанууга чакырган. Практикалык илимий ачылыштар чымындын канатынан алынган антибиотиктер ар түрдүү ооруларды сакайтууга кудуреттүү экендигин ачыктады.
6. Ошондой эле жаңы илимий изилдөөлөр кумурска өзүнө таандык өзгөчө тил менен сүйлөгөнүн аныктады. Алардын кээ бир үндөрүн жазып алуу мүмкүчүлүгүнө ээ болдук. Мына ушундан илимий ачылыштардан канча кылым мурда кабарлаган

Курандын маалыматтары туура жана акыйкат экен. Алла Таала: «**Алар кумурскалуу өрөөнгө кирип келишкен** *эле***. Бир кумурска: "Эй, кумурскалар! Үйүңөргө** *уяңарга* **киргиле! Сулайман аскери менен силерди сындырып кетпесин! Алар сезип да коюшпайт!" деди**» деген (Намл: 18)

7. Жөргөмүштүн уясынын абалы боюнча илимий акыйкаттар менен таанышып чыктык. Уя түзүлүшү боюнча жөргөмүштү суукtan да, ысыктан да сактай албаганы, душмандарына бүт тарабынан апачык экендиги, илбирээп араң турганы, жөргөмүштүн тарабынан жутулуп кетээри да маалым болду.

# Жетинчи бөлүм

## Биология илиминдеги илимий кереметтер

Алла Таала:

**«Ал** *деген* **– асмандан суу** *жамгыр* **жаадырган. Ал аркылуу ар кандай өсүмдүктөрдү чыгардык. Андан жашыл чөптү чыгардык, андан сап-сап тизмектелген данды чыгарабыз. Курма дарагынан төмөн ийилген шиңгил мөмө байладык. Окшошкон жана окшошпогон жүзүм, зейтун, анар жана түркүн-түркүн мөмөлөрдү өстүрдүк. Мына ошол мөмөлөрдүн бышкан жана быша элек абылына бир карачы?! Чындыгында, мына ушуңарда – албетте, ыймандуу коом үчүн аяттар** *белгилер* **бар!»**

(Анаам: 99)

## Бөлүмдүн маанилүүлүгү жана максаты:

### Бөлүмдүн маанилүүлүгү:

Бул бөлүмдүн маанилүүлүгү Куран менен сүннөттү чагылдырган азыркы заманыбыздын кээ бири илимдери: өсүмдүктөр илими, геология илими, климатология ж.б. боюнча илимий кереметтер менен тааныштыруу.

### Бөлүмдүн максаты:

1. Топуракка суу тийгенде анын титирегени боюнча айтылган Куран Каримдин кереметти.
2. Жашыл нерседен дан өнүп чыкканы боюнча айтылган Куран Каримдин керемети.
3. Чөйрөнү талкалаган адамзатынын кесепети.
4. Ысыктан сактаган халаттардын вазыйпасы боюнча айтылган Куран Каримдин керемети.
5. Зейт, зейтун дарылоочу азыктыгы мол туурасында илимий керемет.

6. Арак дабаа, шыпаа эмес, а илдет.

**Бөлүмдүн мазмуну:**

- **Биринчи бап:**
  Титиреди, жарылды (топурактын титирегени).
- **Экинчи бап:**
  Жашыл (жашыл зат).
- **Үчүнчү бап:**
  Чөйрөнү талкалаган адамзатынын кесепети.
- **Төртүнчү бап:**
  Ысыктан сактаган кийим.
- **Бешинчи бап:**
  Дарылоочу азыктыгы мол зейт, зейтундун илимий кереметы.
- **Алтынчы бап:**
  Арак шыпаа эмес, а илдет.

**Биринчи бап: Титиреди, жарылды (топурактын титирегени).**

Алла Таала: «**Какшып, кургап калган жерди көрүп турасыңар. Эгер ага суу** *жамгыр* **жаадырсак, кыймылга келип, көөп чыгат да,** *анан* **жуптуу-жуптуу кооз ар кыл өсүмдүктөрдү өндүрөт**» деген (Хаж: 5).

Алла Таала: «**Анын аяттарынын** *белгилеринин* **бири – сен, чындыгында, жерди коркконын** *жарылганын* **көргөндүгүң. Эгер ага суу** *жамгыр* **жаадырсак, титирейт** *кыймылга келет*, **көөп чыгат. Чындыгында, ошону тирилткен, албетте, өлүктөрдү да тирилте алат. Акыйкатта, Ал бардык нерсеге кудуреттүү**» деген (Фуссилат: 39).

**Тапсирчилердин сөздөрүнөн:**

Куртубинин таписринде: «**Какшып, кургап калган жерди көрүп турасыңар**», Алла Таала: «Эй Мухаммад

(CAB), эгин, өсүмдүктөрдүн издери калган кургактыкты көрөсүң» деп келет.

Куртубинин тапсиринде «**кургап**» деген сөзү топурагы кургак. Шамир: «эгер дарак чирип, упурап кетсе, кургады делинет, эгер үн чыгарбай калышса, үндөрү кургады делинет, жердин кургаганы анда жашоо да жок, эгин да жок, кайтуу да жок, жамгыр да жок дегени. Алла Таала: «**Эгер ага суу** *жамгыр* **жаадырсак, титирейт** *кыймылга келет*, **көөп чыгат**» б.а., кыймылга келет. Бир нерсени титиреттим, ал титиреди, бир нерсени кыймылдаттым, ал кыймылдады. «**көөп чыгат**» б.а., көтөрүлдү, көбөйдү, шишиди, баары бир мааниде.

Тапсирчилердин сөздөрүнүнө назар салсак, кээ бири титирөө эгинге, өсүмдүккө таандык дешет, анткени биринчи аятта сырткы мааниде келген эмес, эгиндин титирөөсү жерге караганда көбүрөөк туура келет деп жүйөө келтиришкен. Бул алардын замандарындагы маалыматтын аздыгынан кабар берет. Алла Таала жамгыр жаадырганда суу жерге түшкөндө жердин топурак кыртышы титирейт деп Куран аяты ачык айтып жатканы менен, жердин титирегени көзгө урунбаган, белгисиз болгондон кийин, ошондой пикир айтылган.

**Илимий тактык:**

Какырап, өлүп калган жерден ар кандай кооз эгин-тегин, өсүмдүктөрдүн баскыч-баскыч менен өнүп чыгарын өтө кылдак, өтө чоң чебердиктер, кийинки илимий ачылышка шайкеш келген этаптарга Алла

Таала шилтеме берген. Хаж сүрөсүнүн бешинчи аятта тизмектелген беш баскыч айтылат:

1. Кургак жер.
2. Жааган жамгыр.
3. Титиреген топурак.
4. Топурактын көөп чыгып, өсүмдүктөө ылайык азыктардын бөлүнүп чыгуусу.
5. Эгиндин өнүп чыгышы.

**Биринчи баскыч: кургак же корккон** *жарылган* **жер:**

Алла Таала: «**Какшып, кургап калган жерди көрүп турасыңар**», Алла Таала: «**Анын аяттарынын** *белгилеринин* **бири – сен, чындыгында, жерди коркуп** *жарылган* **калганын көргөндүгүң**» бул жашоо жок, эгин жок, өсүмдүк жок, өлүк жер, бирок аба-ырайына байланыштуу тоо тектери пайда болуп, курамдалып калган, тактап айтканда, тоо тектерин буза турган, кыйрата турган процесстер жүрөт. Анткени бир жерден башка жерге көчүрүп, жылдырып, которуп, акыры, жердин кыртышы түзүлөт. Мына ошол жер кыртыш кургак же жарылма болот.

**Экинчи баскыч: жаагын жамгыр:**

Алла Таала: «**Эгер ага суу** *жамгыр* **жаадырсак**» дейт.

Алла Тааланын асмандан аябай таза, аябай тунук, эч бир булганычы жок жамгыр суусунун түшүргөнү – пенделерине жасаган ырайымы, мээрими, пазилети.

Суунун курамы кычкылтектин бир атому менен суутектин эки атомунун бири-бирине катуу бириккен, ажырагыс, оңой-олтоң бөлө албай турган химиялык

бирикмеси. Суутектин ар бир атому тиешелүү өлчөмдөгү оң зарядга ээ, а кычкылтектин атому тиешелүү өлчөмдө терс зарядга ээ. Бул нерсе суунун курамында электриктик теңдик жок дегенди билдирет. Суу мына ушул табияттык өзгөчө сыпат менен эгер жердин кыртышына түшсө, электриктик таасир берип, курамы титиреп кетет. Жамгырдын суусу түшөрү менен кургак жерде гео-байланыш – химиялык байланыш башталат да, жашоо башталат.

**Үчүнчү баскыч: жаагын жамгыр:**

Алла Таала: «**титирейт**» дейт.

1827 жылы британиялык окумуштуу Браун эгер жамгыр суусу жерге түшсө, жердин кыртышындагы пылинка (чаң) жана андагы пыльца (чаңча) титирейт деген илимий ачылыш жасаган.

Кыртыштагы пылинка ар кандай минералдардан турат. Минералдар компактуу биринин үстүнө бири коюлган, кат-кат пластинкалардан түзүлгөн. Алла Таала кыртыштагы пылинканын курамын дагы өтө дыкат, өтө жогоргу чеберчиликте жаратканына күбө болуп, таң калбай коюу мүмкүн эмес. Пылинканын ушул курамы өсүмдүктүн азыктандыруучу кызмат өтөйт, т.а., андан калий, магний жана кальций сыяктуу азыктар эгинге барып турат. Эгин анан аны соруп, андан азык алат.

Эгер жамгыр жааса, пылинка (чаң) арасында курамдарынын ар түрдүүлүгүнө жараша ар кандай электриктик заряддар түзүлөт. Пайда болгон электриктик заряддардын ар түрдүүлүгүнөн иондордун түзүмү түзүлөт. Ушул иондордун түзүмүнүн тартипсиз

кыймылынын натыйжасында пылинка титирейт, кыймылдайт. Эми ошол кыймыл суунун пылинканын арасына киргени, пылинканын борпоюшуна өбөлгө түзөт.

Жамгыр суусунун жерге түшүп, пылинканын титирегенин, т.а., Робер Браун байкаган. Ошондуктан «Браундун кыймылы» деп аталып калган.

**Төртүнчү баскыч: көөп кетүү, кеңейип кетүү, барсая түшүү «көөп кетүү»**:

Көөп кетүү дегени: борсая, өсүү, көбөйү дегени. Титирегенден кийин почва көөп кетет, борсая түшөт. Бул нерсе почвалык раствордун минералдык жалбыракчаларга алып келет, анан мына ошондон өсүмдүккө азык болуучу калий жана кальций өңдүү катиондордун чыгышына алып келет. Акыры анан почвадагы пылинкалардын бузулушуна, өзгөрүүсүнө алып келет, мына ушул процесс (почва менен минералдагы химикалык курамдын өзгөрүүсү, растворлордун эриши) «геохимиялык процесс» деп аталат.

**Бешинчи баскыч: «өсүп чыгат»**:

Титирөө жана көөп кетүүдөн кийин бөлүнгөн жөнөкөй азыктар өсүмдүккө которулуп барат. Анан түзүмдөр түзүлө баштайт, оболу эң ылдыйкы, тамыры пайда болот, анан жашыл сөңкөгү акырындап жогорулап жатып, кооз түсү менен жердин бетине чыгат.

**Илимий керемет тарабы:**

Куран аяты өтө кылдат, өтө укмуш, көз жоосун алган ырааттулукта, өтө илимий дыкаттык менен ошол баскычтарды баяндаган. Алла Таала шилтеме берген Хаж сүрөсүнүн бешинчи аятында тизмектелген беш баскыч айтылат:

1. Кургак жер.
2. Жааган жамгыр.
3. Титиреген топурак.
4. Топурактын көөп чыгып, өсүмдүктkө ылайык азыктардын бөлүнүп чыгуусу.
5. Эгиндин өнүп чыгышы.

Бул Куран аяты «**титиреди, көөп кетти**» деген эки сөздүн чыныдыгы маанисин, мазмунун, илимий акыйкатын, шилтемесин бир жан (адам) билбеген заманда түшкөн. Бул эки сөз чаң (пылинканын) титиреп, көөп кетээрин ачык-айкын баяндап жатат. Бул сыпаттама чаңдагы геохимиялык процессинин негизинде, жогорку деңгээлдеги химиялык реакциянын жүрүшү менен, андан чаңга жеткире турган эң негизги азыктардын бөлүнүп чыгышын бир дагы жан (адам) ошондой илимий акыйкатка жөнөкөй божомол дагы айта албаган. Канча деген муун, чындыгында, бул тууралуу, процесстин кандайча жүрүшү боюнча эч нерсе билбей келген. Аяттын тилдик далалаттары Куран түшкөндөн баштап эле адамдарга маалым болгон болсо, эми илим-билим, технология өнүгүп-өскөн мезгилде микроскоп сымал заманбап жабдуулар менен титирөөнүн илимий акыйкаттары, сырлары бүт ачыкка чыкты.

**Экинчи бап: Жашыл (жашыл зат) пигмент, хлорофилл.**

Алла Таала: «**Ал** *деген* **– асмандан суу** *жамгыр* **жаадырган. Ал аркылуу ар кандай өсүмдүктөрдү чыгардык. Андан жашыл** *пигмент* **чыгардык, андан сап-сап тизмектелген данды чыгарабыз. Курма дарагынан төмөн ийилген шиңгилинен мөмө байладык. Окшошкон жана окшошпогон жүзүм, зейтун, анар жана түркүн-түркүн мөмөлөрдү өстүрдүк. Мына ошол мөмөлөрдүн бышкан жана быша элек абылына бир карачы?! Чындыгында, мына ушуңарда – албетте, ыймандуу коом үчүн аяттар** *белгилер* **бар!**» деген (Анаам: 99).

**Тилдик мааниси жана тапсири:**

«**жашыл**» *пигмент*: жашыл нерсе, «**андан чыгардык**»: жашылдан чыгардык.

«**сап-сап тизмектелген данды**»: бири-бирине тизмектелген.

«**Курма дарагынан төмөн ийилген шиңгилинен**»: курманын ачык калган данын ороп, каптап турган сырткы катмары. «**шиңгилинен**» курманын мөмөсү байланган кичинекей бутакча.

«**жүзүмдөн бакчаларды**»: жүзүмзарларды чыгардык, «**окшошкон жана окшошпогон зейтун, анар**» жалбырактары окшош, мөмөлөрү ар башка, көрүнүшү окшош, даамдары ар башка дегендей.

«**Мына ошол мөмөлөрдүн бышкан жана быша элек абылына бир карачы?!**»: ибарат ала турган ниет менен көздөрүңөрдү чоңураак ачып карагыла. Эки абалга көңүл бурдурган; мөмөнүн түйө турган башталышы жана анын бышкан мезгили (аягы), т.а., быша элек, көк, пайдасыз нерсени, аябай пайдалуу бышкан нерсеге кантип айландырып салабыз, ошого карагыла дегендей.

**Илимий тактык:**

Бул жашыл *пигмент, хлорофилл* завол сымал, өсүмдүктүн өсүм чыккан баштапкы маалында пайда болот. Суу аны тамырдан жана сөңгөктөн чыгарат. Өсүмдүктөрдүн жалбырактарынан анан жашыл *пигмент* пайда болот. Жашыл *пигмент* чаңга (пылинкага), мөмөгө, өсүмдүктүн бардык бөлүктөрүнө азыктарды чыгат.

Бул акыйкатты адамзат билген эмес, 1600 жылынан тартып, 300 жылдык мезгил аралыгын камтыган илимий изилдөөдөн кийин гана билүүгө мүмкүн болду. Өсүмдүктөрдүн физиологиясын изилдеген окумуштуулар (Өсүмдүктүн органдарынын вазыйпасы боюнча илим) багытында көптөгөн изилдөө, көптөгөн опыттардын натыйжасында ачылыш жасашты.

1804 жылы «Ди Свасир» газдын алмашуунун эки түрүн, бири жарыкта, экинчиси караңгыда болот, жашыл бөлүкчө жарыкта көмүр кислотаны сорот да, кычкылтекти чыгарат деп айткан. Мунун артынан анан бул багытта илимий ачылыштар ачыла берген.

1942 жылы Майер: ар бир өсүмдүк жана жандыктын эң негизги жана эң акыркы колдонулган энергиясы күндүн нуруна көз каранды. Жарыктык энергия өсүмдүктөр аркылуу сорулганда жарыктык жол аркылуу химиялык энергияга айланат деген.

Мына ушунун баарынан татаал биологиялык процесстерге катыша турган углероддук материалдар пайда болот. Алар клетканын дубалына, нуклеиновалык кислотага, белокторго, майларга, өсүмдүк гормондорго, пигменттерге курам (материал) болуп берет.

Ушул материалдар өсүмдүктөрдүн бөлүкчөлөрүн түзө турган эң негизги нерселер, дал ошолордон адам да, айбан да азыктанат.

**Илимий керемет тарабы:**

Өсүмдүктүн физиологиясы багытындагы изилдөөчү-окумуштуулар жарыктыктын энергиясын соро турган нерсе «жашыл» (пигмент, хлорофилл) экендигин, дал

өзү химиялык энергияга айландырып, ошондон анан ар түрдүү мөмөлөр пайда болгондугун аныкташты.

Мына ушул нерсени Куран Карим бир миң төрт жүз жыл мурун эч бир илимий изилдөө куралдары жок заманда сабатсыз чөйрөдө, ары чөлдө жашаган окууну, жазууну билбеген сабатсыз пайгамбардын тили менен айтырган.

Куран Каримдин улуулугунун бири, акыйкатты эскертип, анан адамдардын колдорунан жетелеп, ошол акыйкаттын сырын билейин деген адамга эң оболку жолуна токтоону эскерткени; Алла Таала: «**Мына ошол мөмөлөрдүн бышкан жана быша элек абылына бир карачы?!**» дегени, мөмөнүн баштапкы абалына, анан анын быша турган маалдагы байланышына, ошол мөмө бышканча токтоп турганына, бышкан соң жалбырактары саргайып, кээ бир клеткалары кыйроого учураганына назарды бурат.

## Үчүнчү бап: Чөйрөнү талкалаган адамзатынын кесепети.

Алла Таала: «**Адамдардын колдору кесип кылган нерселердин кесепетинен кургакта да, деңизде да бузукулук пайда болот. Жасаган кээ бир амалдарына** *жараша* **даам таттырат, мүмкүн алар кайтышар**» деген (Рум: 41).

**Тексттин далалаты:**

Аят кургактагы же суудагы болуп жаткан апаат, бузуку, терс көрүнүштөр адам баласынын чөйрөгө тийгизген жаман кесепетинен болоорун ачык айтып жатат. Ошондуктан, анын акыбети баарыбир кайра адамдын өзүнө түйшүк, зыяндык жаратат.

**Илимий тактык:**

Аррениус 1896 жылы күндүн ысышына «Глобалдык жылуулук» деген терминди так ойлоп тапкан. Пикиринде, жер астындагы күйүүчү отун (көмүр, май) кендери күйүп, колдонулуп, азайган сайын атмосферада көмүр кычкыл газ көбөйөт, анын себеби аба-ырайынын катуу ысып кетишине алып келет. Бул «парниктеги эффект» деген аталыш менен белгилүү. Күндүн нурлары (ысыгы) ичинде ысып, кайнайт, айнек жарыктын (ысыктын) кайра сыртагы суук абага кайтуусун тыйып коет. Атмосферадагы көмүр кычкыл газдын көп эсе көбөйгөн абалында жер бетинде ысыктык даражасы бир топ эсе көтөрүлүп кеткенине күбө болуп келатабыз. Бу азыркы күндөгү көрүнүш, чындык.

Он тогузунчу кылымдын аяк ченинде жыйырманчы кылымдын башында адамдын оор жана жеңил өнөр жайлардын өнүгүүсүнүн натыйжасында атмосферанын түзүлүшүнө терс таасир тийгизилген. Казып алуу, иштеп чыгуу өнөр жайылардын өтө көп иштелгенинин натыйжасында климат өзгөрдү, аба-ырайы катуу ысый баштады. Атмосфеарада көмүр кычкыл газдын ченеми кендер иштетилбеген мезгилге салыштырмалуу 32 пайыздан жогорулады. Климатка байкоо жүргүзгөн эл аралык уюмдун чечими боюнча мурдагы кылымдарга салыштырмалуу планетанын аба-ырайынын ысыктыгы 0,4 – 0,8 даражага көтөрүлдү.

Жаңы изилдөө борборлору Катрин, Эдрю сыяктуу талкалап кетүүчү шамал-куюн акыркы он жылдыкта

аябай көп жатканын айтып чыгышты. Анын себебин да, глобалдык ысыктык деп баса белгилеп кетишкен. Аябай катуу шамал 1990 жылдан тартып, жыл сайын 11 жолудан, жетимишинчи жылдары 19 жолуга дейре көбөйгөнүнөн кабар беришкен. Кургактыктагы климаттык өзгөрүүлөргө океан себеп болот деген сөзгө таянып, Джорджидеги Технологиялык институтунун окумуштуусу Питер Вебстер океандагы суунун температурасы катуу ысып кетсе, суудан чыккан буулар күч алат, мына ошол анан шамал-куюнду тездетет. Океандардагы орто калыптуу температууранын даражасы эки жыл ортосунда эле 1970, 2004 жылдары дароо жогорулап кеткени баяндалган. Грег Холланд Улуттук Климат Изилдөө Борборунун адиси жакынкы аралыкта кооптуулугу, күчтүүлүгү жана кубаттуулугу боюнча Катрин, Эндрю шамалдарынан кем калбаган катуу шамалдардын болуусу күтүлүүдө деп эскерткен. Изилдөөчүлөрдүн бирдиктүү пикири боюнча океандардагы температуранын көтөрүлүп кетишинин эң негизги себеби – глобалдык ысыктык.

Өндүрүш тармагы катуу өнүккөн эң алдыңкы өлкөлөрдүн ар түрдүү заводдорду, фабрикаларды тизмекмектеп салып, өнөр жайга өзгөчө көңүл бурганынан аба-ырайы кескин өзгөрөт да, температура мындан да катуу ысый баштайт, бул өз учурунда океандардын температурасы катуу ысышына алып келет, ал эми океандар ысыса, коопттуу, ары зыяндуу шамалдардын жүрүшү ого бетер күчөйт, тоңгон муздар ээрийт, сууга аралашып, суу өз деңгээлинен көтөрүлүп, жээктериндеги шаар-кыштактарды бүт талкалап кетет.

Адистердин айтымында, 2100 жылдар чамасы океандын деңгээли 88 см ге көтөрүлөт. Бул нерсе эң төмөн жерде жашаган 100 миллион адамдын өмүрү коркунучта деген сигнал. Күндүн катуу ысышы, маалым болгондой, ар кыл оорулардын пайда болушу себеп болот. Мына ушул кооптуу нерселерге бөгөт коюу максатта эл аралык ар кандай келишимдер түзүлгөн, эң эле белгилүүсү «Киото протоколу», өнөр жай тармагы өнүккөн мамлекеттер макулдашкан. Бир гана Америка кошмо штаттары макулдашууга кирген эмес. Болбосо, климатты талкалоодо эң негизги ролду ойноп жатканы жашыруун эмес, бирок анын кесепетин Американын карапайым калкы, күн алыс болуп жаткан кара бороон, чымын-куюн, шамал аркылуу, тартып жатканы да маалым. Мына ошондой апааттуу көрүнүштөр ар бир инсандык сезими бар жандыктын жан-дүйнөсүн козгобой койбойт, жапа чеккен адамдарды соороотуп, жибитпей туруп албайт, эртеңки күнү бардык адамзатынын колдорунун биригишин чыдамсыздык менен күтөт, болбоду дегенде, адистердин эскертмелерине көңүл бурушар деп үмүт кылат.

**Илимий керемет тарабы:**

Ааламдык табиятка, мейли кургакта болсун, мейли сууда болсун, жаратылыш чөйрөсүнүнүн мыйзамын бузуп салууга адамдын кудурети жетээрин, анын жасаганы жалпы табиятка терс таасир тийгизээрин Куран түшкөн заманда жашаган бир дагы адам элестете албаган, билген да эмес. Бирок биз азыркы күнү ошол

нерселерди иш жүзүнө ашыркан, ошол нерселере күбө болуп келе жатабыз. Аба-ырайынын бузулушу, глобалдык жылуулук, суунун жана абаны кирдеши, чөйрөнүн ар тараптан кыйрашы.

Бул нерсе ушул ааламды жараткан, бул сөздү вахий (аян) катары Мухаммад (САВ)га түшүргөн Алла Таала – Кабарлоочу, Даанышман экенине далалат кылат. Курандын текстти азыркы илимий ачылыштар менен дал келет.

**Төртүнчү бап: Ысыктан сактаган кийим.**

Алла Таала: «**Алла жараткан нерселерден силерге көлөкө чыгарып, тоолордон силерге баш калкалоо жай** *үңкүр* **берди. Ысыктан сактаган кийимдерди, коргонгон сootторду силерге пайда кылды. Мына ушундай** *тариздe* **жакшылыктарын силерге толуктай берет. Балким, моюн сунуп каларсыңар**» деген (Нахл: 81).

**Кээ бир тапсирчилердин сөздөрү:**

Ибн Касир бул аяттын тапсиринде: «**Ысыктан сактаган кийимдерди**»: пахтадан, жүндөн жасалынган

кийимдер, «**коргонгон соотторду**»: темирден жасалынган аскер кийимдер.

Ибн Аскалани: «**кийимдерди**» көйнөктөрдү «**ысыктан сактаган**» дейт. Шаукани: «**Ысыктан сактаган кийимдерди**» киймидин көптүк түрү, пахта, жүн жана башка кездемелерден жасалынган көйнөктөр дейт. Зажжаж: «Үстүңө кийгениңдин баары кийим деп аталат, «**Ысыктан сактаган**» дегендин мааниси: ысыктын зыяндуулугунан сени сактап турат дегени» дейт.

**Илимий далил:**

**Теринин түзүлүшү жана вазыйпсы:**

Тери үч катмардан турат: сырткы катмар (теринин бети) Epidermis, эпидермис катмар теринин клеткалары менен бирге тирге түс берүүчү пигменттик клеткаларды өзүнө камтыган сырткы ичке катмары (кабыгы). Ортоңку катмар demis дерма деп аталат, бул катмар жоон келет да, негизги тери болуп саналат, ал тутумдаштыргыч ткань түрүндө жана эки катмардан турат: капиллярдуу жана торчолуу. Капиллярдуу катмар негиздик мембрананын астында жайгашкан. Basement Memdrane деп аталат. Үчүнчү катмар гиподерма теринин ички ылдыйкы катмары subcutaneous layer өзүнө көптөгөн протеин, ак май клеткаларынан жана була тутумдаштыргыч ткандан, алдын ала сезүү бездерден турат.

**Ультракызгылт-көк нурлар кооптуу таасири:**

Бул күн нурунан таркаган энергиянын бөлүгүн түзгөн көзгө көрүнбөгөн нур. Мунун териге тийгизген терс таасири аябай зыяндуу. Бул багыты бар узун түшкөн нур, багытынын алыстыгына карай үч түргө бөлүнөт: (А), (В), (С). Ал эми (А) түрү күндүн күйгүзгөнүнө алып келет, бул түр узак убакытка дейре созулат, (В) түрү болсо, терини рак оорусуна алып келет, үчүнчү (С) түрү эң жакын, узундугу эң кыска болот да, тирүү жандыктарды эң көп кыйрата турган түр болуп саналат.

Атмосферада жайгашкан озон катмары күндөн тийген ультракызгылт-көк кыска нурларды жерге тийгизбей бүт өзүнө жутуп турган катмар. Озон катмары ошондой эле багыты алыска болгон узун нурларды да жутуп, азыраагынан башкасын бүт жерге өткөрбөй турат. Дал ушул катмар жер бетин талкаланып жок болуп кетүүдөн сактап, тирүү жандарга жашоо шартын түзүп берет. Нурлардын (А) жана (В) түрү жер бетине өтүп, жеңил абалда жетет, бирок күн аябай ысыган маалга басым жасайт. Эрте менен ондон баштап, бешимден кийин төрткө чейинки убакытты алат.

1980 жылы астомсферадагы озон катмарынын жоондугу жер бетинин көптөгөн аймактарында ичкерип кеткени аныкталды. Бул озондун тешилип калганы деген аталыш менен белгилүү. Мына ошол ичкерүү жыл сайын ичкергенден ичкерип бара жатат. Ошондуктан, жакынкы арада ошол аябай зыяндуу ультракызгылт-көк нурларынын көлөмү көбөйүп жерге түшөрү күтүлүүдө. Анын себебинен, рак оорусу, өзгөчө теринин рак оорусунун көбөюшуна алып келет.

Америка кошмо штаттары өзүнүн үстүндө жайгашкан озон катмарынын 5 пайызынан акыркы он жылдык ичинде эле ажырап олтурат. Адистердин айтымында, рак оорусу аябай күчөйт дейт. Чындыгында, азыр эле күчөдү, бир жылда эле миллион абал катталып атат экен.

Ультракызгылт-көк нурлардын күн катуу тийбеген мезгилдерде адамга тийгизген пайдалары, өзгөчөлүктөрү да жок эмес, бар. Сөөк, тиштерди өстүрүп, бекемдей турган (Д) витамин менен адамды камсыздайт.

## Күндүн ысыгына кабылуу коркунучу:

Күндүн ысыгына кабылып калуу көптөгөн коркунучтуу тери ооруларына себеп болорун азыркы илим аныктап чыкты. Алар: күндүн күйгүзгөнү, кератоз, эпителиал-клеткалык карцинома, теринин локалдык рак оорусу жана териге күндүн нуру түз тийгени эң негизги жана эң маанилүү себеп болгон, кооптуу меланома оорусу. Ошондой эле күндүн жарыгына болгон аллергия оорулары, экзема оорусу, көзгө да терс таасирин тийгизип, катаракта оорусуна чалдыктырат. Ошондой эле иммундук системанын эффективдүүлүгүнө да таасир берип, теридеги макрофаг клеткаларын жоготуп, талкалайт. Күндүн ысыгына кабылган тери рак оорусуна тез чалдыгып кала турган болуп калат. Мисалы: күн жейин деген максатта жылагач денесин күнгө кактагандар, «Күндүн бассейини» деп аталыш менен таанымал сыңар. Бул нурлар ошондой эле теринин катмарында жайылган

келткаларды азыктандырып жаткан иммундук системанын клеткаларын алсыздатып, талкалайт. Мына ошондон рак клеткаларынын ыкчам өсүүшү күтүлөт. Бул нурлар териге, теринин тирүүлүк күчүнө, теринин жаштыгына таасир тийгизип, теринин карылыгына, бузулушуна, карыган адамдардын териси сымал эрте эле тырыш-бырыштын түшүшүнө алып келет.

Териги рак оорусуна чалдыккандардын саны жыл сайын көбөйүдө деп илимий басылмалар жар салып келет. Америка кошмо штаттарда 1996 жылы тери рак оорусуна кабылгандардын саны миллиондон ашканын жарыялаган. Ультракызгылт-көк нурлар дароо бир тийүү менен эле талкалап, кыйратып салбайт, а бир топтон кийин, дайым үзгүлтүксүз нурларга чалдыга бергенден болот.

**Кыйратуучу нурлардан терибизди кантип сактайбыз?**

Күндүн кокунучтуу нурунан сактануу үчүн дарыгер жана саламаттык сактоо адистеринин насааттары:

1. Сыртка, таза абага чыгуу программасын көзөмөлгө алуу. Эрте менен онго чейин жана дигер убактысынан кийин, т.а., төрттөн кийин сейилдөө.
2. Күнгө каршы узун, бүт денени жаба турган, жеги узун кийим кийүү.
3. Күндөн калкалоочу көз айнек тагынуу.
4. Жүз менен мойнуна жаба турган жайык баш кийим (панама) кийүү.

Жогоруда айтылгандардан, кооптуу оорулардан сактана турган эң негизги жол – бүтүндөй терини толук жапкан кийим кийүү. Анткени, ошондой кийим терини ультракызгылт-көк нурлардан коргойт. Күн аябай ысыган маалда сыртка чыкпай, көлөкөлүү жайда калуу керек.

**Илимий керемет тарабы:**

Кийим Алланын бизге тартуулаган нематы экендиги ар бир акыл ээсине маалым. Андыктан, аны Жаратканыбыз буюрган таризде аздектеп жакшы колдонууга тийишпиз. Куттуу аят эки акыйкатты эскертип жатат: биринчиси: күнгө кабылган инсанга түздөн-түз тие турган коркунучтар, экинчиси: ошол коркунучтардан терини сактоо үчүн денени толугу менен жаап кийинүү. Бул нерсени да илим айкын тактады.

Алла Таала көлөкө, тоо, кийим, соотторду эскертти. Мына ушулар – немат, шүгүр айтууга татыктуу деди. Ысык күндүн таасиринен пайда болуучу ар түрлүү ооруларды бир адам билбеген заманда күндөн сактануу үчүн денени толук жабынып кийингиле деп, кийимге басым жасады. Көзгө көрүнбөгөн ультракызгылт-көк нурлар теринин рак оорусуна себеп болору, анан ошол оору тездик менен калган дене-мүчөгө тарап, адамдын өлүмүнө алып бараары, айрыкча денедеги иммундук системаны талкалайт деген түшүнүк, кыскасы, мындай коркунучтуу оорулардын себептери жыйырманчы кылымда анатомия, хирургия жана башка илимий

изилдөөлөр өнүккөн мезгилде гана маалым болуп олтурат.

Андай оорулардан сактануу үчүн узун кийим кийинип жүрүш керек. Алла Тааланын: «**Сактануу үчүн силерге кийимдерди жаратты**» деген сөзү чындыгында, акыйкат, керемет. Кийим деген күндүн нурун, ультракызгылт-көк нурларды тескери чагылдырат, кайра артка кайтарат да, адамды өлүмдөн, нурдун зыяндуулугунан коргойт.

Андыктан, Куран Карим Кабардар, Даанышман Алла Таала тарабынан түшкөн экендиги ар бир акыл ээске айкын-ачык болду окшойт. Ошондуктан, бул түгөнгүс булактан, анын пайдалуу илим кенинен кудуретибиз жетишинче пайдаланууга милдеттүүбүз. Алла Таала бизге парз, милдет кылган нерселердин баарында - айта кетсек, аялдарга хижаб кийими, эркектерге денени жаба турган кийим – чексиз жакшылыктар бар; бул дүйнөдө, өлүмгө дуушар кылуучу оорулардан сактайт, акыретте болсо, тозок отунан сактайт.

## Бешинчи бап: Дарылоочу азыктыгы мол зейт, зейтундун (оливковый май) илимий керемети.

Зейтун дарагы берекелүү дарак, Алла Таала аны менен касам ичип: «**Анжир менен Зайтунга** *ант***! Туур** *тоосуна ант* **Сиинаадагы! Мына бул бейпил шаарга** *Меккеге ант***!**» деген (Тин: 1-3).

Алла Таала ошондой эле бул дарактын пайдаларына да шилтеме жасап өткөн: «**Тур Сейна тоосунда чыккан** *өскөн* **дарак. Андан жегендерге** *зейтун* **май менен татымал өсөт**». Аль-Хазин тапсиринде «**май**»:

өсүп чыгат, анда май бар, май чыга турган мөмө, ал зейт деп айтылган.

Алланын элчиси (САВ) да зейт мене зейтунду жегенге, майы менен денени майлоого үндөп кеткен: «**Зейтти жегиле, майы менен сүрттүнгүлө, акыйкатта, ал берекелүү дарактан**».

**Илимий тактык:**

100гр көк зейтун өзүнө 132 доза калорияны, 1,5гр протеин, 13,5гр май, 4гр углевод, 1,25гр волокна, кичине көлөмдөгү калций, фосфор, темир, соода, калий, магний, цинк менен ниацинанын калдыктары, B1 жана B2 витаминдерди камтыйт.

Жумшактыгынын көлөмүнө карата нымдуулук менен майлуулук 85-90 пайызды түзөт. Зейтун майы химиялык жол аркылуу майлуу курамдан, ферменттерден, А, В, С, Д, Е витаминдерден, (хлорофилл, ксантофилл) пигменттерден, (темир, магний, калций) сыңар элементтердин кичине көлөмүнөн жана жүрөктүн согушун нормалдаштырган, кан басымды турукташтырган, борбордук нерв системасын эффективдүү кызмат кылдырган, организмдеги заттардын алмашуусун көзөмөлдөгөн кээ бир кислоталардан түзүлөт.

Жакынкы он жылдыкка дейре бир дагы америкалык, бир дагы европалык изилдөөчү-окумуштуу зейтун майына бир назар салып койбогон. 1985 жылы доктор Гандри зейтун майы кандагы холестеринди төмөндөтөт деп аныктама берген соң, зейтун майы жана анын пайдасы боюнча изилдөөлөр кызуу колго алынып,

берекелүү майдын сырлары күндөн күнгө ачылганы ачылып жатат.

Зейтун майы канда холестеринди көбөйтөт деген жоромол, уламыш ач кыйкырык эч бир негиз таппады. Тарыхта эң биринчи ирет 1997 жылы апрель айынын жыйырма биринчи күнү Рим шаарында бүткүл дүйнөдөн он алты эң көрүнүктүү окумуштуулар зейтун майы боюнча бирдиктүү рекомендация (мүнөздөмө) берүүгө жыйналышты. Зейтун майы орто деңиздин айланасындагы тургундардын азыгы. Ошентип, зейтун майына карата көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн негизинде ошондой бирдиктүү мүнөздөмө берип, сыпаттамада зейтун майын колдонуу жүрөк кысылуу оорулардан, артериянын тарып кетишинен, канда холестериндин көбөйүшүнөн, кан басымдын жогорлушунан, диабет, семирип кетүү жана кээ бир рак ооруларынан сактайт деген бүтүмдөрдү айтып өтүшкөн.

Зейтун майы жүрөк оорулардан жана атеросклероздон сактана турган эң мыкты майлуу дабаа болуп саналат. Ашказандагы язвадан жана ашыкча кислоталыктан коргонууга тийгизген таасири аябай зор. Диабетке оң таасирин тийгизет. Аябай катуу семирип кетип, кыйналып жаткан адамдарга табылгыс даары. Ооруларга туруштук бере турган иммунитетти бекемдейт. Артерияны жана кан айлануу системасына жакшыртат.

Зейтун майы беттеги жана моюндагы бырыш-тырышты, кол менен буттардагы жарылган жерлерди кетирүүгө, денени күн нурунан сактоого колдонулат. Элдик медицинада зейт майы ар кандай жаракат, күйүп

калган дене-мүчөлөргө, теринин чоюлганына, ревматизм оорусун басаңдатуу үчүн пайдаланылат. Ошондой эле баштын терисин сакайтууга, чачтын түшүп калуусуна каршы колдонулат.

**Зейтун майы жана холестерин:**

Зейтун майынын курамында (Е) витамини бар, бул өз кезегинде антиоксидант болуп эсептелинет. Зейт майы ден-соолуктун саламаттыгына зор пайдасын тийгизген антиоксидант, майлуу кислоталарга бай. Илимий натыйжалар көрсөткөндөй, зейт майы холестеринди төмөндөтүп, а зыяндуу холестеринди, пайдалуу холестеринге эч кандай терс таасирин тийгизбестен туруп, биротоло жоготот, анткени ал атеросклероздон сактоого өбөлгө түзөт.

Ошондой эле изилдөөчүлөр зейт майынын эң биринчи сыгылып чыгышынын курамында абдан көп көлөмдө полифенолдык бирикмелер, булар зейт майын өз алдынча ирип, ачып, кычкылдантпай, бир абалда сактап тураарын аныктап чыгышты.

**Зейтун майы жана рак:**

Көптөгөн илимий изилдөөлөр зейтун майы колдонуу менен рак оорусуна чалдыгуу ортосунда статистика, сан боюнча карама-каршы көрсөткүч аныктады. Зейт майын көп жегендерде көкүрөк жана ашказан рак оорусу көп чалдыкпаганы, сан жагынан өтө төмөндүгү ачыкталды. Ким зейт майын көп колдонсо, өзүн

көптөгөн рак оорулардан: ичеги рагынан, жатын рагынан ж.б. сактап калат.

Статистика боюнча зейт майын тамакка көп колдонуу көкүрөк рак оорусуна чалдыгууну 35 пайзга төмөндөтөт. Аялдардын арасынан көкүрөк рагын кабылган эң аз сандуу шаар – Испания болуп саналат.

Белгилүү илимий журнал «Ланст» 20 декабрь 1999 жылы жарыялаган макалага караганда, Европада өлгөндөрдүн саны боюнча эң төмөн көрсөткүчтү европанын эң кедей өлкөсү Албания (мусулмандар жашаган өлкө) көрсөткөн. Ар бир жүз миң адамдын кырк биринчиси эркек киши болгон. Бул статистика Британияда болуп жаткан абалдын тең жарымы.

Изилдөөчүлөр Албаниядагы андай жагдайга, анын себептерине кызыкпай коюшкан жок, изилдешти, жыйынтыгы: ал жердеги адамдардын бир айлык кирешеси чектелүү, өтө аз, эт жана сүт азыктарын аз колдонуп, ал эми мөмө-жемиштерди, соода, зейт майын өтө көп колдонгондорун ачыкташты.

**Зейтун майы жана көкүрөк рагы:**

Жакынкы өткөн жылдар ичинде зейтун майы көкүрөк рагынан сактайт экендигин илимий изилдөө аныктап чыкты. 1995 жылдын ноябрь айында көкүрөк рак оорусуна чалдыккан 2564 аялдардын арасынан илимий изилдөө жүрүп, зейтун майын жегендер көкүрөк рак оорусуна чалдыгуусу аябай сейрек көрүнүш экендиги, зейтун майы көкүрөк оорусунан сактай турган эң мыкты дабаа экендиги тастыкталган.

**Зейтун майы жана жатын рагы:**

«Рак боюнча британиялык журнал» жарыялаган макалада: 1996 жылы май айында жатын рагына кабылган 145 аялдардын арасынан илимий изилдөө жүрүп, рак оорусуна чалдыкпаган 289 аялдар менен салыштыруу иштери жүргүзүлдү. Жыйынтыгында, зейт майын канчалык көп колдонгон аялдар жатын рагынан ошончолук коопсуздук экендиги аныкталган. Ошондон тартып, жатын рагына кабылгандардын санын 26 пайызга төмөндөтүүгө жетишти.

**Зейтун майы жана тамак сиңирүү системасы:**

Тамак жей журган маалда дайыма зейт майын колдонуу бөйрөктүн жакшы иштешине, өттүн баштыкчасынан керексиз заттарды чыгарууга жардам берет. Ошондой эле ичегидеги былжырлуу кабыкты жумшартат. Боор, өт жана табарсыктагы таштарды талкалап, эзип чыгарат. Илимий изилдөөлөр аныктагандай, каныкпаган, эритме майлар (зейт майы, семичке май, балыктын майы) ашказанда язва жаралуусуна себеп болгон бактериялардын өсүшүнө бөгөт коет.

Ошондой эле адам баласы күн сайын эртең менен эрте бир чоң кашык зейт майын лимондун согуна аралаштырып ачкарын каныга ичип турса, ичеги, тамак сиңирчүү системада жашаган ар түрдүү курттардан арылат.

**Зейтун майы жана эмизүү:**

1996 жылы февраль айында Испания Барселона Университети тарабынан 40 бала эмизген аялдардын сүтүн илимий текшерүү жасап, жаңы изилдөөлөрдү өткөрүштү. Изилдөөчүлөр жетишкен натыйжа: сүттөгү бар майлардын ичинен жалгыз бир түрү гана «каныкпаган, эритме майы» эң көп экен, майлардын бир түрү, чындыгында эле, инсан дайым пайдалана турган эң жакшы май, ал май – зейт майы.

Изилдөөчүлөр ага испаниялык аялдардын зейт майын көп колдонгондору себеп болгон деп билдиришти.

**Илимий керемет тарабы:**

Пайгамбар (САВ) зейт зейтунду жегенге, майы менен денени бүт сүртүп чыгууга буйруган: «**Зейти жегиле, майы менен майлангыла, чындыгында, ал берекелүү дарактан**».

Берекелүү – пайдасы аябай көп, дарагы берекелүү, пайдасы мол, дарак берекелүү болгон соң, андан өнүп чыккан мөмө, сөзсүз, берекелүү, көп пайдалууга тийиш. Зейтундун көптөгөн пайдасын акыркы жылдары жүргүзүлгөн медициналык жана химиялык илимий изилдөөлөр тактап чыгышты. Андан алдын эле, илимий тактоодон мурун, дарыгерлер, изилдөөчүлөр жана башкалар зейт майын башка майлардан пайда жагынан да, зыян жагынан да эч айырмасы жок деген ишенимде болушкан. Мына.. Илимий макалалар байма-бай, ошол өзгөчө илимий изилдөөнүн негизинде, берекелүү зейт

майынын дарылык, коргоочулук, саламаттык пайдаларын бүт жарыялап жатып калды.

## Алтынчы бап: Арак шыпаа эмес, а илдет.

Тарик ибн Сувейд Худрий пайгамбар (САВ)дан аракты дары катары колдонсо болобу деген суроо узатты. Пайгамбар (САВ): «Ал деген дары эмес, а оору» деди (Муслим). Ушул эле Тарик ибн Сувейд башка риваятында: «Эй Алланын элчиси, жерибизде

жүзүмдөр бар, анын согун чыгарып, ширесин ачытып, ичебиз» деди. «Жок» деди пайгамбар (САВ). Ал кайра кайталады, пайгамбар (САВ) «Жок» деди. «Биз аны менен оорукчандарды дарылайбыз» деди. Ошондо пайгамбар (САВ): «Ал деген шыпаа эмес, а оору» деди (Ахмад жана ибн Хибан).

**Тексттин далалаты:**

Бул берекелүү хадисте пайгамбар (САВ) арактан шыпаа тапса болот деген адамдардын түшүнүгүн бийлеп алган жоромолду четке кагып, акыйкатты баяндап жатат. Пайгамбар (САВ)дын бул хадиси арак шыпаа эмес, тескерисинче ооруга, адамдык касиеттен ажыроого себепчи боло турган нерсе деп акыйкатты кескин айтып жатат.

**Илимий акыйкат:**

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму 1980 жылы 600 номер менен бекитилген чечиминин негизинде, алкоголь жана анын проблемалары боюнча: «Чындыгында, арак ичүү ден-соолукка зыян. Анын проблемасы опиумдун проблемасынан да жогору. Анын ден-соолукка, коомчулукка тийгизген зыяны эч кандай өлчөмгө жатпайт» делинген.

Лондондогу падышачылык медициналык факультет тарабынан басылып чыккан «Сакайтуу темалар» китепте доктор Брент мындай дейт: «Адам баласы убактылуу жыргалчылык бере турган арактай башка нерсе таба элек. Ошол эле учурда жашоону, ден-

соолукту андай талкалай турган башка нерсе да жок. Пайдалуу уу жагынан да, коомдук зыяны жагынан да, кооптуулук жагынан, өзүнө көндүрүп ала турган жагынан да ага окшош эч нерсе жок».

1988 жылы британиялык медициналык журналы басып чыгарган «Алкоголдун алфавити» деген китепте, Британиянын мединицалык ички бөлүмдөргө түшкөндөрдүн абалынын үчтөн бири менен бештен бири алкоголдун себебинен делинет. Англиянын өзүндө эле ички бөлүмдөргө арактын айынан жыл сайын үч жүз миң адамдан баштап, жарым миллионго чейин адам түшөт. Швецияда бир суткада арактын айынан больницага түшкөндөр 29 пайызды түзүштү деген аныктаманы изилдөө борбору жарыялады.

**Арак ичимдиги жана кылмыш:**

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун чечими эскерткендей, 30 өлкө боюнча арактын кесепетинен зордук-зомбулук кылмыштын 87 пайызы адам өлтүрүү, 50 пайызы тономой (Дейли Мейл 26 июнь 1980 ж). Британия энциклопедиясында (онунчу басылыш) балдарга көрсөтүлгөн зордук-зомбулук, аялдарды зордуктоо, никесиз катнаш (зына) абалдарынын көпчүлүгү арактын таасири менен делинет.

Ал эми арактын жана баңгизаттардын айына өлүп жаткандарды айтып олтуруунун кажети жок, андай көрүнүш, батыш коомчулугунда көнүмүш нерсе.

**Арак ичимдиги жана тамак сиңирүүчү система:**

Арак ичимдиги кызыл өңгөч рагына алып барат. Ошондой эле кызыл өңгөчтөн кан агып, кан тамырдын кеңейип кетишине, хронический сезгенүүгө (шишикке) себеп болот. Арак ичимдигин ичкендердин ичи өткөктүгү күчөйт. Ошондой эле карын алдындагы бездерде сезгенүү (шишик) кескин күчөп кетип, өлүмгө алып барышы ыктымал.

Медицина факультетинде студенттер арасында өткөрүлгөн илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 180 грамм арак ичимдигин күн сайын ичип туруу боорду талкалоого жетиштүү болот. Америка кошмо штаттарда балагатка жеткен эркектердин арасында өлүмгө дуушар болгондордун үчтөн бир бөлүгүн, а аялдардын арасында төртөн бир бөлүгүн арак ичимдигин ичкендер түзөөрү маалым.

**Арак ичимдиги жана жүрөк:**

Көптөгөн изилдөөлөр тастыктагандай, арак ичимдиги стенокардиялык приступка алып келет. Капыскы өлүм, аритмия (жүрөктүн согуу ритминин бузулушу) абалдарынын көпчүлүгү дал арак ичимдигинин себебинен болот. Изилдөө кабарлагандай, эки миңден ашуун күтүүз өлүмгө дуушар болгондордун жарымы арак ичимдигин ичкенден кийин өлгөн. Башка илимий изилдөө арак ичүү алтымыш беш жашка жете элек оорукчандардын ичинен 65 пайызын баштапкы аритмияга алып келээри аныктаган. Алты стакан арак ичимдиги аритмия (жүрөктүн согуу ритминин бузулушу) абдан тез өрчүшүнө жетиштүү.

Медициналык «Ланцет» журналлы киришүү макалада (1987 ж., экинчи сан): «Дарыгерлердин адамдарга жеткирү турган бир милдети бар: ал – арак деген ден-соолукка өтө зыян, стенокардия, инфарк, аритмия жана күтүүсүз өлүмгө кептей турган нерсе!» делинет.

**Арак ичимдиги жана жыныс:**

Берешен пайгамбар (САВ) акыйкатты кандай таамай айтат: «Зынакор зына кылып жаткан маалда, ал ыймандуу эмес, араккеч арак ичип жаткан маалда, ал ыймандуу эмес» (Бухари жана Муслим). Дагы: «Арак – бузукулуктун энеси, чоң күнөөлөрдөн. Кимде-ким намазын таштап, арак ичип кетсе, апасы менен, тайэжеси менен, эжеси менен зына кылгандай күнөөгө батыптыр» (Тобари).

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму жана Британиялык энциклопедия: бардык зордук-зомбулук, зордуктоо, карактоо, никесиз катнаш кылмыштардын 50 пайызы арактын кесепетинен болот.

**Арак ичимдиги жана аял:**

Аялдын арак ичүүсү ай сайын келип туруучу айыздык циклынын бузулушуна, түйүлдүктүн дайыма түшүп калуусуна, дене-мүчөсү толук эмес балдардын төрөлүшүнө себеп болот. Ал эми алкоголдук синдром болсо, акылдын жана жаактардын көлөмүнүн кичинерүүсүнө, акылдын начарлашына, дененин алсыздыгына алып келет. Наристе көздөрү абдан

кичинекей, дене-мүчөсү кемчиликтүү төрөлөт. Ошондой эле аял жынысы эркек жынысы көтөрө алган арак ичимдигинин жарым пайызын да көтөрө албайт.

**Арак ичимдиги жана табарсык система:**

Арак сийдикти пайда кылат, бирок бөйрөк түймөсүн (бүртүгүн) талкалайт. Бул өтө коркунучтуу, хронический оору, бөйрөктү иштен чыгарат. Ошондой эле простотитти күчөтөт жана сенектикке алып барат.

Арак ичимдиги ошондой эле акылды алат, тилди чулдуратат, түз бастырбайт, көз алмасын дирилдетет, автомобилдик аварияга, зордук-зомбулукка, талаш-тартышка, эстен танууга себеп болот.

**Илимий керемет тарабы:**

Жогоруда айтылган баяндамадан өлүмгө кирипкер болгон арак ичимдигин түрдүү-түрдүү зыяны, пайгамбар (САВ)дын айткан хадисинин акыйкатын дагы бир сыйра тастыктады. Пайгамбар (САВ) Алланын вахий (аяны) менен гана сүйлөгөн. Анан убакыт келип, хадистин кабары илимий ачылыш менен дал келип, тастыкталды, шек-күмөнсүз такталды.

**Бешинчи бөлүмдүн корундуусу:**

1. Куран Карим эскерткендей, жамгыр суусу түшкөндөн кийин почванын (топурактын) титиреп, көөп кетиши, бул эки дыкат амалды изилдөөчү атайын аппарат-приборлор аркылуу гана билбесе, башка жол аркылуу билүү

мүмкүн эмес. Ошондой эле ушул эки амалдын алакалары, өсүмдүктүн пайда болуп, өнүп-өсүү жолдору илим-билимдин өнүгүп, керектүү заманбап жабдуулардын пайда болушунан кийин гана ачыкка чыкканы талашсыз кеп. Бирок ошол эки амалга Куран Карим: «**Эгер ага суу** *жамгыр* **жаадырсак, кыймылга келип** *титиреп*, **көөп чыгат да,** *анан* **жуптуу-жуптуу кооз ар кыл өсүмдүктөрдү өндүрөт**» шилтеме жасаган. Ошол амалдардын тартиби – керемет. Ар бири өз ордунда, тартиби менен, мына ушул нерсе Куран Каримдин кереметине, пайгамбар (САВ)дын чынчылдыгына далалат кылат.

2. Өсүмдүктүн физиологиясы багытындагы изилдөөчү-окумуштуулар жарыктыктын энергиясын соро турган нерсе «жашыл» (пигмент, хлорофилл) экендигин, дал өзү химиялык энергияга айландырып, ошондон анан ар түрдүү мөмөлөр пайда болгондугун аныкташты. Мына ушул нерсени Куран Карим бир миң төрт жүз жыл мурун эле Алла Таала: «**Ал** *деген* **– асмандан суу** *жамгыр* **жаадырган. Ал аркылуу ар кандай өсүмдүктөрдү чыгардык. Андан жашыл** *пигмент* **чыгардык, андан сап-сап тизмектелген данды чыгарабыз. Курма дарагынан төмөн ийилген шиңгилинен мөмө байладык. Окшошкон жана окшошпогон жүзүм, зейтун, анар жана түркүн-түркүн мөмөлөрдү өстүрдүк. Мына**

**ошол мөмөлөрдүн бышкан жана быша элек абылына бир карачы?! Чындыгында, мына ушуңарда – албетте, ыймандуу коом үчүн аяттар** *белгилер* **бар!**» деген (Анаам: 99).

3. Ааламдык табиятка, мейли кургакта болсун, мейли сууда болсун, жаратылыш чөйрөсүнүнүн мыйзамын бузуп салууга адамдын кудурети жетээрин, анын жасаганы жалпы табиятка терс таасир тийгизээрин Куран түшкөн заманда жашаган бир дагы адам элестете да албаган, билген да эмес. Бирок биз азыркы күнү ошол нерселерди иш жүзүнө ашыркан, ошол нерселере күбө болуп келе жатабыз. Аба-ырайынын бузулушу, глобалдык жылуулук, суунун жана абаны кирдеши, чөйрөнүн ар тараптан кыйрашы. Бул нерсе ушул ааламды жараткан, бул сөздү вахий (аян) катары Мухаммад (САВ)га түшүргөн Алла Таала – Кабарлоочу, Даанышман экенине далалат кылат. Курандын текстти азыркы илимий ачылыштар менен дал келет.
4. Ысык күндүн таасиринен пайда болуучу ар түрлүү ооруларды бир адам билбеген заманда Куран Карим күндөн сактануу үчүн денени толук жабынып кийингиле деп, кийимге басым жасады. Көзгө көрүнбөгөн ультракызгылт-көк нурлар теринин рак оорусуна себеп болору, анан ошол оору тездик менен калган дене-мүчөгө тарап, адамдын өлүмүнө алып бараары аныкталып, андай оорулардан сактануу үчүн узун кийим

кийинип жүрүш керек экендигин Алла Таала: «**Сактануу үчүн силерге кийимдерди жаратты**» айткан, чындыгында, бул акыйкат, керемет. Кийим деген күндүн нурун, ультракызгылт-көк нурларды тескери чагылдырат, кайра артка кайтарат да, адамды өлүмдөн, нурдун зыяндуулугунан коргойт деген илимий аныктама бар.

5. Он жылга ашуун мезгилге созулган көптөгөн изилдөөлөрдөн кийин окумуштуулар курманын «Ажва» түрү ууга терс таасирин тийгизээрин аныктап чыгышты. Бул нерсе анын азыркы күнү өз каалоосу менен сүйлөбөгөн пайгамбар (САВ)дын сөзүнө дал келип олтурат.
6. Зейтун дарагы – берекелүү дарак. Аны мене Алла Таала касам ичип, майлуу болуп өсөөрүнө, сиңимдүү болооруна шилтеме кылган. Ошондой эле пайгамбар (САВ) анын азыктык жана медициналык пайдаларын: «**Зейтунду жагиле, майы менен майлангыла, чындыгында, ал берекелүү дарактан чыгат**» айтып берген. Куран Карим менен пайгамбарчылык хадистин он төрт кылым мурда айтканы, азыркы күндө илимий изилдөөлөр, заманбап жабдыктары аркылуу медициналык, химиялык, саламаттык пайдалары бүт шайкеш келип турганы керемет эмес эмине?!
7. Чындыгында, өлүмгө кирипкер кылган арак ичимдигин эбегейсиз, түрдүү-түрдүү

зыяндары, пайгамбар (САВ)дын айткан хадисинин акыйкатын дагы бир сыйра тастыктады. Пайгамбар (САВ) Алланын вахий (аяны) менен гана сүйлөгөн.

## Корутундуу

Он төрт кылым илгери Куран Карим, мейли кээ бир жерде ачый-айкын, тике айтсын, мейли кээ бир жерде кыйыр, жаңсоо иретинде айтсын, айтор илимий

акыйкаттарга шилтемелерди жасаган. Мусулман эмес илимпоз-окумуштуулар ошондой ачылышка жетип, ошол нерсе Куранда бар экендигин билгенде, айраң-таң болуп, сүйлөөгө тилдери күрмөөгө келбей калган жагдайлар да жок эмес, алар бир ооздон бул Куран адам тарабынан жазылышы мүмкүн эмес деген бүтүмгө келип, кээ бирлери болсо күбөлүк келимесин айтып, Алла Тааланын жалгыздыгына ыйман келтирип, пайгамбар (САВ)дын пайгамбарчылыгын кабыл алып жатышат. Ырас, дал ошолор – илим жолунун башчылары ошондой сөз айтып жатышат. Алардын андай сөзү, илимий деңгээл жагынан алганда өздөрүнөн төмөн турган адамдарга, коомдорунун өсүп бара жаткан жаш муунга, жүйөөлүү далил эмеспи?! Алар тигилерге ааламдардын Ээсине, Алла Таалага ыйман келтире турган жолго чыйыр салып жатышпайбы?! Чындыгында, ыйманга каршы чыккан бардык жалган куру доомат, акыйкат, айдан ачык далил келгенде, жоюлуп, жок болуп кетет.

Алла Таала: «**Ага жооп берилген соң Алла туурасында талашып-тартышкандардын далили – алардын Роббисинин алдында – жараксыз. Аларга – Анын кааары! Аларга – катуу азап!**» деген (Шуура: 16).

Алла Таала: «**“Айткылачы, бул** *аян* **Алла тарабынан болуп жатса, силер болсо ага ишенбей** *капыр болуп* **жатсаңар, ал эми исраил тукумунан бир күбө мындайга күбөлүк берип, ыйман келтирип жатса, а силер текеберленисеңер? Акыйкатта, Алла зулум коомду туура жолго салбайт” - дегин.**» деген (Ахкаф: 10).